Түрмөктөгү кыймыл-аракет өзөк сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттен мурун болуп өткөндүгүн билдирет. Мисалы: 1. *Ичинен ыңгыранып,* баятан бери тим отурган Барпы, көздөрүн ачып-жумуп, термеле отуруп кеп баштады (Т.Сыдыкбеков). 2. Түн каракчысы түшкөндө, таң каракчысы болгуча, *көкүлүн көккө ыргытып, жалын желге сапырып, таноолорун дердейтип,* эргип учту Аккула (А.Жакыпбеков). 3. *Акыректеше тиреши,* согончоктоп жер такаттаганда буттары кызыл ашыкка чейин бата түшөт (А.Жакыпбеков).

Түрмөктөгү кыймыл-аракет өзөк сүйлөмдөгү али толук ишке аша элек, улантылып жаткан кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: 1. *Колго таштап уулду, жолго таштап* уулду, биздин эрлер кантип басып жүрүшөт, баштарына телпек кийишет (Ч.Айтматов). 2. Сонундун *анда-санда үшкүрүнүп,* бир жак капталынан экинчи капталына оодарылганы угулуп жатты (К.Каимов).

Өзөк сүйлөмдүн баяндоочу бар, жок деген сөздөрдөн турса, сыпат чакчыл түрмөк кеңири ойду камтып, үзгүлтүксүз болуп туруучу кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: 1. *Жайлоодо көзүн мөлтүрөтүп,* тыңч жаткан тунук көлмө бар (Ш.Садыбакасов). 2. *Төшөнчү-жуурканын белденден, дүйүм тамагын жайнатып,* тосуп алчу эне жок үйдө (Т.Сыдыкбеков).

Диалогдук сүйлөмдүн баяндоочу деп, деди, дейт, деген этиштерден болсо, сыпат чакчыл түрмөк алардан кийин келсе, андан кийин болуп өткөн кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: 1. -Карабайсыңбы жак-

шылап дейт,- Момун, *араба жакка башын ийкеп* (Н.Байтемиров). 2. - Жок,- деди Саяк кыжырдуу үн менен, *очкисин оңдоно кийинип* (Ш.Абдыраманов).

Сыпат маанилүү чакчыл түрмөк "деп" жардамчы этиш менен айкаша келип да жасалат. Мисалы: 1. Катуу мертинген жоо бүгүн эле кол курап, *баш көтөрө койбос деп,* андан Бакайдын көөнү тынч (А.Ж.). 2. Жакыптар тың эле кыштаптыр: бул жер кышкысын суук болот деп угуп, азганакай малына боордон үңкүр оюп камаптыр, *журтун кыш суугуна чыдабайт деп*, боз үйлөрүнүн сыртынан дагы бир кабат кылып карагай устундарын кынап, чум үй куруптур (А.Ж.). 3. Кылымды көргөн кыйды хан алды кандай болот деп, *сактыкка кордукту болбойт деп*, аскеринин белен турмагын туура көргөн (А.Ж.).

Чакчыл түрмөктүн мындай түрү жөө жомоктордо да арбын кездешет. Мисалы: 1. Хан акмакты таап кел деген. *Жүр дегенде жүрбөйсүңбү деп*, жигиттер шаштыра баштады (К.А.). 2. Жигиттерге дыйкандын ачуусу келип: - Силер үчүн акмакты сееп койгон киши жок. Көзүмө көрүнбөй жоголгула,- деди. *-Андай болсо, бизге акмакты таап бергин деп*, эки жигит дыйканды туткактап коё бербеди (К.А.).

Ошону менен элдик эпостордо да чакчыл түрмөк бир нече жолу кайталанып, топ-тобу менен колдонулат. Башкача айтканда, бир нече түрмөктүү сүйлөмдүн ээсинин ар түрдүү мамилесин билдирип, анын мазмунун толуктап турат. Мисалы:

1. *Толгонушуп турушуп,*
Токсон-сексен урушуп.
Азыркысын бир-бирин.
Алыша албай курушуп,
Ач бөрүдөй жулушуп... (С.О.).

2. Муну укканда кыргыз журт
Өлүп кетер ант кылып,
Убаданы бат кылып,
Убада кылып буркурап,
Түп көтөрө кыргыз журт
Бекитти оозун чуркурап (С.К.)

Чакчыл түрмөктөрдүн топ-тобу менен келиши "деп" жардамчы сөзү менен айкашып да колдонулган учурларын белгилөөгө болот. Мисалы:

1. Каракандын сегиз уул,
Бириктешип көрсөм деп,
Өлсө бирге өлсөм деп,
Чалгынды бирге чалсам деп,
Чампаңдап жылкы алсам деп,
Тек туруп алым бергенче,
Тиштенип жүрүп өлсөм деп,
Кара-калмак-манжуга,
Кагышып жүрүп өлсөм деп ... (С.К.).

2. *Шердин этин көрсөм деп,*
Анан кийин өлсөм деп,
Бөдөнөдөй бөкчөйүп,
Бөгүп калды байбиче (С.К.).

Сыпат маанилүү мындай чакчыл түрмөктүү сүйлөмдүн негизги баяндоочтору этиштин ар түрдүү жолу менен берилсе да, алардын адабий тилде колдонулуу чөйрөсү бирдей эмес. Фактылык материалдарга таянуу аркылуу аныктай турган болсок, анда баш сүйлөмдүн баяндоочунун көбүнчө төмөнкүдөй түрлөрү колдонулгандыгын байкоого болот.

Мындай жагдайларды конкреттүү түрдө көрсөтүүдө алгач ээси көмүскөдө калган (атайын колдонулбаган) түрмөктүү сүйлөмдөрдү талдоодон баштоого болот. Чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөрдүн бул жолунда негизги баяндооч көбүнчө этиштин айкын өткөн чак, белгисиз өткөн чак, капыскы өткөн чак, адат өткөн чак түрлөрүндө келип колдонулат. Мисалы: 1. Чындыгында манасчы болбостон, *чоң манасчылардан үгүп,* ошонуну негизинде кайсы бир бөлүктөрүн аткарган (К.А.). 2. *Өмүрүнүн аягына чейин манас айтып,* жерди түрө кыдырып жүрө турган (А.Ж.). 3. *Атасын көрүп,* кучагын толтура кыссам деген (К.Ж.).

Жогоруда келтирилген мисалдардын баарында сүйлөмдүн грамматикалык ээси стилдик максат үчүн колдонулбагандыгы көрүнүп турат. Ошондой эле мындай конструкциядагы ээнин көмүскөдө калышы өзүнөн мурунку контексттеги сүйлөмдөр менен тыгыз байланышта келери белгилүү.

Түрмөктөр менен негизги сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик байланыштарга караганда, түрмөктөгү сөздөрдүн баары биригип келип, негизги сүйлөмдө берилүүчү ойдун маанисин, максатын кандайча, кантип аткарылышынын мүнөзүн билдирүү үчүн колдонулат. Ошентип, мындай конструкциядагы сүйлөмдөрдө чакчыл түрмөк негизги сүйлөмгө ырастоо, тактоо сыяктуу кошумча маанилерди берүүдө колдонулат. Ошонун бири - биз сөз кылган конструкциянын -ып чакчыл формада келишинин сыпат маанисиндеги түрү болуп саналат.

Жалпы эле синтаксистик түрмөктүү сүйлөмдөрдө, анын бири чакчыл түрмөктөр азыркы кыргыз адабий тилинде алгачкы позицияда келсе, же болбосо, сүйлөмдүн башында колдонулса, жөө жомоктордо, элдик эпостордо сүйлөмдүн аягында да колдонулушуна күбө болдук.

Чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөрдүн өзүнүн ээси бар түрлөрүн өз ара талдап изилдөөдө ээнин түрмөктүн тутумунда сөздөрдө басымдын көтөрүңкү айтылышы байкалбай койбойт. Бул айрыкча баяндоочтору айкын өткөн чактагы түрлөрүндө көп кездешет. Баяндоочтун чакчыл түрмөктөн мурун колдонулушу сүйлөөчүнүн көңүлүн баса бурдуруу максаты коюлган деп түшүнүүгө болот.

-ып формалуу чакчыл түрмөктүү сүйлөмдө грамматикалык ээ түрмөктүн тутумунда гана болбостон, негизги сүйлөмдүн тутумунан да орун алат. Жогоруда эскерткенибиздей, чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөрдүн ушундай жолунда белгилүү бир объектиге байланыштуу колдонулган түрмөктөрдүн сыпаттык мааниси ачык байкалат. Анткени мындай сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин ээсинин кийинирээк колдонулушу анын иш-аракетти кандайча ишке ашыргандыгы сыпаттык маанисин кеңейтет. Ырас, көпчүлүк учурларда чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөгү ээнин колдонулуу ордун алмаштырууга болот. Андай учурда мунун өзүнөн аз болсо да стилдик айырмачылык, түрмөктүн берилиш жолундагы көрүнүшүнөн өзгөчөлүк байкалат. Мындай учурду тереңирээк аныктоо үчүн төмөнкү сүйлөмдүн курулушуна көңүл бурабыз. Мисалы: *Кенен, кооз ак өргөөнүн ичинде дасторконун жайнатып,* Бокмурун эл билермандарына кеңеш салды (А.Ж.).

Бул сүйлөмдөгү ээнин ордун алмаштырып, башкача айтканда, чакчыл түрмөктүн тутумунда айтууга да болот: Бокмурун кенен, кооз ак өргөөнүн ичинде дасторконун жайнатып, эл билермандарына кеңеш салды.

Кийинки сүйлөмдө ээни мындайча колдонуудан аз болсо да стилдик жактан да, маанилик жактан да айырмачылыкты байкоо кыйын эмес. Ал айырмачылык мында турат: биринчи сүйлөмдө грамматикалык ээ - Бокмурундун эл билермандарын сыйлоо маанисине көңүл бурулса, экинчисинде - Бокмурундун эл би-

лермандары менен кеңешкендигине өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Демек, ээнин сүйлөмдүн кайсы позициясында келиши өзү менен бирге окуянын жүрүшүнө да башка конструкциялардан мурун көңүл бурууну көздөйт.

Чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөрдө ээнин ордун ушинтип ар убак эле алмаштыра берүү мүмкүн эмес. Бул учур ээнин өзүнө катыштуу сөздөр менен тыгыз байланышта, бир өңчөй формалуу сөздөрдүн катар айтыла бериши менен байланышта кароо керек. Төмөнкү сүйлөмдөгү ээни жогорудагыдай түрмөктүн тутумунда карасак, стилдик жактан аксап калар эле. Мисалы: *Бардык жүргунчүлөр түшүүчү автобуска баш багып,* кимди издегенин билбеген *Арыков* орундукка барып отура калды (К.Ж.). Сүйлөмдүн ээсин ордун алмаштырсак, чакчыл түрмөк мындайча болор эле: Кимди издегенин билбеген *Арыков* бардык жүргүнчүлөр түшүүчү автобуска баш багып, орундукка барып отура калды.

Сүйлөмдү мындай вариантта айтуудан чакчыл түрмөк эми жөнөкөй сүйлөмдөн жайылма сүйлөмгө өттү. Буга эң башкы себеп - түрмөк менен негизги бөлүктүн (баш сүйлөмдүн) аралыгындагы татаал ээнин өз ордунан сүйлөмдүн башынанан орун алуусунун таасири болду. Мындан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот. Чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөгү ээнин ордун ар дайым эле алмаштырууга болбойт. Алмаштырган учурда сүйлөмдүн курулушу менен өз ара маанилик, формалык байланыштары да өзгөрүүгө дуушар болот.

Ошентип, ээнин негизги сүйлөмдөн орун алышы түрмөктүн жеке өзүнчө келишине өзгөчө тактык киирет. Бул жагдайда сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө айкын өткөн чак же болбосо белгисиз өткөн чакта колдонулат. Мисалы: 1. Узун колдорун калтыратып, атасынын денесин арандан зорго көтөрдү (К.Ж.). 2. Кара-Бакты сыдыра айланып жүрүп, бутунун учун каерден тилдиргенин билген эмес (К.Ж.).

Чакчыл түрмөктүү сүйлөмдүн баяндоочунун берилиш жолу мында айтылган жолдор менен чектелбей, башка дагы көптөгөн формалык түрдөгү жолу тилибизде кездеше берет. Алсак, төмөнкү сүйлөмдөрдө чакчыл түрмөктүн баяндоочтору келер чактын айкын жана арсар түрлөрүндө айтылган. Мисалы: 1. *Кийин-соң шаарга барып,* китепканада иштеп калат (К.Жусубалиев).

2. *Кабыргасын каржайтып,*
Карылуу болот кембагал.
Омурткасын оркойтуп,
Орокчу болот кембагал.
Арпасынын кебегин
Атына илет кембагал (А.Жакыпбеков). 3. *Түнү менен жөнөп,* чек арадагы айылдын элине болгон окуянын чоо-жайын түшүндүрүп айтармын (К.Жусубалиев).

Жогоруда байкалгандай -ып формалуу сыпат чакчыл түрмөктөр көбүнчө сыпаттоо, сүрөттөө маанилеринде кеңири колдонулуп, негизги кыймыл-аракетке кошумча маани киргизет. Ал эми сүйлөм тутумунда жайылма сын-сыпат бышыктоочтун милдетин аткарат. Бул формадагы чакчыл түрмөктөр жөнөкөй жана татаал түзүлүштө колдонулуп, татаал түзүлүштө келгенде бир өңчөй же ар түрдүү грамматикалык формада берилет.

Адабияттар

1. Баскаков А.Н. Деепричастие и его синтаксические функции в тюркских языках. Кызыл: НИИЯЛИ, вып, 7, 1959.

2. Джанмамов Ю.Д. Деепричастие в кумыкском литературном языке. -М., 1967.

3. Есенов К. Казак тилиндеги курделенген сөйлемдер. -Алма-Ата: "Гылым", 1974.

4. Турсунов А. Кыргыз тилиндеги чакчылдар. -Ф.: Кыргыз окуу педмамбас, 1960.

З.Долуева,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ -ЫП ФОРМАЛУУ ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨКТӨРДҮН МААНИЛИК ТОПТОРУ

2-макала

Кыргыз тилинин синтаксисинде -ып формадагы чакчыл түрмөктөрдү контекст ичинде колдонулушуна карай төмөнкүдөй маанилик топторго бөлүштүрүүгө болот: 1.Сыпат чакчыл түрмөк; 2. Себеп чакчыл түрмөк; 3. Мезгил чакчыл түрмөк; 4. Каршылаш чакчыл түрмөк; 5. Максат чакчыл түрмөк; 6. Салыштырма чакчыл түрмөк. Мунун ичинен сыпат чакчыл түрмөктөргө мурунку макалада токтолгонбуз.

-ып формалуу себеп чакчыл түрмөк

Бул формадагы чакчыл түрмөктөр баш сүйлөмдөгү окуянын жана анын аткарылышынын ар түрдүү себептерин билдирет. Ошон үчүн негизги сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө этиштин өткөн чагында жана чакчылдар да өзү менен айкашып келген сөздөр менен бирге өткөн чакта колдонулат. Тутуму жагынан алар, жогорудагыдай жөнөкөй жана татаал түзүлүштө келет. Сүйлөмдүн грамматикалык ээси да, сыпат маанилүү түрмөктөгүдөй, атайын катышып турушу да мүмкүн, эгерде катышса, түрмөктүн курамында же болбосо негизги сүйлөмдүн тутумунан орун алат. Мисалы: 1.*Өзүнүн ойлору менен алпурушуп жатып,* Арыков үйүнө жеткенин да байкабай калыптыр (К.Жусубалиев). 2. *Майданда кубатына кубат кошорун ойлоп,* гүлазыктарын белендеп салган (Б.Максүтов). 3. *Алыстан чарчап келгенин ойлоп,* күн жаа бою көтөрүлүп калганына карабай ойготподу (К.Жусубалиев).

Чакчыл түрмөктөгү себеп маани "деп" жардамчы этишинин айкашуусу менен да берилет.Мында жардамчы этиш сөздөр ар түрдүү жак уландыларды кабыл алган этиштер менен бирдикте колдонулат. Мисалы: 1. *Эс алып алам деп,* Беш-Мойноктун белин аша албай, Үч-Каркырага жете албай калбасын (Б.М.). 2. Эт жүрөгү болкулдап, *байбичем кантти экен деп,* санаасы сан, ою он (А.Ж.).

Себеп чакчыл түрмөктөр -ып формадагы чакчыл аркылуу уюшулганда, негизги кыймыл-аракеттеги натыйжага түз таасир эткенин билдирет. Мисалы: 1. *Көптөн бери суудан өксүп*, каны каткан жүрөгү капкара болуп турду (О.Орозбаев).

2. *Көрө салып* көп кийик,

Мерген кушубак болуп турады ("Кожожаш").

Ошентип, бул формадагы чакчыл түрмөктөрдө себеп болуп түшкөн кыймыл-аракет ким тарабынан аткарылгандыгына басым жасалбайт. Мында иш-аракетти аткаруучу эмес, иш-аркеттин өзү негизги орунга коюлат. Мисалы: 1. Атам бул сөздү угуп, кош колу менен башын чеңгелдеди, жылдызы жерге түштү (Н.Байтемиров). 2. Башка үйгө келип, Айтолкун көпкө чейин коомайсынып жүрдү (К.Каимов).

-ып формалуу мезгил чакчыл түрмөк

-ып формалуу чакчыл менен аяктаган түрмөктөр негизги сүйлөмдө баяндалган окуянын мезгилин, убагын билдирет. Түрмөктөгү мезгилдик маани жалпы сүйлөмдүн мазмунунан, тутумунда мезгилдик мааниден сөздөрдүн колдонулушу аркылуу белгилүү болот. 1. *Эртеси үрүл-барал таң каракчысында туруп алып*, кайра үйүнө "чоң энем кайдасың" деп качып жөнөгөн каран гүн, тараң күндү ушул жөнөкөй эки тамактын кош таами элестетти (К.Жусубалиев). 2. Анан башын жерден албай, *күнү бою талаада иштей берип, күндүн отуруп кеткенин паамдабай калып, кай убак болгонун билгиси келип*, так төбөсүнөн күн издеген дыйкандай асманга карады (К.Жусубалиев).

Мезгил мааниси тилдин бардык бирдиктери аркылуу бериле берет. Синтаксистик көз караштан алганда, мезгил мааниси мезгил бышыктооч, мезгил багынынкы сүйлөмдөр аркылуу берилип, ал башка да түрдүү маанилерди өз ичине камтыйт. Ошолор сыяктуу эле бул формадагы мезгил чакчыл түрмөктөрдүн да мезгилдик мааниси кеңири. Ошондуктан бул маселеге кайрылган изилдөөчүлөр чакчыл түрмөктөрдүн мезгилдик катышын абсалюттук (толук) жана салыштырмалуу (салыштырмалуу) түрлөргө бөлүштүрүшөт.

Толук мезгилдик маанидеги чакчыл түрмөк К.М.Мусаевдин пикирине караганда грамматикалык бир гана мааниде (мезгил маанисиндеги) келип, тутумдаш мезгил бышыктоочту түзөт. Ал эми салыштырмалуу мезгил чакчыл түрмөккө башка маанилер да тиешелүү болуп, багыныңкы сүйлөмдөр менен синонимдик катарды түзөт (Мусаев, 1980, 14-15).

-ып формасындагы чакчылдар аркылуу уюшулган чакчыл түрмөк өзөк сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттен мурун болуп өткөн иш-аракетти билдирет. Мисалы: 1.*Бөлтүрүктөрүн тороптуп,* мына эми чогуусу менен жортуулга чыгышкан тура, капырлар (А.Стамов). 2. *Кандуу суугa уруп ийип ууруну.* Кайран күлүк кете берди ташкынга (Э.Турсунов).

Ушул эле түзүлүштөгү чакчыл түрмөк негизги этиштеги кыймыл-аракет менен бир мезгилде болуп өткөн кыймыл-аракетти билдириши да мүмкүн. Мисалы: 1. Элчини угуп отуруп, Хейшуй шаарындагы көчмөндөрдүн качкын ханы менен кездешкени эсине түштү (И.Калашников). 2. Иште болсо, кээде жумуш башкаруучулук туурасында *бирөөлөр менен кер-мур айтышып, жумуштан аябай чарчап,* капа болгон учурлар да болот ("Ден соолук"). 3. *Шинелин ийнине салып*, айылын көздөй баскан жоокер да алагды (Т.Сыдыкбеков). Мындай мезгил чакчыл түрмөктөргө сыпат мааниси да тиешелүү. Бирок мезгил мааниси үстөмдүк кылат. Ал эми сыпат мааниси ага кыйыр гана кошумча маани кийирип турат.

-бай мүчөлүү чакчылдан кийин -ып формасындагы жардамчы этиштер келип да мезгил чакчыл түрмөктөр уюшулат. Мисалы: 1. *Бул маселени терең чечпей туруп,* биздин гениалдуу пландардын алга жетиши кыйын (Ш.Абдыраманов). 2. *Жерди чарчөптөрдөн тазалабай туруп,* жогорку түшүм жөнүндө сйлоого болбойт эмеспи (А.Убукеев).

Чакчыл түрмөктөрдүн мезгилге карата катышы атоочтук түрмөк менен жанаша келип, формалдык жактан негизги сүйлөмдөн алыстаган учурда башкачараак болот. Мисалы: 1. *Ушул ызадан кийин аттанып,* мекеме жактан келе жаткан Соке абышка алдынан Ыманбайды жолуктурду (Т.Сыдыкбеков). 2. *Түлкүбекти ээрчип,* мындан бир ай мурун Кашкарга кеткен атасы Каныбек үчүн башкача сезилет (К.Жантөшев). 3. *Ээр-токумдарын баштарына коюп*, чапандарын айкарасынан жамынган жолоочулардын ойгонор түрү жоктой (А.Стамов). Мындай жагдайда чакчыл түрмөк атоочтук түрмөктүн карамагына өтүп, аны менен маанилик тыгыз байланыш түзөт да, негизги сүйлөмдөгү кыймыл-аракетке карай мезгилдик катышта эмес, ошол атоочтук түрмөктөгү кыймыл-аракетке карай мезгилдик катыш түзүп калат.

Мезгил чакчыл түрмөк катышкан сүйлөмдө ээ түшүп калса, анын чакчыл түрмөк экени билинбей, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу сыяктуу ой калтырат. Бирок өзөк сүйлөмгө тиешелүү логикалык ээ ага тиешелүү болбойт. Мисалы: 1. *Тузак жасап,* кекилик кармаганынан улам өзүн чоң жигит катары баалайт (К.Жантөшев). 2. *Ушул баштан камынып*, түштөн кийин шаарга жөнөп кеткин (Ш.Абдырахманов).

Тескерисинче, чакчыл формалуу баяндоочу бар багынынкы сүйлөмдөр чакчыл түрмөк сымал структурада кездешет. Мисалы: Адырдын батыш жагынан ызгаар жел согуп, асман чарым булуттап, адыр бети ала көлөкө тартып турду (О.Айтманбетов).

Келтирилген татаал сүйлөмдүн тутумундагы ар бир багыныңкы сүйлөмдүн өзүнө тийиштүү ээси бар. Алар негизги бир кыймыл-аракетке грамматикалык жактан гана баш ийип, маанилик жактан ар бири өз алдынча түрдүү-түрдүү кыймыл-аракетти билдирет.

-ып формалуу каршылаш чакчыл түрмөк

Мындай маанидеги сүйлөмдөрдө түрмөк менен өзөк сүйлөмдө айтылган окуя, кыймыл-аракеттердин мазмуну бири-бирине карама-каршы болот. Бирок чакчыл түрмөктүн бул түрүнүн мааниси башка чакчыл түрмөктөр сыяктуу ачык-айкын эмес. Салыштырып көрөлү: 1. Тигине, *Айсараласын алкынтып,* Ыманбай да келип калды (Т.Сыдыкбеков). 2. *Эмдетүүгө кош көңүл кылып,* көк жөтөл менен ооруган балдардын саны бир кыйла өсүп кеткен ("Ден соолук"). 3. *Курулай көкүрөк көтөрбөй,* тарых таразалоочу мезгил келди (Ч.Өмүралы). 4. *Жаманыңды жашырып деле,* сенден бир ооз жылуу сөз уктумбу? (Б.Жакиев).

Биринчи сүйлөмдө сыпат мааниси, экинчи сүйлөмдө себеп маанилери ачык-айкын билинип турат. Ал эми үчүнү жана төртүнчү сүйлөмдөрдө карама-каршы маани дароо эле кабыл алына бербейт. Ала -ып формасындагы чакчыл түрмөктөрдө каршылаш маани төмөнкү сүйлөмдөрдөн айкын көрүнөт. Мисалы: 1. *Мени коюп,* алдагы баланы кароосуз калтырбагыла (А.Жакыпбеков). 2. *Мурдагы айтылгандарды эстей албай жатып,* ага мен кайдан жооп бермек элем (К.Акматов). 3. *Көкүрөгүмдөгүнү билип туруп,* дагы кайталап жатасыз да (Ш.Бейшеналиев).

Жогоруда келтирилген чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөрдүн тутумунда мындай каршылаш маанинин болушуна байланыштуу биринчи конструкцияда айтылган ой аткарылса, кийинки сүйлөмдө тескерисинче каршы келет, башкача айтканда, чакчыл түрмөктө кыймыл-аракеттин аткарылганы байкалса, өзөк сүйлөмдө аткарылбаганы байкалат.

-ып чакчыл этиштер менен эле, да өлүкчөлөрү кошо келип да каршылаш маанидеги чакчыл түрмөктүү сүйлөм уюшулат. Мисалы: 1. *Бул жерде туруп эле,* ойду-тоону айтканда эмне чыгат (К.К). 2. *Түш көрдүм деп эле,* өмүр бою жыйган-тергенди чачып жиберейинби талаага (Б.Максүтов). 3. *Жапжаш эле туруп,* мынча өнөргө кантип жетип алган (К.Сактанов). 4. *Азга канат кылып да,* Диоген өзүнүн жашоо жолу менен маданиятты барктабаганын далилдей албаган ("Кыргыз маданияты").

-ып формалуу максат чакчыл түрмөк. Чакчыл түрмөктөрдүн бул тобу өзү менен катышкан сүйлөмгө максат маанисинде колдонулат. Ошондуктан андагы бышыктоочтун милдетин аткарып келген сөздөр максатты келер чак формасындагы этиштин болуп жардамчы сөзү менен айкашы аркылуу берилет. Сүйлөмдүн ээси көбүнчө өзөк сүйлөмдөн орун алат. Сүйлөмдүн мындай курулушу аткарылган кыймыл-аракет кайсы бир максатта болгондугун айкын көрсөтөт. Мисалы: 1. *Даректын башына чыкмак болуп,* этек-жеңин шымалана түрүндү (К.Жусубалиев). 2. *Токойго бармак болуп,* кийимдерин, буюм-теримдерин караштырып, дурустап даярданды (К.Жусубалиев). 3. *Жаңы конуш менен таанышмак болуп,* өзүнчө боор этектей басты (А.Жакыпбеков).

Бирок максат чакчыл түрмөктөрдө берилген кыймыл-аракетти ар убак эле келер чак менен чектеп коюуга болбойт. Ал реалдуу ишке ашкан кыймыл-аракетти да билдирет. Мисалы: 1. Табияттын таңкы керемети биринчи тосоюн деп, мен күнүгө эрте турам (К.Жусупов). 2. Байга жагынам деп, кедей жалгыз эчкисинен ажыраптыр (Макал).

Биринчи жак формасындагы этиштер менен да деп жардамчы этиши айкашып, максат маанисиндеги чакчыл түрмөктү уюштурушу мүмкүн. Мисалы: 1. Көрдөн чыгып араң келсек, *көпүрөдөн өткөрөм деп,* Кожокең кыйнады (К.Карымбаев). 2. *Бул жөнүндө Москвадан сурап билсек деп,* бардыгыбыз эле аракеттендик ("Кут билим"). 3. *Узакка жашасам деп,* кимдер гана арыз-абез кылбаган (М.Абдыкеримов).

Мындай түзүлүштөгү чакчыл түрмөктөр семантикасы боюнча максат багыныңкы сүйлөм сыяктуу ой калтырат. Бирок анын өзүнө тиешелүү ээси жок жана жак формасы менен камсыз болгон эмес. Түзүүчү компоненттеринин бардыгы биригип келип, бир сурооо жооп берет да, жайылма бышыктоочтук милдет аткарат.

-ып формалуу салыштырма чакчыл түрмөк

Бул формадагы чакчыл түрмөк грамматикалык жактан бүтүндөй сүйлөмгө же белгилүү бир сүйлөм мүчөсүнө таандык болуп, андагы кыймыл-аракетке карата салыштыруу маанисин билдирет.

Жалпы тил илиминде салыштыруу маанисин салыштырма конструкция деген ат менен талдоого алынат да, ага салыштырма багыныңкы сүйлөм кошулат. Салыштыруу лингвистикалык аспектиден алганда жөнөкөй жана татаал салыштырууга бөлүнөт. Жөнөкөй салыштырууга аффикстер аркылуу салыштыруу мааниси киргизилет (6, 1976: 122-13).

Л.Н.Тыбыкова алтай тилиндеги салыштырма конструкцияларды атоочтук жана этиштик түрлөргө бөлүп, алардын ар бирин синтетикалык жана аналитикалык салыштырма конструкцияларга бөлүштүргөн (5, 1989: 18). Кыргыз тилиндеги салыштырма конструкциялардын ичинен -ып формалуу чакчыл түрмөктөр өзүнчө орунга ээ.

-ып формасындагы көмөкчү сөздөр уюштурат. Мисалы: 1. Алтын кыргак ак элечек салынган, көк жибек көйнөк, кырмызы кемсел, саймалуу белдемчи, алтын өкчө кара маасычан ак байбиче чыйырды көкүлүн көк жибек менен түйдүргөн боз жоргону чайпалтып, *өзүнө окшотуп.* ак элечекчен койкойгон тогуз жүз байбичени желе тарткан каркырадай чубалтып, көч баштады (А.Жакыпбеков). 2. Натурщик, *катырып койгонсуп,* бир калыптан козголбой, жалдырай берди. А.Токомбаев). 3. Көргөндүн көөнү бөлүнүп, байласа адамзат жаланғычтай көрүнүп, эки көздүн кычыгы ачылып калган көргө окшоп, ай-маңдайын караса, *элкин жаткан төргө окшоп,* алайган көзүн караса, *күүгүм* тарткан *жерге окшоп,* алтындан чылбыр жулкунтуп, Алгара минип булкунтуп, алты мин жайсаң миң калдайга башчы болуп турган кези эле (Б.Максүтов).

Салыштырма маанилүү чакчыл түрмөктүн башка түгөйүнүн маани берүүчү бөлүгү да атооч жөндөмө формасында туруп, чакчыл формадагы *өңдөнүп, түрдөнүп, түстөнүп, кешиптенип, сыяктанып* деген көмөкчү этиштер менен байланышат. Мисалы: 1. Калмак каптап кетээрде, башына кылыч жетээрде кара чаар кабылан капталынан чамынып, чолок көк жал арстан бет алдынан камынып, *астын сала бергенде ак жолборстой түрдөнүп,* эр Манастын барааны миң кишидей өңдөнүп, көргөн калмактардын көңүлү жаман болүндү (А.Жакыпбеков). 2. Аколпогун кийип, боз кисесин курчанып, үстүнөн жортуул кементайын желбегей жамынып, төшөктөн чыгып отурган баатырдын жүзүнө кан жүгүрүп, *кууруган буудай түстөнүп,* аң көргөн бүркүт көздөнүп, комлоно отурганда оң чыканагында арстан, сол чыканагында жолборс күркүрөп тургансыды (А.Жакыпбеков). 3. Аралдын айлана-тегереги мелтиреген көл, алтын аталып калышы - таң атканда жапжашыл, күн чактүштө көкмөк, *күн батарда алтын саргыч түрдөнүп* турат Алтын-Көл (А.Жакыпбеков). 4. Жер майышкан мал менен, дүнгүрөгөн кол менен кыргыздар келип Букардын жакасына конуптур деген кабар жетер замат Санирабига жортуулга кийчү эр кийимин кийинип, сиңдиси Аруукени да өзүнө окшош кийинтип, каракашка аргымакка минип, *ууда жүргөн бекерпоз мырзалар сыяктанып,* колуна куш кондуруп алып, чалгындап чыккан (А.Жакыпбеков). 5. *Суу перилер кейиптенип,* кыз-келиндер түшүп ойногон абыз көлү бар, тегерете мөмө бак, бак аралап асем тотулар шак-бутактардан бакылдашып сүйлөшүп, кишилердин күлкүсүн чыгарат (А.Жакыпбеков).

-ып формалуу салыштырма чакчыл түрмөктүн негизги бөлүгү атооч жөндөмөдө турган сымал болуп, сыяктуу болуп деген кызматчы сөздөр менен берилет. Мисалы: 1. *Монах Филофейдин күйруктуу жылдыз сымал болуп,* күтүүсүздөн космостон чыга келиши дүйнөгө кандай дүрбөлөң салгандыгын, ушундан баштап адамдардын аң-сезимин канчалык аласалдырганын Борк көз ирмемге элестеткенде кулактары чуулдап, башына кан тээп чыкты (Ч.А.). 2. Дал бет маңдайында туулга-чопкут кийген баатыр кейиптенип, чулу көк чоку заңкаят, анын сол жагында *ак сакалдуу кеменгер карыя сымал болуп,* кең көкүрөк ак чоку турат (Б.Максүтов).

Ошентип, -ып формалуу чакчыл түрмөктөрдүн сыпат, себеп, мезгил, карама-каршы, максат, салыштырма сыяктуу маанилеринде колдонулганын байкадык. Аталган ар түрдүү маанидеги -ып формалуу чакчыл түрмөктөр маанилик жактан кээде бири-бирине жакындыгын конкреттүү фактылык материалдардын негизинде айырмачылыктары ажыратылды.

Кумык тилиндеги чакчылдарды атайын изилдөөнүн объектисине айланткан Ю.Д.Джанмамов -ып формалуу чакчыл түрмөктөрдүн шарттык мааниде келерин белгилейт (2, 1967: 41-42). Бирок анда берилген мисалдар шарттык маанини камтый албайт. Жалпы эле түрк тилдеринде мындай маанидеги чакчыл түрмөктөр кездешпей турганын түрколог К.М.Эсенов туура белгилеген (3, 1974: 136). Ал эми проф. А.Н.Баскаков -ып формалуу чакчыл түрмөктөрдү байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумунда жана чакчыл түрмөктүү жай сүйлөм катары караган (1, 1959: 317).

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилинде -ып формадагы чакчыл түрмөктөр башка грамматикалык каражаттарга караганда активдүү колдонулат. Аталган формалуу чакчыл түрмөктөр сүйлөм тутумунда айтылуучу ойду берүүдө зор тилдик каражат болуп эсептелет.

Адабияттар

1. Баскаков А.Н. Деепричастие и его синтаксические функции в тюркских языках. Кызыл: НИИЯЛИ, вып, 7, 1959.

2. Джанмамов Ю.Д. Деепричастие в кумыкском литературном языке. -М., 1967.

3. Есенов К. Казак тилиндеги күрделенген сөйлемдер. -Алма-Ата, 1974.

4. Турсунов А. Кыргыз тилиндеги чакчылдар. -Ф.: Кыргыз окуу педмамбас, 1960.

5. Тыбыкова Л.Н. Сравнительные конструкции алтайского языка.(канд.дисс.) -Алма-Ата, 1989.

6. Черемисина М.И. Сравнительные конструкции русского языка. -Новосибирск: Наука, 1976.

Ж.А.Артыкова,
К.Карасаев атындагы БГУ

СОМАТИКАЛЫК ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР ЖАНА БЕЙВЕРБАЛДЫК КАРАЖАТТАР

Кыргыз тилинин сөздүк курамындагы өзгөчө мааниге ээ тилдик каражаттар фразеологизмдер болуп саналат. Фразеологизмдердин курамында *көз, мурун, бет, ооз, тил, тиш, кол, бут* сыяктуу дене бөлүктөрүнүн аталыштары жыш колдонулгандыгы белгилүү.

Фразеологизмдердин ичинен адамдын жүрүш-турушуна байланыштуу бирдиктери өзгөчө мааниге ээ. Бул түрмөктөрдүн курамында тилдик эмес каржаттар катышып, пикир алышууда ымдоо-жаңсоонун элементтери коштолуп, кандайдыр бир маалыматты алып жүрөт.

Мындай фразеологизмдердин негизин (кинесикалык фразеологизмдер) ымдоо-жаңсоолор түзөт. Алардын өзгөчөлүгү болуп сүрөттөө жана ага байланыштуу символика түзөт. Жест адам жүзүнө тиешелүү кыймыл-аракетти символдоштурат. Фразеологизмдердин мааниси ымдоо-жаңсоолорго караганда кеңири: *жаалы менен кароо, жумган көзүн ачпай коюу, киерге жер таппоо, жанын коерго жер таппоо ж.б.*

Мисалы: Аны көрүп Манастын, Ачуусу келе калганы, *Жаалы чыкты* сөзүнөн, *Жалыны чыкты көзүнөн* [С.О.:118].

Адамды жана анын кыймыл-аракетин мүнөздөгөн фразеологизмдер *көбүнчө мотивдешкен, аларда нерсе менен кубулуштун ортосунда ассоциативдик байланыш болот.*

Фразеологизмдер менен бейвербалдык каражаттардын карым-катышын алгач ирет орус тил илиминде Е.В. Красильниковдун "Жесты и языковые фразеологизмы" (1977), А.В.Филиппов, В.Д.Кутловскаянын "Фразеологизмы и жесты" (1975) аттуу эмгектеринде чагылдырылган. Е.В.Красильниковдун пикири боюнча, көптөгөн фразеологизмдер бейвербалдык каражаттардын негизинде пайда болгон: "Условный жест - фразеологизованное явление в жестовом языке и языковой фразеологизм имеют семиотическое родство. Поэтому не случайно, что проекция условного жеста в язык - словесное описание жеста - нередко представляет собой фразеологический оборот. То, что фразеологизм в языке может возникать на базе жеста, легко объяснимо" [Красильникова 1977:58]. Казак тил илиминин изилдөөчүсү Г.Смагулова кыймыл-аракеттин негизинде пайда болгон фразеологизмдерди, "кинесикалык фразеологизмдер" деп атап ага тиешелүү мисалдарды киргизет [Смагулова 1980: 62-63]. Бул пикирге таянсак, кыргыз тилиндеги төмөнкү фразеологизмдер жана туруктуу сөз айкаштары кинесикалык фразелогизмдин катарын түзүшөт: *алакан жайуу, жакасын карануу, буту-бутуна тийбөө, желкесин кашуу, мурдун көтөрүү, мурдун тыржыйтуу, эки көзү чанагынан чыгуу, бармагын тиштөө, кучак жайуу, кабагына кар жаады, эрдин чүрүштүрүү, тандайын кагуу, тишин кайроо* ж.б.

Ал эми фразеологизмдердин курамындагы көптөгөн бейвербалдык каражаттар мезгилдин өтүшү менен өзүнүн түз мааниси көмүскөлөнүп фразеологизмдик мааниге өткөн. Алсак, *бетине түкүрүү, бетине көө жабу, жер чукуп отуруп калуу,* ж.б.

Бул пикирди А.В.Филиппов жана В.Д.Кутловскаянын көз караштары толуктайт: "Эгерде, жесттер эскирсе анда, түпкү мааниси да өзгөрүлөт, башка бир табияттагы түшүнүккө өтүп, фразеологизмдердин пайда болушуна алып келет" [Филиппов, Кутловская 1975:79].

Фразеологизмдердин бул катмары универсалдуу жана бардык тилдерге тиешелүү кубулуш. Бул адамдын эгоцентристик түшүнүгү менен байланыштуу. Анткени адам айлана-чөйрөнү "өзү" аркылуу таанып билет (Ю.Д. Апресян, Н.Д. Арутюнова, Г.И. Берестнев, В.Г. Гак ж.б.).

Жогоруда айтылган көз карашты изилдөөчү А.М. Эмирова төмөнкүдөй түшүндүрөт: "Адам жаралган мезгилинен тартып эле өзүнүн дене кыймылдарына байкоо салат жана таанып билет. Ошону ме-

нен бирге айлана-чөйрөдөгү болуп жаткан окуя-кубулуштарга ошол дене кыймылдарын туура багыттаганга аракет кылат." [Эмирова, 1972: 141]. Демек, бейвербалдык кыймылдар адам жаралгандан бери калыптанган, өздөштүрүлгөн көрүнүш экендиги талашсыз.

Айлана-чөйрөдө болуп жаткан кыймыл-аракеттердин аң-сезимде мындай өңүттө чагылышы, адамдын өзүнүн денесинин кыймылы антропоцентристтик (адамдын борбордук дүйнө таанымдык) түшүнүктө соматикалык фразеологизмдердин пайда болушуна алып келет. Окумуштуу Г.И. Берестнев белгилегендей, соматикалык фразеологизмдер аркылуу курчап турган чөйрөнүн адам аң-сезимине чагылышын андап билүүгө болот [Берестнев, 2001: 67].

Кыргыз тилинде соматикалык фразеологизмдер менен бейвербалдык каражаттардын окшош жана айырмачылыктары тууралуу изилдөөчү А.Ботобекова мындай белгилейт: "Соматик фразеологизмдердин ишараттардан айырмасы - алардын туруктуулугунда, өз алдынча берилгенде мааниге ээ эместигинде. Алгач, ар бир ишараттын маанисин билдирүүчү сөздөрдүн комплекси адамдын кыймыл-аракетин билдирип келсе, кийинчерээк рухий ал-абалды туюндуруучу сөз тизмектеринин катарын түзүп калган. Ишараттар мындай абалда фразеологизмдик бирдиктерге айланат. Күндөлүк турмушта колдонулган белгилүү бир кыймыл-ишарат адамдын ички жан-дүйнөсү, сезими, ал-абалы менен байланышкан болот. Экинчи мааниси кийинки планга сүрүлүп чыгып, турукту маанини туюнтуучу касиетке ээ болот. Бул учурда ишараттык маани жок болушу жана бир гана фраземалык маани сакталып же экөө параллель ишке лиши мүмкүн" [Ботобекова 2002:102].

Демек, тилдеги соматикалык фразеологизмдер образдуулукка ээ болсо, бейвербалдык каражаттар көмүскө мааниге ээ. Тагыраак айтканда, ар бир бейвербалдык каражаттардын түшүндүрмөсү бар, аны пикир алышып жаткан адамдар өзүнүн туюп-билүү, дүйнө таанымына, кыраакылыгына, билимине жараша андап билет жана колдонушат.

Кыргыз тилиндеги фразеологиялык мааниге өткөн семиотикалык соматизмдерди төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот:

1) адамдын жаңсоолорун (жесттерин) сүрөттөгөн фразеологизмдер: *кол куушуруу (кечирим сурап, алдына түшүү, өтүнүч кылуу), бутуна жыгылуу (жалынып, жалбарып кечирим суроо, өтүнүү)* ж.б.;

2) адамдын жүрүш-турушун (позасын) сүрөттөгөн фразеологизмдер: *мурдун көтөрүү (кекирейүү, менменсинүү, көпкөлөң тартып чиренген абалда болуу), аягы жерге тийбөө (эпилдөө, абдан элпек болуп көрүнүү, бир жерге жай алып тура албоо).;*

3) адамдын дене кыймылдарын сүрөттөгөн фразеологизмдер: *башын жерге салуу (уялуу,* тике карай албай ийменүү, батына албай коюу*),* ж.б.;

4) адамдын ымдоосун (мимикасын) сүрөттөгөн фразеологизмдер: *көзүн ала качуу* (бирөөнү тике карай албай жалтактоо. Көрүнбөөгө, карабоого аракеттенүү, жалтануу) ж.б.

Мына ушундай багытта фразеологизмдик ымдоожаңсоолорду төмөнкүдөй семантикалык топторго бөлүштүрүүгө болот:

1.Адам жүзүнүн физикалык жана эмоционалдык абалын туюндурган сөздөр;

2.Адам жүзүнүн сырткы таасирлерден улам өзгөрүшүн туюндурган сөздөр;

3. Кеп ишмердигин туюндурган сөздөр.

"Манас" эпосундагы кездешкен соматикалык фразеологизмдерге төмөнкүлөр кирет:

Көзүнөн чаары чыгуу. Абдан ачууланууу, каардануу, жаалы келүү [КТФС:176]: Муну угуп Манастын, Каары чыгып бетине, *Чаары чыгып көзүнө* [С.О.].

Бетинен тер чыгуу - ачуусу келүү, сурдануу, каардануу: *Бетинен тешип тер чыгып,* Кабылан Манас баатырын [С.К.].

Дал болуу - дендароо болуу, эмне кыларын билбей жалдырап калуу, өзүн жоготуп коюу [КТС,1: 393]: Жети күнү урушуп, Жетимиш жерден жара жеп,Чубак чыкты хан болуп. Бүткөн бою былк этпей, Сал сыяктуу *дал болуп*[С.К.716].

Тизе бүгүү - багынуу, баш ийүү: Сарттар *тизе бүккөнү*: "Болду эми, шүк!"-деди, Биз да калмак түркпүз, Каканчындан калкынын, Казабында жүрүппүз [С.О.:103].

Эрдин кесе тиштөө - өкүнүү, өкүттө калуу: Шай колдогон шер Манас, Карап чыдап туралбай, Кайнап жини кармады, Эки жаагы шакылдап, *Эрдин кесе чайнады* [С.К.:256].

Көз салуу-каралашуу, жардам берүү: Баягы Догон карыга : "Алсаң менде мал-деди, Ар түлүгүм бардеди, Алтын менен зар-деди, Барымды менден ал-деди, Бирок балама көзүң сал!"-деди [С.О.:75].

Мыйыгынан күлүү, мурутунан күлүү - үн чыгарбай билинер-билинбес жылмайып коюу, кичине күлүмсүрөө. Качканын көрүп Чубактын, *Мурутунан күлдү* эми. Кыйының Манас билди эми, Кыл муруту солк этип, *Мыйыгынан күлдү* эми [С.К.:517].

Каңырыгы түтөө - өтө кейүү, абдан кайгыруу, капалануу, бир нерсеге зээни кейүү: Арслан Чубак ошондо, Уйку жакка бет түтөп, Оюна түшүп, ар жумуш, Ойрон болгон Чубактын, Каңырыгы *эң түтөп* [С.К.:498].

Эбедейи эзилүү - чын дити менен, ыкласы менен жакшы көрүү, кубануу. Семетей тирүү деп угуп. *Эбедейи эзилип,* Эт жүрөгү сүйүнүп [С.К.].

Эси кетүү - эмне кылаарын билбей, дал болуу. *Эси кетип* Чыйырды, Жыгылып кетти сороюп [С.К.].

Эсин оодаруу - айласын таптырбоо, коркутуу, чамасын чак кылуу: *Эскирип келген куу чалдын, Эсин бир оодарып салсак*-деп [С.О.:1116].

Мындай фразеологизмдердин мааниси - сөз айкашынын конкреттүү маанисинин метафоралык мааниге өтүшүнөн пайда болот. Фразеологизмдин ички формасы качандыр бир убактарда кандайдыр бир факт, окуя, кубулушту чагылдырган тилдик каражаттар болгон. Алсак, бут тосуу, ор казуу сыяктуу фразеологизмдер көрө албастык деген сөзгө кошумча маани берип турат жана түз маанисине да жакын келет. Ошондой эле *алдоо* деген лексемага *беш өрдөгүн учуруу, тил эмизүү, көз боео* деген сыяктуу туруктуу сөз айкаштары кирет.

Адамдын ымдоо, жансоолору, турган турпаты, дене кыймылдары убакыттын өтүшү менен абстрактуу семантикага ээ болуп, фразеологизмдердин катарын толуктайт. Тагыраак айтканда, семиотикалык фразеологизмдер өнүгүү процессинде фразеологиялык мааниге ээ болот.

Адабияттар

1. Берестнев Г.И. В поисках семантических универсалий. Монография. Калининград: Изд-во РГУ им. И. Канта, 2010.

2. Ботобекова А. Ишарат сырлары. -Б., 2002.

3. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жан адабият институту. Түз. С.Мусаев - Б.: Хан-Тенир. 2010.

4. Манас: С.Каралаевдин варианты б-ча / Түз. А.Жайнакова, А.Акматалиев.- Б.: Турар, 2010.

5. Эмирова А.М. Структура и семантика фразеологического поля эмоций // Вопросы общего языкознания и структурно-типологического исследования языков. -Самарканд. 1978.

6. Филиппов А.В., Кутловская В.Д. Фразеологизмы и жесты //Русский язык в школе, 1975, №3.

Шевченко Н.М.,
КРСУ им. Б.Ельцина

СТРУКТУРА ЯЗЫКОВОГО ПОРТРЕТА МАРИНЫ ЦВЕТАЕВОЙ

Понятие языкового портрета введено Л.П. Крысиным и развивается в исследованиях И.И. Ковтуновой, А.Б. Бушева, Н. Рябикиной, Л.Т. Килевой, Р.Т. Касымовой. Особого внимания по данной проблеме заслуживают идеи известного казахского ученого Л.К. Жаналиной, предложившего реализацию этого направления в двух аспектах с использованием формул "человек в языке" и "язык в человеке".

Формула "человек в языке" реализуется в теориях образа автора, диологичности текста, концептосферы в художественной литературе, в функциональных грамматиках. Формула "язык в человеке" реализуется автором в основе протопической категоризации, построения когнитивно-дискурсивного пространства, моделей языковой картины мира, языковых личностей, языковых портретов. Исследователь вводит понятие лингвокреативная личность в "галерею" языковых личностей, выстраиваемых по формуле "язык в человеке", а следующей моделью, реализующей эту формулу, предлагает конструкт *языковой портрет* с использованием формул "человек в языке" и "язык в человеке". Автор, реализуя свои идеи, предлагает схему языкового портрета креативного лингвиста Л.А. Шеляховской, акцентируя внимание на прагматический уровень. "Портретирование языка ученого-лингвиста осуществлено путем приложения модели языковой личности к языку разрабатываемой ею лингвистики, что означает ограничение объекта исследования научным языком в "индивидуальном творческом исполнении" [Жаналина, 2010: 92- 94]. При создании языкового портрета большой научный интерес представляют интеллектуальные языковые личности, так как интеллект наиболее интенсивно проявляется в языке и исследуется через язык [Караулов, 2003: 36].

Отмеченные исследования языкового портрета используют в основном два уровня из трех, предложенных Ю. Н. Карауловым при описании языковой личности. В свою очередь, отличие понятия *языковой портрет*, от *языковой личности*, представляется нам широтой характеризующих параметров, совмещающих в себе современные критерии изучения личности в лингвистике, философии, психологии, истории и религии. Это связано с тем, что на современном этапе развития общества *индивидуальность* стала центральным объектом в решении многих теоретических проблем:

Для лингвиста - это "конкретный участник коммуникативного акта, реально действующий в реальной коммуникации" [В. В. Красных, 2003];

Для философа - это "такая единственность и неповторимость, которая является не только носителем сознания, мышления, чувствования, но и вообще субъекта, который сам же себя соотносит с собой и сам же себя со всем окружающим" [А. Ф. Лосев, 1988: 277];

Психологи считают, что личность обнаруживает себя в трех репрезентациях, образующих единство: совокупность интроиндивидуальных качеств, включенность индивида в пространство межиндивидуальных связей и "идеальная представленность" [В. А. Петровский, 1998: 188];

Религия рассматривает человека как личность и как индивид в рамках одного и того же существа: основа индивидуума - тело, личности - душа [Настольная книга атеиста, 1987: 197];

Человек - единственное из творений Божиих, наделенное даром слова, речи, языка [В.И. Аникушкин, 2010: 223];

Христианство в качестве идеальной личности выдвигает тезис: "Блаженны нищие духом, ибо их есть царство небесное" [Мф., 5: 3].

Объединяя все лучшее, отмеченное человечеством в индивиде, мы обязаны сохранить и увековечить в памяти потомков это в виде литературных, языковых, художественных, архитектурных ценностей. В каждой науке разработаны свои индивидуальные способы сохранения ценностей. В языкознании основными хранителями памяти являются прецедентные тексты и словари.

Понятно, что нет, и не может быть единых критериев для описания индивида, как нет, и не может быть, утверждают психологи, одинаковых личностей. Мнения ученых различных направлений науки позволяют сделать вывод, что языковая личность является воплощением обобщенной личности (от ребенка до креативной), а *языковой портрет* - воплощение индивидуальной личности и, как правило, креативной, в которой заложено все лучшее в понимании человечества.

В основе исследования языкового портрета М. Цветаевой лежит метод *когнитивно-прагматического* анализа. разработанный Н. Ф. Алефиренко, в котором ученый, опираясь на знания пресупозиций, ставит задачу выяснить, как те или иные текстопорождающие средства языка используются автором для осуществления исходной художественно-смысловой интенциональности. При когнитивно-прагматическом анализе, как утверждает ученый, в центре внимания оказывается не только язык в его системном отношении, но и более высокое единство - деятельное единство языка, речевого общения и человека. Это триединство обес-

печивает существование в реальном мире, где человек мыслит, познает и создает вокруг себя ценностно-смысловое пространство, которое, по мнению ученого, является эпицентром человеческой культуры и цивилизации [2011: 26-27].

Несмотря на то, что главным предметом интереса исследователей языкового портрета должен быть прагматикон, определяющий языковые показатели и смысл индивидуального существования, находится на стадии своего становления. Ю.Н. Караулов считает, что "через прагматикон язык формирует человека, раскрывая содержание третьего уровня в структуре языковой личности и добавляя в вербально-грамматический - "ЯЗЫК" - и в когнитивный - "МИР" - третью, прагматическую составляющую структуры - "Я В МИРЕ". Позиция автора (говорящего) "Я В МИРЕ" определяется, прежде всего, его оценками и самооценками" [2003:12].

С учетом всех компонентов когнитивно-прагматического анализа мы предлагаем многоступенчатую структуру языкового портрета М. Цветаевой:

Первая ступень - социальная, содержащая социальную информацию (возраст, этносреда проживания, профессиональная деятельность);

Вторая ступень - культурная, содержащая информацию о культурной наполненности;

Третья ступень - интеллектуальная, содержащая информацию об интеллектуальном совершенстве;

Четвертая ступень - вербальная, содержащая информацию о профессиональном мастерстве.

Пятая ступень - концептуальная, содержащая информацию о личностно-концептуальных ориентирах в окружающем мире;

Шестая ступень - когнитивная, содержащая информацию авторской позиции, константирующей положение дел в окружающем мире

Седьмая ступень - прагматическая, содержащая информацию авторского представления о совершенном видении окружающего мира.

Все отмеченные ступени, дополняя друг друга, могут перемежовываться, но наличие их в структуре языкового портрета креативной личности обязательны, иначе языковой портрет индивида будет несовершенен.

Все ступени информации должны быть тщательно выверены и доказательны, а цитации должны конкретизировать и подтверждать исследовательскую позицию. Языковой портрет, как любой портрет, должен представлять собой культурно-эстетическую ценность. А это значит, что исследователь должен увидеть и собрать воедино все многообразие когнитивно-прагматических компонентов, реализованных в ценностно-смысловом пространстве индивида.

Языковой портрет М. Цветаевой - *это мировоззрение поэта, несущее информацию об оценках реального мира, жизненных установках, устремлениях и идеалах. Основой языкового портрета является самоидентификация с позитивными характеристиками, суждениями, констатирующими положение дел в окружающем мире. Вершиной языкового портрета М. Цветаевой является реализация авторского видения совершенства окружающего ее мира.*

В данном исследовании сделаны попытки описания языкового портрета на основе анализа языка автобиографических повестей, писем, эссе и записных книжек, в которых определилось ядро *когнитивно-концептуальных знаков* кодовой системы М. Цветаевой.

Языковой портрет М. Цветаевой состоит из двух частей. Первую его часть представляет исследование Л.В. Зубовой, в котором описываются особенности поэтического мастерства Марины Цветаевой. Исследователь особое внимание уделяет таким его аспектам, как этимологические поиски, контекстуальный синкретизм, система цветообозначений, развитие значений существительного *верста* и глагола *быть* в контексте всего поэтического творчества поэта. На первое место этимологической регенерации в исследовании выдвигаются: корневой повтор, поэтическая этимология, паронимическая аттракция, отражающие реализацию словообразовательных возможностей языковой системы. Важным приемом в поэтическом тексте отводится синкретизму (лексическому, морфологическому, синтаксическому) с учетом лексико-грамматического и фразеологического аспектов. Большое внимание в исследовании уделено индивидуально-авторской коннотации цветообозначения, в аспекте которой рассмотрены парадигматические и синтагматические отношения цветообозначения [1989: 3-188].

Рассмотренные особенности языка поэта характеризуют поэтическую часть языкового портрета, но не исчерпывают его. И здесь мы должны не согласиться с некоторыми выводами автора, что у М. Цветаевой отсутствует чисто эстетическое отношение к цвету [Зубова,1989:188]. На уровне прозаических и эпистолярных текстов поэт проявляет интуицию настоящего художника, не выпускающего палитру разноцветия из своих рук.

Базовой частью всякого индивидуального языка, как считает Л.К. Жаналина [2010: 94], является общий язык, поэтому его черты характеризуют и частночеловеческий языковой портрет. В связи с этим, в данном исследовании язык является и объектом исследования и средством описания, с реализацией формулы "язык индивида в языке", где диалог культур, сформировавшийся в сознании языковой личности Цветаевой, не мог не отразиться на формировании языкового портрета.

Первые четыре ступени в структуре языкового портрета М. Цветаевой можно охарактеризовать двумя словами - БОЛЬШОЙ ПОЭТ.

Эту номинацию языковому портрету мы присваиваем, обобщая оценки и характеристики исследователей поэтического языка (Л. В. Зубова), друзей, слушателей, критиков, любителей поэзии и даже недоброжелателей. Составитель поэтического словаря - О. Г. Ревзина - выделяет главную особенность исследуемой языковой личности: "Цветаева остается верна себе: она никогда не удовлетворяется тем, что достигнуто в нормативном языке и докапывается до сути, до глубинных возможностей буквально любого языкового явления" [1996: 40]. Авторская позиция, как правило, предопределяющая или конкретизирующая поступки оппонентов, заключена в емких самооценках. Выстраивая логическую систему коммуникации, Цветаева легко и просто демонстрирует свою духовную свободу, безграничную интеллектуальность, культурную неразрывность внутреннего состояния с культурой многих европейских стран, на фоне эмоциональной впечатлительности, способствующей формированию высоких эстетических норм и своего "трудного" характера.

Самоидентификация Цветаевой позволила квалифицировать явления действительности, выражая субъективное мнение о них, но, как создатель индивидуальной оценки, М. Цветаева отстаивает свою позицию о происходящем в ее пространстве и времени. И ей это удается. Она умело использует полученные знания в сотворчестве мышления со словом. Эта особенность ярко проявилась в языковой картине мира поэта, посредством лингвокогнитивных дискурсов (прецедентных имен, авторских фразеологизмов, авторских формул), отличающихся однородностью при сохранении основных своих особенностей - представлять образ, знания и знаки культуры. В связи с чем, мы совершенно оправданно вводим, обобщающий эти единицы в авторском тексте, термин *когнитивно-концептуальная единица*. Это связано с функциональными особенностями *прецедентных имен, авторских фразеологизмов и авторских формул* в индивидуальном тексте, где они репрезентируют уникальность своей природы: выполняет речемыслительную функцию, формирует кодовое мышление индивида, проявляющееся на концептосфере индивида. *Когнитивно-концептуальные единицы* способствуют возникновению авторского образа, на основе сравнения или противопоставления, с уже существующими, освоенными и осознанными индивидом объектами окружающего мира. Именно так зарождается языковая картина мира индивида, где каждая когнитивно-концептуальная единица возникает на высоком потенциале метафорического мышления. *Когнитивно-концептуальные единицы,* насыщенные прагматической информацией, таят в себе коды личностных ориентиров поэта в окружающем мире, коды авторских позиций, константирующих положение дел в окружающем мире, и, помогающих ориентироваться в авторском видении совершенства окружающего мира. Они являются знаками индивидуально-кодовой системы поэта.

Использование выделенных единиц в текстах поэта всегда творческое. Цветаева большой мастер различных приемов модификаций: обновление значения, обновление образности при сохранении структуры, замена компонентов, контаминация, усиление экспрессии. В стилистическом аспекте языкового портрета М. Цветаевой обращают на себя внимание:

- развернутые контрасты, созданные на ярких антонимических отношениях;
- эмоционально-оценочная образность сопоставлений и сравнений;
- идеализация портрета,
- большое количество европейской лексики на языке источника.

Анализируя способы выражения временного пространства, мы выявили определенную закономерность в использовании автором единиц различных языковых уровней, для реализации определенного концепта в ментальной структуре картины мира поэта. На этом основании можно сделать вывод, что логическое завершение концепта в структуре языкового портрета ведет к взаимопроникновению средств разных языковых уровней, которые дополняют друг друга в выражении конкретного назначения и значения. Концепт *время* на лексическом и фразеологическом уровнях является относительно стандартным для многих культур. Это временное пространство принято и русским сознанием. На синтаксическом уровне образ времени наполняется конкретным содержанием и закрепляется только в авторском предметном коде мышления, дополняя языковой портрет мыслителя глубокими философскими рассуждениями о времени, современности и роли поэта в рамках собственного времени. Эти мысли, идеи, предположения, видение, ощущение и законы ВРЕМЕНИ составляют основную часть ментальной структуры языкового портрета Цветаевой, обрамленного формулой самого ПОЭТА - **"Обреченность на неисчерпаемость".**

Insan. XIX. yüzyıl itibariyle gerçekliğin yetkin bir benzerini nesnel anlatımlı görüntülerden oluşan filmler aracılığıyla yaratma başarısı göstermiştir. Ancak sinemanın tarihsel gelişim süreci içinde oluşturduğu bu nesnel anlatımlı görüntülerle, kendisini çevreleyen dünyanın anlatımında ve anlamlandırılmasında hangi unsurları ön plana çıkarması gerektiği de sorgulanmaya başlamıştır. Oğuz Adanır (1987), böyle bir sorunsallaştırmanın sonucunda varılacak çıkarımların objektif olabilmesi için konuya farklı perspektiflerden bakılması gerektiğine dikkat çeker. O'na göre sinemada anlam sorununun tartışılmasına, günümüzün gelişmiş görsel-işitsel anlam üretimi evreninde, sinemanın işlevşım olacaktır. Ardından, günümüz koşullarında film yapım sürecinde öne çıkan faktörler de incelenmelidir. Buradan hareketle bir filmin, hangi amaçlarla, ne kadar bağımsız üretilebildiği ortaya konmalıdır.

Filmsel anlamın ve imgeler arası ilişkilerin, estetik bağlamın yanı sıra, toplumsal güç dengeleri ve ekonomik ilişkiler başlamında da değerlendirilmesi gerekir. Bu noktada, Marksist alt yapı-üst yapo eğretilemesini, tüm düşünsel ve sanatsal ürünler için kullanmak mümkündür. Frankfurt Okulu temsilcilerinden Walter Benjamin, T.W. Adorno ve Max Horkheimer'ın diyalektik eleştirel kuramlarında ele aldıkları gibi, "sanat ürünleri belirli ekonomik gerçekliklerle sınırlanmıştır ve birileri tarafından kullanılmak üzere üretilmişlerdir" (Monaco,2004:37).

Öte yandan her düğünsel-sanatsal yaratım, belirli psikolojik etkilerin oluşmasını da sağlar. Özellikle sinema sektöründe bu etkiler daha da belirginleşir. Maliyeti çok yüksek bir teknolojik/sanatsal üretim alanı olan sinema, karmaşık üretim, dağıtım ve tüketim süreçlerinden geçerek varlığını sürdürmek durumundadır. Sinemanın bilinen ekonomik altyapısını kapitalist sermaye ilişkileri boyutundan okuyan Jonathan L. Beller (2005), sinemayı söz konusu sermayenin mevcut sisteme bir müdahalesi olarak değerlendirir ve sinematik üretim tarzını "görsel olanı sinema aracılığıyla ve sinema olarak kolonize eden sermaye mantığının kolonizasyon yoluyla genişlemesi" olarak tanımlar (Beiller,2005:107). Diğer yandan sinema, insan zamanını doldurarak görsel ilgiyi bir emek gücüne dönüştşrşr ve böylelikle toplumsal üretime/yeniden üretime dáhil olur. Bu anlamda, bir yaşam şeklinin alt yapısını olu?turan toplumsal ilişkilerin kapitalist formlarından birine karşılık gelir ve fetişizme açık bir 'meta'ya dönüşür (Belier,2005:108-109).

Sonuç olarak bakıldığında, bu üretim alanında psikolojik, sosyo-kültürel ve ideolojik değerler taşıyan bir hizmet pazarlanır. Nitekim izleyici, imgeler arası ilişkilerin psikolojik olarak yorumlandığı filmleri izlemek ve verilen duygusal etkileri yaşamak, hissetmek için sinemaya gitmektedir (Monaco,2004:37).

Elbette sinematografik çalışmaların temel üretim malzemesi olan filmlerin değerlendirilmesi, birbirleriyle çatışmalı pek çok kuramsal yaklaşımı bünyesinde barındırmaktadır. Bu yaklaşımlardaki en naif ortak nokta ise; filmlerin yaratıcılık bağlamında estetik kaygılarla yapıldıkları gibi politik-ideolojik ve ekonomik boyuttaki kaygılarla da yapılabildiğidir. Monaco'ya göre (2004), bu durumu *yapıt, sanatçı ve gözleyici* üçgeninden hareketle ele alabiliriz. Bu geometrik ilişki; Sanat nasıl ve ne amaçla üretilir? Nasıl ve ne amaçla tüketilir? sorularının yanıtlarını ilişkisel başlamda gösteren basit bir diyagramdır (Şekil 1).



Şekil 1: Sanatsal üretim ilişkilerinin üç köşeli görünümü (Monaco,2004:34).

Bu diyagramda daha çok sanatçı ve gözleyici arasındaki etkileşime odaklanıldığı görülür. Bu üretimsel ilişkiler açıklanmaya çalışıldığında ise genel olarak yapıtın niteliği değil, onun aktarım şekli ve soyutlama gücü ortaya çıkar. Bununla birlikte sanatçı ve yapıt arasındaki ilişkilere odaklanıldığında sanatın üretimsel kuramlarına, yapıt ile gözleyici arasındaki ilişkilere odaklanıldığında ise tüketimsel kuramlarına ulaşılır (Monaco,2004:35). Monaco'nun genel olarak sanat-yapıt-gözleyici ekseninde altını çizdiği üretim-tüketim ilişkilerinin sinema alanına uyarlanması yönetmen-film-izleyici ekseninde benzer tartışmaların yapılabilmesini mümkün kılar.

Filmsel Anlamın Aktörleri


Jean Mitry'nin tanımlamasına göre sinemanın biçimsel oluşumunda kurgu önemlidir. Bununla birlikte imge kombinezonları, imge içi ilişkiler, imgeler arası ilişkiler ve imge-söz ilişkileri de filmin niteliğinin belirlenmesinde bir o kadar önemli olgulardır. Bu olgular, sinemanın kendini ifade etmesinde kritik role sahiptir. Imgelerin sözlerle kurdukları ilişkilere göre filmin değeri değişecektir. Kayda değer bir film, karşılıklı konuşmalara dayalı bir film de olabilir, sinematografiye dayalı bir film de. Ancak yazılan her eserin sanatsal bir değer taşımadığı gibi iki insanın karşılıklı konuşmasının sabit bir kamerayla çekilmesi de estetik bir değer taşımayabilir (Akt.Adanır,1986:102). Filmsel anlamı yaratan bir aktör olarak yönetmen, imge-söz iltşkilerini kullanarak sinemayı sanatsal bir etkinliğe dönüştürebilir.

Sinemanın sanat statüsü kazanması, elbette evrensel estetik ölçütleri yakalamasıyla doğrudan ilişkilidir. Bununla birlikte sinemanın resmi ve evrensel değerler bakımından sanat niteliğini kazanması 1940'lı ve 1950'li yıllarda gerçekleşir. Bu döneme kadar sinema, sadece belli ülkelerde sanat olmayı başarabilmi?tir. Yine aynı dönemde sinemanın akademik düzeyde bir değer kazandığı ve eğlence/gösteri aracından, anlatım yeteneği ve estetik değeri olan bir anlatım diline ulaştığı görülür. Sinema, bu haliyle yeniden keşfedilen bir alan görünümündedir. Bu başlamda da sinematografik üretime yönelik olarak faaliyetler yapan yönetmen, artık bir sanatçıdır (Adanır,1987:7). Sanatçı, sinema bağlamında yönetmen, yapıtı ise öykülü filmdir. Sanat, klasik ifadeyle "güzelliğin dışa vurum biçimlerinden her birine verilen addır. Sanatçı ise, kendini, güzel olanı dışavurum yoluyla ortaya koymaya

adamış kişidir" (Adanır,1987:8). Mitry'nin film estetiği tanımlamasına başvurulursa:

"Konuşan insanların karşısına kamerayı koyarak seyirciye bunu seyrettirmek sinema yapmak değildir. Bu konuşmalar ilginç olabilir ya da gösterilen şey ilginç ve akıllıca olabilir. Ancak bunun sinema olduğu söylenemez. Böyle bir gösteri karşısında benim canım sıkılır. Bunu yalnızca fotoğraflar aracılığıyla yapılmış yazınsal bir anlatıma benzetebiliriz. Ben fotoğrafı da severim, ancak yapılan için bir yazın eseri olmadığını söylemek gerekir. Bu bir prensip meselesidir" (Aktaran; Adanır,1987:8-9).

Mitry'nin bu cümlelerinden anlaşıldığı üzere, bir filmi film yapan, estetik değeridir. Bu başlamda imge-ses, imge-söz işleyişinin doğasını irdeleyen Mitry, imgeler arası ilişkiler ve imge-söz ilişkileri başlamında oluşan anlamın karmaşık yapısını göstermek adına bazı modellemelere başvurur. Model aracılığıyla bir filmde anlamın oluşması ile ilgili olguların tutarlı ve mantıksal ilişkiler içinde çözümlenmesi mümkün olur. Yine sesli bir filmin yapısını şematik olarak açıklamak gerekirse açağıdaki gibi bir şekil elde edilir. Ancak bu şekilde yer alan veriler, söz-imge ilişkilerinin değişmez yasası olarak algılanmamalıdır:



Şekil 2: Imge-söz ilişkisi ve anlam (Mitry,2001 :322).

Şekil 2 - figür (I)'de de görüldüğü gibi bir yandan A-B-C-D...., gibi bir imge dizisi, diğer yandan da A'-B'-C'-D'...., gibi bir söz dizisi değerlendirilecek olursa şöyle bir tespitte bulunulur: A çekimi, A' diyaloğu ile ortaktır. Her ikisinin ortaklığından oluşan özel bir anlam, doğrudan ilişki içinde oldukları ve A çekiminin gerçek anlamı olarak adlandırılabilecek AA' gibi üçüncü bir anlam daha doğurur. Diğer yandan, A çekimi, içerikten kaynaklanan mantıksal içermeleri izlemesi için ya da A'da aktarılan ilk düşünce gereği, B çekimini gerektirecektir. Bununla birlikte, A/B ilişkisinden doğan bazı anlamlar, A' diyaloğunun etkisiyle düzeltilmektedir. Diğer bir ifadeyle, A/B ilişkisi gerçekte X gibi bir anlamın oluştuğu AA'/B ilişkisine karşılık gelmektedir. B çekimi de, B' diyaloğu ile ortaktır ve görsel olarak C çekimini yansıtır. Ancak (BB?+X) anlamı, BB?/C ilişkisinden dolayı Y gibi bir anlamın oluştuğu C'ye sıçrar. Bu ilişkiler zinciri film süresince devam eder (Mitry,2001:323).

Diğer taraftan, yine figür (I)'deki A-B-C-D imge dizisinde, çekimlerin doğrudan dramatik yapının mantığına bağlı olarak sıralandığı görülür. Bunun tam tersine, A'-B'-C'-D'..., söz dizisindeki sözsel veriler, birbirlerine yakınlaşacak şekilde sıralanır ve anlamları, görsel içermelere bağımlıdır. B' ses imgesinin, filmsel devamlılık dışında A' ses imgesine eklenmesi durumunda ortaya hiçbir anlam çıkmayacaktır. Çünkü anlam, B çekiminin aracılığıyla belirlenir. Bir anlamda filmsel devamlılık, temel olarak filmin *yapısal eksenini*, çatısını içeren görsel gelişim üzerine yerlerir. Buradan, metnin bir kesişme noktası teşkil etmek için kullanılamayacağı anlamı çıkarılmamalıdır. Zaten yapılacak işteki amaca ulaşmak için sürekli olarak devamlılık düzenlenecek ya da bozulacak veya kesintisiz olarak müdahalelerde bulunulacaktır. Bununla birlikte, mantıksal gelişim ve baskın anlamlar, sözsel dizilimlerin gelişimi üzerinde değil imgesel dizilimlerin gelişimi üzerinde yoğunlaşmaktadır. (Mitry,2011:323).

Buradan, filmsel anlamın ağırlıklı oarak imgeler üzerinden oluşturulduğu, metin ve ses unsurlarının da anlam oluşumunda görece ikincil öneme sahip olduğu sonucuna varılır. Tüm bu görüşler, sinema estetiğine, dolayısıyla sanatsal olana göndermede bulunan 'güzel film' sıfatlaştırmasına önemli bir açıklama yapabilme imkânı sağlar. Bununla birlikte, güzel olmayan sesli filmlerde ya da bazı tiyatro gösterilerinde karşılaşılan bir durum da söz konusu olabilir. Figür (II)'de de görüldüğü gibi bir yandan imgeler ekseninde yer alan A ve B gibi bir imge dizisi, diğer yandan da metin ekseninde yer alan A'- B' gibi bir söz dizisi değerlendirilecek olursa önemli bir tespitte bulunulur: Bu kez mantıksal, dramatik, psikolojik, vb. dizilimler imgeler ekseninde değil de, metin ekseninde yoğunlaşmıştır. A', B''yi gerekli kılar, diğerleri de bunu izler. A' diyaloğuyla, karakterlerin uzamsal ve zamansal hareketlerini izleyen A çekiminin bir imgesi eşleşir. Bu eşleşme diyaloğu, uzamda yer alan bir dekorun içine yerleştirir. Böylelikle, *sözel bir gösterilen* tarafından durum oluşturan hareketler tasvir ediliyor gibi görünür. Oysa bu unsurlar, anlam açısından hiçbir şey ifade etmez. Mitry, metin eksenindeki bu yapıyı bir giysiye benzeterek *üzerine imgeler giydirilmiş diyaloglar* deyimini kullanır. Elbette, bu giysiler oldukça güzel ve çekici olmaları nedeniyle izleyicide bir beğeni duygusuna yol açacaktır. Ancak dikkatle incelendiğinde, bir çeşit *filmsel dışavurumdan* daha fazla bir şey ifade etmedikleri anlaşılır (Mitry,2001:324).

Mitry'nin, oluşturduğu bu modelleme aracılığıyla filmsel imgelerdeki anlam oluşumunun doğasını ortaya koymaya çalıştığı görülmektedir. Bu çaba bir bakıma, anlam yaratma etkinliğinin aktörü olarak yönetmenin işlevini tekrar ön plana çıkarmaktadır. Çünkü yönetmen, yetkin bir gramer kullanan yazar gibidir.

Filmsel Göstergede Anlam ve Anlamlandırma


Filmsel göstergelerde anlam oluşturma ve oluşan bu anlamın çözümlenmesi her şeyden önce belli bir 'kullanım' işlemine dayanır. Ifadesel unsurların dil düzeyinde ve ya dil dışı düzeyde dışa vurumu nasıl belli bir kullanımı kapsıyorsa, benzer şekilde bu unsurlarda yüklü anlamın okunması ve anlamlandırılması da yine kullanım bağlamında gerçekleşir. Bu iki olgu arasında bir ayrıma

gidilecekse elbette filmsel göstergeler ile yapılan her türlü anlam öretiminin belli bir yaratıcılık potansiyeli içerdiğini öngörmek gerekir. Oysa doğal dil kullanımında bu düzeyde bir yaratıcılıktan söz edilmesi mümkün değildir. Metz'e göre de sinematografik dilyetisinde 'yaratım', altı çizilmesi gereken bir kavramdır. Bir dili 'konuşmak' onu kullanmakla ilgilidir. Sinematografik dilyetisiyle 'konuşmak' ise yaratıcılığa göndermede bulunur. Okuyucular, kullanıcılar grubunu oluştururken, yönetmenler yaratıcılar grubuna dahildirler. Bu nedenle sinema göstergebilimi incelemelerinin yönetmenlere değil de izleyicilere odaklanması gerektiği düşünülür. Diğer yandan dekupaj ve kurgu aracılığıyla kavranılabilir bir şekilde düzenlenerek üretilen her imge, yaratıcılıkla ilişkili olduğundan dikkatleri filmin anlambilimsel önemine çeker (Metz,2003:103-104).

Lotman'a göre de (2011:57) "Sinema tam anlamıyla bir anlatıdır, bir aktarımdır." Sinematografik iletişim modelinde de belirli bir metin göndericisi tarafından şifrelenir ve alıcıya iletilmek üzere göstergelere dönüştşrşlşr. Bu göstergeler özgün bir enformasyonun altyapısını oluşturur ve sinematografik anlam akşının özgül dilsel mekanizmalarında birer göstergesel dizim (syntagmen) işlevi görürler. Bu dizimde yer alan her bir gösterge bir metindir, bir bildiridir ve temsil ettikleri nesnelerin yerine geçmişlerdir (Lotman,2011:58).

Lotman (2011) bu bağlamda, filmsel enformasyonun aktarımı için doğrusal olmayan (nonlineer) bir model önerir. Buna göre, her anlatımın bir anlamı olması, belli bir enformasyon taşıması zorunlu değildir: Aşağıdaki Şekil 3'de, A-B-C formundaki bir dizide her bir unsurun sıralamadaki yeri değişmeyecektir. A'yı yalnız B'nin, B'yi de yalnız C'nin izleyebileceği bilinir. Buradan daha başlangıçta dizinin tamamının önceden kestirilebileceği söylenebilir. Bu dizinin sıralamasını bilen bir kişi için 'Kızılırmak Karadeniz'e dökülür' cümlesinde olduğu gibi herhangi bir enformasyon kazanımı söz konusu olmayacaktır. Hâlbuki enformasyon kavramı, bilinmeyenlerle ilgili belirsizliklerin ortadan kaldırılmasını, konunun detaylı bir şekilde aydınlatılmasını içerir. Bu durumda enformasyonun olmadığı yerde bilinmeyen de olmayacaktır. Diğer yandan A-B-C dizisi gibi doğrusal bir yapılanma içerisinde yer alan 'anlam', zorunlu olarak karşıtlıklar içerisinde değerlendirilemeyecek ve bu da onun basmakalıp olmasına neden olacaktır. Oysa doğrusal olmayan enformasyon yaklaşımı, özelinde farklı olasılıkların potansiyel olarak mevcut olmasını gerektirir. İletişimde yer alan "gizli enformasyonun büyüklüğü bu farklı olasılıkların varlığıyla doğru orantılı bir ilişki içindedir" (Lotman,2011:27).

Böylelikle Lotman, filmsel anlamın izleyiciye aktarılmasında enformasyonun oluşabilmesi için karşı sav oluşturabilecek alternatif bir dizilime yer verilmesi gerektiğini vurgular. Bu durumda A → B → C dizisinin yanı sıra A → B → D gibi asgari düzeyde enformasyon içeren yeni bir dizi elde edilebilir (Şekil 3).



Şekil 3: Enformasyon İçeren Filmsel Anlam Dizisi (Lotman,2011:27).

Filmsel anlam üretimindeki süreçte, yönetmenin tercihleri ile kaydedilen görüntülerin yine yönetmen tarafından bir düzenlemeden geçirilmesi söz konusudur. Bu düzenlemenin izleyiciye ulaşması ise doğrusal ya da doğrusal olmayan bir dizinin son halkasını oluşturur. Filmsel anlamın oluşturulması, onun bir izleyici kitlesi tarafından anlamlandırılmasıyla son bulur.

Görüntülerin izleyici tarafından nasıl anlamlandırıldığı konusuyla ilgili alan yazını incelendiğinde bir tarafta bireyin algılama fenomenine odaklanan psikolojik yaklaşımların, diğer tarafta ise psikolojinin yanı sıra dilbilim, anlambilim, göstergebilim gibi disiplinleri de kapsayan geniş bir disipliner yelpazenin yer aldığı görülmektedir.

Sonuç yerine...

Özetle sinema göstergebilimi, sinematografik ürünlere filmsel anlamı yükleyen tüm unsurları bir dil olarak değerlendirir (Monaco,2004:38). Söz konusu bu dili yetkin bir şekilde kullanan her bir film yapımcısı, kendi bakış açıcı çerçevesinde iletilerini izleyiciye hazırlar ve benzer şekilde her izleyici kendine ait değerler çerçevesinde bu görüntüleri yorumlar. Bununla birlikte yönetmenin filmsel kodlamaları hangi başlamlarda, ne gibi kaygılarla ve hangi temel amaçlarla gerçekleştirdiği, izleyicinin de bu kodlamaları hangi anlamlarda açımladığı bir arada değerlendirilmesi gereken konulardır. Gönderici ve alıcı konumlarından yapılacak bir çözümleme, filmsel anlamın iki ana boyutuyla ele alınmasını sağlayacaktır.

Sonuç olarak her film sosyal bir metindir. Ve metinlerde yaratılmış olan anlamın sosyolojik, ekonomik, sanatsal başlamlara oturtulması gerekir. Bunun yanı sıra her metin bizim onda okumayı istediğimiz ve okuyabildiğimiz kadar enformasyon içerir. Bu durumda da filmde verilmek istenen temelanlamlar ve yananlamlar, onu alımlayanın kültürel/ psişik kodlarına göre farklılaşır ve filmi yapan kişinin isteğinin dışına çıkar. Dolayısıyla filmsel anlamın, hem estetik ve sosyo-ekonomik güç dengeleri başlamında hem de izleyicide bıraktığı izlenim açısından değerlendirilmesi ancak göstergebilimsel yaklaşımla mümkün olabilir.

Kaynakça

1. ADANIR, Oğuz. (1987). Sinemada Anlam ve Anlatım. Basım ve Ciltleme Tumer Reklamevi.

2. ARSLAN, U.Tümay. (2009). *Aynanın Sırları: Psikanalitik Film Kuramı.* Kültür ve İletişim Dergisi. 12(1) Kış, 9-38. ALEMDAR, Korkmaz ve ERDOĞAN, Irfan. (1998).

3. ATABEK, Ş.Gülseren. (2007). *İletişim Çalışmalarında Göstergebilimsel Yöntem.* **Medya Metinlerini Çözümlemek.** (Der. G.Şendur Atabek ve Ü.Atabek). Ankara:Siyasal Kitabevi.

4. BARTHES, Roland. (1999). **Göstergebilimsel Serüven.** (Çev.M.Rifat-S. Rifat).Istanbul: Kaf Yayıncılık.

5. BAZIN, Andre. (2007). **Sinema Nedir?** (Çev. Ibrahim Şener), Istanbul: Izdüşüm Yayınları.

6. BELLER, L. Jonathan, (2005). *Sermaye/Sinema.* **Gilles Deleuze'de Toplum ve Denetim** içinde (Çev. Barış Başaran). Istanbul: Bağlam Yayıncılık. Sayfa 107-132.

7. BERGER, Arthur Asa. (1982). **Media Analysis Techniques.** Sage Publication. Beverly Hills/London/New Delhi.

8. BUCKLAND, Warren. (2004). **The Cognitive Semiotics of Film.** Cambridge University Press. New York and Australia.

9. BÜKER, Seçil. (1987). *Lotman Üzerine.* Lotman, M.Yuriy (2011) **Sinema Göstergebilimi.** (Çev. Oğuz Özügül), Ankara: Nirengi Kitap.

10. BÜKER, Seçil. (2010). **Sinemada Anlam Yaratma.** İstanbul: Hayalbaz Kitap.

11. ECO, Umberto. (1976). A Theory of Semiotics. Bloomington: Indiana University Press.

12. ERDOĞAN, Irfan. (2005). **Iletişimi Anlamak**. Ankara: ERK Yayınevi.

13. FISKE, John. (1996). **Iletişim Çalışmalarına Giriş**. (Çev. Süleyman Irvan). Ankara: Bilim ve Sanat Yayınları.

14. LACAN, Jacques. (1973). **Les Quatre Concepts Fondamentaux de la Psychanalyse.** Editions du Seuil. Paris.

15. LOTMAN, M. Yuriy. (2011). Sinema Göstergebilimi. (Çev. Oğuz Özügül), Ankara: Nirengi Kitap.

16. MCGOWAN, Todd.(2012).**Gerçek Bakış. Lacan Sonrası Sinema Kuramı.** (Çev. Zeynep Özen Barkot), Istanbul: Say Yayınları.

17. MITRY, Jean. (2001). **Esthétique et Psychologie du Cinéma.** Editions du Cerf. Paris.

18. METZ, Christian. (2003). **Essais sur la Signification au Cinéma. Tome I.** Klincksieck: Paris.

19. MONACO, James. (2004). **Bir Film Nasøl Okunur?** (Çev. Ertan Yılmaz). Istanbul: Oğlak Yayınları.

20. **PEIRCE, Charles Sanders. (2004). Mantık Üzerine Yazılar. (Çev.Halit Yıldız), Ankara: Öteki Yayınevi.**

21. RENTSCHLER, Eric & KAES, Anton. (2012). *Reading a Film Sequence.* https://www.mtholyoke.edu/courses/gdavis/231/231s97/sequen.htm (05.05.2012).

22. SAUSSURE de Ferdinand. (1998). **Genel Dilbilim Dersleri.**(Çev. Berke Vardar). Istanbul: Multilingual.

23. STAM, Robert, BURGOYN, R. & FL?TERMANT-LEW?S, Sandy. (2005). **New Vocabularies in Film Semiotics. Structuralism Post-Structuralism and Beyond.** Roudledg. London and New York.

24. TÜRKOĞLU, Nurçay. (2004). **Iletişim Bilimlerinden Kültürel Çalışmalara Toplumsal Iletişim: Tanımlar, Kavramlar, Tartışmalar.** Istanbul: Babil Yayınları.

25. WOLLEN, Peter.(2008). **Sinemada Göstergeler ve Anlam.** 3. Baskı. Istanbul: Metis Yayıncılık.

26.YÜCEL, Halime. (2009). *Groupe μ.* **Metin Çözümlemeleri.** (Der.Inceoğlu G. Yasemin&Çomak, A. Nebahat.) Istanbul: Ayrıntı Yayınları.

Д.Йүжел,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ КАТЫШТЫК СЫН АТООЧТОРДУН ЖАСАЛЫШЫ

Кыргыз жана түрк тилдериндеги катыштык сын атоочтор сапаттык сын атоочтор сыяктуу эле лексика-семантикалык жактан негизинен бирдей, окшош табиятка ээ, ал эми морфологиялык жагынан бул эки тилде жалпылыктар менен катар ар бир тилдин өзүнө тиешелүү ички өнүгүүсүнө ылайык айырмачылыктары бар. Бүгүнкү күнгө чейин кыргыз жана түрк тилдериндеги катыштык сын атоочтордун жасалышы өз алдынча каралбай келет. Биз бул эмгекте ушул маселе тууралуу азыноолак сөз кылмакчыбыз.

Куранды мүчөлөр менен уюшулган сын атоочтор сөз жасоонун морфологиялык жолу менен жасалган сын атоочтор болуп эсептелет. Кыргыз тилиндеги катыштык сын атоочтор сын атоочтон башка сөз түркүмдөрүнө -лык, -гы,-сыз, -дай,-даш [Уметалиева, 1965: 73-74], *-луу, -чыл, -чан, -кы, -кер, - поз, -дар, -ий, -мер, -дак, -аң, -ма, -ык, -ынды, -гыс, -гыч, -ыш, -ым, -чук, -ын* мүчөлөрүнөн жасалса, түрк тилинде *-lı, -sız, -kî/kü, - daki, -sı, -(ı)msi, -î,- vî, -(y)i, -ma, -(ı)l?, -(ı)k, -(a)k* аркылуу жасалат. Жалпысынан катыштык сын атоочторду жасоочу мүчөлөрдү эки тилде да кайсы сөз түркүмдөрүндөгү уңгуларга жалганып келишине карай атооч сөз түркүмдөрүнөн сын атоочторду уюштуруучу жана этиштен сын атоочту уюштуруучу мүчөлөр болуп эки топко бөлүштүрүлүп каралат [Кононов, 1956: 140-153; Уметалиева, 1965: 20-63; Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 95-102; Абдувалиев, 2008: 105-111; Сыдыков, Конкобаев, 2001:211; Gaba?n, 1988: 47-58]

Атооч сөз түркүмдөрүнөн сын атоочту жасоочу мүчөлөргө төмөнкүлөр кирет:

-луу мүчөсү кыргыз тилинде катыштык сын атоочторду уюштуруучу эң өнүмдүү мүчө болуп эсептелет, *-луу, -лүү, - дуу, -дүү, -туу,-түү* түрүндө колдонулат (байыркы формалары *-лыг, -лык, -лы, - ты* [Абдувалиев, 2008: 106; Сыдыков, Конкобаев, 2001:211]. Түрк тилинде -луу түрүндө колдонулбастан көбүнчө *-lı, -li, -lu, -lü* түрүндө колдонулат, сын атоочторду жасоодо эң өнүмдүү мүчө болуп эсептелет [Ergin, 2000: 235; Özkan-Tören-Esin, 2006:465]. Мисалы: ***канаттуу куш - kanatlı kuş , үйлүү киши - evli kişi, моторлуу нерсе - motorlu şey, даректуу бак - ağaçlı bahçe, сөөктүү зат - kemikli varlık, сүттүү үй - sütlü inek, гүлдүү талаа - güllü, çiçekli tarla, тоолуу жер- dağlı yer, кумдуу жол - kumlu yol*** ж.б.

Кыргыз тилиндеги илимий грамматикаларда *-луу* мүчөсү менен жасалган сапаттык жана катыштык сын атоочтордун чеги ажыратылбай, жалпылаштырылып берилип келет [Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 95-96; Абдувалиев,2008: 106], түрк тилинде А.Н.Кононов - *lı* мүчөсү аркылуу жасалган сапаттык жана катыштык сын атоочтордун айырмачылыгын төмөнкүчө белгилеп кеткен: "*-lı. -li, -lu, -lü* в зависимости от лексического значения исходной основы образует: 1) Качественные прилагательные (исходная основа означает не предмет): *yaşlı* 'пожилой' (*yaş* 'возраст');... *yaşlı bir köylü kadın... kahve getirdi* `S. Ali. KMM) '...пожилая крестьянка ... принесла кофе; tatlı 'сладкий, вкусный' (*tat* 'вкус'); *neşeli* 'веселый (*neşe* 'веселость'); *değerli* 'ценный' (*değer* 'цена'); *dehşetli* 'ужасный' (*dehşet* 'страх, ужас'); *dikkatli* 'внимательный' (*dikkat* 'внимание'); *kuvvetli* 'сильный' *(kuvvet* 'сила'); *hastalıklı* 'болезненный' (*hastalık* 'болезнь'). 2) Относительные прилагательные (исходная основа азначает предмет): *akıllı* 'умный' (*akıl* 'ум'); *tuzlu* 'соленый', 'с большим количеством соли' (*tuz* 'соль'); *sütlü* 'молочный', 'с молоком (*süt* 'молоко')..."[Кононов, 1956: 140].

Биздин оюбузча, *-луу /-lı* мүчөсү аркылуу жасалган сапаттык сын атоочтор менен катыштык сын атоочтор-

дун чегин А.Н.Кононов сыяктуу бири-биринен ажыратып кароо туура, чындыгында фактылык материалдарга таянганда деле, көбүнчө абстрактуу зат атоочторго *-луу /-lı* мүчөсү жалганып келгенде сапаттык сын атоочтор жасалат. Ал эми конкреттүү зат атоочторго бул мүчөлөр жалганып келсе, катыштык сын атоочтор жасалат деп эсептейбиз№

Садыков жана Сагынбаевалардын изилдөөлөрү боюнча *-lı* мүчөсү кыргыз тилиндеги -луу мүчөсүнө дал келет да, маани жактан негиз аркылуу туюндурулган нерсенин затта бар, мол экендигин билдирет: *Tatlı - таттуу (таты бар), akıllı - акылдуу (акылы бар, акылы көп), pahalı -баалуу (кымбат), kuvvetli күчтүү, tuzlu - туздуу, gözlüklü -көз айнектүү, silahlı - куралдуу.*

Түрк тилиндеги *-lı* мүчөсү кыргыз тилиндеги -лык мүчөсү менен да маанилеш, жерге, орунга тиешелүүлүктү билдирет: *Irakli - Ирактык, köylü - айылдык, şehirli -шаардык, Bişkekli - Бишкектик* [Садыков, Сагынбаева, 2010: 337-342].

Эки тилде тең сын атооч жасоочу бул мүчөнүн айырмачылыгы катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот: кыргыз тилинде бул мүчө сөздүн акыркы муунундагы үндүү жана үнсүз тыбыштарга карай уланып, *-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу, -түү* сыяктуу формаларда колдонулса, түрк тилинде болсо жалаң сөздүн акыркы муунундагы үндүүгө карай гана уланат. Башкача айтканда, *-lı, -li, -lu, -lü* формаларында кездешет. Фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө карабай бул мүчөнүн эки тилде тең бирдей маанидеги сөздөрдү жасаган учурлары көп.

-сыз / -sız мүчөсү (байыркы түрк тилинде *-сыз, -сиз* түрүндө колдонулган [Сыдыков-Коңкобаев, 2001:211]) да эки тилде тең өнүмдүү мүчөлөрдүн катарына кирет. Кыргыз тилинде *-сыз, -сиз, -сүз, -сӱз* түрлөрүндө, *-sız, - siz, -suz, -süz* түрк тилинде түрүндө колдонулат: ***баласыз аял - çocuksuz kadın, кантсыз чай - şekersiz çay, сүтсүз тамак - sütsüz yemek, ташсыз жер - taşsız yer, ишсиз адам - işsiz adam*** ж.б.

Бул мүчө мааниси боюнча *-луу* мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочторго карама- каршы келет. Башкача айтканда, *-луу* мүчөсү менен жасалган сын атоочтор затта кандайдыр бир өзгөчөлүктүн, сапаттын, артыкчалыктын бар экендигин билдирсе, -сыз мүчөсү менен жасалган сын атоочтор заттарда андай касиеттердин жок экендигин билдирет. Бул мүчөлөрдүн жардамы менен бир эле негизден антоним сын атоочтор да жасалат: *туздуу-тузсуз - tuzlu-tuzsuz, суулуу- суусуз - sulu-susuz, үйлүү-үйсүз - evil-evsiz, токойлуу-токойсуз - ormanlı-ormansız* ж.б.[Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 96]

Түрк тилинде болсо бул мүчө кыргыз тилинде кандай болсо, ошондой эле формада жана мааниде колдонулат. Түрк тилинде да -sız мүчөсү менен жасалган сын атоочтор маанилик жактан заттагы кандайдыр бир касиеттин, сапаттын жок экендигин билдирет: *ışık-sız (oda), tat-sız (karpuz), düşünce-siz (çocuk), terbiye-siz (adam), kol-suz (ceket), ölçü-süz (söz), iş-siz (insanlar)* ж.б. [Ediskun, 1993: 149].

-дай мүчөсү (байыркы формасы -так, -даг [Абдувалиев, 2008: 106]) кыргыз тилинде *-дай, -дей, - дой, -дөй , -тай, -тей, -той, -төй* түрүндө колдонулуп, катыштык сын атоочторду жассочу өнүмдүү мүчө болуп эсептелет. Түрк тилинде мындай фонетикалык формада колдонулбастан, аналитикалык формада колдонулат, тактап айтканда, конкреттүү зат атоочторго жардамчы сөзүнүн жандап келиши менен жасалат. Бул мүчөлөр башка сын атоочторду уюштуруучу мүчөлөрдөн айырмаланып, зат атооч сөздөр менен түздөн-түз байланышкан түрүндө да, зат атооч менен түздөн-түз байланышпастан, башка бир сын атооч аркылуу байланышып келген түрүндө да колдонулуп, көбүнчө, образдуу маанини туюндурат. Ошондуктан *-дай* мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочторду эки топко бөлүп карооо болот: 1) зат атооч сөздөр менен түздөн-түз байланышып келген *-дай* формасындагы сын атоочтор аныктагычтын форма, көлөм, чондук белгилеринин кандайдыр башка затка окшоштук касиетин билгизет: ***тамчыдай жаш - damla gibi yaş, карышкырдай сүр - kurt gibi, börü gibi sür, аюудай айбат - ayik gibi heybet, айдай жүз - ay gibi yüz, алмадай бет - elma gibi şehre.***

2) зат атооч менен түздөн-түз байланышпастан, башка бир сын атооч аркылуу байланышып келген -дай формасындагы катыштык сын атоочтор: ***тоодой бийик адам - dağ gibi büyük adam, балдай таттуу тамак - bal gibi tatlı yemek, калемпирдей ачуу тамак - biber gibi acı yemek.***

Кыргыз тилиндеги ***-дай*** мүчөсүнө маанилеш түрк тилинде ***-sı (-si, -su, -sü)*** мүчөсү да колдонулат. Заттын негиз аркылуу туюндурулган нерсеге окшош экенин билгизет: *Erkeksi- эркектей, adamsı - адамдай, taytunsu - маймылдай* ж.б.

Бул мүчө аягы үнсүз тыбыш менен аяктаган сөздөргө гана уланат. Сын атооч сөздөргө уланса, *-sı* мүчөсү бөлөк маанини билдирет. [Садыков, Сагынбаева, 2010: 337-342].

Ушул эле мүчөнүн ***-mst, -msi, -msu, -msü*** формасы бар экенин, үндүүлөрдөн кийин да жалганып, окшоштук, жакындык, салыштыруу маанисин билдирген сын атоочторду жасоочу өнүмдүү мүчө экендигин түрк окумуштуусу Мухаррем Эргин өзүнүн изилдөөлөрүндө мисалдар менен далилдеп, белгилеп көрсөткөн. Бул мүчөнүн өзгөчөлүгү катары көбүнчө түс жана даамды билдирген сөздөргө уланарын да айтат [Ergin, 2000: 240].

Ağacı-msı, tatlı-msı, mor-u-msu, tepe-msi, acı-msı, kırmızı-msı, ekşi-msi, yeşil-i-msi, duvar-ı-msı vb.

Демек, бул мүчөнүн эки тилде эки башка формада колдонуларын байкадык. Кыргыз тилиндеги -дай мүчөсү түрк тилинде көздө **gibi** жандоочу менен берилет. Жазылуудагы формалары ар башка болгону менен берген маанилери эки тилде да бирдей колдонулат.

-лык курандысы (теги боюнча байыркы *-лы, -лыг* мүчөсү менен байланышат [Абдувалиев, 2008: 107]) кыргыз тилинде катыштык сын атоочторду жасоодо өнүмдүү мүчө болуп эсептелет, *-лык, -лик, -лук, -лүк; -тык, -тик, - тук, - түк; -дык, -дик, - дук, -дүк* түрлөрүндө колдонулат. Түрк тилинде бул мүчөнүн мааниси *-lı, -li, -lu, -lü; -lık, -lik, -luk, -lük* мүчөлөрү аркылуу берилет. - *lı* мүчөсү да түрк тилинде көп колдонулуучу форма, ал эми *-lık* мүчөсү аз өнүмдүү мүчө болуп эсептелет [Ergin, 2000: 233; Özkan-Tören-Esin, 2006:464-465].

Аныкталгычтын мезгилдик, көлөмдүк өлчөм, ченемин, башка затка тиешелүүлүк касиетин билдиргенде кыргыз тилинде да, түрк тилинде да *-лык / -lık-* мүчөлү аркылуу берилет: ***кыштык отун - kışlık odun, жылдык киреше - yıllık fayda, жемдик арпа - yemlik arpa, комуздук жыгач - komuzluk ağaç, көйнөктүк кездеме - elbiselik kumaş, литрдик идиш - litrelik kap, окумуштуулук даража -âlimlik derece, doktorluk payesi, студенттик күндөр - öğrencilik günler*** ж.б.

Аныкталгычтын башка бир затка тиешелүүлүгүн туюндурууда кыргыз тилинде - лык мүчөсү колдонулса, түрк тилинде айрым учурларда изафеттик конструкция аркылуу туюндурулат: ***тармактык илим*** - *işkolu bilim*, ***класстык*** *чогулуш* - *sınıf meclisi*, ***партиялык уюм*** - *parti örgütü*, ***партиялык тартип*** - *parti disiplini* ж.б.

Аныкталгычтын кайсы жерлик экендигин билгизгенде кыргыз тилинде -лык мүчөсү колдонулса, түрк тилинде *-lı* мүчөсү колдонулат: ***айылдык киши*** - ***köylü*** *kişi*, ***шаардык кыз*** - ***şehirli*** *kız*, ***батыштык*** *окумуштуулар* - ***batılı*** *âlimler*, ***кыйтайлык киши*** - *Çinli kişi*, ***анкаралык жигит*** - ***Ankaralı*** *yiğit*, ***көлдүк*** *адам* - ***göllü*** *adam* ж.б.

-лаш курандысы этиш жасоочу *-ла* жана мамилелик *-ыш* мүчөлөрүнүн биригишинен келип чыккан [Абдувалиев, 2008: 107]. Бул мүчө аркылуу жасалган сөздөр заттын, заттык түшүнүктүн аты катары колдонулса - зат атооч, заттын белгиси катары колдонулса, сын атооч болот [Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 97]. Кыргыз тилинде бул мүчө *-лаш, -леш; -даш, -деш; -таш, -теш* түрлөрүндө колдонулган өнүмдүү мүчөлөрдүн катарына кирет. Түрк тилиндеги илимий грамматикаларда бул мүчө буга чейин сын атоочту уюштуруучу мүче катары белгиленбей келген. Бирок фактылык материалдарга таянсак, бул мүчө түрк тилинде *-daş, - deş; -taş, -teş* түрлөрүндө кездешет, катыштык сын атоочту жасоочу мүчө катары өтө аз колдонулуп, өнүмсүз мүчө болуп эсептелет. Бул мүчө сын атоочту жасоодо заттын туугандык, орундук, куралтык, пикирдештик, кесиптештик белгилерин билгизет: ***эмчектеш*** *балдар* - *süt kardeş*, ***айылдаш*** *кыздар* - ***köydeş*** *kızlar*, ***жердеш*** *киши* - ***hemşeri***, ***memleketli*** *kişi*, ***курсташ*** *балдар* - *sınıf arkadaşı yiğitler*, ***классташ*** *кыздар* - *sınıf arkadaşı kızlar*, ***замандаш*** *курбу* - ***çağdaş***, ***курбалдаш*** *бала* - *arkan, yaşıt çocuk*, ***санаалаш*** *тентуштар* - ***fikirdeş*** *arkadaş*, ***тилектеш*** *дос* - ***fikirdeş*** *dost*, ***кесиптеш*** *курбу* - ***meslektaş*** *arkadaş*, ***сырдаш*** *курбу* - ***sırdaş*** *arkada?* ж.б.у.с.

Келтирилген мисалдардан көрүнүп турганда, *-лык* мүчөсү менен жасалган сын атоочтордун мааниле-ри түрк тилинде *-daş, - deş: -taş, -teş* мүчөлөрүнөн сырткары, изафеттик конструкциялар аркылуу жана айрым учурларда *-i, -lı* мүчөлөрү аркылуу берилет.

-чан курандысы да кыргыз тилинде катыштык сын атоочторду жасоодо кенири колдонулган өнүмдүү мүчө болуп, заттын кийген кийимине, унаасына, алып жүргөн буюмуна карата белгисин билгизет. Түрк тилинде бул мүчө мындай тыбыштык курамда колдонулбайт, бул мүчөнүн мааниси көбүнчө *-lı, -li, -lu, -lü* мүчөсү аркылуу берилет: ***зонтикчен аял*** - ***şemsiyeli*** *kadın*, ***сумкачан жаш*** - ***çantalı*** *genç*, ***сакалчан карыя*** - ***sakallı*** *ihtiyar*, ***куралчан адам*** - ***silâhlı*** *adam*, ***көйнөкчөн жигит*** - ***gömlekli*** *yiğit*, ***атчан киши*** - ***atlı*** *kişi*, ***төөчөн адам*** - ***develi*** *adam* ж.б.

-чыл мүчөсү заттын негиз аркылуу туюндурулган нерсеге көбүрөөк жөндөмдүү экендигин, жакындыгын, көндүм болуп, адаттанып кеткендигин билгизет [Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 98]: ***уйкучул киши*** - ***uykucul*** *kişi*, ***тууганчыл бий*** - ***akrabacıl***, ***soydaş*** *hâkim*, ***жердешчил жетекчи*** - ***hemşerici*** *rehber*, ***суучул жигит*** - ***dalgıç*** *yiğit*.

Кыргыз тилинин грамматикаларында -чыл мүчөсү өнүмдүү мүчө катары берилип келет [Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 98; Абдувалиев, 2008: 107;]. Биздин оюбузча, бул мүчө катыштык сын атоочторду жасоодо аз өнүмдүү мүчө болуп эсептелет. Бул мүчөнүн мааниси түрк тилинде катыштык сын атоочторду жасоодо аз өнүмдүү мүчө катары колдонулган *-cıl, -i, -giç* мүчөлөрү аркылуу берилет.

-кы / -ki курандысы сын атоочторду жасоодо аз өнүмдүү мүчө болуп эсептелет [Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 98; Абдувалиев, 2008: 108]. Кыргыз тилинде *-кы, -ки, -ку, - кү; -гы, -ги, -гу, -гү* түрлөрүндө, ал эми түрк тилинде *-ki, -kü* түрүндө колдонулуп, атооч жөндөмөсүндөгү мезгилдик мааниде-ги жана атооч, жатыш жөндөмөлөрүндөгү орундук мааниде-ги зат атоочтордон катыштык сын атоочторду жасайт да, кыргыз тилинде *-дагы, -деги, -догу, -дөгү* түрлөрүндө, ал эми түрк тилинде ***-daki, -deki, -taki, -teki*** түрлөрүндө келип, затты ошол орунга, мезгилге тиешелүү аныктайт: ***таңкы салам*** - ***sabahki*** *selâm*, ***жазгы жел*** - ***ilkbahardaki*** *yel* , ***жайкы күн*** - ***yazdaki*** *gün*, ***түрмуштагы өзгөрүүлөр*** - ***hayattaki*** *değişimler*, ***илимдеги жаңылыктар*** - ***ilimdeki*** *yenilikler*, ***заводдогу жолдошум*** - ***fabrikadaki*** *arkadaşım*, ***шкафтагы китептер*** - *dolaptaki kitaplar*, ***узактагы тоо*** - *uzaktaki dağ*, ***тоодогу куштар*** - *dağdaki kuşlar*, ***бактагы дарак*** - *bahçedeki ağaç* ж.б.

-ki мүчөсүн кабыл албаган сөздөр да бар экендигин жана алар шилтеме ат атоочтор менен бирге келгенде гана *-ki* мүчөсүн кабыл аларын Садыков менен Сагынбаевалар эки тилдин грамматикасын салыштырып изилдеген эмгектеринде белгилейт: *bu haftaki - бул жумадагы, o seneki - өткөн жылкы, bu ayki - бул айдагы* ж.б. [Садыков, Сагынбаева, 2010: 337-342].

-кер курандысы теги боюнча иран тилдеринен келип кирген [Абдувалиев, 2008: 108]. Кыргыз тилинде катыштык сын атоочторду жасоодо аз өнүмдүү мүче катары колдонулат: ***найзакер*** *желөөт*, ***пахтакер*** *келин*, ***ишкер*** *адам* ж.б. Түрк тилинде бул мүчө мындай фонетикалык вариантта колдонулбайт.

-көр курандысы (келип чыгыш теги боюнча иран тилдериндеги -кер мүчөсү менен тектеш [Абдувалиев, 2008: 108]) заттын кандайдыр нерсеге жакындык, берилгендик, өзүнө адат катары пайдалангандык белгисин көрсөтөт: ***канкор*** *душман*, ***дүйнөкор*** *киши*, ***күнкор*** *бала*. Бул мүчө да түрк тилинде колдонулбайт.

- поз мүчөсү да кыргыз тилине иран тилдеринен кирген. Заттын кандайдыр ишти, өнөрдү, адатты кесип катары өздөштүрүү белгисин көрсөтөт: ***илимпоз*** *киши*, ***кумарпоз*** *бала*. Бул мүчө да түрк тилинде колдонулбайт.

-дар курандысы кыргыз тилинде катыштык сын атоочторду уюштуруучу өнүмсүз мүчө катары эсептелет. Бул мүчө жалганган заттын аныкталгычта бар экендигин, заттын ага дуушар болгондугун белги катары билгизет: ***жарадар жоокер*** - ***yaralı*** *asker*, ***кусадар бала*** - ***sıkıntılı*** *çocuk*, ***кабардар адам*** - ***kabarlı*** *adam*, ***карыздар жигит*** - ***borçlu*** *yiğit* ж.б. Түрк тилинде бул мүчө мындай фонетикалык вариантта колдонулбайт, бул мүчөнүн мааниси *-lı, -li, -lu, -lü* мүчөсү аркылуу берилет.

-ий / -î мүчөсү (араб тилинен кирген [Кононов, 1956: 147]) кыргыз тилинде өнүмсүз мүчө катары каралат. Түрк тилинде көбүрөөк колдонулат, ошондуктан, аз өнүмдүү мүчөлөр катарына кошууга болот. Кыргыз тилинде ***-ий, -ый*** түрлөрүндө, ал эми түрк тилинде үнсүз менен аяктаган уңгулардан кийин ***-î*** түрүндө, үндүү менен аяктаган уңгулардан кийин ***-yî*** түрүндө колдонулат. Мааниси боюнча заттагы кээ бир абстрактуу түшүнүктөрдүн бар экендигин билгизет: ***тарыхый эстелик*** - ***tarihî*** *hatira, heykel*, ***илимий даража*** - ***ilmî***

derece, ***табигый көрүнүш - tabiî görüntü,*** *manzara,* ***рухий, руханий дүйнө - ruhî, manevî*** *dünya,* ***диний китеп - dinî*** *kitap,* ***саясий окуя - siyasî*** *olay* ж.б.

Жогоруда белгиленгендей, бул мүчө түрк тилинде кыргыз тилиндегиге караганда көп колдонулат. Бул учурларда берилген мүчөнүн мааниси кыргыз тилиндеги -лык мүчөсү аркылуу берилет: *iktisadî - экономикалык, senevo - жылдык, fizikî - физикалык.*

-дак /-так - өнүмсүз мүчө. Мааниси боюнча жалганган заттын аныкталгычта мол экендигин билдирет. Бул мүчө түрк тилинде колдонулбайт, анын мааниси *-li, -sal* мүчөлөрү аркылуу берилет: ***таштак жол - taşlı*** *yol,* ***кумдак жер - kumsal*** *yer,* ***саздак токой - bataklı*** *orman.*

Түрк тилинде да өзүнө гана мүнөздүү болгон катыштык сын атоочторду жасоочу мүчөлөр бар. Аларга төмөнкү мүчөлөр кирет: ***-sı, -si, -su, -sü*** мүчөсү жалаң үнсүз тыбыштар менен аяктаган уңгуларга жалганып келип, аныкталгычтын ошол уңгу билдирген мааниге окшошуу белгисин билдирген өнүмсүз мүчө. Бул мүчө кыргыз тилинде колдонулбайт, анын мааниси ***-дай*** мүчөсү жана сыяктуу жандоочунун зат атооч менен айкашып келишинен турган аналитикалык форма аркылуу берилет: ***erkeksi=erkek tavırlı,*** *erkeğe benzer kadın-эркектей, эркек сыяктуу аял;* ***çocuksu=çocuk*** *gibi ihtiyar-баладай, бала сыяктуу карыя;* ***maymunsu=maymun*** *gibi kişi-маймылдай, маймыл сыяктуу киши; adamsı maymun-адам сыяктуу маймыл* ж.б.

-msı, -msi, -msu, -msü мүчөсүнүн мааниси жогорку ***-sı, -si, -su, -sü*** мүчөсүнө маанилеш, бирок бул мүчө өнүмдүү мүчө болуп эсептелип, үндүү менен аяктаган уңгуларга да, үнсүз менен аяктаган уңгуларга да жалганып келе берет [Кононов, 1956: 145-146; Ergin, 2000: 241]. Бул мүчөнүн мааниси да кыргыз тилинде жогоркудай эле формаларда берилет: *ağacımsı // ağacsı - даректай,дарак сыяктуу; duvarımsı // duvarsı - дубалдай, дубал сыяктуу; meydanımsı // meydansı - майдандай, майдан сыяктуу;, sütümsü - сүттөй, гүлümsü - гүлдөй, гүл сыяктуу; dalgamsı - толкундай, толкун сыяктуу; ignemsi - ийнедей.*

-sal/-sel түрк тилинде колдонулуучу өнүмсүз мүчө. Уңгусу билдирген маанинин затта барлыгын, молдугун билгизет: *uysal - тил алчаак, kumsal - кумдак, кумдуу, yoksul - каниетчил, göksel - көкчүл, baysal - бардар, байсалдуу, dinsel - диничил, ünsül - үндүү.*

Этиштерден катыштык сын атоочторду жасоочу мүчөлөргө төмөнкүлөр кирет:

-ма мүчөсү. Иликтенген тилдерде бул мүчө этиштен сын атоочту жасоочу өнүмдүү мүчө болуп эсептелет. Бул мүчө эки тилде фонетикалык жагынан да окшош: кыргыз тилинде *-ма, -ме, -мө, -мо*; түрк тилинде *-ma/-me* формаларында келет: *ууктурма - zehirleme, дүүлүктүрмө - uyandırma;* **asma** köprü **dolma** kalem, ***кыркма тал - kırkma*** *ağaç,* ***асынма курал - asma*** *silah,* ***тандалма жемиш - seçme*** *meyve,* ***жасалма гүл - yapma*** *çiçek,* ***эзилме боек - bıktırıcı*** *boya.*

-ынды *мүчөсү*. Кыргыз тилинде бул мүчө *-ынды, -инди, -унду, -үндү, -анды, -енди* түрлөрүндө келип, негиз аркылуу түшүндүрүлгөн кыймыл-аракеттин натыйжасында пайда боло турган белгини билгизет: ***асыранды*** *бала - terbiye altında bulunan çocuk,* ***кесинди*** *жыгач - **kesme, kesilmiş*** *ağaç,* ***уланды*** *жип - **ekleme*** *yip,* ***туунду*** *сөз - **türeme*** *söz* ж.б.

Түрк тилинде бул мүчө мындай формада колдонулбайт. Бул мүчөнүн мааниси көбүнчө *-ma/-me* мүчөсү аркылуу берилет.

-гыс мүчөсү катыштык сын атоочторду жасоодо өнүмдүү мүчө болуп эсептелет, ***-гыс, -гис, -гус, -гүс; -кыс, -кис, -кус, -күс*** түрлөрүндө кездешет. Кыргыз тилинде бул мүчө негиз аркылуу туюндурулган маанини танып, жокко чыгарып, ага карама-каршы келген маанини заттын белгиси катары көрсөтөт. Ошол себептен негиз менен салыштыра караганда туунду сын атоочтун мааниси экспрессивдүү келет: ***кеткис*** *так,* ***билингис*** *иш,* ***өчкүс*** *өмүр,* ***жеткис*** *ой* ж.б.

Түрк тилинде бул мүчө *-gusuz, -güsüz* түрүндө колдонулуп, өнүмсүз форма болуп эсептелет: ***sawgüsüz*** *"sevil, istelmeyen"* [Gabain 1988: 57].

Азыркы түрк тилинде бул форманын ордуна көбүнчө *-meyen, -mas* мүчөлөрү, ал эми кыргыз тилинде терс формадагы этишке жалганып келген *-ган* формасы колдонулуп, этиштин өзгөчө формасы болгон атоочтук табиятка ээ болот: *gelmeyen adam - **келгис** // келбеген киши, tükenmez kalem - **түгөнгүс**// түгөнбөс // түгөнбөй турган калем , kırılmaz cam - **сынгыс** // сынбас // сынбай турган айнек.*

-ыш катыштык сын атоочторду уюштурууда аз өнүмдүү мүчө катары колдонулат, *-ыш, -иш, -аш* түрлөрүндө келип, негиз аркылуу туюндурулган маани менен заттын ортосунда жалпылыктын, байланыштын бир экендигин белги катары көрсөтөт: ***бураш*** *жыгач,* ***талаш*** *маселе,* ***кириш*** *сөз,* ***ажыраш*** *аяк.*

Бул мүчө түрк тилинде жок. Анын мааниси айрым бир учурларда түрк тилинде ***-dik, -a*** мүчөлөрү аркылуу берилет. Сын атоочторду уюштурууда ***-dik, -a*** мүчөлөрү өнүмсүз болуп эсептелет.

Түрк тилиндеги **-dik** мүчөсү маанилик жагынан көбүнчө кыргыз тилиндеги атоочтуктун ***-ган*** формасына дал келет. Атоочтуктарды уюштурууда активдүү мүчө катары колдонулат. Этиштин оң формасына караганда терс формасына көп уланат жана этиштин өткөн чагы менен чогуу келип сын атоочторду жасайт: *okuma-dık (kitap) - окубаган китеп, gezme-dik (kent)- кыдырбаган шаар, işitilme-dik (öykü) - укпаган аңгеме, söylenme-dik (söz) - айтпаган сөз* [Ediskun 1993: 149].

-гыч аз өнүмдүү мүчө. *-гыч, -гич, -гуч, -гүч; -кыч, -кич, -куч, -күч* түрүндө колдонулат. Бул мүчө негиз билдирген кыймыл-аракетти аткарууга жөндөмдүү, шыктуу экендикти, ошого арналгандыкты билдирет: ***көрсөткүч, кескич*** *курал,* ***көтөргүч*** *машина,* ***сезгич*** *адам, сүзгүч буюм.*

Түрк тилинде бул мүчө мындай фонетикалык вариантта колдонулбайт.

(-ı)lı, (-i)li, -(u)lu, -(ü)lü мүчөсү - түрк тилинде этиштен сын атоочту жасоочу өнүмдүү мүчө. Ал эми кыргыз тилинде өтө аз колдонулат: yazılı - жазылуу, etkili - эгилүү, örtülü - жабык , döşeli - төшөлүү , saklı - бекитилген, yüklü - жүктөлгөн, bağlı - буулган.

Бул мүчө кыргыз тилиндеги сын атоочту жасоочу *-луу* мүчөсү. Көпчүлүк учурда кыргызчага *-ган* формасындагы атоочтук менен которулат, ошол маани түрк тилинде да сезилет: *döşeli // döşelen* [Садыков, Сагынбаева 2010: 340].

Жогоруда талдоого алынган мүчөлөрдөн сыртқары кыргыз тилинде этиштен сын атооч жасоочу өнүмсүз мүчөлөр да бар: ***-ым: ажырым*** *иш - farklı iş,* ***бышырым*** *эт - ızgara et;* ***-чүк:*** *сүймөнчүк бөбөк - en sevdiğim çocuk;* ***-гач:*** *кыйгач кесинди - eğri çubuk;* ***-ын:*** *агын суу - akan su, бүтүн жумуртка - bütün yumurta, саан уй - nakit inek, узун чач - uzun örgü; таңкыс буюм - az şey.*

Түрк тилинде өнүмсүз мүчөлөр төмөнкүлөр: *-sal: uy-sal (çocuk) -илбериңки (бала); -van: yay-van (tabak) - жалпак (табак; -si: sin-si (hareket) - тымызын (аракет); -a: sap-a (yol) - бурулуш (жол);-i: dikil-i (taş) -тургузулган (таш); -ı: sayıl-ı (günler) - саналуу (күндөр); -ı: alşr-ı (hareket) - ашыкча (аракет); -ü: götür-ü (fiyat) - көтөрүлгөн (баа);- ağan: ol-ağan (işler) - болор (иштер); -eğen: piş-eğen (fasulye) - бышкан* [Ediskun, 1993: 152; Ergin, 2000: 257-262].

Ошентип, этиш сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөр жалганып келгенде, баштапкы уңгунун кыймыл-аракеттик мааниси өтө солгундап, чактык жана жактык мааниси жоголуп, белгилик мааниси басымдуулук кылып, аныкталгычтын башка зат менен байланыштуу, анын туруксуз, өзгөрүлмөлүү белгисин билдирсе, катыштык сын атоочко өтөт. Мындай мүчөлөр этиштен катыштык сын атоочторду жасоочу мүчөлөр деп табылат да, *кандай? кайсы?* деген суроолорго жооп берет. Мындай сөздөр даража категориясы боюнча өзгөрбөйт.

Талдоого алынган маалыматтардан көрүнүп тургандай, тектеш эки тилдеги этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөрдүн арасында жалпылыктар менен катар айрым бир өзгөчөлүктөр да орун алат. Жалпылыктары негизинен маанилик жагынан болуп, эки тилде тең этиштен жасалган сын атоочтор кенири колдонулуп, эквиваленттери бар, же болбосо сырткы көрүнүшү жагынан башка-башка көрүнгөну менен берген мааниле-ри жалпы жонунан бирдей. Алсак, кыргыз тилиндеги -ын мүчөсү менен жасалган сын атоочко түрк тилиндеги -r мүчөсү менен жасалган сын атоочтор бирдей: *агын суу - ak-(a)r su* ж.б. Мында фонетикалык жактан дал келген мүчөлөр да жок эмес. Аларга кырг. *-ма/ -ме // түрк. ma/-me; кырг. -ык, -ик, -ук, -үк; -ак, -ек, -ок, -өк // түрк. -k, -(ı)k, -(i)k, -(u)k, -(ü)k. -(a)k, -(e)k, кырг. -гач /-гыч, -гич, -гуч, гүч/ -кыч,- кич,- куч, -күч // түрк. - gaç/geç, -gıç/-giç/ -guç/ -güç; кырг. -ын, -ан, -ун, -ун // түрк. -an, -en. -ın, -ün* мүчөлөрү кирет.

Ошону менен катар ар бир тилдин жеке өзүнө тиешелүү айырмачылыктары бар: биринчи кезекте тыбыштык түзүлүшү боюнча айырмачылык; экинчиден, айрым мүчөлөрдүн экинчи тилде фонетикалык варианттарынын жоктугу. Мисалы, түрк тилиндеги -an, -sal, -si ж.б. мүчөлөр кыргыз тилинде жок болсо, кыргыз тилиндеги -ынды, -чаак, -анак ж.б. түрк тилинде жок. Үчүнчүдөн, айрым мүчөлөр бир тилде этиштен сын атоочту жасоочу болсо, экинчи тилде, тескерисинче, заттан сын атоочту жасоочу мүчө болуп эсептелет. Мисалы: түрк тилиндеги -a, -ı, -(ı)nç мүчөлөрү этиштен сын атоочту жасаса, кыргыз тилинде зат атоочтон сын атоочту жасоочу мүчө болуп эсептелет.

Адабияттар

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. -Б., 2008.

2. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. -Б., 1997.

3. АКАТ - Азыркы кыргыз адабий тили. -Б.: Аврасия пресс, 2009.

4. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. -Ф., 1980.

5. Жумакунова Г. Түркчө-кыргызча сөздүк. -Б., 2005.

6. Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. -М.: Изд-во АН СССР, 1956.

7. КТ - Кыргыз тили. -Б., 1996.

8. Садыков Т., Сагынбаева Б. Кыргыз жана түрк салыштырма грамматикасынын негиздери. -Б., 2010.

9. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. 1-2-том. -Б., 1985.

10. Atabey Ibrahim vd. Türk Dili ve Kompozisyon Bilgileri. Ankara: Yargı yayınevi, 2005.

11. Ediskun Haydar. Türk Dilbilgisi. Istanbul: Remzi Kitabevi, 1993.

12. Ergin Muharrem. Türk Dili. Istanbul: Bayrak Yayınları, 2000.

13. Gabain A.Von. Eski türkçenin grameri. Ankara: 1988.

14. Hengirmen Mehmet. Türkçe Temel Dilbilgisi. Ankara: Engin Yayınevi, 1999.

15. Özkan Mustafa, Tören Hatice, Esin Osman. Türk Dili Yazılı ve Sözlü Anlatım. Istanbul: Filiz Kitabevi, 2006.

16. Türkçe Sözlük. Ankara: TDK Yay., 1998.

17. Yudahin K.K. Kırgız Sözlüğü. 1-2 cilt. Ankara: 1994.

А. Болот,
КРСУ им. Б. Ельцина

СОВРЕМЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ В УПОТРЕБЛЕНИИ БИБЛЕЙСКИХ ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ

Актуальность, современность любого слова или выражения всегда проверяется на практике, то есть реальным бытованием в речи людей. Это в полной мере справедливо и по отношению к фразеологическим оборотам, восходящим к библейским текстам. Поскольку жизнь языка регулируется многими факторами, в том числе и экстралингвистическими, то не приходится удивляться, что политические перемены в нашей стране с конца 80-х годов оказали влияние на речь её граждан. Отход от атеистической идеологии, возврат к забытым христианским ценностям закономерно повлиял на активизацию употребления библеизмов в живой речи. Сферой наиболее широкого использования этих фразеологизмов в настоящее время стала публицистика. Ветхозаветные и новозаветные выражения ежедневно можно встретить на страницах газет и журналов, в передачах радио и телевидения. Они предают публичной речи живость и меткость, образность, вызывают сложные эмоциональные ассоциации. Кроме того, если раньше библейские изречения использовались преимущественно как "обветшалые украшения речи", то в настоящее время они приобретают гражданское звучание, на них опираются в общественной и политической борьбе. Показательны в этом отношении дискуссии уже на первом съезде народных депутатов бывшего Верховного Совета. [1, 16-25]. Интересно, что разные ораторы прибегли к одному и тому же библеизму - Распни его! Ю.Черниченко:"Послушное негодование - оно ведь, будем памятливы, совсем недавно плевало в Пастернака, клеймило Твардовского, кричало вслед Сахарову - "Распни его!" Академик В.Гольданский: "Монополии на истину

не обладает ни большинство, ни меньшинство. По Евангелию, именно большинство кричало: "Распни его!" Дискуссия перешла на страницы газет, и в статье "Правды " "Глас народа "(1989. 26 июня) автор вкратце (изложил евангельские события : "В самом деле, можно ли чем-нибудь, кроме массового психоза объяснить, почему иерусалимская толпа освобождает от казни убийцу, а в отношении праведника, учителя и исцелителя, которого еще вчера приветствовала теперь, возмущённая первосвященниками (они. заметьте, преследовали свои личные интересы), -теперь эта толпа кровожадна и беспощадна? "Распни его, "- снова и снова кричит площадь в ответ на предложения Пилата помиловать невинного Иисуса. Разве этакий глас народа можно считать "общественным мнением"? Ещё один пример использования этого библеизма:"...народ, переживающий бремя социальных потрясений, поверил в утопическую идею "земного рая".Ему легко внушить, что воплощению идеи мешают конкретные лица. Возникают мифические "они". Толпа требует: "Распни его!" Несёт плакаты: "Смерть Бухарину!" Торжествует, читая в речах сталинского законника Вышинского слова: " иностранные шпионы," "бешенные псы"(Лит. Газета. 1989.29 ноября.) [2, 40-44].

Вообще-то, стоить заметить, что фразеологизмы в газетах живут особой жизнью. Неслучайно один из первых отечественных исследователей языка газеты профессор Р.О.Винокур полагал, что газетный язык по сути дела насквозь фразеологизирован, поскольку стандартность, клишированность многих типично газетных выражений является неотъемлемым свойством этого языка. Библейские же по происхождению фразеологические обороты в последние годы активны именно в газетной речи. [6, 101]. Вот ряд примеров: ""Козёл отпущения" в образе экономической реформы - это социальный громоотвод" (Правда. 1989. 11 сентября.); "Кажется, что библейский миф о Вавилонском столпотворении может стать грозной реальностью, в нашей стране "(Правда. 1989. 11 ноября.); "Объединение усилий на конструктивной основе - это альфа и омега перестройки" (ЦТ. 1989. 29 октября.); "У людей потеряно уважение к своему труду, выросли поколения, которые ничего"не слыхали" о любви к ближнему. "(Лит. Газета.1989. 1 ноября.) Специфика газетной речи связана с тем, что в газете есть особые речевые образования - заголовки, подзаголовки, рубрики. В качестве заголовков весьма часто используются фразеологизмы. В последние годы удельный вес библеизмов среди "заголовочной" фразеологии резко увеличился. На газетных полосах можно увидеть броские шапки типа: "Не ждать манны небесной", "Соломоново решение", "Саркофаг или Ноев ковчег?", "Не испив той чаши", "Свет звезды Полынь", "Время собирать камни" и др. В обычной речи фразеологизмы отличаются постоянством состава и значения, но в той или иной степени становятся привычными, поэтому журналисты пытаются вернуть фразеологизму образность, используя для этого различные приёмы авторского варьирования. Б.В.Кривенко отмечал, что в газетной практике при создании авторских модификаций или квазифразеологизмов используются все виды трансформации традиционных устойчивых выражений: семантическая, синтаксическая, лексическая, контаминация, фразеологическая парономазия и стилистические смешения. В результате стилистических смешений (когда в традиционном обороте заменяется слово с контрастным стилистическим качеством) получаются заголовки типа "Приблудный сын эфира" (от блудный сын). Лексическая же трансформация, которая предусматривает манипуляции с одним из элементов фразеологизма - словом, является одним из самых популярных журналистских приёмов. Однако именно в случае с библеизмами этот приём даёт скорее отрицательные точки зрения культуры речи результаты. [4, 204-206]. Так два прекрасных оборота из Нового Завета: не хлебом единым и камень преткновения стали структурными прототипами для целого потока легковесных "творений "типа: "Не сыром единым", "Не жиром единым", "Не хлопком единым", "Не бойкотом единым", "Не углём единым", "Не нефтью единой", "Не контрастом единым ", а также "Льготы преткновения", "Острова преткновения", "Гора преткновения" и т. п. Это заголовки лишь из двух центральных газет "Правды" и "Известий" за несколько месяцев 1989 года. В результате лексической трансформации появился и такой заголовок "Человеку - человеково, а роботову - роботово", созданный на основе выражения "Кесарю кесарево, а Богу - Божье". Впрочем, варьируются библеизмы не только в газетах, но и в современной литературе; они широко используются в эпиграфах и заглавиях художественных произведений. При этом, наблюдается яркая нежелательная тенденция - превращение библеизмов в штампы. Это свидетельство падения культуры речи наших сограждан. Но дело не только в том, что окунувшись в модные ныне религиозные искажения, публицисты обращаются со словом Божиим как и с газетными однодневками. Есть и другие "побочные явления", связанные с активным, но не квалифицированным оперированием библейскими выражениями [7, 49-51].

Уничтожение высокого стиля речи в пользу субъективно-личного низкого и социально-"коммуникативного" среднего стиля лишило нас языка, обращенного к Богу, сосредоточив внимание носителей языка на банальном "средстве общения". В конечном счете это снизило стилистический уровень языка, обеднило возможности выразительной речи. Понятна горечь, с какой сразу же после революции начала нашего века воскликнул Михаил Пришвин: "Мы ждали пророков, а пришли экономисты!" мечтая о пророках и призывая их приход, мы просто обязаны сохранить им язык, достойный их речей. А что сегодня? Чисто внешнее, механически осознаваемая вернуть искаженные библеизмы и устаревшие слова. Не стоит и упоминать такие привычные искажения смысла устойчивых выражений как "над ним довлеет что-то" в значении "давит" вместо "следует, надлежит" в соответствии со смыслом старинного "довлеет дневи злоба его" (то есть каждому дню надлежит своя забота). Очень трудно понять газетное выражение "мессианская деятельность проповедников": говорится о мессии - Христе, в то время как речь идет миссионерской деятельности наших современников. Диктор на телевидении возглашает: "Сегодня день Андрея Первозданного!" - смешивая в своем словоупотреблении "впервые созданного" с Первозванным (т.е. первым призванным). Слова Екклесиаста "Ибо во многой мудрости много печали"все чаще перетолковывают на современный лад: "Во многознании много печали." Большое заблуждение современного рационализирующего ума. Знание так далеко от мудрости! Во "многознании" нет ничего печального - разве что грустно от того, что оно столь поверхностно. Трудно согласиться и с тем, что кто-то

сможет "внести значительную лепту" - ведь лепта как раз и есть мельчайшая по ценностям монета. "Гласность вопиющего в пустыне" и объяснять не нужно, это уже совсем не глас вопиющего в пустоте. Тем более, что бывают и более невероятные примеры; как фраза "И все ещё одиноко сверкал глаз вопиющего в пустыне." (Галь Н.Я. слова живые и мертвые. Книга. - М., 1987) "Поставить краеугольный камень во главу угла" ещё труднее, чем вопить в пустыне. - пишет В.В.Колесов. - Этот "камень " становиться камнем преткновения для очень многих наших литераторов, ринувшихся в поисках столь любезных им штампов к старинным словарям. Хотя это и не мешает им смешивать в раже познания Валаамову ослицу и Буриданового осла!" Искажается и форма старинных выражений, устная особенно письменная. Знамение времени, а не знамение распространено так широко, что с ним не возможно бороться, так же как нельзя, видимо, уже отменить вульгарное " обеспечение ". А ведь перенесение ударения с корня на суффикс является также одной из примет ослабления высокого стиля в пользу низкого: обеспечение, потому что обеспечить - единство основы при всех изменениях форм; на обеспечение, потому что стремление, движение, верчение и т.д. - единство суффикса важнее разноликости корня. В издании мемуаров Коровина старинная московская церковь "Утоли моя печали" обозначена как "Утолимоя печали", т.е. как бы "утолимой печали". Современный писатель убежден, что " свои своих" не познаша и "свои свое не познаша"- совершенно разные выражения, хотя в действительности они оба восходят к старинному славянскому "свои своя не познаша " в церковнославянском произношении и "свои своъ (с ятем) не познаша" - в разговорном русском. А вот ещё пример из той же серии. по утверждению одного журналиста, на памятной медали начертано: "Блаженны алчущие и жаждущие, якая есть царство небесное". Здесь форма якая составлена из двух слов - из союза яко и указательного местоимения я (значит "их"), и буквально конец фразы переводится так : "ибо их есть царство небесное". Во всех трёх примерах старинные формы винительного падежа множественного числа (моя, своя, я) сегодня уже не воспринимаются как грамматические - это как бы внешний знак, указывающий на древность выражения; и в результате возникает, даже зрительно, искаженный образ старинного изречения, подчас даже с нарушением его смысла. Можно негодовать и печалиться по поводу тех тенденций, которые здесь описаны; можно бороться с нарушением правильности русской речи во всём богатстве её стилей; можно наконец, собирать все подобные искажения стиля и речи и, предъявив счёт их виновникам, призвать к порядку. хотя бы выстояв их потуги на"многознание," но всё же ... Мы не вернём себе этой речи, изысканной, чистой, богатой, если не будем её развивать сами, творчески и со знанием дела. Что не растёт, развиваясь, то усыхает - закон природы, жизни - и языка тоже. Заимствовать всё у соседей, у своего прошлого - на это много ума не надо. Но если мы оставим опасный путь, путь оскопления русского слова и омертвение русской речи, быть может у нас сохранится еще возможность вернуть и язык, и речь, и стиле - высокую литературу. "Вложите вы себе в уши слова сии", как советовал евангелист, и задумайтесь о грядущем. Что мы оставим потомкам? Газетные штампы, разрушенные библеизмы, кучу таких слов иноземных, в которых ни смысла, ни ладу, или всё - таки разнообразный, богатый, неподражаемый русский язык. [9, 56-72].

Фразеология новозаветного происхождения с её образной системой, яркой выразительностью и глубоким нравственным содержанием отнюдь не является застывшей массой устаревающих слов. В нашей работе мы попытались приоткрыть завесу традиционных взглядов на этот пласт русской лексики, сделать хотя бы общий обзор её своевременного состояния на фоне общетеоретических сведений по фразеологии. В результате анализа ряда научных и публицистических работ, лексикографических источников мы можем сделать определенные выводы. Интерес к библейским выражениям в последнее время не только не угас, но даже усилился. Следствием этого стало увеличение удельного веса библеизмов в новейших словарях и справочниках в живой повседневной, особенно публицистической, речи. Обнаруживается даже тенденция к злоупотреблению меткими евангельскими фразами, к превращению их в штампы. Это тем более прискорбно, потому что зачастую люди употребляют библейские выражения без точных знаний об их значении. В этой ситуации как никогда актуальным становится создание словаря библейской фразеологии. Подобные попытки уже предпринимались и предпринимаются, однако на сегодняшний день ни один существующий справочник не обладает полнотой и глубиной необходимых сведений. [3, 31-37]. Перед лексикографами встает ряд задач теоретического и практического характера. Предстоит определиться с исходной формой многих библейских фразеологизмов, разграничить варианты и синонимы отдельных оборотов, уточнить, а иногда и пересмотреть маркировку библейских выражений особенно по признаку принадлежности к активному (пассивному) запасу лексики. [8, 90-111]. Отдельные фразеологические единицы требуют уточнения их этимологии, чтобы решить вопрос об их статусе как библеизмов. При отборе материала для словаря необходимо отграничить собственно фразеологию от текстовых реминисценций и особенно от нарицательных имён существительных, появившихся на базе библейских образов. А до тех пор, пока эти проблемы не будут решены адекватно, необходимо всеми возможными способами проводить просветительскую работу среди россиян, особенно среди детей и молодёжи. Задача эта может быть выполнена путем совместных усилий лингвистов, культурологов и педагогов. [5, 40-45].

Литература

1. Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. -М.: Сов. энциклопедия, 1966.

2. Ашукин Н.С., Ашукина М.Г. Крылатые слова. Литературные цитаты. Образные выражения. - М.: Художественная литература. - 1966.

3. Булатов М.А. Крылатые слова. - М.: Детгиз. 1958.

4. Вартаньян Э.А. Из жизни слов. - М.: Детгиз. 1960.

5. Вечные истины / Крылатые слова, пословицы, поговорки библейского происхождения. Сост. Мельников В.Г. - Новосибирск: Советская Сибирь.

6. Грановская Л.М. Библейские фразеологизмы. Опыт словаря // Русская речь. - 1998. - №1.

7. Матвеева Н.П. Библеизмы в русской словесности // Русская словесность. - 1993, №2. - 1996, №2

8. Ахманова О.С. Очерки по общей и русской лексикологии. - М.: Учпедгиз, 1957.

9. Бабкин А.М. Русская фразеология, ее развитие и источники. - Л.: Наука, 1970.

С.Дагыстан,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮШТҮК СИБИРЬ ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕ МЕЙКИНДИК ЖӨНДӨМӨЛӨРДҮН БЕРИЛИШИ

Мейкиндик жөндөмөлөр кыймыл -аракеттин чыккан, башталган пунктун (чыгыш жөндөмөсү), бүтүү пунктун же аракетин, багытын (барыш жөндөмөсү), аракеттин болбогондугун же жоктугун (жатыш жөндөмөсү) билдирет.

Үч мейкиндик жөндөмөлөрүнүн экөө (чыгыш, барыш) динамика менен байланышып, кыймыл -аракеттин башталуу жана бүтүү чегин билдирсе, бирөө (жатыш) кыймыл -аракеттин жоктугун, болбогондугун билдирет.

Мейкиндик жөндөмөлөр деп атоонун себеби, ал жөндөмөлөр мейкиндик мааниде көп колдонулгандыгы үчүн болуш керек деген ойдобуз. Алсак, барыш жөндөмөсү кайда?, кимге?, эмнеге? деген суроолорго жооп берип мейкиндикти гана билдирбей, кыймыл -аракеттин объектиге болгон кыйыр мамилесин билдирип калат. Ошондуктан бул жөндөмөнү илимпоздор барыш -багыттоочу же багыттоочу деп аташат. Ошондой эле жатыш. чыгыш жөндөмөлөрү да жалаң мейкиндик маанини эмес, кыймыл-аракеттин объектиге кыйыр түрдө катнашын да билдирет.

Барыш-конкреттүү, мейкиндик маанисиндеги жөндөмө, ошол эле учурда ал абстракттуу грамматикалык жөндөмө да болуп эсептелет: биринчи учурда ал аллативдин, директивдин, терминативдин жана башка функцияларын аткарат, ал эми грамматикалык жөндөмө катары келгенде кыйыр толуктоочту билдирүүчү жөндөмө болуп калат.

Самоед тилдериндеги барыш менен жатыштын формалары бири -бирине абдан окшош. Чуваш тилинде барыш жана табыш жөндөмөнүн мүчөлөрү фонологиялык өзгөрүүлөрдөн улам окшошуп бир морфема болуп калган. Түрк тилдеринин бардыгында жатыш жөндөмөнүн мүчөсү *-da/ -dä,* якут тилинде гана ал тунгус тилдерине мүнөздүү болгон, бирок түрк жана монгол тилдеринен байкалбаган партитивдик жөндөмөнүн функциясын аткарат; чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү *-dan/ -dän,* ал байыркы урал-алтай тилдериндеги орунду билдирүүчү *-n* мүчөсү менен жатыштын *-da* мүчөсүнүн айкашы менен түзүлгөн. Жатыш жөндөмө колдонулган жазууларды эске албаган, байыркы түрк тилинде бул жөндөмөнүн көрсөткүчү *-tyn/ -dyn* болгон жана ал кийинки чагатай жана уйгур тилдеринде сакталып калган. Бул мүчөнүн теги башка бир мүчөлөрдүн курамына барып такалат, тактап айтканда, мында байыркы жатыш жөндөмөнүн мүчөсү *-t* (бул мүчө азыр кээ бир сөздөрдүн тутумунда гана сакталып калган, мисалы, сиб. түрк. as-t "асты, асты жагы", üs-t "үстү, үстү жагы", al-t "алды, алды жагы", ar-t "арты, арт жагы", ошондой эле башка мүчөлөр менен айкашып да келет, мисалы, ya-r-t-yn"... тараптан") менен жогоруда сөз болгон -n мүчөсү бар.

Багыт (директив) жөндөмөсүнүн мүчөсү байыркы түрк тилинде -yaru/ -gärü болсо, осмон түрк тилинде -ary/ -äri болот (сал.: осм. dyŋary "тышкары" = уйг. taŋ-qaru"тышкары"; осм. içäri "ичкери" = уйг. iç-karü)жана барыштын мүчөсү -ya/ -a менен багыттын-rumүчөсүнөн куралган (эски тилдерде, ошондой эле осмон түрк тилинде да багыттын *-ra* мүчөсү бар, сал.: эски осм.qan-^a-ru "кайда?", üz-rä "үстүнө", iç-rä "ичкери", soŋ-ra "кийин", бирок азыр бул мүчө колдонуудан чыгып, айрым тактоочтордо гана жолугат). Багыт жөндөмөсүнүн түрлөрү түштүк Сибирь тилеринде гана азыркыга чейин регулярдуу түрдө колдонулуп келет. Кээ бир тилдерде сүйүнүп -күйүнүүнү билдирген-*а* мүчөсүн (пайда болуп келаткан?) вокатив көрсөткүчү деп кароого болот: *Burxan a* "о, буркан, буркан -aŋ",oyt-um-a "о, уулум, уулум -aŋ".

Түрк тилеринде жөндөмө мүчөлөр таандык мүчөлөрдөн кийин келгендиктен, ат атоочтук жөндөлүш атоочтук жөндөлүшкө таасирин тийгизет, мында ат атоочтук мүчөлөр келет: таандык. 1. жеке.-*ym -a,* 2. жеке. *-yŋ -a,* 3. жеке. бай. түрк., түштүк -батыш, түндүк -батыш. *-yn -a;* табыш 1. жеке. *-ym -yn,* 2. жеке. *-yŋ -yn,* 3. *-yn* (<č *-yn* -упболсо керек); көптүк түрдө бардык жактардыкы *-ny/ -ni* болот; 1 жана 2 -жактардын көптүк түрүндөгү барыш жөндөмөнүн ат атоочтук *-a/ -a* формасы эски тилдерде көбүнчө атоочтук *-qa/ -ya* формасы менен алмашылат.

Барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү "-га" (сегиз варианты менен: -га, -ге,-го,-гө,-ка,-кө,-ко,-кө) же "-а" (-а,-е,-о,-ө), жакчыл таандык мүчө алган 1-2 жак жекелик түрдөгү сөздөрдүн жөндөлүшүндө "-на" (-не,-но,-нө), жалпы таандык "-ныны" мүчөсүн алган сөздөрдө 3-жакта өзгөчөлүктөр орун алат.

Барыш жөндөмөсү өтмө жана өтпөс этиштерде да колдонулгандыктан грамматикалык жана мейкиндик жөндөмөлөрдүн ортосундагы байланыштыруучу жөндөмө. Түрк тилеринде жана башка бардык тилдерде бул жөндөмө мейкиндик жана убакыттык маанини билдирет.

Түркологиянын адабиятында негизинен "барыш" деген ат менен колдонулат: Кийинки чыккан кээ бир изилдөөлөрдө гана "баруучу -багыттоочу" жөндөмө деп аталып жүрөт.

Кыргыз тилинде болсо "барыш" жөндөмөсү "бар" деген этиштен алынып баруу, бир жерге багыт алуу маанисинде колдонулуп келе жатат.

Окумуштуулардын пикири боюнча баруучу -багыттоочу деген термин жөндөмөнүн негизги маанисин ачып берет дешет. Ал эми кыргыз тилинде болсо бул "бериш -барыш" жөндөмөсү болсо туура болот деген ойлорду айтышат. Бирок көпчүлүк илимпоздордун көз караштарынын негизинде "барыш" жөндөмөсү болуп колдонулууда. [Василевич 1940: 39].

Барыш жөндөмөсүнүн формасы төмөнкү категориялардын маанисин берет.

1) Кыймыл-аракет багытталган затты же кыймылдагы затты:

Студенттер эрте менен сабакка барышты.
Окуучулар мектепке барды.
Атам алтымышка барды.

2) Кыймыл -аракеттин жеткен жерин:

Мен үйгө кирдим.

Мугалим орундукка отурду.

Кызым сегиз жашка кирди.

3) Заттын кимдир бирөөгө берилгендигин же малымдалгандыгын:

Эже бизге сунуш берди.

Болгон иште мага жатыгы менен айтып берди.

4) Ишке же кандайдыр бир милдетке дайындалгандыкты:

Эл аны депутаттыкка шайлады.

Шаардык билим берүү башкармалыгы Сонунбубүнү директордукка дайындады.

5) Объектинин заттын сапатына тийгизген таасирин билдирет:

Уулуң өссө- уяттууга коңшу бол,

Кызың өссө- кылыктууга коңшу бол (макал).

6) Объектинин бир нерсеге кызыктарлыгын билдирет:

Мен илимге кызыктым.

Бирдики миңге, миңдики түмөнгө (макал)

Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи? (макал)

Оюнга кызыкпа, билимге кызык.

7) Субъектинин ой-максатын аткарууга болгон аракетин билдирет: *Китеп сатып алууга бардым. Бишкекке окууга бардым.*

8) Кыймыл-аракеттин бүтүү чегин же мөөнөтүн билдирет: *Саат бешке чейин иштейбиз. Эртеңге чейин бул иш бүтүүсү керек.*

9) Заттын баасын билдирет: *1000 сомго көйнөк сатып алдым. Арзанга алгандын сорпосу татыбайт (макал).*

Ошондой эле барыш жөндөмөсү "чейин", "карай", "каршы" деген жандоочтордун айкалышуусу менен жасалат.

Айылга чейин бардым.

Айылга карай жол тарттым.

Шамалга каршы жүрдүм.

Негизинен бул жөндөмө заттын ордун, убактысын, кыймыл-аракетин багытын же бүтүү чегин билдирет. [Н. П. Дыренкова Грамматика шорского языка 58 -59 -б].

Барыш (багыттоочу) жөндөмө -кыйыр маанидеги объектини (кыймыл -аракеттин таралышын, кандайдыр бир заттын кыймылын, кыймыл -аракеттин максатын, себебин, санын, убактысын, кыймыл -аракеттин бүтүшүнө себеп болгон затты, предметти), кыймыл -аракеттин субъектисин (баяндоочтогу грамматикалык объектини, этишке багыныңкы абалда болгон этиш маанисиндеги формаларды) билдирет.

Жатыш жөндөмөсү - кыймыл -аракеттин объектисин (кыймыл -аракеттин аткарылган, жасалган ордун, багытын, убактысын, бүткөн шартын) билдирет.

Жатыш жөндөмөсүнүн формасы "-да" мүчөсү варианттары менен. Жатыш жөндөмөсү 3-жактын жак таандык мүчөсүнөн жана жалпы таандыктын *"-ныкы"* мүчөсү менен айкалышканда жөндөмө мүчөсүнөн мурда "н" тыбышы кошулуп жасалат. М: *апа + сы+да=апасында, Канайым +ныкы+да = Канайымдыкында.*

Бул жөндөмөнүн семантикасы өтмө жана өтпөс этиштер менен байланыштуу эмес. Себеби бул жөндөмө ал-абалдын болуп жатканын өтмө жана өтпөс этиштердин ордун же убактысын билдирет. М: *ал окууда олтурат*, десек кыймыл-аракеттин жасалып бүткөндүгүн же өтмө этишти билдирет. Ал эми *"Ал окууда сабакты жазып жатат"* десек, анда жатыш жөндөмөсү табыш жөндөмөсү менен катар колдонулуп калат да, өтмө этишти билдирет.

Сөз болуп жаткан жөндөмө убакыттык жана орундук мааниде колдонулгандыктан кээ бир түркологдор тарабынан орун -убакыт жөндөмөсү деп да айтылат [Дыренкова, Грамматика шорского языка. стр. 22].

Жатыш жөндөмөсү төмөнкүдөй маанидеги категорияларды билдирет:

1) Субъект турган ордун же кыймыл -аракетинин ордун:

Эненин көөнү балада, баланын көөнү талада.

Үйдө баатыр, жоодо жок. (макал).

2) Кыймыл -аракеттин болор же бүтөр убактысын.

Саат жетиде келем.

Жазында жамгыр көп жаайт. ж.б.

Жатыш жөндөмөсү убакытты билдирген кезде кайда? же кай жерде? деген суроолорго жооп берип калат. Жатыш жөндөмөсү заттын ордун билдирүүдө төмөнкү мүчөлөр менен айкашып келип кыймыл-аракеттин болгон же болуп өткөн маанисин кенен билдирет.

1) -гы мүчөсү менен чогу келип заттын ордун же убактысын билдирет.

М: Жалал -Абаддагы окуу жай.

Саат экидеги курултай. ж.б.

2) Предикативдик мүчө менен баяндоочтук милдет аткарат.

Мен университеттемин.

Сен үйдөсүң. ж.б.

Жатыш жөндөмөсү сүйлөм ичинде төмөнкүдөй милдеттерди аткарат:

1) Орун толуктооту.

Кыздуу үйдө кыл жатпайт.

Колунда талканы бар бала сүйгүлүктүү. (макал).

2) Мезгилдик толуктооч.

Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр.

Бакылдаган текеге суу кечкенде көрөсүң, шакылдаган келинди үй чечкенде көрөсүң. (макал).

3) Баяндоочтук милдетти аткарат.

Мен шаардамын.

Ал айылда.

4) -га мүчөсү менен уланганда аныктоотук милдет аткарат.

Үйдөгү акыл тышка жарабайт.

Чыгыш жөндөмөсү - кыймыл-аракеттин объектисин (кыймыл-аракеттин багытын, себебин, аспабын, ыкмасын, материалын, убактысынын өлчөмүн, ченин, бүтүн буюмдун, бир бөлүгүн, салыштыруусун, натыйжасын) билдирет.

Баштапкы жөндөмөлөр жогоруда айтып өткөндөй сөздөрдүн жөндөмөлөр боюнча өзгөрүүсү болуп эсептелет жана азыркы учурда лексиканын белгилүү бөлүмдөрүндө гана колдонулат.

Негизги жөндөмөлөр да баштапкы жөндөмөлөр да сүйлөмдө объектинин формасын билдиришет.

Чыгыш жөндөмөсү -дан формасынын варианттары менен жасалат. Зат атоочтор жакталганда 3-жактын жак таандык мүчөсү жана жалпы таандык *-ныкы* мүчесү уланганда жөндөмө мүчөсү менен таандык мүчөнүн ортосунда "н" тыбышы кошулуп жасалат. М: *Ата+сы+дан=атасындан, бала+ныкы+дан=баланыкындан.*

Бирок ассимиляциялык өзгөрүүлөрдүн негизинде жогоруда көрсөтүлгөн *атасындан* жана *баланыкындан* деген сөздөр *атасынан* жана *баланыкынан* деп колдонулат.

Түрк тилдеринин бардыгында окшош мүчөлөрдүн жардамы менен жасалып, бирдей маанини берет. Башкача айтканда кыймыл-аракеттин башталуу же чыгуу пунктун түшүндүрөт.

Профессор А.П.Поцелувский чыгыш жөндөмөсү барыш жөндөмөсүнө диаметрдик карама-каршы колдонулган жөндөмө. Барыш жөндөмөсү кандайдыр бир нерсеге багыт алуу, жакындоо маанисинде болсо, чыгыш жөндөмөсү кандайдыр бир нерседен бөлүнүү, айрылуу, чыгуу деген маанилерди берет деп белгилеген. [П.Поцелувский. Основы синтаксиса туркменского литературного языка : 45-46].

Чыгыш жөндөмөсүнүн семантикасы этиштердин маанилик артыкчылыгы менен байланыштуу. Ошондуктан чыгыш жөндөмөсү төмөнкүдөй формаларда колдонулат:

1) Бөлүнүп чыгуу маанисиндеги этиштерде.

Чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгат.

2) Кыймыл-аракеттин башталуу убактысын билдирет.

Балык башынан сасыйт.

Күздөн баштап мен мектепке барам. ж.б.

3) Кыймыл-аракеттин пунктун же мейкиндик абалда болгондугун билдирет.

Ушул көчөдөн өтүп кетти.

Сен терезеден карадың.

4) Кандайдыр бир шарттардан кыймыл-аракеттин аткарылып, аткарылбашы көз карандылыгын билдирет.

Чыгымындан коркпогон той кылат, кыргынындан коркпогон кой кылат. (макал).

5) Логикалык ээ этиш аркылуу берилет.

Мен доктордон көрүнгөнмүн.

Үй куруучулар тарабынан салынган.

Чыгыш жөндөмөсү зат атоочторго жана атоочтордон жасалган этиштерге уланып, сүйлөмдө убакытты билдирген толуктоочтук милдет да аткарат.

-дан мүчөсү менен жасалып, толуктооч жана баяндооч катары келет. Мындай учурларда чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнөн кийин биринчи жана экинчи жактын жекелик жана көптүк түрүнүн мүчөсү уланат. *Мисалы: Мен айылданмын. Сен шаардансың. Биз тоодонбуз.* ж.б.

Кыргыз жана Түштүк Сибирь түрк тилдериндеги жөндөмөлөрдү изилдеп чыгып төмөнкүдөй жыйынтыктарды белгилөөгө болот [Х.Карасаев1944: 44].

1) Атооч жөндөмөсү сөздүн унгу абалында туруп, сүйлөмдө ээлик милдет аткарат. Кээде башка жөндөмөлөрдүн мүчөсү түшүп калган кезде кыйыр жөндөмөлөрдүн да милдетин аткарып калат.

2) Таандыкты билдирген жөндөмө сөздөрдүн детерминанттык айкалышынан туруп, баяндооч менен эч кандай байланышы болбойт.

3) Табыш жөндөмөсү тике толуктоочтук милдет аткарат да этиштен түздөн-түз көз каранды болот.

4) Барыш жана чыгыш жөндөмөлөрү этиштин семантикасы менен чектелет. Ал эми жатыш жөндөмөсү өтмө жана өтпөс этиштердин, кыймыл-аракеттин болуп жаткан шартын жана абалын билдирип калат.

5) Зат атоочтордун кимге жана эмнеге таандык экендигин билдирип, аныкталгычты жана аныктоочту ачык көрсөтөт.

6) Табыш, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү этиштерден түздөн-түз көз каранды болот.

Адабияттар

1. Азыркы кыргыз адабий тили. - Б., 2010.

2. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. - Ф.: Мектеп, 1980.

3. Эржилосун А.В. "Türk lehçeleri grameri" -Стамбул: 2007.

4. Поцелувский П. Основы синтаксиса туркменского литературного языка, 1956.

5. Карасаев Х. Подежи в кыргызском языке, 1944.

6. Н.П.Дыренкова. Грамматика шорского языка, - Абакан, 1948.

7. Менгес К.Г. Түрк элдери жана алардын тилдери. - Б., 2000. - 41-б.

Ф. Арсланташ,
К.Карасаев атындагы БГУ

ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ *-ЧЫ* КУРАНДЫСЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ

Сөздүк курамындагы сөздөргө структура-семантикалык жактан сереп салсак, ар бир төл сөздүн түзүлүшүнө, уңгу менен түзүүчү негизине, түзүмүндөгү куранды мүчөлөрүнө жана уңгулардын өз ара кошулуп татаал сөздөрдү жасашына көңүл бурууга туура келет. Тил илиминдеги мына ушул маселелерди ичине камтып, ага илимий түшүндүрмө берүүчү бөлүмү сөз жасоо деп аталат. Демек, сөз жасоо проблемасын ар тараптан жана терең изилдемейинче сөздөрдүн ички түзүлүшү менен жасалыш жолдорун аңдап түшүнүү мүмкүн эмес.

Түркү тилдериндеги сөздөрдүн түзүлүшүн жиктөөдө жана алардын лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоодо ал тилдердин алгачкы изилдөөчүлөрү индоевропа тилдери грамматикаларынын үлгүлөрүн пайдалангандыгы анык. Агездеги изилдөөчүлөр үчүн орто кылым түрк тилдерине арналган жана түрк тилдери жөнүндөгү тун илимий текст болгон Махмуд Кашкаринин "Дивану лугат-и түрк" эстелиги али белгисиз болгон. Кийинки изилөөчүлөр бул эстеликке кайрылганда сөздүн татаал организм экендигин жана тиешелүү заң-эрежелер аркылуу жасаларын аңдай баштаган. Кыскасы, сөз жасоо проблемасына тиешелүү көптөгөн баалуу маалыматттар В.В.Виноградов, Н.К.Дмитриев, Н.К.Баскаков, А.Н.Кононов, Э.Севортян, Ф.Ганиев, Б.М.Юнусалиев, Б.Орузбаева, С.Кудайбергенов, З.Коркмаз ж.б. эмгектеринде берилген [1-16]. Бул маалыматтар тектеш түркү тилдериндеги сөз жасоо маселесин салыштырып иликтөөгө өбөлгө экендиги талашсыз.

Түркү тилдеринде зат атооч жасоочу эң өнүмдүү курандылардын бири *-чы* мүчөсү экени белгилүү. Морфонологиялык жактан түркү тилдеринин көпчүлүгүндө *-чы,-чи,-чу,-чү* болуп төрт түрүүчө, калгандарында *-чы,-чи* болуп эки түрүүчө айтылат. Бул мүчө негизинен зат атооч сөздөргө уланып, кесип-кызмат ээси аталыштарын жасайт [1: 38].

Ошентип, *-чы* мүчөсү өзү жалганган зат атоочтун кайсы лексика-семантикалык топко таандык экендигине карай төмөнкүдөй сөз жасоо маанилерин билдирет:

1. Төрт түлүктү же үй айбандарын билдирген негизге жалганып, аларды баккан, асыраган, кармаган адам маанисин туюнтат. Сал.: кырг. *жылкычы, уйчу, койчу, эчкичи, малчы, төөчү, топозчу, торпокчу;* каз. *жылқышы, сыйыршы, қойшы, ешкіші, малшы;* түрк. *kuşçu - куш кармоочу киши, av-cı - мергенчи, balık-çı - балыкчы* ж.б.

2. Негиз аркылуу туюндурулган нерсе менен кесипчилик кылган, адистик алган адам маанисин билдирет: *тилчи, сынчы, жумушчу, сүрөтчү, саясатчы, кенчи, тоочу, кызматчы, адабиятчы;* каз. *тілші, сыншы, жұмысшы, суретші;* түрк. *tarih-çi - тарыхчы, iş-çi - жумушчу* ж.б.

3. Негиз аркылуу туюндурулган эмгек куралдары менен эмгектенген, турмуш-тиричиликке байланыштуу буюм-тайымдарды жасаган адам маанисин билдирет: *орокчу, чалгычы, кетменчи, балтачы, балкачы, ээрчи, кашыйчы, окчу, көнчү, карапачы;* каз. *орақшы, шалғышы, балташы, балкашы;* түрк. *demirci - темир уста* ж.б.

4. Негиз аркылуу туюндурулган өсүмдүктөрдү өстүргөн адам маанисин билдирет: *тамекичи, пахтачы, кызылчачы, токойчу, дарбызчы, коончу;* каз. *мақташы, қызылшашы, орманшы;* түрк. *ormancı - токойчу, çiftçi - дыйкан, жер айдаган адам* ж.б.

5. Негиз аркылуу туюндурулган музыкалык аспапта ойноого, жоокерчилик өнөрдү жана башкаларды аткарууга маш болгон, мындай өнөрдү тутунган адам маанисин билдирет: *комузчу, кайчы, сурнайчы, чоорчу, оозгомузчу, добулбасчы, кернейчи, кыякчы, гитарачы, аңчы, уучу, жаачы, найзачы, сакчы, күзөтчү, замбирекчи, кушчу, бүркүтчү, ырчы, бийчи;* каз. *домырашы, аңшы, сақшы, құсшы, әнші;* түрк. *topçu - замбирекчи, kuşçu - куш кармоочу киши, av-cı - мергенчи,* ж.б.

6. Элдик дарыгерлик өнөрдүн же сыйкырдуу күчтүн ээсин билдирет: *эмчи, эмчи-домчу, канчы, тамырчы, сөөкчү, жайчы, зерчи, мээрчи,* каз. *емші, қаншыж.*б.

7. Негиз билдирген нерсе боюнча коомго жат терс иш-аракеттерди жасаган, ага көңдүм бөлгөн адам маанисин туюнтат: *арызчы, кошоматчы, жалганчы, ушакчы,* каз. *арызшы, өтірікші;* түрк. *şikayetçi - арызчы, yalancı - жалганычы, şakacı - тамашакөй* ж.б.

8. Негиз билдирген нерсе боюнча элдик каада-салт, үрп-адат, диний ырым-жырымдар менен шугулданган адам маанисин туюнтат: *жуучу, доочу, ыйчы, азанчы, зикирчи, зыяратчы, саламчы, жарамазанчы, кайырчы, ырымчы* ж.б.

9. Негиз аркылуу аты аталган адамдардын, коомдук-саясий, илимий ишмерлердин жолун жолдогон, идеясын ишке ашырган, дастандарды элге жеткирип даңазалаган адам маанисин билдирет: *манасчы, семетейчи, гегелчи, дарвинчи, мичуринчи;* каз. *манасшы, дарвинші;* түрк. *maddeci - материалист, cumhuriyetçi - республикачыл киши* ж.б.

10. Негиз билдирген коомдук уюмдун мүчөсү болгон адам маанисин туюнтат: *спартакчы, динамочу, думачы, парламентчи, нефтичи, өкүлчү, мыйзамчы* ж.б.

11. Негиз билдирген мекемеде, ишканада, тармакта иштеген адам маанисин туюнтат: *транспортчу, китепканачы, курууч, архивчи, музейчи* ж.б.

-чы курандысынын маанилери өйдөкүлөр менен эле чектеле бербейт. Бул мүчө адамдын кесибине, адистигине, шык-жөндөмүнө, күлк-мүнөзүнө, сапатына, тутунган нерсесине, убактылуу же туруктуу аткарган иш-аракетине жана башка белгилерине байланыштуу маанилерден башка идиш-аяк, буюм-тайым, орун-жай, айбанат, уруу-урук аталыштарынын да сөз жасоо маанилерин билдирет: *боочу, жоопчу, такчы, эпчи, журтчу, жойчу, бокчу, жаачы, төөчү (карабагыш), тайчы (басыз), кушчу (сол канат), койчу (баргы) ж.б.* Мындай сөздөрдүн айрым уңгулары (*эп* < *эпчи* бай.түркчө *эб* - үй маанисиндеги сөз) тектештирметарыхый ыкма аркылуу гана аныкталат.

Кыргыз тил илиминдеги *-чы* мүчөсү тууралуу алгачкы маалымат К.Тыныстанов тарабынан берилген [15:24-25].

-чы мүчөсү курал-жабдык, жан-жаныбар аттарын билдирген сөздөргө жалганып, ар кандай аракеттерди мүнөздөөчү туунду зат атоочторду жасайт: *упчу, топчу, жойчу* (сал чычкан - жойчу, түлкү - уучу), *упчу* - суюк затты соруп жутууга ылайыкташтырылган буюм, байыркы түркчө *уп//оп* - ичүү маанисиндеги этиш; кырг. *оп тарт* - соруу маанисинде, *эпчи* - байыркы түрк эстеликтеринде *аял, үй* ээси маанисиндеги сөз (< *эп* - үй), азыркы кыргыз тилиндеги эпчи жак - боз үйдүн ашкана (чыгдан) жак тарабы. Бул куранды монгол, тунгус-манжу тилдеринде да *-ч(ин)* түрүндө кездешип, мааниси жагынан жогорудагы сөздөргө маанилеш лексикаларды жасайт: *ажилч(ин) - жумушчу <ажил - иш, жумуш; гуталч - өтүкчү < гутал - өтүк.* Бул мисалдардан көрүнүп тургандай, *-чы* курандысы байыркы түрк эстеликтеринин тили жандуу тил катары жайылган мезгилдерде эле ушул функциясында кеңири колдонулган: *айгучи* - кеңешчи: *айгучиси билгу эрмиш* - анын кеңешчиси акылман; *арчы* - куржун; *багчы* - багбан, элчи: *теңри элимке элчиси эртим* - мен касиеттүү элимдин элчиси элем.

Ошентип, *-чы* курандысынын алгачкы милдетинин ушул убакка чейин өзгөрүлбөй сакталып келатышы көптөгөн туунду сөздөр аркылуу да, ошондой эле жогоркудай унгу+мүчөгө жиктелбей калган сөздөр аркылуу да тастыкталат: *каракчы<карак (*башк. *карак* - каракчы маанисинде); түрк-монгол тилдериндеги *эмчи-домчу* маанилеш кош сөздүн монголчо түгөйү *дом* - эм, шыпаа маанисиндеги сөз. Монгол тилдеринен оошкон абысын<*аб // эб // эп+сын // -чын // -чы* эки муундуу унгу+мүчөгө жиктелбеген *кедей, кембагал* маанисиндеги сөз, *жал+чы* морфемаларынан турат; *энчи<эн* - өзгөчө белги мааниси+*чи* - эн салуучу киши. Ал эми *алакчы* - алдамчы маанисиндеги сөздүн алгачкы унгусу да *алаксыт: ал* - алдоо маанисиндеги этиш. Атооч + *-ак* + *-чы* морфемаларынан куралган *жылымчы* жана *белимчи* сөздөрүнүн курамынан жиктелүүчү татаал *-ымчы* болсо *-ым+чы* морфемаларынан куралганы менен булардагы *-чы коңурсу, саңырсы, -сыра* курандысынын тутумундагы этиштик -сы мүчөсүнүн *ч // с // ш* тыбыштык шайкештикке негизделип өзгөрүп, *-чы* түрүнө айланган варианты.

Ошентип, *-чы* курандысы аркылуу жасалган туунду зат атоочтор тектеш тилдерде өтө эле арбын кездет. Мындай туундулардын ички түзүлүшүн, түзүүчү негиздерин, лексикалык жана деривациялык семантикасын дагы да тереңден изилдөө биздин милдет экени анык.

Адабияттар

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. -Б.,1997.
2. Баскаков Н.А. Историко-типологическая морфология тюркских языков. -М., 1979.
3. Баскаков Н.А. Каракалпакский язык. -М.. 1951.
4. Виноградов В.В. Словообразование в его отношении грамматике и лексикологии // Вопросы теории и истории языка. -М., 1952.
5. Ганиев Ф.А. Суффиксальное словообразование в современном татарском литературном языке. -Казань, 1971.
6. Гордлевский В.А. Грамматика турецкого языка. -Л., 1928.
7. Давлетов К., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. -Ф., 1980.
8. Дмитриев Н.К. Грамматика башкирского языка. -М., 1948.
9. Казак грамматикасы. -Астана, 2002.
10. Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. -М.-Л., 1956.
11. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. -Ф., 1980.
12. Орузбаева Б.О. Словообразование в киргизском языке. -Ф., 1964.
13. Орузбаева Б.О. Сөз курамы. -Б., 2000.
14. Севортян Э.В. Аффиксы именного словообразования в азербайжанском языке. -М., 1966.
15. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. -Ф.. 1934.
16. Korkmaz Z.Türkiye Türkçesi Grameri //Şekil Bilgisi). -Ankara., 2003.

Й. Шахин,
К.Карасаев атындагы БГУ

ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ *-ЛА* КУРАНДЫСЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ

Бул мүчө бардык түрк тилдери үчүн этиш жасоочу бирден-бир эң өнүмдүү куранды. Анын жардамы менен зат атоочтон, сын атоочтон, тактоочтон, табыш тууранды жана элестүү сөздөрдөн, сан атоочтордун ичинен жамдама сандан туунду этиштер жасалат. Ал эми ат атоочтор сөз жасоонун базасы катары бул процесске катышпайт.

Тектеш тилдерде фонетикалык варианттары сан жагынан бирдей эмес. Кыргыз тилинде *-ла//-да//-та* болуп он эки түрлүү өзгөрүп айтылса, казак тилинде ачык үндүү катышкан алты вариантта гана келет. Ал эми түрк тилинде *-la/-le* болуп кең үндүү менен эки вариантта гана айтылат. Өзбек тилинде бир гана -ла түрүндө колдонулат. Якут тилинде *-лаа//-даа//-маа//-наа* формасында он алты түрдүү айтылат Бирок, буга карбастан, *-ла* мүчөсү бардык түрк тилдерине бирдей мүнөздүү болгон эң өнүмдүү мүчө деп табылат.

Азыркы түрк тилдеринде *-ла* мүчөсү кең үндүүлөр менен *-ла//-ле, -ло//-лө* формасында колдонулат: *evi temizle - үйдү тазала, sınavı başla - сынакты башта.* Орто кылым түрк тилдеринде, алсак, Мухмуд Кашгаринин сөздүгүндө бул мүчө сейрек болсо да *-лы//-лу* болуп кууш үндүү менен да колдонулган: *Suv tomlуdы - суу муздады. Ол онун тумлутты - Ал анын көңүлүн сууту* [ДЛТ II: 140].

-ла мүчөсү башка формалар менен биригип татаал мүчөлөрдү түзүүгө да катышат: *-лаш, -лан, -лат, -чылап (сенчилеп, аларчылап), -гыла (<гы+ла).* Кийинкиси кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин кайталангандыгын билдирет.

-ла мүчөсү аркылуу, негизинен, өтмө этиштер жасалат. Мындай этиштердин түзүүчү негиздери көбүнчө курал-жарак, аспап, буюм-теге, каражат сыяктуу маанилерди билдирген атооч сөздөрдөн болот. Мындай туундулардын түзүүчү негиздерин семантикалык жактан бөлүштүргөндө дал өйдөкү типтегилер басымдуулук кылат.

Кыргыз жана түрк тилиндеги -ла мүчөсү аркылуу жасалган этиштерди түзүүчү негиздеринин конкреттүү маанилерине карай бир нече топко бөлүп короого болот:

1. Түзүүчү негиздери курал-жарак, аспап, шайман маанисиндеги этиштер: *найзала, мылтыкта, бычакта, токмокто, чалгыла, керкиле, аргамжыла, жүгөндө, мурунтукта, камчыла, кемечте, көгөндө, тушамышта, кишенде, сагалдырыкта, көнөктө, чакала, чөйчөктө, тиште, карышта, кулачта, аркала, адымда; kilitlemek, bıçaklamak, katçılamak ж.б.*

2. Түзүүчү негиздери ар кандай материалдарды, каражаттарды билдирген этиштер: *асфальтта, бетондо, гримде, сырда, шиферле, полдо, тактайла, алтында, күмүштө, кундузда, кымкапта, жабуула, майла, мордо, кумда, желимде, самында, калкала; sulamak, yağlamak, tuzlamak* ж.б.

3. Түзүүчү негиздери процесстин аты маанисиндеги этиштер: *аңда, жомокто, мүнөздө, муңда, кыймылда, өпкөлө, кадырла, кабарла, аялда, бийле, тамашала, опузала, чалгында, сүрдө, маанала, жыттта, ириңде, кордо, музда, ышта, буула, өрттө, терде, саймала; işletmek, vurgulamak* ж.б.

4. Түзүүчү негиздери белги маанисиндеги этиштер: *жеңилде, туюкта, арыкта, бекемде, теңде, ичкеле, толукта, жукала, жакшыла, кыйында, майдала, текшиле; aşağılamak, sararmak, kızarmak, göğermek, kararmak* ж.б.

5. Түзүүчү негиздери объект маанисиндеги этиштер: *моюнда, кекиртекте, кулакта, колтукта, алкымда, тизгинде, жүктө, көмөчтө, умачта, шыйракта, жемде, куйкала, таманда, отто* ж.б.

6. Түзүүчү негиздери мейкиндик жана мезгилдик маанисиндеги этиштер: *ташта, утурла, кыйла,*

бөксөлө, өзөндө, жогорула, эңиште, жууқта, өйдөлө, төмөндө, жакала, этекте, жолдо, эртеле, кечте, кышта, алгала ж.б.

7. Түзүүчү негиздери сын-сыпат маанисиндеги этиштер: *бөйрөктө, чалкала, жамбашта, боорукто, мончокто, тестеле, калыпта, тезде, кетенчикте, согончокто* ж.б.

Кыргыз тилинин кери алфавиттүү сөздүгүндө бул куранды аркылуу бир муундуу зат атоочтордон жасалган токсон бир туунду этиш бар экен. Булардын сөз жасоо маанилерин төмөнкүчө аныктоого болот:

1. Негиз аркылуу туюндурулган заттын таасирине кабылтуу: *музда < муз+ла, уула < уу+ла, тузда < туз+ла, ышта < ыш+ла, кумда < кум+ла.*

2. Негиз аркылуу туюндурулган ички көйгөй сезимди, ал-абалды пайда кылуу: *шордо < шор+ла, ыйла < ый+ла, зарла < зар+ла, сызда < сыз+ла, сүрдө < сүр+ла.*

3. Негиз аркылуу туюндурулган затты сүртүү, сыйпоо, кошуу: *балда < бал+ла, акта < ак+ла, майла < май+ла, чыкта < чык+ла, сырда < сыр+ла, суула < суу+ла.*

4. Негиз аркылуу туюндурулган затка алмаштыруу: *пулда < пул+ла. сомдо < сом+ла.*

5. Негиз аркылуу туюндурулган заттан арылтуу: *түктө < түк+ла, челде < чел+ла, жукта < жук+ла, көөлө < көө+ла, ташта < таш+ла, кылда < кыл+ла.*

6. Негиз аркылуу туюндурулган зат боюнча акыл сезимин аракетке келтирүү: *аңда < аң+ла, ойло < ой+ла.*

7. Негиз аркылуу туюндурулган мезгилди белгилүү бир жерде өткөрүү: *жайла < жай+ла, кышта < кыш+ла, күздө < күз+ла.*

9. Негиз аркылуу туюндурулган абалга келтирүү: *нымда < ным+ла, камда < кам+ла, тапта < тап+ла, эпте < эп+ла, оңдо < оң+ла.*

10. Негиз аркылуу туюндурулган затты козгоо, кыймылга келтирүү: *чаңда < чаң+ла, канда < кан+ла.*

11. Негиз аркылуу туюндурулган жерден жүрүү: *жээкте < жээк+ла, боорло < боор+ла, жондо < жон+ла, өрдө < өр+ла.*

12. Негиз аркылуу туюндурулган нерсе менен өлчөп-ченөө: *чоттo < чот+ла, кезде < кез+ла.*

13. Негиз аркылуу туюндурулган нерсе байланышкан адамкерчилик сезимди аракетке келтирүү: *сыйла < сый+ла, баркта < барк+ла, даңкта < даңк+ла.*

14. Негиз аркылуу туюндурулган элдик салт, диний расми боюнча аракеттенүү: *айтта < айт+ла, тойло < той+ла, септе < сеп+ла, тондо < тон+ла.*

15. Негиз аркылуу туюндурулган мейкиндик мезгилдик абал боюнча аракетке келтирүү: *жанда < жан+ла, тушта < туш+ла, ыкта < ык+ла, бетте < бет+ла.*

16. Дене-мүчөнү негиз аркылуу абал боюнча аракетке келтирүү: *ымда < ым+ла, уучта < ууч+ла, жаңда < жаң+ла, чачта < чач+ла, мушта < муш+ла, тиште < тиш+ла.*

17. Негиз аркылуу туюндурулган зат менен бекитүү: *мыкта < мык+ла, каңда < каң+ла, батта < бат+ла, тордо < тор+ла, кулпта < кулп+ла, түптө < түп+ла.*

18. Негиз аркылуу туюндурулган нерсе же нерсени алуу: *капта < кап+ла. тышта < тыш+ла, сапта < сап+ла, кепте < кеп+ла, кында < кын+ла, окто < ок+ла.*

19. Негиз аркылуу туюндурулган абалда топтоштуруу, бөлүштүрүү: *жупта < жуп+ла, топто < топ+ла, сорттo < сорт+ла.*

20. Негиз аркылуу туюндурулган митенин көбөйүшү: *куртта < курт+ла. биттe < бит+ла.*

21. Негиз аркылуу туюндурулган нерсени сезүү: *жытта < жыт+ла.*

22. Негиз аркылуу туюндурулган абалга келүү *терде < тер+ла кирде < кир+ла.*

23. Негиз аркылуу туюндурулган абалда үн чыгаруу: *ыйла < ый+ла, сөздө < сөз+ла, ырда < ыр+ла, үндө < үн+ла.*

24. Негиз аркылуу туюндурулган нерсе боюнча иш кылуу: *сында < сын+ла, иште < иш+ла, соттo < сот+ла, изде < из+ла.*

25. Негиз аркылуу туюндурулган нерсени пайда кылуу: *өрттө < өрт+ла, гүлдө < гүл+ла, оттo < от+ла.*

26. Негиз аркылуу туюндурулган абалда кыймыл-аракет жасоо: *бийле < бий+ла.*

27. Негиз аркылуу туюндурулган нерсени токуу, жүктөө: *ээрле < ээр+ла, жүктө < жүк+ла.*

28. Негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракетти баштоо, ийгиликтүү бүтүшүнө көмөктөшүү: *башта < баш+ла, колдо < кол+ла.*

29. Негиз аркылуу туюндурулган заттык белгиге келтирүү: *өңдө < өң+ла, учта < уч+ла.*

Көрүнүп тургандай, -ла курандысынын сөз жасоо мааниси ондоп саналат. Бул маани эки же көп муундуу түзүүчү негиздердин эсебинен көбөйөрү да айдан ачык. Түрк тилдери үчүн да ушундай эле өзгөчөлүк мүнөздүү экендиги талашсыз. Бирок, ошентсе да, бул маселе да атайын иликтөөнү талап кылат.

Адабияттар

1. Азыркы кыргыз адабий тили: фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика, текстаануу, лингвопоэтика. -Б., 2009.

2. Грамматика современного башкирского литературного языка. -М., 1981.

3. Грамматика современного якутского литературного языка. -М., 1982.

4. ДЛТ - Кашгари М. Девону лугат-ат турки. I-III т. - Ташкент, 1960-1963.

5.Дмитриев Н К. Грамматика башкирского языка. - М.-Л., 1948.

6. Дыйканов К. Кыргыз тилинин терс жана кери алфавиттүү сөздүгү. -Алматы, 1989.

7. Казак грамматикасы. -Астана, 2002.

8. Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. -М.-Л., 1956.

9. Кононов А.Н. Грамматика современного узбекского литературного языка. -М.-Л., 1960.

10. Кыргыз тилинин сөздүгү. -Б., 2010.

11. Korkmaz Z.Türkiye Türkçesi Grameri //Şekil Bilgisi). -Ankara., 2003.

С. Дагыстан,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮШТҮК СИБИРЬ ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕ ГРАММАТИКАЛЫК ЖӨНДӨМӨЛӨРДҮН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

Грамматикалык жөндөмөлөр сөздөрдүн грамматикалык маанилерин тагыраак айтканда, атооч жөндөмөсү сүйлөмдүн ээси; илик жөндөмөсү бир заттын экинчи бир затка таандык экендигин, табышжөндөмөсү кыймыл -аракет багытталган объектти билдирет.

Түштүк жана түндүк ар түрдүү түрк тилдеринин жөндөмөлөр системасынын жалпылыгы жөндөлүштүн типтеринин окшоштугу болуп эсептелет.

Түрк тилдеринде алты өнүмдүү жана беш сөз жасоого жөндөмдүү бай жөндөмөлөр констатацияланган. Өнүмдүү жөндөмөлөрдү колдонуу зат атоочтор жана этиштер үчүн бирдей функциядагы форма болуп эсептелет.

Ал эми көп колдонулган, жөндөмөлөр лексиканын бир топ чектөөлөрүнө баш иет жана сөздүн негизги маанисин билдирет. Мисалы: өлчөмүн, убактысын жана ордун ж.б.

Өнүмдүү жөндөмөлөр аткарган грамматикалык кызматына карай экиге бөлүнөт: а) грамматикалык жана жөндүү(логикалык) жөндөмөлөр; бул түр жөндөмөлөргө атооч, илик, табыш жөндөмөлөрү кирет.

б) мейкиндик(локалдык) жөндөмөлөр; мындай түрдөгү жөндөмөлөргө барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү кирет.

Грамматикалык жөндөмөлөрдүн бири ***атооч жөндөмөсү*** заттардын, көрүнүштөрдүн аталышын билгизет. Зат атоочтор, заттык маанидеги башка сөздөр жекелик, көптүк түрдө же таандык формада турат да, башка жөндөмөлөрдүн уюшулушуна база болот. Мани жагынан заттын, адамдын, буюмдардын жана кубулуштардын атын көрсөтөт. Ошондуктан атооч жөндөмөсү "негизги" же "баштапкы жөндөмө" деп аталат [Давлетов, Кудайбергенов 1980: 64].

Кыргыз жана Түштүк Сибирь түрк тилдериндеги атооч жөндөмөсүнүн өзүнө тиешелүү мүчесү жок. Ушул өзгөчөлүгү аркылуу ал нөл формасындагы жөндөмө катары мүнөздөлүп, материалдык жактан туюндурган (өзүнө тиешелүү формалдык көрсөткүчтөрү бар) жөндөмөлөрдөн айырмалуу.

Кыргыз жана Түштүк Сибирь түрк тилдериндеги атооч жөндөмөсүнүн семантикалык мааниси абсолюттук түрдө окшош, андыктан жалпылык сакталат.

Экинчи грамматикалык жөндөмө бул ***илик жөндөмөсү***. Илик жөндөмөсү (жалпы түрк тилдеринде мүчесү -nuŋ/-niŋ) тарыхый жактан конкреттүү мейкиндик жөндөмөнүн абстракттуу грамматикалык жөндөмөгө өтүшүн көрсөтөт. Ал прото-индоевропа тилиндеги сыяктуу алтай тилдеринде да таандык мааниден келип чыккан.

Кыргыз тилиндеги илик жөндөмөсүнүн мүчесү фонетикалык жана морфологиялык шарттарга ылайык 16 вариантта өзгөрөт: *-нын, -нин, -нун, -нүн, -дын, -дин, -дун, -дүн,-тын, -тин, -тун, -түн, ын, -ик, -ун,-үн;* ал эми башка түрк тилдеринде сегиз, он эки варианттары бар: *-in, -in, -un, -ün, -nın, -nin, -nun, -nün*; Түштүк Сибирь түрк тилдеринде да ушундай көрүнүш сакталат.

Кыргыз жана Түштүк Сибирь түрк тилдериндеги илик жөндөмөсү төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

1) Аныкталып турган заттын кимге, эмнеге таандык экендигин билдирет.

2) Эгерде аныкталгычы же болбосо эки компоненти тең туугандык маанидеги сөздөрдөн болсо, кандайдыр бир туугандык мамилени билдирет.

3) Иликтенген сөз орундук маниси, андан кийинки аныктагычы кесипчиликти билдирсе, аныкталып турган заттын кайсы жерде иштегендигин көрсөтөт.

4) Илик жөндөмөдөгү сөз бүтүн нерсени, аныкталып турган зат ал бүтүн нерсени, аныкталып турган зат ал бүтүндүн бир бөлүкчөсү экендигин билдирет.

5) Аныкталып турган заттын эмнеден жасалгандыгын, тегин билдирет.

6) Иликтеги сөз орундук же мезгилдик мааниде болсо, аныкталгычтын кайсы территорияга, мезгилге таандык экендигин билдирет.

7) Кандайдыр бир сапаттын касиетин кимге, эмнеге тиешелүүлүгүн билдирет.

8) Удаа айтылган эки сөздүн биринчисине уланганда күчөтүү мааниси туулат.

Негизинен, кыргыз жана түрк тилдериндеги илик жөндөмөсүнүн ортосундагы семантикалык жалпылык сакталат. Бирок муну менен катар айрым өзгөчөлүктөр да байкалат. Алсак, кыргыз тилинде илик жөндөмөсү аркылуу туюндурула турган грамматикалык маани түрк тилинде чыгыш жөндөмөсү аркылуу берилет.

Кыргыз тилинде жалпы таандык мүчө аркылуу берилчүү маани түрк тилинде илик жөндөмөсү аркылуу берилери байкалды.

Түрк тилдеринде илик жөндөмөсү семантикалык белгилери боюнча жөндөмөлөр системасына киргизилген, формалдуу жагынан сөздүн аныктагычы катары келип, аныктоочтук сөз айкашын уюштурат. Көбүнчө ал сөз жасоочу мүчө катары кызмат аткарат. Заттын кимге таандык экенин билдирет, субстантивдештирет. Мисалы: *азыркы үйгур тилдеринде teniŋki (меники), meniŋdiki (мендеги); atniŋki (атка тийиштүү), atniŋdiki (аттагы)* ж.б.

Илик жөндөмөсү төмөнкү формаларды билдирет: а) сүйлөмдө грамматикалык жактан баяндоочтук милдетти аткарган сөздөрдү, предикативдик -таандыкты билдиргендерди субстантивдик ат атоочторду. *Мисалы: teniŋki (меники), atnuŋki (атка таандык).б)* канкретүүлүктү билдирбеген субъектини башкача айтканда аныктоочтук айкаштагы аныктоочту: каракалп.: *awıldıŋ dŋoly (айылдын жолу), жаңы үйгур: atniŋ biri (аттардын бири), atniŋ hŋmmisi (аттардын баары), atniŋ obdahi (аттын жакшысы);* в) конкреттүүлүктү билдирген субъектини, башкача айтканда поссесивдик айкаштагы аныктоочту, таандык, өздүк же шилтеме ат атоочторду билдирген, субстантивдик

формадагы сын атоочтор, сан атоочтор, ат атоочтор, масдар формасын же атоочтуктарды, ошондой эле татаал зат атоочторду. г) объектини -себеп бышыктоочту, жандоочтор менен келген шилтеме ат атоочтор өздүк маанини бергенде, илик жөндөмөсүн башкаруучуларды; menің uŋun (мен үчүн); [Баскаков 1979: 227]

Табыш жөндөмөсү - тике толуктооч конкреттүү категория менен келген учурда, тике толуктооч энчилүү зат атоочтун маанисин бергенде, жактама жана шилтеме ат атоочтордо, таандык мүчөлүү зат атоочторду, субстантивдешкен формадагы сын, сан, ат атоочторду, масдар формасын же атоочтуктарды, ошондой эле жалпы зат атоочтор семантикалык жактан объектиге жана субъектиге кайрылуу маанисинде колдонулганда объектинин түздөн -түз формасын билдирет.

Кыргыз, түрк тилдеринде ***табыш жөндөмөсү*** кыймыл -аракет тике, түздөн -түз багытталган объектини (затты) билгизет да, сүйлөмдө тике толуктоочтук милдетти аткарат [Давлетов, Кудайбергенов 1980: 69].

Азыркы кыргыз тилинде **табыш** жөндөмөсүнүн мүчөсү *-ны, -ни, -ну, -нү, -ды, -ди, -ду, -дү,-ты, -ти, -ту, -тү:* түрк тилдеринде *-ı, -i, -u, -ü, -уı, -уі, -уи, -уü* варианттары да кездешет. Табыш жөндөмөсүндө турган сөздөр өзүнүн семантикасына карай негизинен төмөнкүдөй маанилерди түшүндүрөт:

1) Кыймыл аракет багытталган затты билдирет.

2) Кыймыл аракет бүтүндүн бир бөлүгүнө жумшалганын билдирет.

3) Табыш жөндөмөдөгү сөз орундук маанидеги объектини көрсөтөт.

4) Мезгилдик маанидеги объектини көрсөтөт.

5) Сан -өлчөмдүк маанидеги объектини билдирет.

Мындан тышкары жалпы түрк тилдеринде табыш жөндөмөсүнүн түшүп айтылышы байкалат. Негизинен, төмөнкү учурларда формалдык көрсөткүч түшүрүлбөйт:

а) табыш жөндөмөсүндөгү сөзгө логикалык басым түшүрүлүп айтылса;

б) Табыш жөндөмөсүндөгү сөз энчилүү аттардан болсо;

в) Табыш жөндөмөсүндөгү сөз ат атоочтор болсо;

г) Табыш сөз субстантивдешкен сын, сан атоочтор, атоочтук же кыймыл атоочтордон болсо;

Табыш жөндөмөнүн мүчөсү төмөнкү жагдайларда түшүрүлүп айтылат:

а) Табыш жөндөмөдөгү сөз этиштин алдынан орун алса;

б) Белгисиз зат болсо;

в) Сүйлөмдө бир өңчөй тике толуктоочтор болсо стилдик ыкма катары мүчөсүз айтылат.

Негизинен кыргыз, түрк тилдериндеги табыш жөндөмөсү боюнча семантикалык жалпылык сакталат, муну менен катар айрым өзгөчөлүктөр да орун алат.

1. Кыргыз адабий тилинде таандык уландыдан кийин табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү -н болуп кыскарылып айтылса түрк тилинде кыскарбайт.

2. Кыргыз тилинде кош, кошмок сөздөрдүн бир компонентиндеги жатыш жөндөмөсү түшүрүлүп айтылат.

3. Этиштин өтүмдүү же өтпөстүгүнө карата да маанилик айырмачылык байкалат.

Демек, грамматикалык жөндөмөлөр боюнча кыргыз, түрк тилдеринде формалдык көрсөткүчтөр боюнча жалпылыктар сакталуу менен бирге айрым спецификалык өзгөчөлүктөр да орун алат. Албетте, бул көрүнүш тилдердин эки башка бутакка тактап айтканда кыпчак жана огуз тилдери тобуна кирүүсү; алардын тилдин өнүгүшүнүн түрдүү этаптарында болушу менен түшүндүрүлөт.

Бирок мейкиндик жана грамматикалык мамилелердин ортосун чектөөгө мүмкүн эмес, аларды дайыма тыгыз карым катышта экендигин белгилөө туура деп эсептейбиз.

Адабияттар

1. Азыркы кыргыз адабий тили. - Б., 2010.

2. Амирова Т.А., Ольховиков Б.А., Рождественский Ю.И. Очерки по истории лингвистики. - М., 1975.

3. Баскаков Н.А. Грамматика хакасского языка. - М., 1975.

4 Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. - Ф.: Мектеп, 1980.

5. Исхаков Ф.Г., Пальмбах А.А. Грамматика тувинского языка. Фонетика и морфология. - М., 1961.

6. Эржилосун А.В. "Türk lehçeleri grameri" -Стамбул, 2007.

7. Патачакова Д.Ф. Хакас тили. -Абакан,_ 1962.

Хасан Бота,
И.Арабаев атындагы КУУ

МОНГОЛ ТИЛИНДЕ СӨЗ ЖАСООНУН ИЗИЛДЕНИШИ

Монголияда да сөз жасоого байланыштуу эмгектер жарык көрө баштады Монгол академиги Ш.Лувсанвандан "Орчин цагийн монгол хэлний бүтэц" (1967) аттуу белгилүү эмгегинде азыркы монгол тилиндеги бардык сөз топторун сыпаттама жасап, кездешкен мүчөлөргө кэн ири талдоо жасаган. Ш.Лувсанвандан эмгегинин эң башкы жетишкендиктери талдоолорунда дистрибутивдүү ыкманы колдонгон. Биринчиден, ал азыркы монгол тилиндеги сөздөрдүн байыркы уңгулары менен өлүү мүчөлөргө октолот. Экинчиден, азыркы монгол тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөр менен сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү жеке-жеке тизмектеп, талдайт. Ошондой эле антоним жуптардан түзүлгөн кош сөздөрдү караштырып, редупликат сөздөргө назар салган. Ш.Лувсанвандандын эмгегинде азыркы монгол тилинин сөз жасоосу менен морфологиялык системасына байланыштуу көптөгөн кызыктуу маалыматтарды кезиктирүүгө болот.

Монгол лингвисти Ч.Лувсанжав монгол тилиндеги сөздөрдүн түзүлүшүн сыпаттаган "Сопоставительный анализ морфологической структуры слова в монгольском и английском языках" (1971) аттуу монографиясын чыгарды.

Ал эми профессор А.Лувсандэндэв "Структура слова в монгольском языке" (1982) аттуу эмгегинде монгол тилиндеги уңгу морфема менен сөз жасоо уясы сыяктуу түшүнүктөргө иликтөө жүргүзген.

1986-жылы Улан-Батор шаарында окумуштуу Л.Болддун "Орчин цагийн монгол хэлний дагавар" деген ат менен монографиясы жарык көрдү.

Бул эмгекте азыркы монгол тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөр XIII кылымдагы байыркы жазма монгол тилинин мүчөлөрү менен салыштырылып изилденди. Акыркы мезгилде монгол тил илиминде сөз жасоонун ар түрдүү аспектилерине багытталган көптөгөн макалалар менен арналган изилдөөлөр жарык көрдү.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн мааниси менен өнүгүшүнө да өзгөчө көңүл бөлүндү. С.Л.Чареков (2000) алтай тилдери боюнча сөз жасоочу мүчөлөрдүн эволюциялык өнүгүшүн караштырган. А.Ш.Кичиков (1963), В.И.Рассадин (1978), А.А.Дарбеева (1978) эмгектеринен азыркы монгол тилинин говорлору менен диалектилериндеги сөз жасоо процессине окумуштуулардын өзгөчө кызыгуусун туудурганын байкайбыз.

Жогоруда аты аталган окумуштуулардын илимий эмгектерине карасак, алтай тилдерин топтоштуруп орток өзгөчөлүктөр катарында төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Бул тилдердин бардыгы түрү боюнча жалгамалуу (агглютинативдүү) тилдер.

2. Сөздүн алдындагы элементи (префикс) жок.

3. Сөздөр өзгөрүп, уңгуларга кошумча жалганганда уңгу курамы өзгөрбөйт.. Кошумчалар саны жагынан көп жана форма жагынан бай.

4. Сөз айкашында багыныңкы сыңарлар алды менен айтылып, басыңкы сыңарлар соңунда келет. Сын атоочтор өзү сыпаттоочу зат атоочтон мурун айтылат: *қызыл гүл, ақылды бала, улаан цэцэг, ухамсартай хүүхэд ж.б.*

5. Алдына сан атооч келген зат атоочко көптүк мүчө жалганбайт.

6. Сүйлөмдөрдөгү сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартиби белгилүү бир катуу жүйөө менен сүйлөм бир тутумдугун сактап курулат.

7. Алтай тилдеринде грамматикалык тек жок. Же энелик тек, аталык тек, орток тек деген түшүнүк жок.

8. Суроо сөзү бар.

9. Бир гана кошумчадан тарап, өзгөргөн мүчөлөр көп. Бул түрк жана монгол тилдерин салыштырып изилдегенде айкын көрүнөт.

10. Алтай тилдерин салыштырып тыбыштык талдоо жасаган эмгектерге назар салсак, алардын арасындагы ортоктугу аныкбайкоого болот. Булардын эң кеңири тараганы - үндөштүк мыйзамы. Ошондой эле сөз башына *л, р* тыбыштарынын келбеси да алтай тилдерине тиешелүү кубулуш.

Ушунча далилдердин болгонуна карабастан алтай тектеш тилдеринин теориясын жокко чыгаруучу В.Котвич [Котвич, 1962], Г.Дерфер [Дёрфер 1986:71-13], Л.Лигети, А.М.Щербак сыяктуу окумуштуулар да бар.

Салыштырмалуу алтай тилинин өнүгүшөнө чоң үлүш кошкон окумуштуу В.Л.Котвич алтай тилдери тектеш эмес, аларды жөн гана типологиялык окшоштук байланыштырат дейт. Бул тилдердеги орток элементтер биздин заманыбыздан мурунку бир миң жылдан бери болгон жана гун доорунда түрк, монгол, тунгус тилдери жеке тил катарында калыптанган деген болжолду айтат [Котвич 1962: 351].

Мажар окумуштуусу Л.Лигети да монгол жана түрк тилдеринин арасындагы байланышты изилдеди. Ал ламалык монастырда жашап жүрүп монгол тилин үйрөндү. 1936-жылы Ооганстанга сапар чегип, андагы өзбектердин оозеки адабияты менен таанышты. Салыштырма изилдөөлөрүнүн натыйжасында окумуштуу алтай тилдеринин туугандык байланышын жокко чыгарды.

Ал эми бул теорияга күдүк менен караган Д.Шинор, И.Бенцинг, Г.Д.Санжеев (1963) сыяктуу окумуштуулар бул тилдердеги окшоштуктар менен орток белгилерди тилдердин жакындашуу, аралашуу, кошулуу процестеринин натыйжасы деп түшүндүрөт. Ошондуктан алтай тилдеринин тектештик теориясы тарыхый-салыштырмалуу жана тарыхый-типологиялык эки ыкма менен изилденип эки багытка бурду. Бир багыттын өкүлдөрү азыркы түрк, моңгол, тунгус-манчжур тилдери, жапон, корей тилдери жана фин-угор тилдеринин чыгыш теги бир деген багытты колдосо, экинчи багыт өкүлдөрү ошол тилдер башынан бүгүнкүгө чейин жеке-жеке тилдер болгон (бир тилден экинчи тил жаралган) деп эсептейт. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү бул тилдер башында "бир негиз тилден" бөлүнүп өнүккөн деген теорияны далилдүү деп, тарыхый - салыштырмалуу ыкманын оң натыйжа бергендигин, өтө көп тилдик маалыматтардын шайкештигин белгилешет. Чындыгында өнүгүү процессинде жалкылардын топтолгонуна караганда жалпынын ыдырап, бөлүнүп белсемдүү экени тарыхта белгилүү. Анын үстүнө лексикалык гана эмес грамматикадагы мындай окшоштук,бирдиктүүлүк кокустук болушу мүмкүн эмес. Көптөгөн окумуштуулар түрк, монгол, тунгус-маньчжур тилдеринин тектештигин, ортоктугун, жалпы мыйзам ченемдүүлүгүн тилдик фактылар менен аныктап, далилдеп келишет. Анын ичинде ар бир тилдин сөз жасоо системасындагы уңгу жана кошумча морфемалардын шайкештиги эң өзөктүү, туугандык байланыштын алили катарында изилденди. Ал эми, бул тилдерге жапон, корей [Рамстедт 1957] жана фин-угор [Каллиндер,1948] тилдеринин, ошону менен катар америкалык майя, кечуа тилдеринин [Викандер, 1967, 141-148; 1970, 80-88; 1972, 186-204; Арибжанов, 1976] төркүндөштүгү, тектештиги жайында кызыктуу далилдер, талдоолор жүргүзүлдү. Алтай тил илиминин теория маселелери: баба алтай тилинин түзүлүшү, тилдердин өз алдынча өнүккөн хронологиялык мезгилдери, тектештик даражалары, тилдик түзүлүштү камтыган орток негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү сыяктуу маселелер толук чечимин тапты деп айтуу али эрте. Ошондуктан, ушул тилдер боюнча тарыхый -салыштырмалуу, салыштырмалуу-диахрондук, синхрондук изилдөөлөрдү толугураак жүргүзүү керек. Мындай изилдөөлөр тил илиминин кенже бөлүмү сөз жасоо үчүн өзгөчө маңыздуу.

Монгол тил илиминде сөз жасоо маселеси И.Я.Шмидт (1832), О.М.Ковалевский (1835), А.В.Попов (1847), А.Бобровников (1835) сындуу окумуштуулар жазган алгачкы грамматикалык эмгектерде изилдене баштады. Сөз жасоодо колдонулган ыкманын формалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу сөз жасоочу ыкмаларды аффикстүү жана аффикстүү эмес деп экиге бөлүп кароо монгол тил илиминде салтка айланган. Аффикстүү сөз жасоо дегенибиз - жаңы сөздүн мүчө жалгануу аркылуу жасалышы болсо, ал эми аффикстүү эмес сөз жасоого калган ыкмалардынг бардыгын киргизет. Мындай сөз жасос ыкмаларына

сөздүн лекцияланып башка мааниге ээ болушунан баштап. фонетикалык, семантикалык, синтаксистик ыкмаларды киргизет. Жана бул ыкмаларга сөз жассонун лексика-семантикалык, лексика-морфологиялык, лексика-синтаксистик жана фонетикалык жолдору деген аталыштарды берет. Бул сөз жасоонун салттуу бөлүнүшү түрк жана монгол тилдеринде бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. "Грамматика бурятского языка" (1962), "Грамматика монгольского языка" (Тодаева 1951), "Грамматика калмыцкого языка" (1983), "Грамматика турецкого языка" [Кононов 1941, 1956], "Грамматика башкирского языка" [Дмитриев 1948] сыяктуу эмгектерден муну байкоого болот. Жалгамлуу тилдер болгондуктан, монгол тилдеринде да, түрк тилдеринде да сөз жасоочу, сөз өзгертүүчү мүчөлөрдүн түрү менен саны көп. У.-Ж.Ш. Дондуков сөз жасоо процессин салтуу грамматика боюнча морфологиянын алкагында гана кароо сөз жасоонун бардык теориялык маселелерин камтый албагандыгын эскертет [Дондуков 1993: 7].

XX кылымдын экинчи жарымында сөз жасоону өзүнчө бөлүм катарында кароо маселеси күн тартибине коюлат. Түрк жана монгол тилин изилдеген окумуштуулардын бардыгы сөз жасоонун фонетикалык, семантикалык, синтаксистик жолдорунун морфологияны чөйрөсүнө сыйбагандыгын айтып, сөз жасоонун тил илиминин өзүнчө бөлүмү катарында каралышын колдоду. Ошондой эле морфологиянын көлөкөсүндө калган сөз жасоонун теориялык маселелеринин да толук чечимин табуу кыйын эле. Калмак тилинин изилдөөчүсү Д.А.Сусееванын (1972, 1978) эмгектеринде гана өзүнчө айтылганы болбосо, түрк тилинде да, монгол тил илиминде да сөз жасоо уясы, сөз жасоонун түзүлүшү, сөз жасоонун мааниси, сөз жасоонун үлгүсү, сөз жасоо тизмеги сыяктуу сөз жасоонун терминдери толук калыптанган эмес. Сөз жасоо тилдин калыптанган ички системасынын өзгөчөлүгүн көрсөтөт, ошол тилдин табиятын таанытат. Ошондой эле тил коом менен бирге өнүгүп жаңы сөздөр менен толукталып тургандыктан, тил илиминин сөз жасоо бөлүмү да дайыма ар тараптуу изилдөөлөрдү талап кылат.

Монгол тилинин сөз жасоосун таанытткан мыкты эмгек деп О.М.Ковалевский (1844) менен К.Ф.Галстунскийдин (1893-1895) сөздүгүн айтууга болот. Бул сөздүктөн монгол тилинин көптөгөн туунду сөздөрүн кезиктирүүгө болот.

XX кылымдын алгачкы жарымында Б.Я.Владимирцов (1929), Г.И.Рамстедт (1908, 1957), В.Л.Котвич (1962) сыяктуу монгол таануучу окумуштуулар сөз жасоо багытында кызыктуу фономорфологиялык кубулуштарды ачты, тыбыштардын алмашуусу менен интерфиксацияга токтолду, үнгулардын этимологиясын аныктап, байыркы монгол тилиндеги негиз менен курандынын түзүлүшүн талдады.

Окумуштуу Г.Д.Санжеев (1941, 1959) менен Т.А.Бертагаев (1961, 1974) сөз жасоонун лексика жана грамматика менен байланышын изилдеп, үнгу менен мүчөлөрдүн этимологиясына өзгөчө көңүл бөлдү. Татаал сөздөрдүн жасалышына, анын ичинде кош сөзгө өтө көңүл бурулуд. Г.Д.Санжеев "Грамматика бурят-монгольского языка" аттуу эмгегинде аталган маселе "Татаал сөздөр" аттуу өзүнчө бөлүмдө каралды. Сөздөрдүн айкашуусу аркылуу татаал сөздүн жасалышын сөз жасоонун өзүнчө ыкмасы катарында караган. Бул эмгегинде окумуштуу кээ бир кош сөздөрдүн чыгуу тегин аныктап, татаал сөздөрдүн жасалышын синтаксис менен байланышын талдайт. Ал эми "Современный монгольский язык" (1959) аттуу эмгегинде сөз жасоонун лексика менен тыгыз карымкатышы тууралуу изилдеген.

Монгол тил илиминдеги сөз жасоонун өнүгүшүнө зор эмгек сиңирген окумуштуу Т.А.Бертагаев болду. "К исследованию лексики монгольских языков" (1961) аттуу эмгегинде монгол тилинин говорлору менен диалектлерин өзүнчө изилдеп, алардагы жаңы сөздөрдүн жасалышындагы өзгөчөлүктөр токтолгон. Бул эмгегинде Т.А.Бертагаев монгол тил илиминде биринчи болуп, бурят тилинин говорлору менен диалектлериндеги сөз жасоо жолдорун ар тараптуу изилдеди. Ал эми "Морфологическая структура слов в монгольских языках" (1969) аттуу монографиясында өзүнө чейинки монгол тил илиминдеги сөздүн морфемалык курамын изилдеген эмгектерди түгөл карап, жекече корутундусун жасады жана монгол тил илиминин кээ бир талаш маселелерине байланыштуу өз жыйынтыгын колдонду. Аталган эмгегинде үнгу менен мүчөнү, префикс менен инфиксти талдап, нөлдүк морфемаларга сыпаттама жасады. Монгол тилиндеги фузия, символизация, ички флексия сыяктуу тилдик кубулуштарды ачып көрсөттү. Ал эми Т.А Бертагаевдин "Лексика современных монгольских литературных языков" (1974) китеби монгол тил илиминдеги сөз жасоого кошулган баалуу эмгек эле. Мында сөз жасоо процесси семантикалык жактан каралып, бурят жана монгол тилиндеги сөз жасоо терминдери каралган. Сөз жасоо жолдору системалаштырылып, фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик, семантикалык болуп жиктелди.

Монгол тил илиминде окумуштуу Б.Х.Тодаеванын да (1960) кайталангыс кол тамгасы бар. Ал кытай диалектлери менен монгол тилин салыштырып, тилдик материалдарга илимде талдоо жасады (1973). Окумуштуу монгол тилиндеги жаңы сөз жасоодогу аффикстүү жолдун өнүмдүүлүгүнө назар салды.

Монгол тил илиминин сөз жасоо бөлүмүндө А.А.Дарбеева эмгектеринин да өзгөчө орду бар. Ал монгол тилинде алгач ирет сын атоочтун субстантивдешин сөз жасоонун бир жолу катарында белгилеген. "К вопросу о парных словах в бурятском языке" деген макаласында бурят тилиндеги кош сөздөрдүн курулушу менен кызматын изилдеп, чыгыш тегине назар салып, түрк тилдери менен окшоштугуна көңүл бурган. Кош сөздөрдүн фонетикалык жолу аркылуу өзгөрүшү тууралуу эмгек жазды (1964). Ал 1980-жылы жарык көргөн "Развитие общественных функции монгольских языков в советскую эпоху" аттуу макаласында сөз жасоого таасир эткен экстралингвистикалык факторлорго токтолот, тилдердин бири-бирине тийгизген таасирир тууралуу атап көрсөтөт.

Монгол тил илиминин өзөктүү маселелерине зор салым кошкон окумуштуулардын катарында М.Н.Орловская (1961, 1974) менен З.Б.Шевернина (1974) бар. Бул окумуштуулар да сөз жасоо жолдоруна көп көңүл бурган.

Д.А.Сусеева "Закономерности развития калмыкского языка в советскую эпоху (развитие словообразовательный системы)" (1978) аттуу эмгегинде калмак сөз жасоосуна байланыштуу маселелерди карады, негизги бирдиктер менен сөз жасоочу жолдорго токтолуп, адвербиалдашуу, субстантивдешүү, адъективдешүү процессин талдайт.

XX кылымдын 50- жылдарынан баштап бурят жана монгол тил илиминдеги сөз жасоо маселеси менен алектенген окумуштуу У.-Ж. Дондуков тарабынан зор эмгектер жазылды (1964, 1993, 2004).

"Окумуштуу Л.Д.Шагдаров (1962, 1974) сөз жасоону монгол адабий тилинин функционалдык-стилистикалык жагынан караган.

Совет чөлкөмүндө гана эмес Монголияда да сөз жасоого байланыштуу эмгектер жарык көрө баштады. Монгол академиги Ш.Лувсанвандан "Орчин цагийн монголхэлний бүтэц" (1967) аттуу чоң эмгегинде азыркы монгол тилиндеги бардык сөз тобуна сыпаттама жасап, кездешкен мүчөлөргө кеңири талдоо жасайт. Ш.Лувсанвандан эмгегинин эң башкы жетишкендиги талдоолорунда дистрибутивдүү жолун колдонгон. Биринчиден, ал азыркы монгол тилиндеги сөздөрдүн байыркы уңгулары менен өлүү мүчөлөргө токтолду. Экинчиден, азыркы монгол тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөр менен сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү өзүнчө тизмектеп, талдайт. Ошондой эле антоним жуптардан ?уралган кош сөздөрдү карап, редупликат сөздөргө көңүл бурат. Ш.Лувсанвандан эмгегинен азыркы монгол тилинин сөз жасоосу менен морфологиялык системасына байланыштуу көптөгөн кызыктуу маалыматтарды кезиктирүүгө болот.

Монгол лингвисти Ч.Лувсанжав монгол тилиндеги сөздөрдүн түзүлүшүн сыпаттаган "Сопоставительный анализ морфологической структуры слова в монгольском и английском языках" (1971) аттуу монографиясын чыгарды.

Ал эми профессор А.Лувсандэндэв "Структура слова в монгольском языке" (1982) аттуу эмгегинде монгол тилиндеги уңгу, морфема менен сөз жасоо уясы сыяктуу түшүнүктөргө сыпаттама жасады.

1986-жылы Улан-Батор шаарында окумуштуу Л.Балддын "Орчин цагийн монголхэлний дагавар" деген ат менен монографиясы жарык көрдү. Бул эмгекте азыркы монгол тилиндеги сөз жасоочу мүчөлөр XIII кылымдагы байыркы жазма монгол тилинин мүчөлөрү менен салыштырган. Кийинки кезде монгол тил илиминде сөз жасоонун ар түрдүү аспектилерине багытталган көптөгөн макалалар жана атайын изилдөөлөр жарык көрдү.

Адабияттар

1. Чареков С.Л. Наречие в монгольских языках в сравнение с другими алтайскими языками. // Грамматические исследования по отдельным алтайским языкам. -СПб.: Наука. 1989.

2. Чареков С.Л. Семантическая структура словообразования в русском и алтайских языках.-СПб.: Наука, 2004.

3. Шагдаров Л.Д. Изобразительные слова в современном бурятском языке. -Улан-Удэ, 1962.

С.С.Жумалиев, *ТалМУ*

"МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ-ТҮРК ДООРУНА МҮНӨЗДҮҮ ЛЕКСИКАЛЫК КАТМАР

Байыркы кыргыз-түрк дооруна мүнөздүү лексикалык катмарды аныктоодо "Манас" эпосундагы сөздөрдү Орхон-Энесай жазмаларынын тексттери менен салыштырып кароо максатка ылайыктуу. Себеби аталган жазма эстеликтердеги сөздөр ошол доордогу түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз тилинин абалын тике чагылдырып турары С.Е.Маловдун, И.А.Батмановдун, В.М.Насиловдун, А.М.Щербактын, А.Н.Кононовдун, Э.Тенишевдин, А.С.Аманжоловдун, Г.Айдаровдун, С.Сыдыковдун, Ч.Жумагуловдун, К.Конкобаевдин, У.Асаналиевдин илимий эмгектеринде белгиленген.

Чындыгында таш бетиндеги бул тарых түрк элдеринин "тилинин 5-9-кылымдардагы өсүп, өнүгүш абалын илимий негизде изилдөөгө база болуп да саналат" [5,6-бет]. Эмне үчүн байыркы кыргыз-түрк доору деп атаганыбыздын жөнү: "Кыргыздар Орто Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирет. Азыркы кезде Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кезиккен бир дагы эл болбосо керек" [6,16-бет]- деген В.Бартольддун жана кыргыздар тууралуу мындан башка тарыхый-лингвистикалык эмгектерде кездешкен маалыматтарга таянылып алынды. Тагыраак айтканда, "840-жылы кыргыздар уйгурларды жеңип, алардын Орхондогу борборун алышкан. Натыйжада, Монголиядагы үстөмдүк кыргыздарга өтүп, Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндөгү эң күчтүү көчмөн державага айланган. Ошентип, Борбордук Азияда 9-10-кылымдарда "Улуу кыргыз каганаты" түзүлгөн" [6,17-18-бет] жана бул каганат жүз жыл чамасында (840-945-ж.) өмүр сүргөн. Уйгурлар менен болгон согуштук окуянын элестери "Манаста" да учкай айтылат:

Уругу кыргыз алаштан,
Уйгурлуктун баарысы
Урушуп өлдү Манастан,
Убара болду канча жан,
(С.О., 3-том, 1995, 66-бет)

Мына ушул мезгилдердеги кыргыз тилин байыркы кыргыз тили деп эсептөөгө толук негиз бар жана анын далили катары Энесайдагы түрк-рун жазууларын көрсөтө алабыз. Себеби бул жазууларды С.Е.Малов, И.В.Кормушин, Э.Т.Тенишев, С.Г.Кляшторный. Д.Васильев, Ч.Жумагулов, С.Сыдыков ж.б. окумуштуулар дагы байыркы енисейлик кыргыздарга таандык деп эсептешет.

Профессор Б.М.Юнусалиев байыркы кыргыз тили жөнүндө: "Енисейлик эстеликтердин тилин жалан кыргыз тили гана эмес, башка жакын тектеш тилдерге да ошол эле даражада жакындатууга болор эле, анткени азыркы убактан байыркыны кездей канчалык алыстаган сайын тектеш тилдер ошончолук бири-бирине жакындай түшөт" [7,57-бет] - деп, энесайлык эстеликтердин тилин тектеш тилдерге жакын экендигин баса белгилейт. Ошол эле учурда "Борбордук жана Орто Азиянын чыгыш тарабында түрк жана монгол тилде-

ринде сүйлөгөн уруулар жашаган. Минусинск ойдуңунда байыркы кыргыздар, Орхондо, Селенганын Байкалга куйган алабында, жана анын батыш тарабында ашин уруулук бирикмеге кирген төлөс, тардуш, теле уруулары мекендешкен. Ал эми төлөстөрдүн батыш жагында алтайлыктардын ата-бабалары, түштүк жагында уйгурлар, Байкалдын жээктеринде жана анын батыш жагында курыкандар (якуттардын ата-бабалары), алардын түндүгүндө тогуз огуздар жайгашкан" [5,8-бет]. Мына ушул элдер тарабынан колдонулган өзүнчө жазуусу - түрк-рун жазуусу болгон жана кезинде ушул рун жазуусу менен жазылып калган таш эстеликтери бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Кыскасы, ал жазуулар биздин замандын 5-6-кылымдарынан 9-кылымдарга чейинки кыргыз-түрк уруулларынын тилин чагылдырып тургандыктан, аны байыркы кыргыз тилинин субстраттык доору катары эсептөө туура.

Байыркы алтай, андан кийинки хун доорунда пайда болгон алтай тилдерине орток лексиканын курамына байыркы кыргыз-түрк доорунда кеңири колдонулууга мүмкүнчүлүк алган заттык, сандык, сындык, кыймыл-аракеттик маанидеги сөздөрү кошулган. Себеби аталган сөздөрдүн тобу азыркы учурда бардык түрк тилдеринде орток лексиканы түзөт жана ал байыркы кыргыз-түрк доорунда калыптанганы да байкалып турат. Ошол эле учурда азыркы батыш түрк тилдеринде ушундай байыркы формалар кеңири сакталса, чыгыш түрк тилдеринде алардын көбү тыбыштык жактан өзгөргөн. Мисалы: азыркы кыргыз тилиндеги *тоо, суу, тон, жол, жүк, бир, эки, мен, сен, ак, кара, ал, бер, кел ж.б.* сыяктуу сөздөр Орхон-Энесай эстеликтеринде дагы орун алат, бирок фонетикалык жактан азыркы айтылышынан башкача өң-келбетте айтылган: *суб, йол, йер ~ йир, йыл, беш, бир, кал (э), кыл (э), бег, эге (кудай), эш (дос, жолдош), эрен, сиңил (сиңди), агар "асыл буюм", агы (айыл), ириг (ириң), катун (катын), отаг (отоо үй), челиг (салгылашуу), йыг (ый), эб (үй), ай (айт), сач (чач), тул (өлгөн адамдын кейпи окшоштурулуп жасалган куурчак), таг (так, трон), тон, адаш (аяш, жолдош), адак (аяк), адыр (айыр), теңри (теңир), бод (бой), агыз (ооз), адгыр (айгыр), теве (төө), өкүз, табышкан (коен), такыгу (тоок), очук (очок), кедим (кийим), кеш (кур, илгич), сүңүг//сүңгү (найза), йарак (жарак), кылыч, кан (хан), курыйа (батыш), өңре (чыгыш), берийе (түштүк), йырайа (түндүк), чериг (кол), бичиг (китеп, жазуу), кис (киш), санч (жанч), инген, Түпүт (Тибет) ж.б* [5,51-52-беттер; 8,202-204-беттер; 9,20-23-беттер]. Ал эмес лексикалык курамында азыркы убакта кыргыз тилинде колдонулбаган, бирок өз учурунда активдүү лексиканы түзүп, кийинчерээк архаизмге айланган сөздөр дагы бар: басык (малай), йаба (бекер, жөнү жок), көдүк (иш, жумуш), саб (сөз), эргитеб (килем), тарлаг (айдоо жер, аңыз), кудуз (аял), кунчуй (аял), кагадаш (курдаш), кү (атак), күлүг (атактуу) ж.б.

Ушул Орхон-Энесай эстеликтериндеги саналып көрсөтүлгөн лексикалык фактылардын негизинде байыркы кыргыз-түрк доорунда сөз башында дээрлик */й/* тыбышы колдонулганын: *йаш* "жаш", *йылкы* "жылкы", *йаз* "жаз"; байыркы кыргыз же түрк тили ***"д"*** тили болгонун, т.а. азыркы кыргыз тилиндеги */й/* тыбышына туура келгенин: *адгыр* "айгыр", *адыр* "айыр", *адак* "айак", *код* "кой, калтыр"; экинчи баскычтагы (кийинки) созулмалардын ордуна жумшак */г/* тыбышы колдонулганын: *огул // огл* > "уул", *багыр* > "боор", *ораг* > "ороо", *катыг* > "катуу", *суб* > "суу", *агыр* >"оор", *ахыс* >"ооз", *даг* > "тоо"; сөз башында уяң */м/* тыбышынын ордуна дээрлик жумшак */б/* тыбышы келгенин: *бен* "мен", *биң* "миң", *буң* "муң", *баңа* "мага"; сөз ичинде үндүү тыбыштар орун алмашып айтылганын: *эл - ил* (эл), *агаз - агыз* (ооз), *тез - тиз* (тез), *мына - муна* (шилтеме ат атооч), *балык - балуг* (шаар); сингармонизм закону орун алганын (жоон-ичке, кең-кууш): *асыг* "ашык, пайда", *каганлык* "кагандык", *ичинте* "ичинде"; муун түзүлүшү V (*у* "уйку", *ы* "ыгач > жыгач"), VC (*ач* "ач", *эр* "эр"), CV (*те* "де, сүйлө"), VCV (ата, ини, ага), VCC (*алп* "алп, баатыр"), CVCC (*корк* "корк", *санч* "жанч", *барс* "барс") тибинде болгонун биле алабыз.

Демек, байыркы кыргыз-түрк доорундагы сөздөрдүн бир катары азыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдөн өзүнүн фонетикалык турпаты боюнча, кээлери лексика-семантикалык мааниси жагынан дагы бир аз айырмачылыктарга ээ болгон. Мына ушундай бөтөнчөлүктөргө ээ болгон сөздөр "Манас" эпосунда да кездешет, б.а. ал доордун кээ бир тилдик белгилери төмөнкү сөздөрдө сакталып калганын көрөбүз:

Узартпай сөздүн кыскасын,
Кайдан ***катын*** алганын,
Манас болуп баласы
Каканга чатак салганын,
(С.О., 2-том, 1980, 366-бет)

Сүңгү сүйрөп, найзаны
Салганды көрбөй жүрүпмүн,
(С.О., 4-том, 1997, 112-бет)

Алакандай ***түрк*** уулу,
Он бирдин бирин жиберген
Байгуш деген ***беги*** бар.
(С.О., 3-том, 1995, 16-бет)

Окуп-окуп көргөнү,
Ою терең ***эрендер***
(С.О., 4-том, 1997, 105-бет)

Казынасын ачтырып,
Агар алтын, ак күмүш
Алып чыгып үрөндөй
Көчөлөргө чачтырып.
(С.О., 4-том, 1982, 30-бет)

Жүргөн экен аман - деп,
Мындай улуу ***черүүдө***
Дейдилик деги жаман деп,
(С.О., 4-том, 1997, 110-бет)

Не түрлүү эмгек жеткирип,
Эгеме нечүк чара бар,
(С.О., 4-том, 1997, 155-бет)

Отоо үйдөй куш чыгып
Орто жолдо өзүмдү
Илип алып кеткени
(С.О., 4-том, 1997, 68-бет)

Урушта өлүп эркеги
Жаш келиндер ***тул*** калган.
(С.О., 4-том, 1997, 163-бет)

Көңүлүмдөн чыгардым
Кайта ***такка*** минерди.
(С.О., 4-том, 1997, 122-бет)

Казынадан ат минип,
Катарлап сонун ***тон*** кийип,
Жаракты жайлап мол алып,
(С.О., 4-том, 1997, 122-бет)

Атым менен атың бир
Аныk ***адаш*** экенсиң,
(С.О., 4-том, 1997, 150-бет)

Билимим сенден кем белем?
Бичиктен бир жүз окудум,
Илимим сенден кем белем?
(С.О., 4-том, 1997, 134-бет)
Жамынганы кара ***киш,***
Бети нурлуу, бермет тиш,
(С.О., 3-том, 1995, 274-бет)
Беймаал ***тоок*** туш-тушта
Кулак тунуп чакырды.
(С.О., 4-том, 1982, 43-бет)
Жанчканын жыгып кулатып,
Далайын союп сулатып,
(С.О., 4-том, 1982, 331-бет)
Алтоо ***боюн*** тенешти
Акылдашып кенешти:
(С.О., 2-том, 1995, 75-бет)
Ак баш ***инген*** төө болсун,
Аты жоктор жөө болсун,
(С.О., 1-том,1995,116-бет)
Кайнап жатат канча жан,
Бендеси го ***теңирдин.***
(С.О., 3-том, 1995, 83-бет)
Саян-***Жайлак***, Ара-Көл,
Алардын аңын уулашып,
(С.О., 2-том,1980,289-бет)
Тебиттин аркы тушунда,
Тырп чыкпай калган ушунда.
(С.О., 1-том, 1995, 126-бет)

Эпостун ыр саптарында кездешкен *какан, бичик, адаш, тон, бек, киш, тоок, жарак. так, агар, отоо, тул, чөрүү, эрен, сүңгү, түрк, жанч, бод, инген, теңир, Тебит, жайлак* сыяктуу сөздөр мына ошол байыркы кыргыз-түрк доорунан калган реликтилик көрүнүш, бирок алардын айрымдарынын айтылышы кийинки кыргыз тилинин фонетикалык мыйзамдарына багындырылган, маселен: *чериг эмес черүү, такыгу эмес тоок. каган эмес какан//кан, йарак эмес жарак, отаг эмес отоо, адаш эмес аяш, санч эмес жанч, бод эмес бой, жайлак эмес жайлоо.* Басымдуу көп сөздөрдүн айтылышы менен берген маанилери мурунку калыбынан бузулбай азыркыга чейин ошол байыркы келбетинде сакталган: *тон, бек, киш, так, агар, тул, эрен, сүңгү, түрк, инген, теңир, адаш* говордо ж.б. *Тибет* түрүндө айтылган топонимдик аталыш байыркы кыргыз-түрк доорундагы эстеликтерде *Түпүт* түрүндө учурайт, "Манастагы" айтылышы болсо анын кийинки варианты болуп саналат: *Тибет > Тебит.*

Байыркы кыргыз-түрк доорунда дыйканчылыкка жана курулушка байланыштуу лексикасы дагы ургаалдуу өнүгүүгө багыт алган. Маселен: Орхон-Энесай эстеликтеринде курулушка байланыштуу: *там, агыл* (мал короо), *балык* (шаар), *барк* (имарат, курулуш), *бедиз* (оймо-чийме), *бедизчи* (көркөм кооздоочу уста), *бедис* (кооздоо), *бентез* (имарат), *капыг* (капка), *капар* (каалга), *курган* (коргон), *туруг* (турак жай), *тон* (коргон, чеп), *йапыты* (куруу, жасоо) сөздөр жолугат. Бирок дыйканчылыкка байланыштуу *эгин, эгиндик, аңыз* (айдоо жер), *тарлаг* (эгин себилген жер) [8,226-328-беттер] деген саналуу гана сөздөр орун алган. Ушул байыркы кыргыз-түрк доорундагы курулушка дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн ичинен "Манас" эпосунда *балык, курган, капка, турак, эгин, аңыз* деген сөздөрү кездешип, бир гана *тарлаг* сөзү учурабайт:

Ол Кыргыздын болуптур
Кырктан ашык баласы,
Башта турган жери экен
Бадакшан, ***Балык*** калаасы,
(С.О., 4-том, 1997, 52-бет)
Бадышалык чон ***коргон***,
Каалгасы сом калай,
Салтанаты бир далай.
(С.О., 4-том, 1982,21-бет)
Сырт ***капкасы*** ачылып,
Сырттандардын баарысы
Сырлуу бараң асынып,
(С.О., 4-том, 1982, 24-бет)
Эгин айдап, мал багып,
Эл ичине калсын -деп,
(С.О.,2-том,1995,116-бет)ж.б.

Ошентип, байыркы кыргыз-түрк доорунда мурунку алтайлык жана хундук этаптарда калыптанган тууганчылыкка, аңчылыкка, мал чарбачылыгына, анатомиялык аталыштарга жана аскердик-саясий түшүнүктөргө байланыштуу лексикага дыйканчылык лексикасы менен курулуш лексикасы дагы кошула баштаган, бирок ал мезгилдеги дыйканчылык лексикасынын курамы азыркы кыргыз тилиндегидей анчалык бай болгон эмес. Байыркы кыргыз-түрк доорундагы сөздөрдүн бир даары азыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдөн өзүнүн тыбыштык формасы боюнча, кай бирлери лексика-семантикалык мааниси боюнча айырмачылыктарга ээ болгон, тагыраак айтканда, айрым сөздөрдүн айтылышы кийинки кыргыз тилинде фонетикалык жактан өзгөрүүлөргө кабылса, басымдуу көп сөздөрдүн тыбыштык айтымы менен семантикасы абалкы калыбынан бузулбай аталган доорго мүнөздүү тилдик белгилердин элеси азыркыга чейин "Манас" эпосунун тилинде реликтилик формада сакталып калган.

Адабияттар

1. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. -М., 1952.
2. Батманов И.А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. -Ф., 1959.
3. Насилов В.М. Язык орхоно-енисейских памятников. -М., 1960.
4. Кононов А.Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников VII - IX вв. -Л., 1980.
5. Орхон-Енисей тексттери. -Ф., 1982.
6. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. -Б., 1997.
7. Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. -Ф., 1971.
8. Сыдыков С., Конкобаев К. Байыркы түрк жазуусу (7-10-кылымдар). -Б., 2001.
9. Жумалиев С.С. Байыркы түрк тилдери. - Б., 2012.
10. "Манас" эпосу. /С.Орозбаковдун варианты. 1,2,3,4-томдор. -Б.: Шам, 1995-1997.

Хасан Бота,
И.Арабаев атындагы КУУ

ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕ СӨЗ ЖАСООНУН ИЗИЛДЕНИШИ

Тил - таанып билүүчүлүк менен талбай изилдөөнү талап кылган татаал кубулуш. Тил - карым-катыш куралы гана эмес, ошол улутту бүтүндөй таанытқан, улуттук менталитети менен психологиясын көрсөткөн, теги менен тарыхынан кабар берген өтө татаал процесс. Эл маданиятынын деңгээли да тил менен таазаланат. Тил коомдо карым-катнаш куралы катарында кызмат кылып, адам оюнуну өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет. Эң башкысы, тил да муктаждыктан туулат, ошондуктан анны менен тарых менен коомдон, карым-катыштан, ойлоо менен таанымдан бөлөк карай албайбыз. Тилге деген муктаждык, талап жаны сөздү жасоону талап кылат. Тилдеги жаңы сөздүн жасалышы тилдин тынымсыз өнүгүп тураарын далилдейт. Жаңы нерсеге атоо берүү ар бир улуттун өзүнүн өзгөчөлүгү менен тыгыз байланышта. Ошондуктан табияты жакын, түзүлүшү окшош тектеш тилдердин сөз жасамдык системасы да шайкеш болуп келет. Генетикалык тектештикти аныктоодо тилдердин сөз жасоо системасын сылыштырып изилдөө маныздуу болуп саналат. Казак жана монгол тилдеринин түп тамыры болуп саналган алтай тилинин курамына кирген тектеш, туугандыгын далилдөө үчүн ошол тилдердин сөз жасоо системасын тыянактуу изилдөө керек.

Азыркы мезгилде Алтай тилдеринин чыгуу тегин, тууганлык катышын, өнүгүш тарыхын, өз ара байланышын ар тараптуу изилдеген жалпы тил илиминин салыштырмалуу өзгөчө бутагы алтай тил илими толук калыптанган. Алтай тилдеринин тектештиги тууралуу алгачкы божомолдоолор мындан 300 жыл мурун айтыла баштаган. Азыркы күнгө чейин алтай тилдери дүйнөлүк компаративистиканын маңызду изилдөө объектиси болуп отурат. "Урал- Алтай тилдери" тууралуу теориянын негизин 1730-жылы Стокгольмдо немис тилинде жарык көргөн "Das Nord und Ostliche Theyl von Europa und Asia" ("Европанын түндүк жана чыгыш бөлүгү менен Азиянын тарыхый - географиялык сыпаттамасы") деген эмгеги менен швед окумуштуусу И. Табберет - Страленберг түзгөн [Strahlenberg, 1730]. Өзүнүн аскердик өмүрүн илим менен тыгыз байланыштырган окумуштуу Урал - Сибирь тилдеринин тектештигине өзгөчө маани берди. Ал Сибирде узак убакыт жашап, жергиликтүү элдин тили менен, турмуш-тиричилиги менен кенен таанышкан. Окумуштуу колундагы маалыматтардын негизинде биринчи жолу Урал жана алтай тилдеринин классификациясын жасады. И.Страленбергдин алтай тилдеринин тектешиги тууралуу гипотезасы көптөгөн окумуштуулар тарабынан колдоого алынган. XVIII кылымда окумуштууларды кызыктырган бул маселени андан кийин немис, орус, англис, француз, венгер, швед, финн, жапон, корей, түрк жана монгол окумуштуулары да изилдеди. В.Шотт, М.А.Кастрен О.Бетлингк, А.Вамбери, Ф.И. Видеман, Г. Винклер, Ю. Немет, И. Грунцел сыяктуу изилдөөчүлөр ошолордун алгачкы катарынан көрүнөт.

Немистин полиглот окумуштуусу В.Шотт тектеш тилдердин грамматикасын изилдөөнүн түрдүү адистердин пикирлерин карап, финн жана монгол -тибет эросторун изилдеди жана бул тилдер арасындагы байланышка өзгөчө назар салды [Schot, 1836; 1849].

Швед окумуштуусу М.А.Кастерн 1845-жылы Урал жана Алтай тилдеринин арасындагы тектештик тууралуу болжолду колдоп, докторлук диссертациясын коргоду. Окумуштуу алтай тилдеринин курамына финугор, самодий тилдерин, түрк тилдерин, монгол тилдерин жана тунгус-манчжур тилдерин киргизет [Памяти М.А.Кастрена, 1927, 36-57].

Араб жана фарси тилдери боюнча изилдеген, немис окумуштуусу О.Бётлинг якут оозекм адабиятынын ұлгүлөрүн жыйнактап жүрүп, 1949-жылы "Якут - немис сөздүгүн" бастырып чыгарды. Ал 1851-жылы якут тилинин грамматикасын ар тараптан изилдеген чон эмгек дүнүйөгө келди [B?htlingk, 1849 - 1851]. 1853-жылы бул эмгек орус тилине которулат. О.Бётлингктин бул эмгегин окумуштуулар жалпы түркологиянын туташ доорун таанытты деп баалады [Слепцов, 2011]. Узак убакыт бою тилдерди салыштырып изилдеген окумуштуу якут тилин түрк тилдеринин ичинен биринчи бөлүнүп чыккан тил деген жыйынтык чыгарат. Башка түрк тилдери менен салыштырганда якут тилинин өзгөчөлүктөрү көп. Бардык түрк тилдеринде бар илик жөндөмөсүнүн якут тилинде болбогону окумушутуунун көңүлүн бурдурду. Бул жөндөмө якут тили ата түрк тилинен бөлүнгөндөн кийин гана калыптанкан болсо керек деп божомолдойт. Өз кезегинде якут тилин изилдөөчү С.В. Ястревский якут тилинен илик жөндөмөнүн көмүскөлөнгөн издерин тапкандагын жарыялаганы менен, кийинки таанымал компаративистер, академик Б.А. Серебренников менен профессор Н.З. Гаджиевалар, байыркы түрк тилдеринде илик жөндөмөсүнүн болбогону тууралуу айтууга далилдүү негиз бар дейт [Серебренников, Гаджиева, 1986, 76]. Академик В.В. Радлов "Якут тилинин түрк тилдери менен байланышы" аттуу эмгегинде якут тилинин түрк тили эмес экендигин далилдөөгө тырышканы менен, түркологдордун көпчүлүгү О.Бётлингк алгач ирет орус алфавити аркылуу түрк тилдерине тиешелүү болгон тыбыштарды транскрипциялап отуруп, якут тилинин тыбыш системасынын терен изилдөөгө жол ачты.

Ал эми Орто Азия менен Европаны кыдырган венгер окумуштуусу, саякатчы А.Вамбери венгер тилинин түркий тектеш тилдерден өнүккөндүгү тууралуу болджом жасайт. Жана өз гипотезасынын акыйкаттуулугун далилдөө үчүн, дербишче кийинип, Рашид Эфенди деген лакап ат менен Орто Азияны аралайт. Меккеге ажылыкка бара жаткандарга илешип, Борбордук Иранга, Хиуа хандыгы менен Букара хандыгына чейин барды. 1864-жылы башынан өткөн окуяларды сыпаттаган илимий эмгеги жарык көрдү. 1865-1905-жылдары Будапешт университетинде чыгыш тилдеринен дарс окуган илимпоз өз эмгектерин англис, немис, венгер тилдеринде жазды.

Фин тилинин көрүнүктүү окумуштуусу Ф.И. Видеман да алтай тилдеринин тууганлыгын жактайт [Видеман, 1872]).

Венгер чыгыш таануучусу Ю.Немет да Урал жана Алтай тилдери арасында өтө байыртадан келе жаткан генетикалык байланыш бар деген пикир айтты [Nemeth, 1912].

XX кылымдын 30-жылдарында Е.Д. Поливанов жана Г.И. Рамстедт Алтай тилдеринин керегесин кенейтип, ага корей тилин да кошот [Поливанов, 1927], [Рамстедт, 1957]. Алтай жана Урал тилдерине караганда, корей тилинин алтай тилине жакындыгы Г.И.Рамстедттин эмгектериндеги салыштырылып изилдеген материалдардан айкын көрүнөт Ал алтай тилдеринин угро-фин тилдери менен байланашын жокко чыгарып отуруп, алтай тилдеринин курамына жапон жана корей тилдерин киргизет. Ошону менен бирге бардыгына орток монгол-түрк деген терминде колдогот [Рамстедт, 1957]. Корей жана алтай тилдерине орток лексикалык жана грамматикалык элементтердин мол болуусу окумуштуунун мындай жыйынтык жасоого негиз болгон. Г.И. Рамстедттин пикири башка Алтай таануучулардын да колдоосуна ээ болду.

Немис окумуштуусу Г. Винклер Алтай тилдеринин курамына жапон тилин да киргизди [Winkler, 1984]. Швед окумуштуусу Б.Коллиндер юкагир тилин изилдеп, Урал тили менен палеоазиат тилдеринин арасындагы генетикалык байланыш тууралуу сөз кылат [Collinder, 1948]. Белгилүү француз окумуштуусу Ж.Дени да алтай тилдерине жалпы сыпаттама жасап отуруп, анын башка тилдер менен байланышы тууралуу эмгегин жарыкка чыгарды [Deny J, 1924].

Алтай тилдерине арналаган тарыхый-салыштырма изилдөөлөргө кайрылсак, бардык бөлүмдөрдүн ичинен фонетика терең изилдеген. М.Грунцелл менен Ш.Гомбоштун эмгектеринде алтай баба тилинин фонетикалык курамы сыпатталды [Grunel, 1890], [Gombocz, 1912]. Француз окумуштуусу Л.Адам алтай тилдериндеги үндүү тыбыштардын тил менен эриндин катышына карай үндөшө айтылышына өзгөчө назар салган [Adam, 1874].

У.Ж.Дондуков кош сөздөргө да өзгөчө назар бурган. Бурят тилиндеги кош сөздөрдү сыпаттаган окумуштуунун пикирлери монгол тилин изилдөөчүлөрдүн салттуу пикирлери менен шайкеш келе бербейт. Ал 1968-жылы окумуштуу Н.Г.Данчинова менен бирге "К вопросу о парных словах в монгольских яхыках" аттуу макала жазып, кеңеш жана чет элдик окумуштуулардын ошол такырыпта жазылган эмгектерине талдоо жасайт. 1993-жылы жарык көргөн "Словообразование монгольских языков" аттуу монографиясында алгач ирет монгол тил илиминде өнүгүшүгүн интралингвистикалык динамикалык жолун караштырып, азыркы монгол тилинин лексикасынын байуусу жана жаңылануусундагы өзгөчөлүктөргө токтолот. Ошону менен катар окумуштуу бурят, монгол, калмак тилдеринин өнүгүш тарыхына ильиктөө жүргүзүп, түрк тилин кыпчак тобундагы тилдер менен салыштырып изилдеген.

Окумуштуу Л.Д.Шагдаров (1962, 1974) сөз жасоону монгол адабий тилинин функционалдык-стилистикалык түзүлүшүнөн караштырган.

Адабияттар

1. Кононов А.Н. Грамматика турецкого языка. -М.-Л.: Изд-во АН СССР, 1941.

2. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. -М., 1988.

3. Слепцов П.А. Труд, составивший эпоху в мировой тюркологии. // Наука в Сибири. №25, 23 июня, 2011.

4. Шагдаров Л.Д. Функционально-стилистическая дифференциация бурятского литературного языка. - Улан-Удэ, 1962.

АДАБИЯТ

К. Ибраимов,
К.Карасаев атындагы БГУ

САТЫБАЛДЫ НААМАТОВДУН КӨРКӨМ-АДАБИЙ МУРАСТАРЫ

Кыргыз жазма адабиятынын жаралышы, калыптанышы жөнүндө сөз болгондо Сатыбалды Нааматовду аттап өтүү мүмкүн эмес. Анткени ал көркөм адабияттын дээрлик бардык жанрында калем сынаган, өз мезгили үчүн оозго алына турган чыгармаларды жараткан. Ошондон улам. 1920 -1930-жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүшүн атайылап, теренден изилдеп көргөн адабиятчы-окумуштуулар С. Жигитов менен А. Эркебаев башкалардын катарында Сатыбалды Нааматовдун ысмын да атап, айрым бир чыгармалары жөнүндө учкай сөз кылып жүрүшет. Деги эле, С. Нааматовду жазуучу катары таанып, жазуучу катары мүнөздөмө бергендер жөнүндө Ж. Койчуманов менен Ы. Кадыровдун макаласында жетишээрлик айтылган (2).

Ал ири алдыда, сабатсыздыкты жоюу, эне тилин окутуу боюнча зор эмгек сиңирген окумуштуу-педагог, тилчи катары таанымал. Бирок ошол эле учурда көркөм чыгармачылыкка дагы белсене киришкен, ырпоэмаларды, аңгеме-повесттерди, драмалык чыгармаларды жараткан, сын-макалаларды жазып, көркөм котормо менен алектенген жазуучу да. Ошол чыгармаларынан өзүнчө китепче болуп чыккандары: "Жежөлөр. Молдо сасык" (Тестиер балдар үчүн). - Фрунзе, 1929. 28 бет. Тиражы 3000; "Тынымкан" (аңгеме). - Фрунзе, 1930. 47 бет. Тиражы 5000. Газета-журналдарга жарыяланган дары: "Студент жана анын сүйгөнү", аңгеме ("Эркин-Тоо", 1926, 23-26-сентябрь), "Ким жазыктуу", ангеме ("Кызыл-Кыргызстан", 1928, 9, 16,19-февраль), "Барса келбес сапар", повесть ("Жаңы маданият жолунда",1928, №3 - 4, 5, 6 - 7; 1928-1929, №8 - 9), "Түштүктө жер төңкөрүшү", поэма ("Жаңы маданият жолунда", 1928, №2), "Эриксиз күндөрдө", сын макала ("Жаңы маданият жолунда", 1928, №5), "Аял", ырлар цикли ("Жаңы маданият жолунда", 1929, №6-7). Мына, анын чыгармаларынан белгилүү болгону, издесе колго тие турганы.

Жазма маалыматтарга караганда мындан башка да "Шексиз тилек", "Орундалбаган тилек", "Капар болуш", "Дасторкондун ээси менен малдын ээси достошкону" деген аңгемелери, "Агай" деп аталган ырлар цикли, "Он алтынчы жыл" пьесасы жана да "Биздин көркөм адабият жана улут маселеси тапчыл көз караштан", "Ленин тууралуу" деген сын макалалары бар болуп чыгат. Бирок бул чыгармалары качан, кайсы басылмаларга жарыяланганы белгисиз.

Сатыбалды Нааматовдун чыгармачылыгында көркөм котормочулук маанилүү орунду ээлейт. Ал Н. В. Гоголдун "Текшерүүчүсүн", Д. А. Фурмановдун "Козголоңун", М. Горькийдин "Егор Булычевин", казактардын "Шерниязын" которгон. М. Шолоховдун "Тынч Дон" романын которуп жаткан учурда камакка алынган. Бул өзгөчө талант менен чыгармачылык түйшүктү талап кылган эмгектеринин да аты аталып, тексттери дарексиз.

Ошентип, С. Нааматовдун жарык көргөн чыгармалары негизинен 1928 - 1930-жылга туура келет. Ал эми калган учурдагы чыгармачылыгы, жазган чыгармалары белгисиз тургансыйт. С. Жигитов жазгандай "алгачкы улуттук окуу китептерин жаратуучулар фольклордук туундулар жана айрым котормолор менен катар көркөм-иллюстрациялык материалдарды өздөрү ойлоп табууга, кыска дидактикалык аңгемелерди жазууга аргасыз болушкан" эмеспи (1.47). Балким С. Нааматовдун үлүшүнө да ушундай жагдай-шарт туура келгендир. Кандай болгондо да С. Нааматовдун ишмердүүлүгүн, чыгармачылыгын атайылап ар тараптан иликтөө келечектин иши бойдон турат. Ошондо азырынча бизге белгисиз чыгармаларынан табылып калышы толук ыктымал. Мисалы, Улуттук илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусунда С. Нааматовдун "Толук жеңишке" (1931) деп аталган 4 көшөгөлүү, 2 сүрөттүү пьесасынын латын тамгасында терилген нускасы сакталып турат. Чыгарма бириккен чарба турмушуна, башкача айтканда, коллективдештирүү темасына арналган. Бул чыгармасы азырынча белгисиз болчу.

Жогоруда аталган чыгармаларынын ичинен өзүнчө китепче болуп чыккан аңгемелери "Жежөлөр", "Молдо Сасык", "Тынымкан" адабият таануу илиминде аздыр-көптүр оозго алынып, илимий негизде талдоого илинип жүрөт. Калган чыгармаларынын аты аталганы менен илимий алкакка түшүп, изилдөө объектиси боло элек. Эмесе ошол чыгармалары жөнүндө учкай сөз кылсак.

"Түштүктө жер төңкөрүшү". "Поэма" деп берилген. Көлөмү - 172 сап. "Поэма" (эгер поэма болсо - И. К.) түштүк жергесин, Жалал-Абад, Ош кантонун сүрөттөөдөн баштайт: "Жибектин курту багылып, Ак булут кебез эгилет, гүлдөрдөн бал алынып, жер жемиш мол терилет" дейт, эчки менен коюу, эшеги менен качыры, дорбо асынган карыбы, казат камчы манабы, азан айтма эшени, бай балчөйү өтө мол экен. "Миң танап жерге оонаган, карды жоон доңуз мол" деп байларды доңузга теңеп, ашып-ташкан байлыгын, жашаган боз үйүн, анын жасалгаларын баяндап өтөт. Бирок, бул байлыкты тапкан ким? "Тулуптай байбы төрдөгү?, Жок, чордуу колдун эмгеги дейт акын. Ошентсе да кедейди "Дөөкүрсүп бай жемелейт, Жеме жеңил таяк жейт". Кедей өзүнүн төккөн мандай тери үчүн "Энчиңизде миң танап, энчимде жок бир танап" деп колко салып жер сурады эле, бай бербеди.

Ушинтип бай тепкисинде жүргөн кедей: "Жер алар күндөр бар бекен, Болсо эгер ал күн кайда экен?" деп турганда "Борбордон барды түштүккө, жер бөлгүч кемесиялар". Мына эми "Дыйканым, күнүм кол кармаш, Жер алгын байдан, жер алгын, Жерге кошуп кек алгын!" деп чакырык таштайт акын. Ишти түрпүн баамдаган бай да жөн жатпады: "Балчабек жерди алат дейт, оруска берип ичкерки, же, казынага салат дейт", байдын жерин алуу арам, бейиштен үмүт үзө бер деп айла-амал издеп, кедейди алдамак болду эле, алар байманаптын амалына көнө койбоду. "Түрөйкө барды

түштүккө, жерди үлөдү кедейге", байдын мүлкү бөлүнүп, мечиттин жери кесилди, кедей-дыйкан кубанычка батты, Ала-Тоо жашарды, жаңы мектеп, жаңы коом пайда болду, ал эми "Умтулуп суудан кечелик, Антка ылдам жетелик" деген үндөө-чакырык менен аяктайт чыгармасын акын С. Нааматов.

"Аял" деген поэтикалык чыгармасына автор тарабынан жанрдык аныктама берилген эмес. Бирок "поэма" деп атагандар бар. С. Жигитов болсо, "поэманын элементтери бар" чыгарма катары тааныйт (4.63). Көлөмү - 208 сап. Чыгарма эки бөлүмдөн турат: биринчиси - "Көкүрөктө дарт, көздө жаш" (демек "эски турмуш" жөнүндө болууга тийиш), экинчиси - "Колдо кызыл туу" (демек "жаңы турмуш" жөнүндө). Ар бир бөлүм темаларга ажырайт. Биринчи бөлүмдө беш тема бар:

1 *"Молдонун шарыяты"* деген алгачкы эле темада молдо шарыяттан кеп урат: "Кудайдын үйү көктө эмес, Кудайдын үйү жерде эмес", "Теңирим эне-атасыз, Теңирим бала-чакасыз" деп кудайды сыпаттай берип, жалпы мусулман жамаатын динге муутмак болот. Бирок "Теңиринин кураны, Эзүүчүнүн чырагы" экен. Ошондуктан, "Өктөбүрдүн уул, кызы, Кудайга эми уу берет, Кудайсыз гана күн көрөт".

2. *"Тарыхы изүүл"* Бул ыр топтомунда адам баласынын, эркек-аялдын жаралуу тарыхына "изүүл" жасайт. Көрсө, кудайга кул керек болуп, чоподон умачтап (жууруп) адам жараткан экен. Андан ары адамды жарсыз (аялсыз) турбасын деп анын кабыргасынан "Абаа-энени" (Обо-Эне) жаратты. Андан бери далай-далай доор өттү, "Селде менен уу дин, Ойрондолсун ал эми, Кудайга илим уу берет, Кудайсыз гана күн көрөт".

3. *"Макалдар"* аталган темада "Ургаачынын чачы узун, акылы кыска", "Алтын баштуу катындан, бака баштуу эр артык" деген макалдарды аралаштыра он алты сап ыр кураштырган. Акыры "талпынып аял туунду ал!" деген чакырык менен аяктайт.

4. *"Эркектер!"* темасы он алты сап ырдан турат. Бирок ыр эркектер жөнүндө эмес, аял затына, анын улуулугуна, тарткан түйшүгүнө арналып, аял затын, энени урматтоого үндөйт эркектерди. "Эркекти ичте туйлатып" он ай көтөрөт, омуртка этин сыздатат, эмчегин эмизип торолтот. Ошентип "Кордукту эне көп көрөт, Түн уйкусун төрт бөлүп, отко күйүп, сууда өлөт, - Бутуна кирбей уулумдун, Көзүмө түшсүн тикенек" - дейт эне тилеги, эне жүрөгү.

5. *"Сүйүнчү"* деп аталган ыр топтому мындайча башталат: "Жума - келди кордук көрдү, Эр ортону жашка келди. ... дагы эмне дегдегени?, Жоктугу да бир мерсети". ("персенти" болсо керек. - И. К.). Бул темада чакан окуя, сюжет бар десе болот. Бала көрбөгөн Жумагелдинин аялы Сурмаканга толгоо кирип, Умай-Эне, Батма-Зууралар төрөтөт. Айылдан бир жигит дөңдө эл менен отурган Жумагелдиге "Ат токуур эмес, кырк жылкы" экенин айтып сүйүнчүлөйт. Атасы чочуйт: "Кара оозуна кан толсун, Курусун кырк жылкысы". "Кыз дос эмес, кыз душман", бирок "Бойго жетсе узун чач, Калың малга башма-баш". Ошентип кыз эмес, кырк жылкы болоорун угуп, атасы сооронду. Ушуну баян эткен соң мындай жыйынтык чыгарат: "Ала-Тоонун аялы, "азатмын" деп ыр ырдайт. Ырдагын күң, ырдагын. Сен ырдабай ким ырдайт!".

Экинчи бөлүмдө да беш тема: 1. *"Ала-Тоо"*. Бул жерде кыргыз жеринин ажайып кооз жаратылышы сүрөттөлөт: "Ала-Тоо бети килем түр, Күлгүн, сары, кызыл гүл..." болуп, "Мөңгүдөн суу күрп этет, Сай ташы чолпу шынк этет...", "Аркар, кулжа, ак калтар, Ителги, бүркүт, ак шумкар" мунун баары Ала-Тоо койнунда, Эркиндик алган эмгекчи, көккө туунду көкөлөт деген чакырык таштайт.

2. *"Марттын сегизи"*, "Жашалап" ураан чакырган, жарашыктуу күн кайсы десе, ал сегизинчи март экен. Бетинде орок, балкасы бар Кызыл Туу, Ала-Тоого жарашып турат, теңдикке ылдам темингиле, "эмгекчи элдин уул, кызы" деп үндөйт акын.

3. *"Жаңы аял"* деп ат коюлган бөлүмдө өктөбүрдүн келиши менен аялдар турмушу өзгөргөнүн ырга кошот. Келин менен жеңелердин элечеги эрттөнүп, жемеден кутулду, карындаштар болсо малга сатылбай сүйгөн жарга барат, ал гана эмес, "Эмгекчи аял айылдын, Кеңешине төрага".

4. *"Милдет"*. "Тап күрөшү бүткөн жок, Маданият өскөн жок, Эски адат абдан өлгөн жок", ал гана эмес зайыпка эри кол көтөрүп, кыздар жең ичинен сатылып жатат. Ошондуктан большевикчил уул, кыздардын милдети жаңы турмуш курууга жапатырмак ат салышуу.

5. *"Тилек"* деп аталган акыркы бөлүм "Эркекке аял энесиң Эркек эзбейт энесин" деп башталып, эрк таңы Эркин-Тоону нурга бөлөсүн, деген тилек менен "Күнүм күл, сен түн өлө бер" деген символикалуу сап менен аяктайт.

Мына чыгармалардын мазмунун толук кайталап айтып көрдүк. Биринчи аңгеме Кыргызстандын түштүгүндө жүрүп жаткан жер-суу реформасына арналган. Акын эмгекчи элдин эзелтен күткөн тилеги ишке ашып, жер үлүшүнө ээ боло баштаганын сюжеттүү ырга айландырат. Бирок белгилүү сынчы С. Жигитовдун пикирине караганда С. Нааматовдун бул чыгармасы кемчиликтерден куру эмес: "... автор тарабынан "поэма" деп аталса да, жөнөкөй эле узун ыр сыяктуу мүнөзгө ээ. Анда кандайдыр бир сюжеттин нугу жок, тек Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад кантондорунда революцияга чейин дыйкандардын турмушу оор болгону, революциядан саал кечигип ишке ашкан жер-суу реформасы жерсиздерге жер бөлүштүргөнү жалаң жалпы сөздөр менен айтылат. Поэманын ырдык касиети ашкере жармач" (6.65). Дагы бир жерде С. Жигитов ушул эле чыгарманы "кадыресе поэма формасында жазылган" (6.63.) деп айтканы бар эле.

Ушул мезгилдерде жазылган сюжеттүү ырлар менен поэмалар учур талабына төп келе турган актуалдуу маселелерге арналган, алардан идеялык кандайдыр бир кынтык табуу кыйын. Бирок алардын көркөмдүк деңгээли кыйла төмөн эле деген ойду айтуу менен "Эң оболу алардын сюжеттик сызыгы өтө жөнөкөй, жупуну, бүдөмүк, баяндоо манерасы олдоксон, ырдык фактурасы жармач, тили келегей" болчу деп жазат С. Жигитов (4.65). "Түштүктө жер төңкөрүшү" да ушундай чыгармалардын катарында турат экен. Бул таамай жана калыс айтылган пикир экендиги ырас. Мындай кемчиликтер С. Нааматов эле эмес ошол мезгилде калем кармаган акындарыбыздын көпчүлүгүнө мүнөздүү болчу. Анткени жаңыдан телчиккен адабиятчыбыз басып өтө турган мыйзамченемдүү көрүнүш эле.

"Аял" ырлар циклинде (ыр топтомдору) С. Нааматов эски доор менен жаңы заманды карама-каршы коюп салыштыруу менен аялдар тагдырына кайрылат, колго тийген азаттыгын даңазалайт. Совет бийлигинин

алгачкы жылдарында аялдарга эркиндик, теңдик берүү, азаттыка чыгаруу маселеси өтө курч коюлуп, маанилүү саясий милдет болуп турган. Ошондуктан көркөм адабиятта аялдар темасына арналган чыгармалар өтө көп жазылган. Бул саясий иш-аракеттен С. Нааматов да четте калган жок. Көркөмдүк деңгээли мыкты болуп кетпесе да, Совет бийлигинин таламын талашуу, идеяларын элге жар салуу, ураан-чакырыктарын ырга айландыруу максаты менен жогоркудай поэтикалык чыгармаларды жаратты.

Албетте, С. Жигитов белгилегендей, эки чыгарма тең эле анча тажрыйбасыз, такшала элек калемден чыкканы ачык сезилип турат. Антсе да, С. Нааматовдун акын катары алдыга койгон максаты, граждандык туюму, таптык позициясы аталган чыгармаларда ачык, таасын көрүнөт. Чыгармаларына таптык көз караштан мамиле жасагандыктан, үгүтчүл-саясий мазмунга ээ болуп, ошол жылдардын поэзиясына мүнөздүү болгон ураан-чакырык, акыл-насаат айтуу, дидактикалуулук С. Нааматовдун ыр топтомдоруна деле тиешелүү болду.

Сатыбалды Нааматов "Эриксиз күндөрдө" аттуу сын макаласында Сыдык Карачевдин ушундай эле аталган чыгармасын "кабелтең тароолорго бөлүп теришгирип" чыккан. Повестте Кендирбай ажынын эрке кызы Жыпарды пайгамбар жашына келип, байлыгы ашып ташкан Мамырбай манап үч катындын үстүнө алмак болот. Кендирбай ажы тебетейин көккө ыргытып кызы Жыпарды бермек болот... С. Нааматовдун пикирине караганда падыша заманында "аялдын арманы молу да (эзилгени), арманы жогу да (эзилбегени) бар болучу". Жыпардын чыккан теги да, бара турган жери да бирдей. Анткени, атасы Кендирбай ажылыкка барып келген; кийиз китеп, алдооч аяттын жардамы менен эл башын айлантып, "кадырман олуя" көрүнгөн адам, Мамырбай болсо төрт түлүк малы батпаганы аз келгенсип, элди ажыдаардай аймаган, ач бөрүдөй чайнаган, уу тил манап.

Ошентип, Мамырбай менен Кендирбай бир таптын адамы болгондуктан биринин көзүн бири чукубайт. Мамырбайдын Жыпарга "жапаа көрсөтүүгө акысы жок". Ал эми Мамырбай Барыктабас томаяктын кызын алса иш башка. Алгандан кийин шөкүлө кийгизип, күл чыгартып, бетин тилип, чачын кыркууга акысы бар. "Ал замандын аялдары ошондой болуп эзилген, ошондой болуп эзилбегин" дейт." Ошондуктан, - деп жыйынтыктайт автор өз оюн - Сыдыктын бул аңгемеси эмгекчи аялдардын эзилүү жөнүндөгү тарыхы маселеге аңдабай туруп жала жаап, ботко кылып алган болуп эсептелет" (49-бет).

Андан ары С. Нааматов С. Карачевдин табиятты кандайча сүрөттөгөнүнө токтолот. Сынчынын айтуусуна караганда "бул аңгемеде өзгөрүшчүл мазмун жок". Автор Мамырбай менен Кендирбайдын бар байлыгын, дөөлөтүн табият кучагында сүрөттөгөн учурда таптык көз караш, өзгөрүшчүл мазмун жетишпей тургандыгын белгилейт. Ошондой эле "Сыдык табиятты өтө көп сүрөттөгөн. Көп жери окуучуну кажытып жиберет. Сүрөттөөлөрдүн көпчүлүгү мазмунга байланышышы жок..." деген ойду айтат. Ушу жерде С. Нааматов менен адабият сынчысы, белгилүү окумуштуу С. Жигитовдун жазган ою бир жерден чыгат: Ал минтип жазат: "... чыгарма жалпысынан жадатмараак, кызыксызыраак чыгып калган. Буга повесттен чубалжыган пейзаждык сүрөттөөлөрдүн жана лирикалык-риторикалык чегинүүлөрдүн көбүрөөк орун алышы да таасирин тийгизбей койгон эмес" (3.39).

Сыдык Карачевдин "аңгемесинин сыры, көркүү сөзү" махабат маселеси менен байланышкан, Жыпар жөнүндөгү аңгемеси, "Лайли Мажнундан" көп деле обочолонбойт, анткени Жыпар кыз оюнуна барып, мурда көрүп-билбеген күйөө жолдош Жунушту бир көргөндө эле жактырып калат. С. Нааматовдун пикирине караганда "бир көргөндө сыр алышып, сүйүшүү болот; бирок ал жалпы заң эмес, турмушта сейрек учурайт. Турмуш менен эсептештирбей эки жашты сүйүштүрүп коюу, Сыдыктын махабатчылдыгы" (50-бет) экен. Жыпар менен Жунуштун ортосундагы мамиле, махабат көрүнүштөрү айыл-кыштак жаштарынын эски адат-салттан арылуусуна жардам бере албайт деген ойдо. Ошондой эле, Жунуштун ошончолук барктуу, билимдүү боло туруп, күйөө жолдош болушун эскичил, терс көрүнүш катары баалайт.

Дегинкисинде, чыгармадагы мындай кемчиликтер Сыдыктын калеминин жаштыгына байланышкан, жетишерлик саясий маалыматы жок, эски адаттын, байчыл адабияттын таасиринен арыла элек, анан да пролетариат адабиятынын негизги сыры, маани-маңызы менен таанышпыгы начар деген жыйынтыкка келет С. Нааматов.

Анткен менен, С. Нааматовдун пикирине караганда, чыгарманын көзгө илинерлик жакшы жактары да бар: Бай-манаптар жардыга саан берип, аштыгын ордуруп, чөбүн чаптырып алганы айтылган, элдин динге байланыштуу жок нерселерге ишене берүүсү жөнүндө "таап сүйлөгөн", махабат бөлүмүн эске албаганда сүйлөм тизими кыска, түшүнүктүү, көркүү жана так.

Ошентип, Сатыбалды Нааматов С. Карачевдин аталган повестин "бай-манаптарга жан тартуу менен жазылган" (2) чыгарма катары карап, "жаңы салт-санаа үчүн, бетке чиркөөлүк кылат" деген жыйынтыкка келет.

Адабияттар

1. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. - Ф., 1984.

2. Койчуманов Ж., Кадыров Ы. "Кыргыз адабиятынын тарыхы" унуткан Сатыбалды Нааматов. //Адабий Ала-Тоо", 2006, №3, февраль.

3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 6-том. - Б., 2002.

4. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. - Ф., 1987.

5. Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген бактары. - Б., 2004.

Н. Турдубаева,
Ж.Баласагын атындагы КУУ

КЫТАЙДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ЫРЫМ-ЖЫРЫМ ЖАНА ДАРЫМ ЫРЛАРЫ

Кыргыз элинин жашоосунда ырым-жырым жана дарым ырлары совет доору келгенге чейин кеңири өнүгүп келген. Анткени. көпчүлүк карапайым элдин аң-сезими медициналык билимге толук жетишип, ооруларды айыктырууга күчтөрү жетише элек болчу. Бирок, эл арасында айрым ооруларды айыктырып жок кылууга касиеттери жеткен адамдар ырдын ыргагына салып, поэтикалык саптарды айтуу менен ал ооруулар менен күрөшүүгө жеткен ырым-жырымчылар жана дарымчылар пайда болгон. Бул тууралуу фольклорист Мурат Мукасов "Дин ырлары" макаласында: "Фетишизм, анилизм, тотемизм ишениминдеги адамдар сөздүн кереметтүү күчүнө ишенишип, ал аркылуу жаратылыштагы бардык нерселерди, кубулуштардын рухуна - ээсине таасир этип, аны адам өз эркине багындырып, көндүрүп ала алат деген түшүнүктө болушкан. Мындай байыркы ишеним кыргыздардын дарым ырларында жакшы сакталган", - деп жазган (1.138-б). Бул фольклорист Мурат Мукасовдун жазганындай совет дооруна чейин адамдар медициналык билимин көтөрө элек мезгилде көп учурларда ооруну сөздүн касиети менен айыктырууга аракет жасашкан. Ошол себептен совет дооруна чейин ырым-жырым жана дарым ырлары кеңири өнүккөн. Ырым жана дарым ырлары совет дооруну алгачкы өнүгүшүндө эле изилдене баштаган. Буга эң алгач 1949-жылы Зияш Бектенов менен Ташым Байжиевдердин 8-класстар үчүн жарыяланган "Кыргыз адабияты" аттуу окуу китебинде "Ырым жана эм-дом ырлары. Ырым ырлары" деп атоо менен адегенде ырым деп эмнени түшүнүү керектигин белгилеп, бул топко "Кылоо, кылоо", "Козу телүү", "Алас" аттуу ырлардын кирерин белгилешип, андан кийин бул ырлардын текстерин толугу менен мисал катары беришет" (2.56-57-б). Ал эми 1973-жылы жарыяланган "Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки" аттуу окуу китебинде "Ырым жана дарым ырлары" аттуу бөлүгүн фольклорист Сапарбек Закиров жазып, ырым жана дарым ырларынын чыгыш тарыхына кыскача токтолуп, ырымды кимдер кармайт, ал кайсы учурда колдонула турганын айтып, дарымчыларга кеңири мүнөздөмө берип, аларды эм-дом жана дарым ырлары деп атап, алар майда ооруларга, адамдар кичине кырсыкка учураганда, сасык тумоого, тиш ооруганда, адам бийик жерлерде түнөгөндө, бадик оорусу экендигин, бадикти окуунун айрым шарттары тууралуу элдик түшүнүктө айтып берген (3.55-60-б). Ал эми 1998-жылы фольклорист Токтош Танаев "Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар" деген биринчи китебинде: "Эм-дом жана ырым-жырымдар. Дарымдар" деп атап, адегенде ырым жана жырым ырларынын күнүмдүк жашоодо колдонулушун бөлүп көрсөтүү үчүн төмөндөгүдөй тематикаларга бөлүп караган:

1. Ден-соолукка байланыштуу ырым-жырымдар;
2. Жагымсыз жүрүм-турумга тыюу салынган ырым-жрымдар;
3. Мезгил жана убакытка жараша колдонулган ырым-жырымдар;
4. Түш көрүү сыры, аны жору ырымдары;
5. Буюм, идиш-аяк эмеректерине байланыштуу ырым-жырымдар.

Мына ушундай тематикаларга бөлүштүрүп кароо менен ар бирөөнү өз алдынча чечмелеп берет. Андан кийин гана "дарымдар" деп атап, кыргыз фольклорунда ырым-жырымдар, эм-домдор менен негизинен синонимдеш келип, бир жанрдын составына кирип, өзүнчө көркөм сөздү түзөт", - деп жазып, дарым ырларынын түрлөрүнө - бадик, арбоо, бата, кирине, албын, бакшылардын көрүмү чилде, мезгил-маал, мал телүү, - деп атап бөлүү менен ар бирөөнүн аткаруу функциясын чечмелеп берет (4.31-44-б). Ушуга удаа 1998-жылы "Кыргыз поэзиясынын антологиясы" деген кыргыз эл оозеки чыгармачылыкта лирикалык жанрдагы чыгармалардын көркөм тексттери менен ырым-жырым, дарым ырларынын элге кеңири белгилүү тексттери кошо жарыяланган (5.23-24-б). Ал эми 2003-жылы "Эл адабияты" сериясынын 29-тому "Каада-салттар. Ак баталар" деген ат менен кезектеги китебин жарыялады. Мына ушул китепте "Ырым-тилек ырлары. Диний үрп-адаттар" деген аталыш менен ырым-жырым жана дарым ырларынын түрлөрүнүн мааниси чечмелөө менен Макелек Өмүрбайдын "Кыргыз эл ооз адабият негиздери" аттуу китебинен алынып, биздин кириллицага салынып, төмөндөгүдөй ырым-жырым ырлары: "Төлгө ыры", "Жаңы кийим кийгендеги ырым", "Сагызган сайрагандагы ырым ыры", "Уктаардагы ырым ыры", "Жаан тилөө ыры", "Дамбыр таш ыры" аттуу ырларынын түрлөрү жарыяланган (6.112-141-б). Ошондой эле, 2004-жылы "Кыргыз адабиятынын тарыхы" деген 7 томдук китебинин биринчи томунда фольклорист Мурат Мукасов "Дин ырлары" деп атоо менен ырым-жырым, дарым ырларынын түрлөрү дин ырларын киргизүү менен теориялык белгилерин кеңирээк ажыратып берет (1.316-349-б). Мына жогоруда хронологиялык багытта "Ырым-жырым жана дарым" ырларынын изилдениш тарыхын бөлүп берүүгө аракет кылдык. Ар бир изилдөөчүнүн багытында, ырым-жырым жана дарым ырларынын эл оозеки чыгармачылыкта өнүгүш багытын жана максатын бөлүп көрсөтүшөт, бирок ырым-жырымчылар, дарымчылар тагыраак айтканда кандай теориялык белгилери бар болушу керек деген ойлорго көз салышпайт. Көрсө, ырым-жырымчылар бул күнүмдүк жашоодо колдонулуучу сыйынуулар, кудайга баш ийүүчүлүк, өзүн-өзү тарбиялоого үндөй тургэн жөрөлгөлөр болот. Ал эми "дарымчылар - эм-дом жасоочулар", - деп түшүндүрөт фольклорист М.Мукасов (1.341-349-б). Ушул эле пикирди адабиятчы Курманбек Абакиров толуктаган сыяктуу. Анын пикиринде: "Эм-дом деген сөз кыргыз тилинде "дарылоо" деген сөзгө маанилеш экендигин эске алсак", - деп жазат (7.133-б). Демек, фольклорист Токтош Танаевдин "Эм-дом жана ырым-жырымдар. Дарымдар", - деп атап беришинде "Эм-

дом" жана "Дарымдар" деп бөлүп атап жазганы дагы кайра карап чыгууну талап кылат. Анткени, "эм-дом" деген сөздүн өзү эле "дарымчы" деген сөздүн маанисин берет. Ушул жерде айтып кетчү бир жагдай түзүлүп турат. Тагыраак айтканда "ырым, дарым, ырымчы, дарымчы" деген сөздөрдүн мааниси бири-бирине жакынбы, же тескерисинче айырмалуу жактары барбы? Көрсө, "ырым" деген сөз бир белгилерге ишенүү менен эки багытта өнүгөт. Биринчи багыты диндик түшүнүктө, экинчи багыты диндик салттарга ылайык. Ал эми "дарым" деген сөз бул ооруну айыктыруу деген түшүнүккө алып келген сыяктуу. Аны аткарган адамдар "дарымчылар" деп аталат. "Дарымчы" деген сөз түкүрүп айыктырган адамдарды айтат. Дарымчы чыныгы сууну куюп алып ууртап, ар түрдүү дуба сөздөрдү айтып түкүргөн. Эми "Кыргыз поэзиясынын антологиясы" аттуу китебинде жарыяланган ырым-жырым ырларын Макелек Өмүрбайдын "Кыргыз эл ооз адабият негиздери" аттуу китебиндеги жарыяланган ырым-жырым ырларын бири-бири менен салыштырып көрсөк, өз алдынча жалпылыктары да, айырмачылыктары да бар экендигин байкадык. Өзгөчө "Төлгө ыры", "Сагызган сайраганда", "Улуу суу кечкендеги ырым ыры", "Жайы төш ыры", "Жаан тилөө", "Дамбыр таш" ырларынын түрлөрү Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгында да сакталган. Көпчүлүк учурда эки башка мамлекетте жашаган бир элдин ырлары жакын жана бирдей экендиги байкалат. Бирок, айрым айырмачылыктар да бар. Маселен, биздеги "Пирим, пирим колдосун", "Бакшы көрүм ырлары" Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгында жок эсе. Ал эми Макелек Өмүрбайдын китебиндеги "Жаңы кийим кийгендеги ыры", "Уктаардын ырым ыры" аттуу ырым-жырым ырлары Кыргызстанда жарыяланган окуу китептеринде кездешпейт. Кыргызстандагы жогоруда аталып өткөн ырлардын негизги багыты ырым-жырым ырларына арналат. Мисалы, "Пирим, пирим колдосун" аттуу ырым-жырым ырында бул дүйнөдөгү ар бир жандыктын колдоочу пирлерин атап өтүү менен жамандыктан алыстатып, жакшылыктан жакындатып колдоп туруусуна багытталып ырдалган ырым-жырым ыры болуп эсептелет. Мисалы:

Куш атасы Буудайык,
Ит атасы Кумайык,
Курт атасы Кара-Чаян,
Чегирткенин атасы Черте-Баян,
Кумурсканын атасы Кулпа-Баян,
Суурдун атасы Солтон-Мерген,
Кийиктин атасы Камбар-Ата,
Эчкинин атасы Чычан-Ата,
Койдун атасы Чолпон-Ата,
Киши пири Адам-Ата,
Уйдун пири Ал-Мүйүз,
Жердин пири Жер-Эне,
Оттун пири Очок-Эне,
Тоонун пири Тастар-Ата,
Көктүн пири Көкө-Теңир,
Суунун пири Сулайман,
Жолдун пири Жоламан,
Желдин пири Желкайып,
Калктын пири Калкаман.
Элдин пири Эсеман,
Малдын пири Малабай,
Эгин пири Баба дыйкан,
Жигит пири Шаймерден,
Оюн пири Ордо кыз,
Аңдын пири Куланчы,
Темир пири Дөөтү баатыр,
Аял пири Умай эне,
Табыт пири Улукман (5.23-б).

Мындай ырым-жырым ыры Кыргызстанда эл оозеки чыгармачылыгында кеңири ырдалып жана айтылып жүрөт. Ал эми кытайлык кыргыздарда "Жаңы кийим кийгендеги ыры", "Уктаардагы ырым ыры" аттуу ырлары Кыргызстандагы ырым-жырым ырларында кездешпейт. Бул ырлардын мазмундары аттарына жараша ылайыкташып ырдалган.

"Жаңы кийим кийгендеги ыры" көбүнчө жаш балага жаңы кийим кийгизген учурда, анын өмүрү ушул кийимден да узак болуусун тилек кылып ырдаган ырым ыры. Бул ырдын эң эле кыска түрү ырдалган. Мисалы:

Итке жабуу, бетке жабуу,
Киймиң күзгө жетсин,
Өмүрүң жүзгө жетсин [8.133]

Ал эми "Уктаардагы ырым ыры" дагы көбүнчө адам уктап калганда, анын денеси өзүнөн бөлүнүп, башка адамга көрүнөт имиш. Ошондуктан, уйкудан тынч ойгонуш үчүн тилек кылып ырдаган ырым ыры сыяктуу Мисалы:

Жаттым жараткан,
Кабал койсун эсен-аман,
Бейиштин түбүндө бир түп дарак,
Жалбырагы күлдүү барак,
Аны жети жолу окуп жаттым,
Менен тозок, оту ыраак,
Жаттым аманат,
Кабармун саламат. [8.134]

Демек, ырым-жырым ырларынын түрлөрү жогоруда айтып өткөндөй кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгында түрлүү түрлөрү жаралгандыгын байкадык. Территориялык жактан эки башка мамлекетте жайгашкан бир элдин маданиятында түрдүү өзгөрүүлөр, оош-кыйыштар болоору толук мүмкүн. Башкасын айтпаганда, ырым-жырым ырларынын түрдүү мазмунда, бирок бир багытта жаралып, эл арасында сакталып, окуу китептеринде жарыяланып, жогорудагыдай айырмачылыктар менен жалпылыктарга ээ болуусу мындай салыштырып изилдөөнү талап кылат. Корутундулап айтканда, адамдын түшүнүгүндө кандайдыр бир күчтүн, же "кудай" деген сезимдин сакталып турушу, албетте ырым-жырым салтынын жашап турушуна өбөлгө түзөт. Ал эми дарым ырларынын негизги багыты ооруну дарылоого багытталып, кыргыз эл оозеки чыгармачылыкта "Арбашуу ыры", "Улуу шишиктер дарым ыры", "Мант байлоо ыры", "Күрдү ыры", "Учуктоо ыры", "Бадик айтуу" ырлары кеңири белгилүү. Бул аталып өткөн дарым ырлары Кыргызстанда да, кытайлык кыргыздарда да кеңири өнүккөн. Аткарылышы максаттары бирдей, бирок айрым өзгөчөлүктөр де кездешпей койбойт. Мисалы, "Арбашуу ыры" Кыргызстанда да, кытайлык кыргыздарда бирдей багытта аткарылган. Бул ырлар "Жылан чакканда", "Кара курт чакканда", "Чаян чакканда" аткарылуучу дарым ырлары. Арбашуу кыргыздардын дарым ырларынын ичинде эң байыркы ырларынын бири. Арбашуу, бул дарымчы менен жыландын эрөөлгө чыгышы, жылан адамды чакканда дарымчы жыландын уюгун таап, дарым сөздөрүн айткан.

Мисалы, Кыргызстандагы тексттер:

Сүрө, сүрө, сүрө чык,
Сүйлөшөйүн бери чык.

Чоң атаңда даам бар,
Доолашайын бери чык.
Тай атаңда сөзүм бар,
Айтышайын бери чык,
Ажыдаар ак жылан,
Арбашайын бери чык. (9.30-б)

- деп берилсе, кытайлык кыргыздардын текстгеринде:

Чакчуурсуң?
Чаккан чубурсуң.
Как атаңда даам бар,
Кармашамын бери чык!
Алты атаңда даам бар,
Арбашамын бери чык [8.134].

Бул мисалдарды байкап карасаң, экөөнүн тең аткарылышы багыты бирдей, бирок сөздөрүнүн айтылыштары ар башка. Мындай ырдын айтылышы менен дарымчы менен жылан арбашып, экөө бири-бирин тиктеп, көз ирмебей, тыным чыгарбай демдерин ичерине тартып, ичеринен дарым айтып арбап турушат. Кимдин дарымы күчтүү болсо, тигинин курсагы жарылып кетет имиш. Ошондо жылан чаккан адамга жыландын уусу тарабай калат сыяктуу. Бул Кыргызстандагы, Кытайдагы кыргыздарда колдонулуучу арбашуу ыры дарымчылар тарабынан аткарылып келсе, калмактар болсо жылан чаккандан кийин эмес, залал келтирбес үчүн алдын-ала дарым окушат экен. Мындай учурда дарым дубасын билген адис киши жыландын ордосуна жакын жерден төгөрөк сызык сызат. Бир-эки килограмм сары май алып, өзү сызыктын ичине кирет да, дарым дубасын окуй баштайт. Аны бир нече мертебе окугандан кийин жыландар ийинден чыгышып, төгөрөк сызыктын ичине кирет. Окуган киши майдан жеп, жыландын башчысынан көз албай окуй берет. Ошондон кийин жыландар адамдарга тийбей калат имиш (10.58-59-б). Демек, арбашуу ырынын түпкү максаты жалпы түрк элдеринде бирдей аткарылганы менен ар кандай ыкмага салып арбаганы байкалат. Мына ушул сыяктуу "Улуу шишиктер дарым ыры", "Мант байлоо ыры", "Албын ыры", "Күрдү ыры", "Учуктоо ыры", "Кутурган итти дарымдоо ыры", "Көз үндөө ыры", "Бадик ыры" аттуу дарым ырлары да аткарылыш максаттары бирдей багытта аткарылып, андан ары дагы маанисин кеңейтет. Бир гана биздеги варианттарга салыштырмалуу "Бакшы көрүм ыры" айырмалуу экендигин байкадык. Кытайдагы кыргыздардын түшүнүгүндө "бакшы" деген сөз "окумуштуу, акын" деген түшүнүккө жакын. Адамга жабышкан оору кандайдыр бир тышкы күчтүн таасиринен болот деп эсептешкен. Алардын түшүнүгүндө ар бир оорунун ээси болот, ал ээлерин таап адамга жармашкан ооруну айдатып чыгууга болот деген түшүнүк менен көркөм сөздөрдү ойлоп табышкан. Бул сөздөр адамга жармашкан илдетти чыгарат деген түшүнүктүн негизинде "Бакшы көрүм ыры" Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгында сакталып калган. Мисалы:

Ой, тоодон бир тоого учкандар,
Ой, жылан бир камчы туткандар,
Ой, жамдыра суу ичкендер,
Ой, азирети Сулайман пирим,
Ой, дулдул атан, дөө-пери мейман,
Ой, Сулайман аттуу суу чилтен мейман,
Ой, ошол суу башы Сулайман мейман,
Ой, Анжийенде кор жылан мейман,
Ой, кабазыр мудур кыйшыр мейман,
Ой, Султан бир мурдур ой ашыр мейман.
Ой, бир кара көздүү,
Ой, ширин бир сөздүү,
Ой, келте бир бойлугу,
Ой, шына бир тиштүү.
Ой, кочкор мүйүздүү,
Ой, дөө-пери мейман,
Ой, томоголуу сары ала куштун,
Ой, томогосун алып койго кел мейман,
Ой, ак бура келди буркурап мына ай,
Ой, бириңе-бириң ыйба кылбагын мейман,
Ой, чоң олуя улук кум мазар,
Өзүңдөн медет тилеймин бүгүн,
Ой, кең колду баскан ак бура атам,
Өзүңдөн медет тилеймин бүгүн.[8.136]

Бул ырдын мазмунун окусаң, көбүнчө алдында ар жаратылыштын пирин чакырып, аягында мазарга барып, ооруну айыктыруу максатында ырдала турган ыр экендиги байкалат. Мындай мазмундагы ырдын Кыргызстанда жарыяланган окуу китептеринде, жыйнактарында жарыяланган эмес. Мунун себеби, совет доорунда атеисттик көз караштын таасиринен болсо керек. Ошентип, дарым ырлары кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында өзүнчө жыйнак болуп жарыялана элек. Мунун себеби, кыргыз эли байыркы замандан өтүп, бүгүнкү күнү медицина илими алда канча өнүгүп, элдин ишенимине терең кирип алган. Бүгүнкү күндө элдердин массалык түшүнүгү медицина илимине баш ийген. Эл арасында таанылган дарымчыларга көбүн эсе ишенбей калышкан. Анткени, касиеттүү дарымчылардын атын булгаган дарымчылар көбүрөөк өнүгүп, элдин ишенимине татыбай калышты. Ошол себептен, дарым ырлары кенири изилденбей жана окутула бербей келе жатканынын бирден-бир себеби да ушул болсо керек. Бул ырларды кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын изилдеген жаш изилдөөчүлөр гана жазып, элге таанытып келүүсүнө аракет жасалышы мүмкүн. Ошентип, Кытайдагы кыргыздардын ырым-жырым жана дарым ырлары Кыргызстандагы ырым-жырым жана дарым ырларына жакын, бирдей багытта өнүгүү менен жогоруда сөз кылып өткөн айрым айырмачылыктарга, өзгөчөлүктөргө ээ болгондугун байкоого аракеттендик.

Адабияттар

1. Мукасов М. Дин ырлары. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы 1-том. -Б., 2004.
2. Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты (фольклор) орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби. -Ф.: Кыргызмамбас, 1949.
3. Закиров С. Ырым жана дарым ырлары. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. -Ф., 1973.
4. Танаев Т. Кыргыз фольклорундаы лирикалык жанрлар. 1-китеп. -Б., 1998.
5. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. -Б., Кыргызстан - Сорос, 1998.
6. Каада-салттар. Ак баталар. "Эл адабияты" сериясы, 29-том. -Б., 2003.
7. Абакиров К. Фольклордук ырым-жырымдардын айрым маселелери. //Кыргыз тили, адабияты II. 2002.
8. Макелек Өмүрбай. Кыргыз эл адабият негиздери. -Үрүмчү: Кызылсуу кыргыз басмасы, 1993.
9. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. - Ф., 1973.

М. Кундакчы,
К.Карасаев атындагы БГУ

"МАНАС" ЭПОСУНДА КАРГЫШТАРДЫН КӨРКӨМ ЧАГЫЛЫШЫ

Кыргыз элинин каада-салт ырларынын тобуна кирген айтымдар тобунун ичинде бата-тилек айтымдары бар. Бата-тилек айтымдары оң бата жана тескери бата деп бөлүнүп, тескери бата каргыш жана ант ырларынан турат. Каргыштар бата сыяктуу эле сөздүн күчүнө ишенип, каргыш айтылып жаткан адамдын жакшылык көрбөөсүн тилеп дуба кылуу менен ишке ашат. Каргыш фольклордук башка жанрлардай өз алдынча айтылбайт. Анын айтылышы туурасында себепчи болон фактылардын болушу шарт. Мисалы, элдик каада-салт, ишеним жөрөлгөлөрдө байыртадан бери калыптанып келеткан салттык жосундарга баш ийбеген жоруктар каргыштардын жаралышын шарттап турат. Мына ушундай ырлар кыргыз элинин улуу эпосу болгон "Манас" эпосунда дагы чагылдырылган. Эпостогу каргыш ырлары элдик ишенимге негизделип, Көккө, Жерге, бабалардын арбагына, ар кандай кара күчтөрдүн атына айтылган.

Түрк элдери анын ичинде кыргыз эли Теңирге сыйынышып, бүгүнкү күндө дагы "Теңир урсун", "Төбөсү ачык көк урсун", "Асман түшүп кетсин" деген сыңары каргыш, анттардын сакталып калганы белгилүү. Бул тууралуу Ч.Валиханов "Байыркы доорлордо кыргыздарда Көкө Теңир түшүнүгү жашап, аны кудайдын деңгээлинде таануруга чакырган" деп, бардык айтылган каргыш, алкыш сөздөрүнүн Теңирдин аты менен айтылганын белгилеген. "Манас" эпосунда Көкө Теңирдин аты менен айтылган каргыш ырларынын айтылып калышына бир канча абалдар түрткү болгонун көрүүгө болот. Мисалы, чоролордун касам ичип ант алышканында, айрым каармандардын элдин бүтүндүгүнө шек келтирген ар кандай жосундарды жасашында элдин каргыш иретинде ж.б. учурларда колдонулат.

Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун
Ак барандын огу урсун
Көк милтенин чогу урсун,
Убаданар чын болсо,
Ушуга кандар кол көтөр,
Ат башындай ак куран
Алып келип бары да
Көкүрөгүн урушту.

Мисалда көрүнүп тургандай Көк, Жер түшүнүктөрү культтук мааниге ээ болуп, чыгарманын тулкусунда салттуу формулалар катары колдонулуп турат. Ошондой эле Манастын ак бараңы, көк милтеси ыйык эсептелип, эгер антты аткарбагандар болсо "милтенин чогу", "ак барандын огу урсун" деген антташуу болгон. Кыргыздар Көккө, Жерге ишеним кылып жогоркудай ант алышып, каргыш айтышканы менен эпосто исламдык элементтердин сыйдырылганы алты хандын куранды төшүнө уруп антташышында көрүнөт. Бул архаикалык элдик ишенимдери боюнча жасалган жөрөлгө дешке болот. Демек, эпостун тулкусунда байыркы Көкө Теңир жана кийинки учурлардагы исламдык ишенимдердин негизинде айтылган каргыштардын, антташуунун көркөм чагылышын көрүүгө болот.

Эпосто мындан сырткары бул дүйнөдөн өтүп кеткен ата-бабалардын арбактарынын колдоосуна ээ болуу түшүнүктөрү жаралган. Ал ар кандай сыйлоо жана коркунуч формасындагы түшүнүктөн пайда болуп, эгер ата-бабанын арбагы ыраазы болсо жакшалак болорун күтүшүп эгер андай болбогон болсо кырсык болот деген ишенимдерге таянышкан. Бул тууралуу Ф.Поярков минтип жазат: "По понятию киргизов дух умерших предков, как ближайщих, так и отдаленных, покровительствует тем из оставшихся, которые ведут жизнь, достойную их памяти и делают добрые дела, в таком случае арбак невидимо над их жилищами помогает им и оберегает от несчастий". Демек, ата-бабанынан арбагына сыйынып-тайынып туруу, ыраазычылык алуу башкы милдеттерден деп эсептешип ар кандай салттык жөрөлгөлөрдү өткөрүп турушкан. Бул нерсе "Манас" эпосунда дагы чагылдырылат. Мисалы, "арбак урсун", "ата-бабанын арбагына койдум", "Арбак урган Канчоро", "Манастын арбагы урсун" деген сыяктуу эпикалык формулалар арбын кезигет. Айрым учурда мындай каргыштардын башкача трансформацияланган түрлөрү да жолугат. "Ак келтенин оту урсун", "Манастын туусу урсун", "көк милтенин чогу урсун" ж.б. Жансыз предметтерге жан киргизүү аркылуу каргыштын мындай формасын жаратуу көркөм чыгармадагы шарттуулук катары кабылдаганыбыз оң. Ошондой эле "ак ниетим урсун", "ак тузум урсун" деген өзгөргөн формаларын дагы кезиктире алабыз. Мындай каргыштар эпостун тулкусунда сырткы душмандарга жана ички душмандарга карата колдонгонун көрөбүз. Мисалы, Манас өлгөндөн кийин ордону чаап, чачып талап алган алты ханга айтылган каргыштар, Кыястын, Канчоронун кылык-жоруктарына карата айтылган каргыштар буга мисал болуп терет. Айрым эпизоддордо Манастын өзү дагы ага каршы сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, каршылык кылган алты хандын иш-аракеттерине карата "Арбак урган алты хан" деп наалат айтып, бабалар ишенимине карата өз пикирин билдиргенин көрөбүз. Эпосто жерге, мүрзөгө байланыштуу каргыштар да бар. Ал исламдык түшүнүктөр менен аныкталып, бул дүнөдөн өткөн адамдын жаны көрдө сурак берип кыйнала тургандыгы менен аныкталат. Ошол себептүү "көрүндө өкүр", "сазайынды көр берсин" жеген сыяктуу каргаштар бүгүнкү күндө дагы айтылып жүрөт. Эпосто Көкчөнү Алмамбеттин:

"Адам болбой кет Көкчө,
Айныган сенден нээт Көкчө,
Кара жер сорсун ниетинди,
Карартсын кудай бетинди"- деген каргышынан, ошондой эле
"Жер жайнаган жедигер
Эл болбосоң жерге кир,
Жети кара көргө кир" деген сыяктуу саптардан көрүүгө болот.

Кыргыздарда бата тилектеринде көбүнчө адамдын келечегинин жаркын болушун Теңирден, көктөн, жерден, суудан тилесе каргыштарда ага карама-каршы

ойду суранат. Бул эпосто Кошойдун Жолойго карата айткан сөзүнөн ачык көрүнөт.

"Кара оозуңа кан толгур
Кайрылгысыз күн болгур
Куру оозуңа кум толгур,
Кубанычсыз күн болгур" ж.б.

Эпосто байыркы шаманизм ишенимине негизделген каргыштар багы жолугат. Шамандарда ар кандай кара күчтөргө арнап курмандык чалып, алардан жакшылыктарды суранган. Бул нерсе кыргыздардын элдик ишенимдеринде дагы кайсы бир деңгээлде чагылдырылганына эпосторубуз, көркөм адабий туундуларыбыз мисал болуп берет. Эпосто Көбөш Абыкени каргыш аралаштыра минтип тилдейт:

"Салпаяк акмак!"-деп айтат,
Сен албасаң мен алам,
Садага кеткин катындан" ж.б.

Кыргыздарда жети ата түшүнүгү абдан зор маанига ээ болуп, ата-бабаларынын жети муунуна чейинки тарыхын билбеген адамды кыргыз деп эсептебеген. Каргыштарында дагы ушул түшүнүк толук маанисинде сакталып айтылган. Эпосто мындай түшүнүктөр дагы арбын кезигет. Бирок ал контекстик мааниге көз каранды беп айтууга болот. Мис., Айдардын Аккуланы байге үчүн чаба турган болгондо төмөнкүдөй каргыш аралаштыра тилдөө айтылат.

"Байге жебей майың же,
Медериндин канын же,
Жеткен байге доорун же,
Жети атаңдын боорун же".

Бул мисалда "медериндин канын же" деген каргоо менен каргыштын абдан коркунучтуу түрүн колдонгон.

Эпостогу каргыштардын бардыгы салттык мүнөзгө ээ эмес. Айрым учурларда каргыштардын жаңы формаларын, жаңы маани алган түрүн да кезиктиребиз.

"Атаңдын көрү жаш Айдар,
Бокмурун экөөң масс Айдар,
Элдигиң жок кас Айдар,
Кан Көкөтөй өлгөң соң,
Чын дүйнөңү көргөң соң,
Кабарды неге бербейсиң,
Баштап берген ашыңа, Айдар
Балекет туусун кашыңа, Айдар,
Калың казсын орунду, Айдар,
Каапырлар кылсын сонунду, Айдар,
Ит таласын этинди, Айдар,
Ким көрсүн сенин бетинди, Айдар.
Калмак жесин башыңды, Айдар,
Каапыр жесин ашыңды, Айдар".

Мисалдагы "калың казсын орунду", "ит таласын этиңди", "калмак жесин башыңды", "каапыр жесин ашыңды" деген каргыштан сюжеттин өнүгүшүндөгү жагдайга ылайык айтылган эпикалык мүнөздөгү каргыштардын жаңы түрү деп атоого болот.

Каргыштар түзүлүшүнө карап талдаганда бир нече сөз тизмектеринен баштап, бир нече ыр саптарынан курала турганын көрдүк. Анда элдин үрп-адат каада салты менен элибиздин байыртан бери калыптанган түшүнүгү, ишенимдери чагылдырылган. Көбүнчө "болсун" деген сөз күчтүү сезим менен айтылып, керек учурда ал рефрендүү кайталанып, анын аткарылышы Теңирден, жерден, кудайдан ж.б. күчтөрдөн суралат.

Жыйынтыктап айтканда эпостун тулкусуна каргыш ырлары арбын сыйдырылып, кандайдыр бир деңгээлде сюжеттик сызыкты күчтөндүрүп турат. Эпостогу каргыш айтуулардын көбү баба культтарына байланышкан салтык айтымдар менен кошо Манастын өзүнө жана анын буюм, теримдерине байланышкан каргыштардын түрүн көрөбүз. Мис., "Манастын арбагы урсун", "Манастын туусу урсун", "ак келтенин огу урсун", "көк милтенин чогу урсун" ж.б.

Адабияттар

1. Валиханов Ч. Собр. соч. В.5 т. -Алма-Ата -1985. Т.I.
2. Каралаев С. Манас. Т.12, инв.№ 101.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. -Б., 2004.
4. Поярков Ф. Из области киргизских верований // Этнографич. Образование. 1981. КН II №4.
5. Садыков Б. Функции фольклорных жанров в художественном составе эпоса "Манас" -Б., 1992.

К. Казиева,
Ж.Баласагын атындагы КУУ

СОВЕТБЕК БАЙГАЗИЕВ - ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН АДАМ, ТАБИЯТ ЖӨНҮНДӨГҮ ИДЕЯЛАРЫН УЛАНТУУЧУ ПУБЛИЦИСТ

Окумуштуу-педагог, акын жана публицист С.Байгазиевдин "Чынгызга карышкырдан кат" аттуу философиялык-публицистикалык эссеси тууралуу ой-пикирин жазганда К.Байбосунов: "Ушул эссе абай салган окуучуга биздин алп жазуучубуз Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тикелей уландысы катары сезилет"-деп туура баамдаган. [3.10]

Жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адам жана табияттын ортосундагы кагылышуулар тууралуу Айтматовтаануучулар далай ирет талдап, далай ирет адабий макалаларды, сын-пикирлерди а түгүл диссертациялык иштерди да жазышты. Бирок, публицист С.Байгазиев Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адам - табият - цивилизация үч бурчтугун таптакыр башкача формада, таптакыр башкача өңүттө чагылдырып бере алгандыгы менен, анын айта турган ойлорун уланта алгандыгы менен өзгөчөлүү. Ал жан-жаныбарлардын тили аркылуу, кадимки карышкырдын, жырткыч болсо дагы, анын жаныбарлык дүйнөсүнө сүңгүп кирип, Чынгыз Айтматовго кайрылуу менен, өзүнүн жаныбар каармандары Бугу-Эне, Майрык-Чаар-Жезкемпир, бөкөн ж.б. жандыктарынын диалогдору аркылуу, ааламдык маанилүү маселелерди эркин талдай алган. Автор

Чынгызды азыркы замандын Асан Кайгысы деп атайт. Чын-чынында ошол Айтматовдук жаныбар-каармандардын ар биринин ички туюмун, бири-бирине жем болгон турмуштук таргедиясын аллегориялык ык менен туюнта билген С.Байгазиевдин өзү да учурдун Асан Кайгысы. Майрык-Чаар-Жезкемпир болобу, карышкырдын сырттаны болобу, алардын айткан монологдору, курган диалогдору публицисттин көөдөнүн тээп чыккан, асыл ойлор эмей эмине? Жүрөгүнөн сызылып чыккан ички мундун тамган көз жашы эмей, эмине?

Ошондуктан, К.Байбосунов: "Айтматов ойлоп жүргөн, айтып, жазып какшап, анан дагы эле айтам жана жазам деп иш планга коюп жүргөн сырларды ачыкка чыгаргандай сезилет да, кадимки "Кыямат" менен "Тоолор кулаганда" романдарына терең үндөш. Деги эле жазуучу айтпай кеткен, айтууга үлгүрбөй калган ойлорду Советбек агай бериптир - деп жазганы бекеринен эместир [3.10]. Анан Аттиң, - деген өкүнүчүн да айтат. - Көзүнүн тирүүсүндө бир эле сыйра окуп калганында айтпайт беле ыраазычылыгын Советбек агайга: "Эми, сен, Совет иним, менин чыйырымды улапсың. Менин кээ бир ойлорумду таап, толуктапсың. Сенин аракетчилдигиңе чындап таң берип турам. Не дейлик, мен сенин терендигиңе суктанып баа бердим. Мындай ар тараптуу ой жүгүрткөн сейрек синтезатор калем ээсин кыргызда болсун, башка элдерде болсун баалап, барктап алууга татыктуу деп ойлойм" -деп, Айтматовдун атынан өзү ушундай баасын берет [3.10].

Ооба, публицисттин коомдогу экологиялык, адамзаттын адеп-ахлактык маселелерин көтөрүп чыгууда карышкырдан Чынгызга кат жаздырган формасын тандап алган себеби, Чынгыз өзүнүн чыгармаларына камтыбай кеткен, жазып жетишпей кеткен көйгөйлөрдү белгилеп, кийинки муунда чыга турган "Чынгыздарга" кулак кагыш кылууну максат кылган деп эсептейм. Коомдо курч маселелер чечилбей, чыгарма аркылуу адамзаттын аң-сезимине жетпей жазуучусуз калды деп аргасыздан карышкырдын Чынгызга болгон арызы аркылуу туюндуруп жатканы бир эсе аянычтуу. Анткени, Ч.Айтматовду жоготуу кыргызга оңой болгон жок. Айтматовдой көркөм сөздүн тендешкис чебери, ааламдык алп акылман ойлордун ээсин жоготуу дүйнөлүк адабият үчүн да орду толгус жоготуу болду.

Эми жан дүйнөгө дүрбөлөң түшүрүп, адамдын дүйнө таанымын кенейте турган чыгармалар жазылабы, азыркы цивилизациянын ызы-чуулуу мезгилинде жаратылыштагы боло турган ааламаттарды алдын ала ким көрөт? Ким адам баласына эмне аркылуу жеткизет?.

Айтматовтаануучу, академик А.Акматалиев кыргыз профессионал жазма адабиятын үч доорго бөлөт. Биринчиси - Ч.Айтматовго чейинки доор, экинчиси - Чыңгыз Айтматовдун алтын доору, үчүнчүсү - Ч.Айтматовдон кийинки доор [1.5].

Айткандай, Айтматовдон кийинки доордо жазма адабиятта экологиялык, нравалык, ааламдык жана адамзаттык маселелердин тагдыры кандай болот? Ушул маселе публицист Советбек Байгазиевди түйшөлтпөй коймок эмес.

Ошондуктан карышкыр айла таппай минтип улуп турбайбы.

"Чынгыз биринчи жолу карышкырга баланын таза көзү менен карап, ушул асман челген аркайган тоолордун арасынан биринчи болуп бөрү баласына болушуп, бөрүлөргө карата эзелтен келаткан көз караштары өзгөртүүнү, карышкырга калыстыкты талап кылып, чырылдап чыккан өзүн болдун. Эзелтен киши баласынын өзүнө сиңип калган бөрү жөнүндөгү түрү суук элести биринчи жолу жеңип өткөн сен болбодунбу. Карышкырдан сен сулуулукту көрдүң!" - деп алкоосун айтат карышкыр [4.142]. Мына ушул Чынгыздын адамзатка табият маселесин көтөрүп чыгып кайрылганы бүгүнкү күнү жемишин берип жатканын биз көрө алабыз. Айыл адамдарынын арасында да карышкырга боор ооруп, анын кайгысына тен ортоктош болуп жатышат. Сөзүбүз куру болбош үчүн төмөнкү фактыны мисалга келтирели. Талас районунун Сазык-Булак айылында алдынкы чабан болуп эмгектенген Жетиген Чыналиев тоо арасында жүрүп карышкырлардын көз жашын көргөндүгүн зээни кейип айтып турат. Алгач мергенчи кадимки мергенчилик адатын карматып жөн гана карышкырды жоготуу үчүн барган экен. Бирок ал карышкырды аткан соң, жарадар болгон карышкырдын абалына кайра минтип боор ооруп турбайбы: "Аткан карышкырдын канынын тамчылаган жери менен куып келсем ылдый жактагы бадалдын түбүндөгү үнкүргө кириптир. Анын эч жакка кетпесине толук ишендим да анын күчүктөрүнө келдим. Төрт күчүгү жөргөлөп калыптыр, аларды эптеп алдым да койнума салып жыгылган карышкырга келдим. Ал үнкүрдүн ооз жагында шилбинин түбүндө жатыптыр. Кантер экен деп, бет мандайына жакындап, бир аз кадам калганда чепкенге оролгон күчүктөрдү көргөзүп жерге төктүм. Ошол учурда былкылдабай жаткан карышкыр башын көтөрүп эки алдыңкы буту менен туруп, чочоюп отурганга аракет кылды. Күчүктөрүн карай умтулуп, бир күчүгүн алдыңкы буту менен өзүнө тартып алды. Берки күчүктөрүн болсо тартып алууга кудурети жок эле. Мына ошол учурда карышкырдын эки көзүнөн жашы кадимкидей куюлду. Жарадар болгон карышкыр балдары үчүн жандалбас кылып, өлүм алдында турганда күчүктөрүн бир жыттап алайын деди. Ушул окуяны көрүп отуруп, ата-эне баланы жаныман артык көрөрү сезимимде ойноп, эт жүрөгүм чыдабай кетти...". [2.13] Мына... Бул окуя гезит бетине жарыяланып, ымыркайларын көчөгө ташбоорлук менен таштап кетип жаткан ырайымсыз энелерге сабак болсун деп, адамзатты боорукерликке, ырайымдуулукка чакырып турат. Коомчулуктагы көйгөйлөр козголгону үчүн публицистикалык маанини артып турат. Мына... Айтматов менен Байгазиевдин карышкырларынын образдары коомчулукка кандай таасирин берип жатканынын күбөсү. Автор Чынгыз Айтматовду: "Сен кишилердин бөрүлөр жөнүндөгү көнүмүш түшүнүктөрүн, калыбын буздун. Алардын дүйнө карашын башка багытка буруп жатасың" деп таамай айткан. Демек, коомдун адеп-ахлактык, руханий-маданий жан дүйнөлүк абалын ийге салып туруучу инсандар - жазуучулар деп тайманбай айта алабыз.

Публицисттин каламинин ар бир кадамы коомдун багытын аныктоого кызмат кылса, демек, ал - чыныгы публицист. Ошондуктан публицист Л.Леонов: "...Прозвучавшее в момент, когда в борьбе за мир, в борьбе против угрозы человечеству важное значение имеет позиция каждого писателя, художника, деятеля искусства..." деп туура баамдаса керек [5.13].

Бул философиялык эссе кадимки карышкырдын Чынгызга кайрылып улуп турган эпизодунан баштапат. Анда карышкыр Хан-Теңирдин чокусуна чыгып алып Чынгызга Бөрү-Анага улуган Акбарачасынан

улуп турат. Ырас ал Акбара эмесмин дейт, ал өзүн карышкырдын сырттаны атайт. Адам баласы атамзамандан бери берүлөргө кастарын тигип, бет келген жерде бөрү баласынын кактабай канын соруп, суурубай жанын алып, терисин тескери сыйрып келатышат деп арызданат. Дегеле "Бу опосуз дүйнөнүн азабы, кош аяктуу пенденин, ийри тумшук канаттуундун, төрт аяктуу макулугундун көөдөндү өрттөгөн көйгөйлөрүн" ортого салат. Чынгыздан башка бирөөнө арызданууга деле болмок беле? Чынгызчалык башка бирөөнүн карышкырдын арманын угууга дарамети, кудурети, же болбосо аң-сезими жетер беле? Чынгыз Айтматов "Кыяматында": "Кереметтүү бөрү эне! Жаратылыштын кучагында табият берген ырыскың менен жашай бер. Адамбы, ал да бир өзүнчө керемет, бөрүсүнбү сен да бир өзүнчө ажайыпсың!" деп жазып жатса, айбан макулуктар экен деп, карышкыр деп жалпы жонунан атап койбой, Акбара, Ташчайнар деп атайылап ат коюп, бөрүлөрдү кишидей кылып кадырлап жатса, "Бөрү баласына калыс баа берген жалгыз өзүң болдуң" деп карышкырдын ага гана кайрылганынын да чоң себеби ушу. Залкар жазуучу "Кыяматында" карышкырларды, бөкөндөрдү, "Кылым карытар бир күнүндө" Каранар төөнү, Дөнөнбайлап учкан кушту, "Ак кемесинде" Бугу-Энени, Майрык-Чаар-Жезкемпирди сөз кылбаганда бул чыгарманын өзүнүн жазылыш зарылчылыгы бар беле? Балким публицист баары бир адам-табият-цивилизация проблемасын козгоп далай башка макалаларды деле жазмак, бирок мындай көркөм деңгээлде чыгарма жаралат беле? Ким билет... Бийиктиктен караганда, бул чыгарманын бир кырын ушундайча көрүп турабыз.

Ал эми бул көп кырдуу чыгарманын арткы бетин оодара карап көрсөк, публицисттин бул чыгармасында негизги берейин деген ою, максаты - Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы каармандарды талдоо же болбосо анын чыгармаларына сын-пикир айтып, баа берүү эмес. Тек гана ааламда болуп жаткан көйгөйлөрдү чагылдыруунун формасы катары, предмети катары Айтматовдук каармандарды тандап алган десек да болот. Улуу жазуучунун чыгармаларындагы оң жана терс каармандар дүйнө аралап, ар бир адамдын көңүл чордонунда болгону үчүн, аң-сезиминде орноп калганы үчүн коомдук көйгөйлөрдү ортого салууда ошол каармандардын мисалында сөз кылуу эффективдүү эле. Чыгармадагы бере турган ойду калың журтка синирүүнүн негизги куралы эле.

Мисалы, карышкыр: "Атаң көрү ай, мен киши пендесин көргөндө, канчалык жонумду түктөйтүп, канчалык ичимден кан өтүп улубайын баары бир тереңимде адамдан түңүлө албайм... Адамга деп күйүп турган ак жарык шам бар. Мына ошол ак жарык шамды бу дүйнөгө тээ алмустактан бери миңдеп, миллиондоп төрөлүп, самсып келип жатышкан, бу жарыкчылыкта сан жагынан ар дайым быркырап үстөмдүк кылган алиги Базарбайлардын, Кочкорбаевдердин, Абориген-Үзүкбайлардын, Ленькалардын, Петрухалардын, Махачтардын, Гришандардын, Понтий Пилаттардын, Обер-Кандаловдордун, Таңсыкбаевдердин, Сабитжандардын, Манкурттардын, Орозкулдардын опур-топурунун арасынан сейрек кездешкен улуу Асан-Кайгылардын, Бостондордун, Едигейлердин, Танабайлардын, Момундардын баланыкындай таза ниеттери, аппак ой-тилектери, тунук акыл-эси, күңгүрөнгөн ички терендиктери, ыраакты көргөн көсөмдүгү тутандырган. Ал бүлбүлдөп күйгөн ак жарык шамды Улуу Моюнкумдун учу-кыйырсыз кең талаасын каптап чыккан, баарын кырып-жоюп, талкалап алдыга жулунган Обер-Кандаловдун ажаан күчүн токтотууга аракет кылган жылаңач баатыр Авдий жандырган"- деген монологунда автор коомчулуктун аккарасын, оң жана терс жактарын чагылдырууну көздөгөнү көрүнүп турат [3.10]. Бирок анын баары "Кыямат", "Кылым карытар бир күн", "Гүлсарат" ж.б. чыгармалардагы оң жана терс каармандардын аты менен туюндурулуп жатат. Ч.Айтматовдун каармандары Базарбай - Базарбайларга, Бостон - Бостондорго айланган. Жазуучунун бир каарманынын артында мин каарман турат. Публицист адамга болгон үмүтү зор экендигин, бирок Чынгыздын терс каармандары сыяктуу адамдар азыркы доордо көбөйүп, "сан жагынан ар дайым быркырап үстөмдүк кылып" келаткандыгын коомдогу эң коркунучтуу маселе катары кабыл алат. Бүлбүлдөп жанып турган ак шамды көрүү үчүн карышкыр (публицист) ар дайым аракет кылат. Бирок, "Сен экөөбүздүн ортобузда Базарбайлардын, Обер-Кандаловдордун, Кочкорбаевдердин, Орозкулдардын каптаган калың туманы жатат, ал туманды аралап, как жарып өтүү кыйын болоор" деп өксүйт. Бул "каптаган калың туман" подтексттүү туюнтма. А.Акматалиев: "Ч. Айтматовдун подтексттери терең катмарланган, жуурулушкан подтексттер. Аны бир эле мааниде кабыл алууга болбойт, подтекстин ичинде социалдык да, психологиялык да, нравалык да, философиялык да көп кырдуулук жатат" - деп баалайт [1.15]. Анын сыңары жогоруда аталган "каптаган калың тумандын" артында да бир канча социалдык, нравалык, психологиялык жана философиялык маселелердин, б.а. чыгармадагы көйгөйлүү проблемалардын туманы жатат. Бул глобалдуу туман жакын арада тарабастыгы - Жер эненин балдарынын чоң трагедиясы. Ошондуктан автор атайын "Ал туманды аралап, как жарып өтүү кыйын болоор" деп ачуу чындыкты мойнуна алат. Автор чыгармасында адамдын аң-сезими өркүндөп өскөн сайын, цивилизацияга умтулган сайын, Жер планетасынын ааламатына жакындап бараткандыгын, жайкалып жаткан жашыл шиберлерге да цивилизациянын жеткенинин өзү - каптаган калың туман экендигин түпкүрдөн үн каткан Бакай аба сындуу күңгүрөнүп жатканындай сезилет.

Китептин соңку бетиндеги "Сен, ырас эле, дүйнөнүн калыпка түшкөн көнүмүштөрү менен чырлашуу үчүн келгенсиңби?" - деген Чынгыздын дарегине айтылган сөз, С.Байгазиевдин Айтматовтаануучулугунун эң бир бийиктиги деп баа берер элем [4.142]. Чыгарманын идеялык ачкычы да ушул бир сап сөз. Дал ушул дүйнөнүн калыпка түшкөн көнүмүштөрүн козгоп, окурмандын бир нукта бейкапар жашап жаткан тынч жана ыкшоо дүйнөсүн ойготот.

Доордун бул карама-каршылыктуу көрүнүшүн, Жер эненин балдарынын көйгөйлөрүн публицист айтматовдук каармандарсыз деле калың элге айтып жеткизсе болмок беле? Болмок. Бирок, академик Амантур Акматалиев айткандай Чынгыз Айтматов адамзат проблемасына ааламдык масштабдан карап, жер эненин балдарынын боордоштугун эскертип, ынтымакка чакырып, жерге, жаратылышка энедей ызаат урмат менен сарамжалдуу мамиле кылууну осуяттап, насааттап кеткен эле [1.15]. Бул чыгарма мына ошол осуяттын жолун улап, коомчулуктун руханий жан дүйнөсүн үзгүлтүксүз азыктандырып турууну көздөйт.

Залкар талант Ч. Айтматов менен аалам небак эле бир түшүнүк, символ болуп калган. Бүгүнкү жана эртенки кыргыздар үчүн Айтматов Руханий Күн сыяктуу. Себеби, Ал улуттук адабиятыбыздын, коомдук турмушубузудун бардык тарабына өзүнүн жарык нурун чачып, энергиясын бөлүшө алды. Ал руханий жарык, энергия түгөнбөйт, түбөлүккө улана берет [1.15]. Ошол түбөлүктүүлүктүн түпкүрүнө умтулуудан улам "Чынгызга карышкырдан кат" жазуунун зарылдыгы келип чыккан. Түбөлүктүүлүктү бек тутунганы үчүн бул чыгарма доорлор алмашса да актуалдуулугун жоготпойт деп ишенебиз.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Рух өмүрү - түбөлүктүү өмүр. - Айтматов Ч. I том. -Б., 2009.

2. Ашыралиев А. Карышкырдын көз жашы. // "Көк асаба". - 2013. 8-май.

3. Байбосунов К. Адам жана карышкыр. // Кутбилим. - 2009. 11-декабрь.

4. Байгазиев С. Чынгызга карышкырдан кат. -Б., 2008.

5. Станиславлева В.Н. Л.Леонов-публицист. - М., 1974.

Д. Ызабекова,
Ош мамлекеттик социалдык университети

"ЖАЛГЫЗ БУТАКТУУ АРЧА" ПОВЕСТИНИН ИДЕЯЛЫК-КӨРКӨМДҮК САЛМАГЫ

Ж.Маляновдун "Жалгыз бутактуу арча" повести жазуучунун чыгармачылыгындагы бир кыйла бурулуш этап болгон. Бул чыгарманын негизинде Дооронбек Садырбаев телефильм тартып, повесттин экрандагы өмүрү кыргыз журтчулугуна жазуучунун атын дагы бир жолу таанытkан.

Чыгарма мындай сүрөттөөлөр менен башталат: "Сатымкул жалгыз бутактуу арчанын түбүнө келип отурганда күндүн илеби кайтып калган эле. Көмкөрүлгөн казандай боз ташка көчүк басып, папирос түтөттү. Жанына чий калпагын алып койгондуктан, жазы маңдайынан өйдө тегиз кайрылган коюу чачынын түбү заматта курган чыкты. Үйлөгөн сайын кумурска изиндей ийрилип жогору жылган тамеки түтүнүнө чалкалай тиктеп ал ойлуу... Арчанын жалгыз бутагына чылбырынан күрмөй байланган аты ээсинин бул оюн бузбайын дедиби, жанатан бери арткы буттарын алмак-салмак көтөрө коюн-колтугун тепкилеп, бөгөнөктөн корунганын да токтотуп койгон. Ал эми азыр алда кандай шыбышты тыңшагансып, кулактарын тикчийте тим турат. Сатымкулдун бир колунда арчанын ичке бутагы. Папиросун соруп, түтүнүн көккө үйлөгөн соң, тиги колундагы арчанын бутагына мурдун батыра-батыра жыттай коёт" [1].

Дал мына ушул алгачкы повесттин алгачкы сүйлөмдөрүнөн эле жазуучунун стилдик өз алдынчалуулугун көрүүгө болот. Ал кандай өзгөчөлүктөр:

Биринчиси, кандайдыр бир каармандын кийинки тагдырын алат да, аны бул же тигил окуя, буюм, эстелик менен байланыштырат да, ошону ретроспекциялык формада чечмелеп кирет.

Экинчиден, каармандары көбүнчө бир сырдуу, кээде түнт, анчалык ачылып сүйлөбөгөн бир мүнөз кишилер болот.

Үчүнчүдөн, каармандын кийим-кечесине, интерьерге, окуя өтүп жаткан жердин декорациясына өзгөчө маани берет, алар ошол чыгармада кайсыл социалдык катмардын (интеллигенция, колхоз активи, мугалим, дарыгер, согуштун ардагери ж.б.) өкүлү экендигин, кайсыл мезгилдин учуру сүрөттөлүп жаткандыгын айтып берүүгө тийиш.

Төртүнчүдөн, жазуучу окуяларды да, каармандарды да шашпай, бир иреттен сүрөттөп кирет, кээде алары өтө эле майдаланып кеткендей, эзип жибергендей сезилсе, көп учурда автордун ою прозалык тектин мыйзамдарына ылайык келтирүүдө оң натыйжа бергендигин көрөбүз.

Ошентип алгачкы эле абзацта автор табияттын эки нерсесин катар коёт: биринчиси - адам (Сатымкул), экинчиси - өсүмдүк (арча). Адам менен арча эмне үчүн салыштырылат. Адам - аз жашайт, арча - көп жашайт, адам - ооруп-сыркап, кыйналып жашайт, арча - кыйынжайын көгөрүп турат, адам - жыт чыгарбайт, арча - жагымдуу жыт чыгарат. Арча тоо-ташты тазалап, микробду кубалап, анын ысырыгы дезинфекциялоочу касиетке ээ. Бул сүрөттөөдө арчадан жыпар жыт чыгып жатса, адамдан папиростун жагымсыз жыты чыгат. Адамдар жараткандан "арчадай узун өмүр жаш сурашат", кыргыз элинин түшүнүгүндө арча - ыйык дарак. Бул сүрөттөөдөгү арча - жалгыз бутактуу. Окурманда табышмактуу ой пайда болот: калган бутагы кайда, эмне үчүн жалгыз бутактуу? Жалгыз бутактуу арча менен ага атайылап келген адамдын байланышы кандай болушу мүмкүн?

Чыгарманын пролог сыяктанган бөлүгүндөгү пейзаждык сүрөттөөдөн көп нерсени байкайбыз. Алар:

Мезгил: күндүн илеби кайтып калган.

Орун: жалгыз бутактуу арча, көмкөрүлгөн казандай боз таш.

Адам: жазы маңдайынан өйдө тегиз кайрылган коюу чач.

Адамдын иш-аракети: папирос түтөттү, үйлөгөн сайын кумурска изиндей ийрилип жогору жылган тамеки түтүнүнө чалкалай тиктеген, ойлуу, бир колунда арчанын ичке бутагы. Папиросун соруп, түтүнүн көккө үйлөгөн соң, тиги колундагы арчанын бутагына мурдун батыра-батыра жыттай коёт.

Адамдын минген аты: арчанын жалгыз бутагына чылбырынан күрмөй байланган, арткы буттарын алмак-салмак көтөрө коюн-колтугун тепкилеп, бөгөнөктөн корунганын да токтотуп койгон. Ал эми азыр алда кандай шыбышты тыңшагансып, кулактарын тикчийте тим турат.

Мына ушул пейзаж, ушул жердеги символика (жалгыз бутактуу арча жана Сатымкул) повесттин кийинки сюжетинде өзгөчө мааниге ээ болоп берет.

Андан ары Сатымкулдун психологиялык абалы менен таанышгыруу башталат. Ал пиджагин алып, анысын желбегей жамынын, ак көйнөгүнүн жакасын топчуланды, дагы папирос күйгүздү. Дембе-дем тамеки тартуу - ичинде оор күйүтү бар адамдын сыртқы белгиси. Автордук баяндоодо ал согушка чейин чылымды оозуна да албаптыр, а түгүл согушта бекер берилген тамекисин да башкаларга тартуулап жиберчү экен. Папирос тартуусу согуштан кайтып айылга келгенде башталыптыр. Автор анын өзүнчө себеби бар деп табышмактантып өтөт.

Ошентип повесттин сюжеттик сызыгынын башталышында эле жазуучу жалгыз бутагы гана калган арчаны жана ага ат арытып келген оор мүшкүл ичин бук кылып жаткан адамды сүрөттөө менен окурманды өзүнө тартып алат.

Чыгарманын старттык аянтчасы ушинтип табышмактуу башталгандан кийин окуя өткөн жер менен таанышабыз. Баба-Ата тоосунун бери жагы экен. Мындан жыйырма жыл мурда өткөн бир бактылуу күндөр экен. Ал күндөрдү эстеткен - жалгыз бутактуу арча жана ай. "Жер бетин каптап кирген иңирден улам бүлбүлдөп, карааны алыстап бараткан Баба-Ата тоосунун бери жагындагы кырка асканын чалкасынан бирөө кармап турган ат такасына окшош кемтигин карады. Баятан бери ошол жерден көзүн албай отурган. Аны караган сайын, эмнегедир жүрөк башы зырп этип коёт. Бүгүн айдын он алтысы, он жетиси. Ал демек, бир аз кечигип чыгат. Ошол кемтиктен, мындан жыйырма жыл илгери айдын ушул мезгилинде, анын толукшуган жүзүн Бакыт деп аталган ыйык нерсенин кучагында, ушул таштын үстүндө, ушул арчанын түбүндө отуруп көргөн болучу. Бирок, анда бүгүнкүдөй жалгыз эмес эле. Бул айдын шооласына анда муну менен кыналыша отуруп, дагы бирөө жүз тоскон болчу. Андан бери жыйырма жыл өттү..."[2].

Жер бетин каптап келе жаткан иңир, карааны алыстап бараткан тоо, кырка аска, чалкасынан бирөө кармап турган ат такасы, ат такасына окшош кемтик, көзүн албай отурган адам, ошол адамдын эмнегедир жүрөк башы зырп этип коюшу, чыгып келе жаткан ай, айдын он алтысы, он жетиси экендиги, бул жолу айдын бир аз кечигип чыгышы, айдын кемтиктен чыгышы, ошол Бакыт деп аталган ыйык нерсенин кучагында көрүшү, айды ушул таштын үстүндө көрүшү, айды ушул арчанын түбүндө отуруп көрүшү... Кыскасы, табият баары мындан жыйырма жыл мурдагыдай, баары окшош, баары эле ошол кездегидей. Андан ары автор жүрөк зырп эттирген: "...анда бүгүнкүдөй жалгыз эмес эле. Бул айдын шооласына анда муну менен кыналыша отуруп, дагы бирөө жүз тоскон болчу" деп кыстарып кетип атпайбы.

Жыйырма жыл балким асмандагы ай, тоодогу арча үчүн аз эле мезгилдир, бир көз ирмемдир, ал эми адам үчүн, конкреттүү айтканда, Сатымкул үчүн өзүнчө бир узун тарых. Ал тарыхта эчен сууну кечип, эчен жолду басып, эчен адамдар менен мамиле курду, жамандык-жакшылык, ачуу-таттуу дегендер менен кездешти, мезгил "наристеге жаш кошту, карынын өмүрүн уурдады, бөксөнү толтурду, толону бөксөрттү", бир гана эскиден элес, жакшы күндөрдү ичке каткан Сатымкулдун жалгыз арча менен бөлүшөр сыры калды.

"Жалгыз бутактуу арча" адамдардын татаал тагдыры, алардын максаттарынын кыйрашы, турмуш жолундагы адашуулары тууралуу повесть-эскертүү. Повесттин этикалык-нравалык сабагы да жаштарды өзүнүн бактылуу күнүн өзү жасашы керек, турмушта жаңылышпай жүрүшү керек деген идеяны ибараттайт.Бул каармандар турмуштан алынганын, бирок аттары гана башка экенин, жазуучу бала чакта, 6-класста окуп жатканда, райондун борборунда алардын колтугташып басканын көрүп суктангандыгын, жазып жатканда көз алдында ошол прототиптерди элестетип тургандыгын 1967-жылы жазган "Окурманга жооп" деген макаласында айтат[3]. Демек, окуянын негизи баланын эсинде калат жана повесть жазыларда автор Айнур чоңойгон, анан Сатымкулду тапкан айылга барып, жайлоо маалында, чыгармада сүрөттөлгөн чоң суунун боюнда, арчанын түбүнө отуруп, үлпөт үстүндө айдын чыкканын көрөт, анан кийин "Шофёр стартёрду буту менен басар замат мотор иштеп, машинанын денеси кыймылга келгендей, жанагыдай элестен улам, менин тулку боюм термеле баштап, тезирээк калем, кагазга жетүүнү каалап кеттим..."[4] деген абалга келет.

Жазуучу Ж.Мавляновдун сынчы С.Асанбеков менен "Кыргызстан маданияты" газетасы уюштурган "Азыркы кыргыз прозасы: ал-абалы, проблемалары" деген талкуусундагы диалогунда мындай оюн айтат: "Китеп тарбия үчүн жазылат деген эзелтен келе жаткан акылман сөз бар. Бул менимче, баарынан мурда биздин жазуучулардын калеминен жаралгандарга тиешелүү. Эгер адамдын акылына акыл кошпосо, жакшылыгын арттырып, жамандыгын азайтып таштабаса, окуган соң кандайдыр бир сонун ойлорго, максаттарга түртпү болбосо анда чыгарманын дүйнөгө келишине жол болсун? Окуучуга жетсе болду деген пикирге мен түшүнө бербей жатам. Эгер китеп окурмандын жан дүйнөсүнө жогорудагыдай "бүлүк" сала албаса, аларга жеткени болобу, же жетпегени болобу? Менимче жетпегени"[5].

Дал ушул таалим-тарбиялык маани-маңыз Сатымкул менен Айнурдун тагдыр-таржымалы, жүрүш-турушу аркылуу чечмеленет. Азыр, жыйырма жылдан кийинки, областтык маанидеги кызматкер жыл сайын эмгек өргүүсүндө айылга келип, келген сайын жалгыз бутактуу арчанын түбүндө жалгыз отуруп кетет. Мына ошол айылга келишине, жалгыз отуруп кетишине себеп - бул Айнур. Айнур экөө мындан жыйырма жыл мурда ай чыкканын ушинтип карашчу, анда экөө тең жаш эле, анда согушка чейин эле, экөө моюндаша отуруп айга суктанып карашчу, келечек тууралуу чексиз кыялдарга батышчу. Анда азыркы арманын угуп жаткан жалгыз бутактуу арча башкача эле, анын астына Сатымкул менен Айнур келип отуруп, "жайдын кечки жели менен тигил айдын сөөлөтүнө мас болушчу" кезде ал арча "калың бутактуу, башы бешикте көп жаткан баланыкындай жалпак, саябандуу, көрктүү эле. Эми болсо дал ошол Сатымкулдун тагдырындай калын бутагы да, саябаны да, көркү да калбаган арча согуш ардагеринин жашоосуна ассоцияланат.

Сатымкулдун элестөөлөрү менен автор бизди жыйырма жыл мурдагы Пача-Ата суусунун жээгине, Бүркүт-Уя аскасы көрүнгөн айыл четине алып келет. Мында Айнур менен Сатымкулдун бири-бирине эркелеген, кылыктанган күндөрү, жаштык романтикасы, бири-бирине наздануулары, сагынычтары, кусалыктары. Айнурдун татынакай ууртундагы жылмаюу. Суу бойлоп ойноп жүргөн Жаз менен Жаштык.

Сатымкул колхоздук жаштар мектебин бүтүп, эки жылдан бери сотто катчы. Анын бирге окуган класста-

шы Жамал аркылуу Айнур менен таанышат. Ачык-айрым Жамал эки жаштын ортосундагы ымалага шерик болуп, бири-бирине кат ташыйт. Кыздын жигитке, жигиттин кызга жазган ашыктык каты XX кылымдын 30-жылдарындагы байланыштын бирден бир негизги формасы болуп, ал Ж.Мавляновдун бир нече чыгармаларында доордун колоритин, каармандардын ички сезимдерин, көркөм образдарды ачып берүүнүн каражаты катары өз функциясын аткарат. Г.Гачев жазгандай ал кезде "кат сөзү бул - терең коомдук, мамлекеттик, ыйык сөз"[6] болгон. Кыз менен жигит бири-бирин жолугушууга чакырып, күн сайын көрүшүп турууга ал кездеги чөйрө, салт, адат, элдик этика мүмкүнчүлүк берген эмес. Адамдар бири-бирин кат аркылуу түшүнүшкөн жана жактырышкан, же жактырбай калган.

Ошентип Сатымкул менен Айнур экөөнүн каттан башталган, ынактагы ашып-ташып, сүйүүгө жетип, үйбүлө куруу, алып качуу тууралуу пландар түзүлөт. Албетте, андай кылуу мүмкүн эмес. Себеби Айнурдун жалгыз агасы Сатыбек бул экөөнүн баш кошушуна каршы. Автор окуяларды жайма-жай, ар кайсыл мезгилден, ар кандай учурдан ылайыгын келтирип баяндап отурат.

Адабияттар

1. Мавлянов Ж. Тандалмалар: аңгемелер жана повесттер [Текст] / Ж.Мавлянов. - Ф.: Кыргызстан, 1987.

2. Мавлянов Ж. Эне: аңгемелер, повесттер, очерктер, публицистикалар [Текст] / Ж.Мавлянов. - Ф.: Кыргызстан, 1983.

3. Мавлянов Ж. Изденүү болсо... Жазуучунун "Азыркы кыргыз прозасы: ал-абалы, проблемалары" деген талкууда сынчы С.Асанбеков менен диалогу [Текст] / Ж.Мавлянов, С.Асанбеков // Кыргызстан маданияты, 1975, 5-июнь.

4. Гачев Г. Национальные образы мира: Центральная Азия: Казахстан, Киргизия. Космос Ислама (интеллектуальные путешествия) [Текст] / Г.Гачев. - М., 2002.

Д.Ызабекова,
Ош мамлекеттик социалдык университети

ЖУНАЙ МАВЛЯНОВДУН АДАМ ТАГДЫРЫН АЧЫП БЕРҮҮ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Ж.Маяляновдун "Жалгыз бутактуу арча" повести тууралуу сөз кылсак. Башкы каармандар Сатымкул менен Айнур повесттин окуясына ылайык мандайча таанышкан. Экөө бир жыл илгери май айында таанышкан. Анда Сатымкул ушул айылга салтанаттуу чогулуш өткөрүүгө жиберилет да, айылдык кеңештин төрагасы алдыңкы колхозчуларга, окуунун мыктыларына сыйлык ыйгарат, ошондо Айнур да жакшы окуган кыз катары сыйлык алат. Жыйындан кийин жаштар оюн уюштуруп, бир көрүүдө ылым санап калган Сатымкул ошондо көзүн Айнурдан албай бир сезимге кабылат.

Бирок Айнурдун колун сурап, кудалашып койгон жери бар эле. Агасы ошолорду колдой турган. Окуунү бүтүп жаткан эле күнү Айнурдун болочок кайын-журту союшка кой, кыздын ата-энесинин казыгына байлашка тай жетелеп келип калат.

Миндеген сүйүү чыгармаларындагы үч бурчтук эми Ж.Мавляновдун колуна тийди, анда ал теманын кыргызча варианты турат, ал - кудаалашуу салты, таанышы эмес болочок күйөө жана жүрөк дабасына дары болор ашыгы. Ошол күнү Жамал жеңенин жардамы, айла-амалы менен эки жаш баягы биринчи таанышкандагы арчанын түбүндө жолукмак болот. Жолугушат. Качышат. Артынан куугун түшөт. "Башыңды канжыгама байлап кетпесем!" деп кыйкырып качкандардын артынан түшкөн Айнурдун кудалаган "күйөөсү". Качкан да, кууган да "кудайлаган" оор учур. Болочок күйөө үчүн Айнурду качырып жиберүү - уят, өлүм, намыс. Ал эми кыздын жалгыз байкеси үчүн - карындашынын качып кетиши - бетине чиркөө, кудалашуу салтынын бузулушу, эл алдында жер кароо.

Мына ушул эпизод кандайдыр бир даражада Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестин элестетет. Эки повесть тен дээрлик бир учурда (балким "Жалгыз бутактуу арча" бир аз ай мурда) жазылган. "Жамийлада" да сүйүшкөндөр (Данияр, Жамийла) качып кетет, аларды да куугунчулар артына түшүп куып барышып, бирок жетпей калат. Чынында ошол кездеги, согушка чейинки кыргыз элинин салты боюнча кудалашып, калың берип-алып, бата кылып койгондук бул кыз үчүн мыйзамдуу күйөөсү бар сыяктуу эле кабыл алынган. Аны эч ким алып качууга да жол берилбеген, андан жолго барган жигит уруу аксакалдары тарабынан катуу жазага тартылган, элден чыгарылган, эриш бузгандык катары эсептелген.

Мына ушундай кабыл алынууга Ж.Мавляновдун каармандары да кириптер болмок, бирок автор окуянын жүрүшүн башка нукка бурат. Качкандар колго түшөт. Жөн гана колго түшүп калбастан Сатымкул кык жыттанган, тегереги ыргай чыбыктар менен тосулган короонун ичинде колу-буту кара кыл чылбыр менен бекем таңылып, тепкиден көк ала болгон жүзүнөн канга аралаш тер агып, чалкасынан жатат. Ооба, ал жеңилди. Эски салтка, патриархалдык доордун калдыктарына жеңилди. Ал таза сүйүү үчүн күрөштө. Бирок алсыздык кылды. Ал күрөштө жалгыз калды. Ага жардам берүүчү Айнур да, Жамал да феодалдык салттын кубаттуу машинасынын алдында кумурскадай кунсуз экен. Бирок тагдыр ага дагы бир жолу жылмайды...

Сатыбек карындашы Айнурду "күйөөсүнө" учаштырып берип, өзү карындашымды алып качты деп Сатымкулдун үстүнөн арызданганы кеткенде Жамал анын колун чечип коюп, ал кайра Сатыбек менен болочок "күйөөнү" сотко берип, Айнурун бошотуп алат. Жеңиш Сатымкул менен Айнурга келет. Аскерде Ыраакы Чыгышта үч жыл кызмат кылып, ал учурда Айнур

да педагогикалык окуу жайын аяктап сүйүшкөндөрдүн жолдору ачылат. Сатымкул райондук прокурордун жардамчысы, андан соң эки жылдык юридикалык мектепти бүтүрүп, райондук прокурор даражасына жеткенде Гүлнур аттуу кыздуу болот.

Ошентип баары өз-өз ордуна келип, үй-бүлө да, кызмат да, жеке турмуш да ойдогудай болгон кезде, Сатымкул республикалык прокуратуранын кызматкери болуп калган учурда капысынан башка окуя чыгат: "Ошол жылы алар баланын үнүн биринчи жолу угушкан. Туш-тушу панжаралуу чакан жыгач керебетте жаткан наристенин таңга маал чыккан "ыңаа-ыңаа" деген деген тааныш жагымдуу үнүнөн улам, ойгонгон Сатымкулдун кулагына дубал боорундагы репродуктордон: "Согушту жарыялабай туруп, немисттик фашисттер Ак деңизден тартып, Кара деңизге чейинки батыш жактагы чек арабызды басып кирди" деген диктордун айбаттуу добушу жаактан ары тартып жибергендей, аны селт эттирди.

Бир бутун шымына салган бойдон ал бетин түктүйтүп, керебеттин кырына нес кишиден бетер шылкыя отуруп калды. "Согуш!.." деди бир оокумда Сатымкул, керебетке эңкейген бойдон ич көйнөгүнөн көкүрөгүн чыгарып, Гүлнурун эмизип турган Айнурга карап. Анын көш өрүм чачы булайып жылаңач ийиндеринен төмөн ичке балтырга жете чубалжып турган. - Согуш башталыптыр, уктуңбу, Айнур? - деди ал эми үнүн бийик чыгарып. Сатымкулдун ойгонгонун байкабай калган Айнур, жалт бурула бергенде көш кабат терезеден түшкөн жарыкка, ого бетер угузданып турган ачык ачык көкүрөгүн эки колу менен баса калды. Назга жана сыймыкка дайыма толо гурчу анын көздөрү чоң-чоң ачылып. узун кирпиктери биринден, тикелене түштү да, жука эриндери чаңкаган кишиникиндей кеберсип, нары дирилдеп кетти"[1].

Ж.Мавляновдун чыгармаларынын каармандарынын көпчүлүгү согушка чакырылгандар, же согуш учурун орукта өткөргөндөр. Алар ошол согуш тууралуу 1941-жылдын 22-июнундагы фашисттик Германиянын СССРге кол салышын ар кандай кырдаал-шартта, ар кандай адамдардын чөйрөсүндө, ар кандай психологиялык абалдарда угат. Алардын ичинде Сатымкулдун жаман кабарды угуусу да өзгөчө учурга туш келди: кызынын ыңаалаган тааныш жагымдуу үнү, көш өрүм чачы булайып жылаңач ийиндеринен төмөн ичке балтырга жете чубалжып турган Айнурдун сулуулугу... Мына ушул бактылуу учур, баланын сүйкүмү, аялдын чырайы жана согуш деген алааматтын чыгышы. Сатымкул бир жагынан бүтүндөй оор күндөрдү баштан өткөрдү, кыйынчылыктын баарын жеңди, демек ал жеңишчил, жолдуу адам, андыктан ал согушта да жеңишчилдигин көрсөтөт деп ойлойсуң.

Советтик Армиянын офицери катары согушка жөнөдү. Адегенде Кара-Балта, Ош тарабында аскердик трибуналда кызмат өтөп жүрүп, 1941-жылдын күзүнөн тартып, бирде Москванын алдынан, бирде Украина тараптан кабары билинип жүрүп, 1943-жылдын май айында Белгород багытындагы майдандан каты келет да ошол бойдон дайынсыз болот.

Андан ары автор Айнурдун ички санаркоолорун, айылдагы согуштун таасирин, Гүлнурдун атасын сурай беришин сүрөттеп келип, Сатымкулдун сырдаш курбусу Курмандын жана анын аялы Сырганын тагдырын баяндоого өтөт. Ал экөөнүн кайгысы согуш трагедиясынын бир үзүмү катары повестке өтө ыктуу киргизилген. Курман айылдагы Сырганын төрөр күнүн билип, сүйүнчү сурар кат келерин күтүп жатканда күткөн кат аяшы Айнурдан келет. Анда блиндажда отурган. "Курмандын сүйүнчүсү даяр болчу. Өткөн түнү чалгынга барып, жолдошу менен душмандын постто турган сакчысын тирүү штабга алып келишкен. Ошол олжодон кийин ал эс алууда жаткан күнү Айнурдун жанагы каты келип калат. Жолдошу котелокко алып келген конок боткого ооз тийгизбей туруп, Курман жоop жазууга кириштн. "Сен жей бер, Алёша, курсагыңан артса, калтырасың, болбосо, бүт жеп койсоң деле таарынычым жок, бүгүн" деди.

- Нече күнгө дейре шыбагаңы мага бересиң - деп боткого оозун толтуруп алган шыңга бойлуу сержант Алёша баркылдыганда.

- Мага демек эки күн же... - деди, Курман.

- Сага окшоп уулду болсом, мен бир жумага чейин аба жутуп жүрө бермекмин, - деди али тигиндей үйбүлө күтүүгө үлгүрө элек Алёша.

Блиндажды түп көтөрө күлүп калышты"[2].

Жазуучу мында орус адабиятын изилдөөчүлөр "окопная правда" дегендей "окоп чындыгын" дал ошол окоп казып келген, окопто душман менен мээлешип жатып келген, окоптон өлүктөрдү ташып келген майданчы катары таамай берип жатат. Мындагы майда, билинбес деталдарда бир нече турмуштук окуялар синдирилген: алар Курмандын сүйүнчү, баланын таттуулугу, согуш азабынан туңгуч баласын төрөлгөн кезде көрө албаган, аялы менен наристесинин жанында боло албаган жигиттин арманы, анын боткосун башкага берген берешендиги, гуманизми, улуттар арасындагы ынтымак, достук, Алёшанын али үйлөнө да электиги, балким анын өмүр жолу бүгүн-эртең аягына чыгып калышы... Мына ушундай татаал тагдырлар бир гана эпизоддо таамай тартылып жатат.

Мына ушул чалгынчы Курман 1943-жылы 10-июнда маанилүү тапшырма аткарып жатып Украина жергесинде курман болот. Анын балким акыркы сөзү мындай болгондур дейт автор: "Кубатбек! Сырга! Силердин келечегиңерге колун сунган ажалга өзүмдү тостум. Силер жашагыла! Силер өмүр сүргүлө! Мен да өз өмүрүмдүн калган жылдарын экөөңөргө бердим. Уктуңарбы? Уктуңарбы? Силерге бердим! Силер жашагыла!"[3].

Мына ушул автордук табылга андан 6-7 жыл өткөндөн кийин Ч.Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестинде Майсалбектин катында кайрадан жаңырат.

Мына ошол Курмандын жана анын аялы Сырганын образын чыгармага киргизүү менен автор ошол кездеги бир үй-бүлөнүн кандай оор шарттарда болсо да кыйынчылыктарга туруштук бергендигин көрсөтөт. Сырга баарынан мурда эне, эне болгондо да согушта каза болгон Курмандын туягын жетилдирүү милдети бүт өз башына алган эне. Ал кандайдыр бир даражада Айтматовдун каарманы Толгонайга окшоп кетет. Толгонай болсо турмушта жашап өткөн кадимки таластык аялдын прототиби экендигин жазуучу дайым айтып келди. Мына ушундай эне жана аял катары мавляновдук каарман Сырга да өз милдетин аткарса, Айнур бара-бара терс жолго жүрүп отуруп акыры анын адамдык сапаттары тебеленди. Чалгынчылык оор иште жүрүп дарексиз кеткен Сатымкулун ойлоп сарсанаага, убайымга барат, бирок ал райондук аткаруу комитетинин төрагасы Жылкыбаевдин аялы Оңолдун бал тилине алданып, мас кылар ичимдикти ууртап-татып отуруп, кийин көбүрөөк берилип да кетип, анан бир күнү Эрменбаевдин колуна кантип түшкөнүн билбей

да калат. Мына ушул Айнурдун ыймандык деградацияга учурагандыгы, адептик кризиси автор тарабынан абдан так, ишенимдүү, эволюциялык жол менен, психологиялык кырдаалдарда берилип барат. Адамдын, аялдын бузулуусу жазуучунун сүрөттөөсүндө бир катар деталдарда, каармандын ички сезимдеринин кагылышуусунда берилет.

Ошол эле кезде жазуучу айрым учурда адабий, китептин таасирдин да туткунунда калган. Мисалы, бир жолу Сырга жатарда куудулданып, эркек болуп алган: мурут жасап, чачын төбөсүнө түрүп, чаар допуну баса кийет. Мына ошол учурда Сырга кирип келет. Бул эпизод Алыкул Осмоновдун "Майдын түнү" поэмасын элестетет.

Бирок жалпысынан бул повесте жазуучу адамды ачуу жагынан, каармандардын бири-бири менен конфликтин жана мамилелерин берүү жагынын дасыгып калгандыгын көрсөтөт.

Айнурдун тагдыры, анын Эрменбаевден боюна бүтүп калышы, анан ага аргасыз турмушка чыгышы менен уланып, алар башка районго которулуп кетет. Дал ушул учурда 1946-жылы май айында Сатымкул фронттон кайтып келет да, Айнурун таппай калат, аны иниси менен аяшы Сырга тосуп алат. Станциядан досу Курман менен аялы Айнур жок экендигин көрүп, "так чыкыйына таяк жеген адамдай Сатымкул тегерек көздөрүн жума берип, буудай өңүнөн кан качыра сендеректей түштү"[4], бул анын эң оор жоготуусу эле. Балким согуш болбогондо мындай тагдырга туш келбейт беле? Бирок согуш бул чыгармада адамдарды сынсонун, алардын адептик сапаттарын текшерип чыгуунун каражаты болгон, ошол сыноо аянтчасынан Сатымкул, Курман, Сырга адамдык бийик абийири менен татыктуу өтүштү. Айнур болсо Сатымкулу амансоо келгенин угуп, аны менен жолугушуп жүрчү - жалгыз арчанын далдасына өтө берип жок болду, ал өз боюн сууга таштады.

Баягы повесттин башында Сатымкулдун жалгыз бутактуу арчага келип турушунун себеби да, шарты да ушунда эле. Чыгарманы идеялык-тематикалык багыты да көп кырдуу: айыл адамдарын баёолугу жана анан ошол мүнөзүн пайдаланып, башкалардын аны терс жолго буруп кетиши (Айнур - Оңол); согуш жана анын кесепети (Сатымкул - Айнур; Курман - Сырга); согуштун адамдарды сындан өткөрүүчү окуя экендиги; бузукулук (Оңол - Эрмекбаев); эр жүрөктүүлүк (Сатымкул, Курман); тазалык (Сырга); сүйүү жана жек көрүү; өмүрдүн өксүк жана өкүнүчтүү күндөрү (Сатымкул, Сырга). Мына ушулардын баарын жазуучу адамдардын тагдырына байлайт, адам тагдырлары аркылуу ачып берет. Демек, ал повести тагдыр тууралуу алдына жазылуучу повесть жана роман жанрындагы чыгармаларынын ийгиликтүү дебюту болгон.

Адабияттар

1. Мавлянов Ж. Тандалмалар: аңгемелер жана повесттер [Текст] / Ж.Мавлянов. - Ф.: Кыргызстан, 1987.

Adilbekova E.,
Kazakıstan/Türkistan A.H.Yesevi Üniversitesi

KAZAK DESTANLARI VE TARIHI KÜLTÜR MIRASI ÜZERINDEKI YERI

Kültür, bir toplumun hayat tarzını oluşturan unsurlardır. Kültürün en berrak aynaları, hiç şüphesiz tarih boyunca meydana getirdikleri unsurlardır. Bu unsurlardan biri de destanlardır.

Destanlar, toplumların, özellikle tarih boyu sözlü geleneğe ağırlık vermiş halkların, hem "milli hafizası" hem de "milli şuuru"nu ihtiva eden halkların mirasıdır. Bu mirasa sahip olan Türk boyları, bu özgün mirası kendi yönlerini belirlerken, önemli kararlar verirken, gelişme süreçlerinde kendilerini yetiştirirken kullanabilirler.

Destanlar sadece birer öykü ve övünme anlatıları değil, bir tolumun sanat ve edebiyat hazinelerinin sergilendiğni müzelerdir. Destani eserler yalnızca tarihte yaşamış veya yaşadığına inanılan kahramanların yaptıkları işler, gösterdikleri başarılar, fethettikleri ülkeler ve kazandıkları zaferlerden bahsetmezler. Her ne kadar günümüzdeki "destan yazmak" deyimi, başarılması güç bir işin başarılması anlamında kullanılmakta ise de bu çerçevesinde yayımlanan destanlarımızda, göçler, yenilgiler, ihanetler, dostluk ve düşmanlıklar gibi, Türk boylarının çeşitli dönemlerde yaşadığı acılar, sıkıntılar ve sevinçler de geniş ölçüde yer almıştırlar [2.35].

Destanlar: bireyden aileye, aileden topluma ve toplumdan da devlete uzanan bütünlüğün, bir halı motifinin işlenmesi gibi motiflerle anlatıldığı eserlerdir. Bu motif yapılarının her bölümünde Türk boylarının insanlık değerleri vardır [6.125]. Bu temel yapıların oluşturulduğu çerçeve incelendiğinde, onlarda Türk milletin eşyayı, doğayı, dünyayı ve evreni algılaması ve yorumlayış tarzı görülür. Bu algılama ve buna bağlı olarak oluşan yorumlamalar "destan sanatı" adını verdiğimiz çerçeveyi oluşturmuştur. Bu çerçeveyi oluşturan sanatçılar tarih boyunca farklı coğrafi alanlarda yetişmişler ve yetiştikleri devir ve coğrafi alana göre "bahşi", "akın", "ozan", "jırav", "aşık" gibi adlar almışlardır. Ancak onların hepsi "destancı" ortak adını alarak, bütün Türk boylarında yaşatılan ortak bir geleneğin temsilcileri olmuşlardır [9.54]. Bu sanatçılar kendilerinden önce yaratılmış olan sanat anlayışıyla, kendi dönemlerinde edindikleri deneyim ve duyguları birleştirerek destan sanatını "destan geleneği" ne dönüştürmüşlerdir.

Bu anlamda destanlar; edebiyat ve tarihi, estetik ve olguyla beraber gerçeği bir bütün içinde birleştirmiş sanat eserleri ve canlı birer "kültür evleri" olarak görülebilir.

Eski Yunanca'da ve Batı dillerinde "epope", Farsça'da "destan" olarak adlandırılan kahramanlık tema epik anlatılar, Türkçe'de de bilim adamlarınca "destan" ve "epope" terimleriyle karşılaştırılmaktadır. Bu anlatı türü, diğer Türk lehçelerinde "destan" "epos", "cır", "comok", "nimah/ alıptığ nimah", "tool/ maadırlığ tool", "olongho", "kay çörçök", kay sörçek" gibi terimlerle isimlendirilmektedir [7.33-41]. Ayrıca Kazak Türkçesi'nde ve diğer bazı Türk şivelerinde "destan" terimin yanı sıra, yine Farsça olan

"name" terimi de özellikle mensur destanların teriminin yanı sıra, özellikle mensur destanların isimlendirilmesi için kullanılmaktadır. Örneğin, "Cengizname", "Timurname". "Saltukname", "Oğuzname" gibi mensur destan metinleri doğrudan "name" terimleriyle adlandırılmaktadır.

Ister boy, ister ulus bazında olsun, ister dar bir alanda, ister geniş bir alanda yaşamış olsun, ister dışa, ister içe yönelik olsun, toplumun (kabilenin, ulusun) bütün bireylerini doğrudan ilgilendiren ya da etkileyen herhangi bir olayı, ister dar bir alanın, ister çok geniş bir alanın bahadırı olsun belli bir tıp (alp tipi) etrafında toplayarak anlatan "destancı" adı verilen ve uzun bir süre "edebiyatçı" ve "tarihçi" görevini yerine getiren, atlı göçebe yaşam tarzının sanatkâr tipi olan sanatkâr (ozan, jırav, vb.) tarafından kendine özgü bir forma kavuşturulup müzik aleti eşliğinde ya da sade ezgili ve kendine has bir akış ve üslup ile nakledilen, sanat ve estetik kaygıları taşıyan, tarihteki bölgesel, ulusal bazdaki olayları tam anlamıyla gerçekçi bir şekilde değil de, efsane yada tavatür boyutuyla nakleden, teşekkülü için uzun bir süreyi gerektiren, sözlü kültür ortamında teşekkül etmesi ve sözlü iletişim vasıtasıyla nakledilmesi nedenleriyle değişime uğrayabilen, toplumun geçtiği kültürel süreçleri ve yazıya geçirdikleri dönemin özelliklerini yansıtan, atlı göçebe yaşam tarzının ürünü olarak çoğunlukla manzum olarak ortaya konan; fakat, zaman zaman mensur ya da manzum mensur bir yapı sergileyebilen kahramanlık konulu metinlere desten denir [10.241].

Dünyada destan araştırma ve çalışmaları oldukça eski tarihlere dayanmakla birlikte, ilk ciddi araştırmalar XIX. Yüzyılda başlamıştır. Pek çok toplumun sözlü olarak anlatılan destanları, ilk çağdan itibaren Homer başta olmak üzere, farklı şairler ve bilim adamları tarafından toplanıp yazıya, özellikle Batı dünyasında yazıya geçiriliş sebeplerini sadece koruma amacına destanlar daha sonra ki dönemlerde ve özellikle de, "Aydınlanma Döneminde yapılan yenilikler için başlıca beslenme kaynakları olarak kullanılmıştır. Aydınlanma Dönemi'nden sonra ve özellikle de XIX. yüzyıla gelindiğinde, ister sözlü ister yazılı olsun, destanların milli kimlik oluşturmada ve bu kimliğin tanımlanmasında ciddi biçimde kullanıdığı bilinmektedir [4.247].

Türkler çeşitli sebepler dolayısıyla bugün ayrı bölgelere bulunsalar bile bir geçmişte ortak bir hayat yaşamış; aynı dili ve tarihi paylaşmışlardır. Ama bugünkü çalışmamızın sonunda öğrendiğimiz gibi anlatılan olayın kahramanıyla yeni bir olayın ya da yeni bir şahsiyetle geçmiş vakanın bütünleşmesi meselesi de bunu açıkça ortaya koymaktadır.

Bir halkın destan metinlerinin kendine has özelliklerini belirlemek için kullanılan eserdir. Bolsevile devrimine kadar ve sonraki dönemlerde folklor bilimi tarihinde Kazak destanlarının türleri ile tür çeşitleri büyük ölçüde karşılaştırılmıştır. Destanın çıkış tarihi, gelişme yolları halka ait olması, kültürün kalıplaşması varyantların varlıkları ile benzerlikleri hakkında biraz olsun neticeye varılmıştır. Buna ilave olarak destanın metinlerini yayımlama bilimsel basımlarını hazırlama işleri olgunlaşmaya başlamıştır. Şüphesiz Kazak destanlarının çeşitli meselelerin ele alınması ve bu destanların hangi açıdan değerlendirileceği meselesi folklor biliminin geçmiş ve günümüz tarihinin kendisi söz sahibi olabilme niteliğindedir [3.135].

Destanların bir milletin hayatındaki önemi büyüktür. Destanların tarihi, fikri ve sanatsal açıdan değeri taşıyıcı özelliği sebebiyle bir kültür köprüsüdür. Kültür ise milletin tüm değerlerini kendinde barındıran bir ışıktır. Varlığı tarihten önceki çağlara dayanan milletlerin hayatları hakkında bilgileri destanlar sayesinde öğreniriz.

Aslında destan türlerini, bütün destan kültürünün asırlar boyuca devam edip gelen yolda varılacak hedef durumunda olan stratejik bir nokta olarak değerlendirebiliriz. İlk önce Kazak destanlarının destan sanatının çıkış sebeplerinden başlayarak günümüze kadarki dinamiğini artzamanlı açıdan ele alacak olursak dayanak noktalarımızdan biri de bu olacaktır.

Kahramanlık destanlarını aynı kökten olan türleri ile birlikte ele almamızın sebebi budur. Eski devirdeki destan geleneğine bilhassa kahramanlık destanlarına temel teşkil eden en eski zamanlarda yani tarih öncesi çağlarda kalıplaşmış, öteki türlerle olan bailarını belirlemek genel destan türünün meydana geliş tarihiyle sıkı bir ilişki içindedir [1.184].

Folklor ürünlerinin çeşitli milletlerle ortak olması çok dikkat çekicidir. Bunun nedenini açıklamanın bilimsel yolları vardır.

Kazak destanların morfolojisinin aydınlatmamak, onun uluslararası tipolojisinden bahsederken aceleci ve tek yönlü düşünülmesine sebep olur. Mesele Kazak destanlarının destan sanatı ve tipolojisine ait konu ve motiflerin, kompozisyon ve sanat üsülerini, tiplerinin yapısı ile bilinen kuralların önceden söz konusu olup olmadığında da değildir. Bunlar bilimin gelişimine uygun olarak en geç araştırılacak olan konulardır.

Destan sanatı esasında folklor ve edebiyatın kuruluş yapısına, sanatlı oluşumların türüne, çeşidine göre onunla ilişkili olan bir durumdur. Bilhassa folklorik destan sanatını tarihi açıdan düşünmek gerekir. Destan öncelikle tarihten bize kalan manevi bir mirastır. Çünkü destan türlerinin ortaya çıkışı ilk olarak bu formlardan görülür. Destan sanatı esasında genetik sanattır. Bu açıdan baktığımızda destan sanatı formlar ile kavramların atası olarak görürsek doğruyu söylemiş oluruz.

Bilim adamlarına göre destanın temeli şimdiye kadar birbirinden ayrılmamıştır. Destanın sanatsal fonksiyonuna nazaran törenlik öneminin varlığı ve sosyal yanının baskın olduğu zamanlar sinkretik devrin izleridir.

Işte süslü söz sanatının geçmişi hakkonda fikir sahibi olmak istersek gideceğimiz son nokta budur. İlk sinkretizmin nasıl oluştuğu bu söylenenlerle sınırlı kalamaz. Bilimin gelişmesi her millete ait bilgilerin çoğalması ile bu kavram devamlı genişlemektedir. Destan sanatından söz ederken kahramanlık destanlarına kadar olan mit, masal, menkabe, eski destanlarla ilgili bilgileri dikkate almamamızın nedeni budur [10.41]. Bunun gerekliliği, bir şeyin özünün ne olduğu ve neden olduğu gibi sorulara cevap bulmaktan başlar.

Türk halklarının kahramanlık destanlarını araştıran çalışmalarda da bu tür çalışmalara genişçe rastlanır. Destan sanatı hem destan dili ve stili çerçevesinde, hem de konunun kompozisyonu yapısında toplanmasını sağlayan araştırmalar yapıldı.

Sanatlı halk ürünlerinin şahdamarı olan destan ile ilgili bilimsel izlenimlerin hepsi bu günlük hareketimizin bir görüntüsü değil, bundan sonra yapacaklarımızın da temeli niteliğindedir. Destan miraslarımızın sanat yönüyle ilgili önemli problemler dile getirilmiştir. Fakat bunun ucu bucağı yoktur. Bugün doğru deyip aklımıza yatan fikirlerin yerini daha uygun olan bir fikir alıverse öncekinden hemen unutulması olağan bir durumdur. Oysa bütün fikirler yok olmak için değil yaşamak için ortaya çıkar. Bu fikirlerin yaşamasındaki tek ölçü zamandır. Sırları açığa çıkarmamak için yapılan çalışmalar ya daha evvelkilerinin yardımı ile

ya da daha evvelkilerini saf dışı bırakıp yenilerinin yardımı ile yapılır. Hangisi olursa olsun bunun ikisi de önemlidir.

Burada destan sanatının burası doğru, şurası yanlış diye bir tartışma açmak yerine kahramanlık destanlarında neyi, nasıl araştıracağımızı düşünmeliyiz. Öncelikle destan geleneğinin bize hangi yönlerinin yararlı olacağına karar vermeliyiz. Eğer böyle yapmazsak destan sanatının ucunu bucağını bulmamız zor olacaktır.

Bu durumda Kazak destan biliminin yalnız kendi neticesini bulmayı hedefleyen temel meselelerinin içine şunları da katabiliriz.

Tarihi devirler (Kıpçak, Oğuz-Kıpçak, Noğay vb.) ile destanın şekillendiği devir arasındaki ilişki nasıl izah edilir, bunlar arasındaki farklılık nerede, bunları anlatırken destan geleneğinin tipik özellikleri hangileridir, tarihi zaman ve mekan destan dünyasında nasıl dahil olmuştur, bu olay içindeki tarihi zaman ve yer-su adlarına tesiri nedir? Bu durum destan kavramının sahası ile ilgili M.B.Hrapçenko'nun fikirlerine baş vuralım: "Tarihi destan sanatının amacı gerçekçi destan açısından teknik ve yöntemlerini, bunların sosyo estetik fonksiyonunu sanat yeniliklerini geniş bir arenada araştırmaktadır diye izah edebiliriz [5.152].

Bu nedenlede sanatlı formların hangi safha ve hangi konu ile ilgili olarak araştırılacağı konusu destan sanatı kavramının çeşitli şekillerde, dar veya geniş bir manada kullanılmasının göstergesi olarak ortaya çıktı. Bizim için sanatlı formlar destan sanatı araştırmalarının temeli, analiz ve sentez yapmanın usulü ve esas materyalidir. Bize göre önemli olan destan sanatını hangi manada kullandığımız değil, hangi amaçla kullandığımızdır. Bu durumda "yapı", "fonksiyon", "safha" kavramı üzerinde durmamız gereklidir [8.127]. Ayrıca her bir sanatlı halk ünlülerinin kendi içindeki tür özelliği aynı ayarda değildir. Bugüne kadar biz dış özelliklere bakarak destanları bu kahramanlık, bu lirik diye ayırdık. Bunların içinde bu ikisinin de özelliklerini taşıyan destanlar yok mu? Bizim bunları kendi aralarında ayırıp bölmemiz bunların hiçbir şeyle irtibatı yok anlamına gelmez. Çünkü tür yönünden çeşitli özellikler taşıyan eserlerde karşılaşılan benzer sanatlı bütünleme kurallarının fonksiyonu başka bir eserde aynı değildir. Sanatlı halk ünlülerinin bundan daha ağıdaki safhaları bizim için bağlı parçalar şeklinde bir görünüş sergiler bize göre destan morfolojisinin stratejik önemli olan yerleri, kahramanların faaliyetleri ile olaylar zincirinde daha baskın olarak toplanmıştır.

Tarih boyunca halkın ayakta durmasını, gelecek açısından beklentilerinin canlı olmasını sağlayanlar Türk destanlarında açıkça görülmektedir. Tarikteki Türk devletlerinin yaşayış tarzlarını örf ve adetlerini destanlarda rahatlıkla bulabiliriz.

Kahramanlık destanları kendi zamanına kadar gelen eski destanların zengin destan tecrübesini, sözlü edebiyatın en güzel usullerini içine sindirerek gelişmiştir. Toplumun gelişimine bağlantılı olarak tarih öncesi devirlerdeki insanların dünya görüşlerinde büyük değişiklikler olmuştur. Kahramanlık destanlarının esas konusu vatanın korunması ve düşmanlara karşı mücadele fikrinin geliştirilmesinde yardımcı tesire sahiptir. Eş için savaşmak sadece bunun bir sebebi olarak rol alır.

Kahramanlık destanlarında etrafı saran dünyanın tılsımı çözülmüş, sevgili için savaşmanın önemi kalmamıştır. Yurt kurmak, toprağı düşmanlardan temizlemek fikri ön plandadır.

Bu destanı aynı kökten olan kardeş milletler kendilerinin eserleri olarak kabul edip sahiplenmektedirler. "Alpamıs Batır" destanının muhteva epik ve etnik ortamı olarak kabul edilen Konırat kabilesinden türeyen boylar Karakalpak, Kazak, Özbek ve Noğay halklarında da bulunmaktadır. Alpamıs Batır hakkında kimi zaman efsane, kimi zaman rivayet, kimi zamanda destan tespiti mevcuttur.

Kazaklardaki "Kobılandı Batır" destanı ile Karakalpakların "Kobılan"ı arasındaki büyük benzerlik iki metnin kültüründe, edebiyatında ortak değerlerin varlığının işaretidir. Bu tür benzerlikler atasözlerinde, efsanelerde, masallarda görülmektedir.

Milletlerin geçmişine bakarak akrabalık dil ve gelenek benzerliğine göre belirlenen tarihi genetik benzerlik Halk Edebiyatı eserlerinde de çok görülmektedir. Buna Kazak, Kırgız, Noğay, Başkurt, Özbek Kırım Tatarları, Altay vb. milletlerin folklorundandeğişik zengin örnekler verme imkânımız bulunmaktadır. Eski kabilelerin adı geçen milletlerin içine girmesi onların çağlardan ber anlatılmakta olan rivayet ve efsanelerinin unutulmadan devam edilip gelişmesinin önemli bir sebebi olduğu bellidir. Kazakların Halk Edebyat geleneği ile yakından alakası bulunmaktadır. Kahramanların tasvir edilişi ve erken büyüyüp düşmanla savaşması, burada yapılan abartılar daha sonraki Türk boylarında görülmesi edebi devamlılığın belirtisidir.

Sonuç olarak destanlara baktığımızda görülen en önemli noktalardan bazıları şunlardır: Destanlardaki konu ile olaylar hangi sıfatta bulunursa bulunsun destanlarda gördüğümüz, karşılaştığımız olaylar gerçekle ilişkileri genellikle karışıktır. Kahraman kişinin ortaya çıkış sebebi, hangi boydan olduğu, yaşamış olduğu yeri vb. özellikleri çoğu zaman gerçeğe yakındır. Kahramanın doğumu her zaman olağanüstü yollardandır. Kahramanın durumu olaylar i?erisinde de?i?ebilmektedir. Kahraman önce evinde hızla büyümektedir, fakat uzun bir süre yolculuğa çıksa, büyük bir yol kattiği halde hâlâ çocuktur. Kahraman düşmanla karşılaştığı zaman güçlü. kuvvetli bir şekil alarak kendinden daha büyük, kişileri öldürüp onun yerine makamını ele getirmektedir.

Kahramanlık destanları geçmişten günümüze gelerek yaşamaktadır. Bunlar bazen gerçekle yalanı bir arada tutmaktadırlar. Kahramanlar her zaman savaşırlar, büyük bir güce sahiptirler. Gerçekle alakası olmayan işler yapmaktadırlar. Bunlar kahramanların genel özelikleridirler. Kahraman bütün destanlarda aynı özelliği taşımakla bir ortaklığı ortaya koymaktadırlar.

Kaynaklar

1. A.Konıratbayev.Kazak Eposı jane Türkologiya. Almatı 1987

2. Ibıray Şakır. Epos. Almati.1986

3. M.Gabdullin Kazak Halkının Avız Adebiyeti. Almatı 1998

4. Moldahanov Adebiyet "Muhtar Avezov Folklortanuşı" Almatı 1997O.Nümaganbetova. Kazakskiy Geroiçeskiy Eros. "Kobılandı Batır" Almatı 1988

5. R.Berdibayev. Kazak Epos?. Almati 1982

6. R.Berdibayev. Türk Moğol Halıktarı Eposındağı Ortak Jeliler. Kazak Folklorının Tipologiyası. Almati 1981

А.К. Эмильбекова,
Б. Ельцин атындагы КОСУ

ЖУСУП БАЛАСАГЫН "КУТТУУ БИЛИМ" ДАСТАНЫНЫН ОРТОК АДАБИЙ МУРАС КАТАРЫ ИЗИЛДЕНИШИ

Жусуп Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" ("Куттуу билим") дастаны кыргыз адабият таануу илиминде 60-жылдардан баштап эле изилдене баштаган. Адегенде, дастандын тилдик өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк көңүл бурулуп, кийинчерээк түрк элдеринин ичинен кайсы элге көбүрөөк таандык деген маселенин тегерегинде ой-пикирлерди, көз караштарды айтуу күч алган.

Буга алгачкы мисалдар иретинде 1965-жылы окумуштуу тилчилер Ү.Асаналиев менен К.Ашыралиевдин "Кутадгу билиг" эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү" аттуу эмгегинин жарык көрүшү, 1967-жылы илимпоз, профессор К.Артыкбаевдин "Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак" аттуу макаласынын жарык көргөндүгүн атасак болот. Ал эми кыргыз адабият таануу илиминде бул эстелик кайсы түрк элине көбүрөөк тиешелүү деген концепция, 80-жылдардын экинчи жарымынан, тагыраак айтканда, кайра куруу саясаты күч алган кезден тарта кайрадан козголо баштаган. Ошондой эле, ал жылдары бул эстеликтин түрк элдеринин тилдериндеги (өзбек, уйгур, казак, түрк, кыргыз, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги) жана орус тилиндеги котормолору да жарыкка чыккан. Аларды атап өтсөк:

1. Юсуф Хас Хаджиб. "Кутадгу билиг". (Каюм Каримовдун өзбек тилиндеги котормосу) - Ташкент: Фан, 1971, 963-б.

2. Юсуф Баласагунский. "Благодатное знание". (С.Н.Ивановдун орус тилиндеги котормосу). -М: Наука, 1983, 556-б.

3.Юсуп Хас Хажип. "Кутадгу билиг". (Абдурахим Өткүр, Ахмет Зийаи, Мамтемин Юсуптердин уйгур тилиндеги котормосу). -Пекин: Бейжин, 1984, 1367-б.

4. Жүсіп Баласагүн. "Кутты билик". (А.Егеубаевдин казак тилиндеги котормосу). - Алматы: Жазушы,1986, 613-б.

5. Юсуф Хас Хажип. "Кутадгу билиг". (Р.Р.Араттын түрк тилиндеги котормосу). - Анкара: 1988, 447-б.

6. Жусуп Баласагын. "Кут алчу билим". (Т.Козубековдун кыргыз тилиндеги котормосу). - Фрунзе: Кыргызстан, 1988, 527-б.

7. Жусуп Хас Хажип. "Кут даарытар билим". (Турганбай Кылычбек, Норуз Үсөналынын кыргыз тилиндеги котормосу, араб тамгасында басылган). - Үрүмчү: Шинжаң, 1992, 779-б.

8. Жусуп Баласагын. "Куттуу билим." (Т.Козубековдун кыргыз тилиндеги котормосунун экинчи басылышы). -М.: НИК, 1993, 493-б.

Мына ушундай котормолордун пайда болушу улуу дастандын кайсы түрк элдеринин тилине жакын деген табигый суроолордун пайда болушуна түрткү болду. Бул суроолорго жооп табуу үчүн, адегенде бул эстеликтин тегерегиндеги буга чейинки изилдөөлөрдү, талаш-тартыш маселелерди ачып берүү зарылдыгы келип чыгат. Маселен, орто кылымдагы түрк тилинде жазылган Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастанын орток мурас катары кароо керекпи же кайсы түрк элине көбүрөөк таандык?",- деген сыяктуу суроолордун, маселелердин тегерегиндеги 60 - 90-жылдардагы окумуштуулардын айткан пикирлерине көңүл бөлсөк. Атап айтканда, "Өзбек ССРинин тарыхынын биринчи томундагы китебинде "XI-XII кылымдардагы Караханиддер кезиндеги Мавреннахр" деген бөлүмүнүн VI главасында: "Кутадгу билиг" Караханиддер мамлекетинин тушундагы түрк урууларынын адабий эстелиги",- деп каралса, дагы бир жеринде: "Кутадгу билиг" XI кылымдагы түрк элинин эң баалуу эстелиги, Хажиб Юсуф Баласагуни өзүнүн чыгыш теги жагынан Караханиддик түрк" деген аныктоолорду кезиктирүүгө болот.

Ал эми казак окумуштуулары филология илимдеринин кандидаты А.Йбатов менен проф. Б.Кенжебаевдер бул тууралуу ой-пикирлерин мындайча билдиришкен. Филология илимдеринин кандидаты А.Ибатов: "Биздин оюбузча "Кутадгу билиг" мурасы азыркы түрк тууган тилдеринин кайсынысы болсо да жеке менчигине өткөрүүгө болбойт, өз доорунда, өз заманынын тарыхый жагдайына байланыштуу ошол кезде эмүр сүргөн бардык түрк туугандардын баарына бирдей, демек, ошол элдердин негизинде калыптанып, азыркы кезде жеке бир элге таандык даражасына жетип отурган бардык тууган түрк тилдеринин баарына бирдей орток мурас болуп саналышы орундуу", - десе, проф. А.Кенжебаев: "жогоруда аталган жазуу-сызууларды, жазма адабият нускаларын, адабий чыгармаларды, жазуучулар менен илимпоздорду, азербайжан менен түркмөн да, кыргыз менен кара калпак да, казак менен өзбек да, өз адабиятыбыз деп ээлик кылууга, адабият, тарыхына киргизүүгө акылары бар, ошондой кылууга милдеттүү!" - деп баса белгилеп айтышкан.

Бирок мындай ой-пикирлерге карабастан, кыргыз окумуштуу-изилдөөчүлөрү негиздүү изилдөөлөрдү жүргүзүп келишти. Маселен, кыргыз адабият таануу илиминде алгачкылардан болуп **"Ж.Баласагын жана анын "Кутадгу билиг"** дастаны жөнүндө, ошондой эле жалпы **орток адабий мурастар** маселеси тууралуу олуттуу сөз козгогон илимпоз, профессор К.Артыкбаев болгон. Мындай ойдун далилдүү негизи болуп, автордун 1967-жылы 1-январда жарыяланган **"Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак"** аттуу макаласы күбө болот. Негизинен, бул макаланын аты айтып тургандай, кыргыз адабиятынын тарыхына бул эстеликти киргизип үйрөнсөк, башкача айтканда, кыргыз адабиятын улуу эпосубуз "Манастан", Т.Молдодон, Токтогулдан баштоо менен гана чектелбестен, андан мурунку VI-IX кылымдардагы Орхон-Энесайдагы ташка жазылган адабий эстеликтеринбизден баштап, XI кылымдагы Жусуп Баласагындын "Кутадгу билиг" дастаны жана М.Кашгаринин "Түрк сөздөрүнүн жыйнагы" аттуу жазма эстеликтерин да, кыргыз адабиятынын тарыхына киргизүү жана окутуу маселесин күн тартибине курч коюп, төмөндөгүдөй ойлорун да сунуш кылган:

-Бул адабий мурастар орток адабий мурастар, ошонун ичинде кыргыз элине көбүрөөк таандык. Анын тили азыркы кыргыздар үчүн да, казак, өзбек, уйгур элдери сыяктуу эле түшүнүктүү.

-Азыркы Токмок шаарынын түштүк жагында (Бурана мунарасы турган жайда) XI-XII кылымдарда да Баласагын шаары болуп, ал Караханид мамлекетинин экинчи борбору катары эсептелген. Ошол шаарда Жусуп Баласагын туулган, ал өзүбүздүн жердеш бабабыз.

Мына ушундай мүнөздөгү ой жүгүртүүлөрүн адабиятчы К.Артыкбаев сунуш кылгандан кийин, албетте, буга жооп иретинде ар түрдүү көз караштагы окумуштуулардын макалалары жарыяланган. Ошол кездеги "Кыргызстан маданияты" газетасынын беттерине жарыяланган окумуштуулардын ар тараптуу макалаларына кыскача токтоло кетели.

Бул макалалардын мазмундарын окугандан кийин, негизинен, эки башка карама-каршы ойлордун айтылгандыгын байкоого болот. Атап айтканда, илимпоз К.Артыкбаевдин көз караштарын жактаган биринчи позициядагы авторлор: тарыхчы Ө.Караев, жазуучу Т.Сыдыкбеков, адабиятчы Ж.Таштемиров, тарыхчы З.Белекова; ал эми экинчи ага карама-каршы позицияга: тилчи Э.Абдулаев, философ Б.Аманалиев сыяктуу окумуштуулардын пикирлери кирет. Алсак, тилчи Э.Абдулдаев "Орток адабий мурас маселеси" (Кырг.мад, 1967, 10-февраль) аттуу макаласында илимпоз К.Артыкбаевдин көтөргөн идеяларына карата каршы көз караштарын билдирип: "Ж.Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны түрк элдерине таандык орток адабий мурас эмес, ал уйгур элине гана тиешелүү эстелик болуп саналат", -деген корутунду чыгарса, тарыхчы Ө.Караев: "Тарыхый кабарлар менен таанышканда" (Кырг.мад., 1967, 10-март) аттуу макаласында: "жогоруда аталган окумуштуулардын кайчы пикирлеринин келип чыгышынын негизги себептеринин бири X-XI кылымда Тянь-Шанда кыргыздар жашаганбы? - деген суроо менен баштап, Тянь-Шанда кыргыздар жашаган" деген ойду араб, фарс тарыхый булактарынын негизинде далилдеп, "Кутадгу билиг" дастаны кыргыздардын да адабий мурасы болуп эсептелишине негиз бар деген ишеничтүү тарыхый маалыматтарын айтып өтөт. Ал эми "Талаш жемиштүү болсо" (Кырг.мад., 1967,14-апрель) аттуу макаласын жарыялаган философ Б.Аманалиев: "Кыргыздар бул эстеликтерде жазылгандар уйгур адабий тилинен пайдаланган болсо, анда алар араб жазуусун жана ислам динин X-XI кылымдарда эле кабыл алган болуп чыгат. Бирок мындай ой тарыхый маалыматтар менен кубаттала бербейт", - деп, ислам динининн кыргыздарга таралышы, алардын араб жазуусун колдоно башташы өтө эле кийинки мезгилге туш келерин айтып, профессор К.Артыкбаев тарабынан жогоруда айтылган ойлоруна кошула албай тургандыгын билдирет. Ушундай көз караштагы философ Б.Аманалиевдин макаласы жарыялангандан кийин, адабиятчы Ж.Таштемировдун "Орток мурастар жөнүндө ойлор" (Кырг.мад., 1967, 28-апрель) аттуу макаласы жарыяланган. Автор, бул макаласында профессор К.Артыкбаевдин көтөргөн идеяларынын бардыгын колдоого алат. Андан кийин тарыхчы А.Белекованын "М.Кашгари кыргыздар жөнүндө" (Кырг.мад., 28-апрель) аттуу макаласы жарыяланат. Автор, бул макаласында М.Кашгаринин сөздүгүнүн кириш сөзүндө түрк элдери жөнүндө жазылган маалыматтардан эки жыйынтык чыгарат. Атап айтканда, биринчиден, кыргыздар да Караханиддер мамлекетинин составында болгон жана Тянь-Шанда жашаганына күмөн санооого болбойт; экинчиден, XIII- XIV кылымдарга чейин түрк элдери өзбек, казак, кыргыз деп бөлүнүп, өзүнчө бүтүндөй аталбастан, бир тектеш тилде сүйлөгөн айрым-айрым түрк уруулары болгон. Ошондуктан, М.Кашгари өзү да чигил, же уйгур сөздүгү дебей, "Түрк тилдеринин сөздүгү" деп кокусунан аталбаса керек деген жыйынтыктуу пикирин айтып, профессор К.Артыкбаевдин кыргыздарга да таандык орток адабий мурас деген пикирин далилдеп турат.

Ошентип, 1967-жылы "Кыргызстан маданияты" гезитинин беттеринде көтөрүлгөн мына ушундай карама-каршы позициядагы авторлордун талаш-тартышы узак убакытка чейин созулган. Бирок муну менен жалпы түркология илиминде да ушундай абал түзүлгөн деп айтууга болбойт. Мисалы, 1970-жылы 2-июндан 4-июнга чейин Ленинград академиясынын чыгыш таануу бөлүмүндө "Жусуп Баласагындын" 900-жылдыгына арналган бүткүл союздук Түркологдордун IV конференциясы болуп өткөн. Бул конференцияда окулган докладдар, ошол эле жылы "Советская тюркология" аттуу журналынын төртүнчү санына жарыяланган. Жарыяланган макалаларды окуп чыккандан кийин, Жусуп Баласагын жана анын "Куттуу билим" дастаны жалпы түрк элдерине таандык орток адабий мурас деген пикирди кубаттаган окумуштуулар арбын экендигин байкоого болот.

Бирок айрым тектеш түрк тилдеринин ичинен, өзгөчө, кийинки изилдөөлөрдө кээ бир окумуштуулар Ж.Баласагынды жана М.Кашгарини өз элинин төл адабий эстелиги катары эсептешип, анын ичинен, өзгөчө уйгур элинин окумуштуулары эч кандай тарыхый негиздерге таянбай туруп, өздөрүнүн төл адабий эстеликтери катары көрсөтүүгө аракет кылып жүрүшөт. Буга мисал катары проф. А.Нарынбаевдин **"Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров"** аттуу эмгегиндеги жазган ойлорун келтирүүгө болот. Аталган эмгекте "Куттуу билим" дастанынын философиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө гана айтылып, ал эми эмне үчүн **"уйгур элинин окумуштуусу"** деп аталгандыгы жөнүндө тарыхый таянган негиздер жөнүндө кабар бербейт. Мындай далилсиз айтылган пикирлерди байкаган филология илимдеринин доктору, проф. К.Артыкбаев **"Дагы бир жолу орто кылымдагы адабий эстеликтерибиз жөнүндө"** ("Мугалимдер газетасы", 1990, 20-сентябрь) аттуу макаласында кененирээк түшүндүрүп берген.

Негизинен, бул макаласында принципиалдуу жаңы көз караштар айтылган. Тагыраак айтканда, автор 1967-жылы жарыяланган макаласында Ж.Баласагын жана М.Кашгари жалпы түрк элдерине таандык **"орток мурас"** деп эсептеген окумуштуулардын (В.Валитованын, Б.Кенжебаевдин, А.Ибатовдун) пикирлерине жана тарыхый илимий китептерде берилген маалыматтарга таянуу менен бирге, аларды кыргыз адабият тарыхына киргизүү жана окутуу маселелеринин тегерегинде ой жүгүртүүгө аракет кылса, ал эми 1990-жылы жарыяланган макаласында, бул эстеликтер **"орток мурас"** болуу менен бирге, анын ичинде **эң биринчи кезекте кыргыздарга тиешелүү** экендигин, уйгурлардын төл адабий эстеликтери катары эсептеген пикирлер аргументсиз айтылгандыгын далилдөөгө аракет кылат.

Чындыгында, окумуштуу К.Артыкбаев тарабынан айтылган ой пикирлерди, далилдерди толук колдоого алууга болот. Маселен, Ж.Баласагындын "Куттуу би-

лим" дастанындагы жана М.Кашгаринин "Дивани лугати-ат түрк" ("Түрк тилдеринин сөздүгү") сөздүгүнүн кириш бөлүмүндө жазылган сөздөрүндөгү негиздүү маалыматтарга кыскача токтоло кетсем. Мисалы, Ж.Баласагындын **"Куттуу билим"** дастанынын кара сөз жана ыр түрүндөгү кириш сөзүндө, М.Кашгаринин **"Түрк тилдеринин сөздүгү"** жыйнагынын кириш сөзүндө даанышмандар өз ойлорун мындайча жазып кетишкен. Сөзүбүз далилдүү болуш үчүн ошол кириш сөздөрүндө жазылган акындардын ой-пикирлеринен мисал келтирели. Мисалы, Ж.Баласагын **"Куттуу билим"** дастанынын кара сөз жана ыр түрүндөгү кириш сөздөрүндө мындай деп жазат:

Кара сөз түрүндөгү кириш сөзүндө:

Буграхан тилинде жана түрк сөзү менен мындан жакшыраак ыр жыйнагын (китебин) дегеле жазган жок.

Ыр түрүндөгү кириш сөзүндө:

Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө **түрк сөзүнүн** нак тунарсың .

деп жазса, ал эми М.Кашгаринин "Түрк тилдеринин сөздүгү" аттуу эмгегинин кириш сөзүндө: "...кыргыз, кыпчак. өгүз, тохсы, ягма, чыгыл, оорак, чарк урулары бир эле түрдүү таза түрк тилинде сүйлөшөт",- деп бир жеринде белгилесе, бир жеринде: "Мен алардын шаарларын, чөлдөрүн, жайлоолорун, баштан аяк бүт кыдырып, түрк, түркмен, өгүз, чыгыл, ягма жана кыргыздардын тилдеринин сөздөрүндөгү уйкаштыктарын аныктап, изилдеп чыктым. Мен бул иштерди тил билбегендигим үчүн эмес, балким бул тилдердеги ар бир кичинекей өзгөчөлүктөрдү да аныктоо үчүн иштедим",- деп өзүнүн эмгегиндеги изилдөөлөрдү баса белгилеп, тилдердин өзгөчөлүктөрүн аныктап жазып кеткендигин эскертет. Демек, бул эки даанышмандын өздөрү жазган маалыматтарынан негиздүү далилдерди келтирсек болот. Маселен, Жусуп Баласагын өзүнүн дастанын **түрк сөзү** менен жаздым деп белгилесе, ал эми М.Кашгари таза түркчө деп эсептеген уруулардын ичинде **"кыргыз"** деген сөз эң биринчи иретте айтылып, ошол кезде түрк элдерин түзгөн калктын, уруулардын катарына кыргыздарды кошкондон кийин, анда Ж.Баласагындын улуу дастаны кыргыз элине таандык улуу мурас деп эсептөөгө толук негиз бар экендигин баса белгилеп, негиздүү жыйынтыкка келүүгө болот.

Бекеринен көрүнүктүү түрколог В.В.Радлов 1891-жылы Вамберинин көз карашына толук макул болуп, "Куттуу билим" байыркы уйгур тилинде жазылган деп аныктап, кийинчерээк Каирден араб алфавитиндеги кол жазмасы табылгандан кийин, ал бул көз карашынан баш тарткан. Анткени, ал Араб тамгасы менен жазылган Каирдеги кол жазманы окуйт. 1910-жылы дастандын экинчи бөлүгүнүн аягына жазган "акыркы сөзүндө" өзүнүн мурдагы көз карашынын туура эместигин моюнга алгандыгы тууралуу пикирди окумуштуу профессор К.Артыкбаевдин эмгегинен жолуктурабыз. Анда мындай делет: "Куттуу билимге" 1897-жылы жана 1900-жылы айтылган менин пикирлеримдин өзгөрүшүнө таң калуунун кереги жок. 1891-жылы мен Вамберинин көз карашы менен толук макул болуп, "Куттуу билим" байыркы уйгур тилинде жазылган деген пикирде элем, бирок "Куттуу билимде" "уйгур" деген сөз бир да жолу кездешпейт. Менин "Куттуу билим" уйгур тилинде эмес деген пикирге келишиме да бир нерсе... уйгурлардын маданияты өнүккөн эл экенин айтып жана бул болсо, автордун өз эне тилиндеги биринчи китеп экендигин көрсеткөн автордун сөзү негиз болуп отурат", - деген В.В.Радлов. Өз пикирин тактап, В.В.Радлов: "Эмгек Баласагын шаарында колдонулуучу түрк наречиесинде жазылган, анткени ал наречие автордун эне тили катары колдонулган", - деген жыйынтык чыгарган.

Мына ушундай маселелер боюнча талаш-тартыштар 90-жылдардын аягына чейин уланып келген. Ошентип, окумуштуу К.Артыкбаевдин 35 жылдык күрөшүнүн жемиши катары "Куттуу билим" дастанын үйрөнүү, иликтөө маселесин колго алууну, аны менен бирге ушундай улуу адабий мурастарды кыргыз адабий тарыхына киргизүү менен алардын ордун бекемдеп, жалпы кыргыз элинин түшүнүк-көз караштарына жеткирүү аракетин иш жүзүнө ашырган, 2002-жылы ошол мезгилдеги Кыргызстандын президенти А.Акаевдин жарлыгы менен Кыргыз мамлекеттик улуттук университети **"Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети"** деген аталышка ээ болуп, "Куттуу билимдин" таандык маселеси Кыргызстан Республикасында бекитилип, окумуштуу К.Артыкбаевдин **"кыргыздарга таандык орток адабий мурас"** деген пикиринин талашсыз абалын бекемдеп тастыктады.

Бул чакан макаланы жыйынтыктап жатып, Жусуп Баласагындын мурасы түрк элдеринин рухий орток казынасы болуу менен, алардын маданияттарын өнүктүрүүдө зор салым кошту. Ал эми дастандын өзү мезгил өткөн сайын көптөгөн илимдердин изилдөө объектисине айланып, окумуштуулардын да, окурмандардын да, кызыгуусун күчөтүп жатат. Жусуп Баласагын бабабыздын "Куттуу билим" дастаны биздин түгөнгүс ыйык кенчибиз. Биздин окурмандарды туура жолго багыттап, алдыдагы бет алар максатыбызды айкындап берер кыттай уюган ойлор бабабыздын дастанында абдан мол. Бул баалуу да, сырлуу да ата мурасыбызды терен изилдөө, окуп-үйрөнүү биздин мойнубуздагы кечиктирилгис милдетибиз.

Адабияттар

1. Асаналиев У., К.Ашыралиев К. "Кутадгу билиг эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү". -Ф., Илим, 1965.

2. Артыкбаев К. Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак. -Ф., Кыргызстан маданияты. 1967, 1-январь.

3." Жусуп Баласагын жана М.Кашгаринин мурастары./ Түзүп, даярдаган К.Артыкбаев. -Б., КМУУ, 1999.

4. Эралиев З. "Жусуп Баласагын". -Б., 2000.

5. Эралиев З. "Жусуп Баласагын тууралуу баян". -Б., 2004.

6. Азиз Нарынбаев "Ж.Баласагын чыгыштын чыгаан ойчулу". -Б., 2002.

7. Махмуд Кашгари "Түрк тилдеринин сөздүгү". -Б., 2011.

8. Төлөгөн Козубеков //Куттуу билим. -М., 1993.

9. Турдубаева Н. "Ж.Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны. -Б., 2006.

10. Артыкбаев К. "Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгаринин мурастары". -Б.,1999.

11. Нарынбаев А.И. Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров. -Б., 1994.

Elmira Adilbekova,
Türkistan/Kazakistan A.Yesevi Ünversitesi

KOBILANDI BATIR DESTANININ KAZAK HALK EDEBIYATI VE GELENEĞI AÇISINDAN YERI

Epik ürünlerde anlatının kahramanı bol sıfatlı ve zarflı şekilde tasvir edilirler. Yani olayların açık ve geniş mekanda cereyan etmesi bir yerde anlatımın yaşanılan hayatın bir yere kadar aksi olması sebebiyle bu hayat tarzına uygun olarak fiziki güçleriyle karşımıza çıkarlar. Destan kahramanlarının hepsi olağan iri boyutlarda, bir kılıç darbesiyle kırk kişiyi öldürecek güçte verilirler. Çünkü destanlar dışa dönük, hareketli, savaşların veya çatışmaların toplum dışına yönelik olduğu bir dönemin ürünü olup bu tür hayatın özlemlerini, isteklerini, ihtiyacını ortaya koyar.

Epik geleneğin "destan"a etkisi konu içinde oldukça fazla görünür. Çünkü konu hangi dönemde olursa olsun belirli bir epik geleneğe bağlı kalır.

"Destan"ın bugün bile eski canlılığıyla yaşamasında, irtical yoluyla anlatıya giren unsurların rolu büyüktür. Çünkü sözlü geleneğimizin her halkası, kültürümüzün yaşayan hazineleridir[1.13]. Zaten destanın teşekkülü de bu geleneğe uygun olarak gerçekleşir. Nitekim eski bir olaya yeni bir kahramanın monte edilevermesi de bunu açıkça göstermektedir.

Kazak halkının zengin epik eserleri arasında "Koblandi Batır Destanı" çok önemli yer tutmaktadır. Kahramanlık destanlarının halkın okuma-yazma bilmeyen kesiminin tarih sahnesindeki yıllarını, bilgeliğine, inanç ve ideallerini, hayatını ve törelerini hatta sanatını aksettiren yegane hatıra olarak kabul edildiği düşünülecek olursa, Koblandı Batır Destanı'nın "Kazak Halkının günümüzdeki mirası" olarak kabul edimesinin sebebi ortaya çıkmış olur.

Kazakların eski dönemleri ile ilgili destanlarındaki kahramanlar sadece halkın gücünden doğmamıştır. Çoğunlukla tarihte yaşanmış kişiler olan bu insanları halk daha sonra destanlarında şekillendirerek ve kendilerinden bir şeyler ekleyerek yaratma yoluna gitmişlerdir.

Kobılandı Batır Destanı üzerinde çalışan ilim adamları, bu destanın nüshalarını inceleyip birbiriyle mukayese etmek suretiyle Kazakların tarihini ve olayların geçtiği coğrafyayı belirlemeye çalışmışlardır. Çünkü diğer milletlerde olduğu gibi Kazaklar arasında da canlılığını koruyan destanlarda, onların tarihinden yapraklar olduğu, çeşitli olayların, halkın bu olaylar karşısındaki tutum ve davranışlarının, toplumsal yaşayışın destanda yer aldığı ortadadır.

Destan, halkın hayallerinde şekillendirerek canlandırdığı bir ürün olduğu için kahramanların iyi vasıfları aynı zamanda halkın dilek ve ümitleridir. Halk, bilmek ve görmek istediği her şeyi kahramanın hayatına sığdırmıştır. Bu sebeple Koblandı, Kazakların ulu kahramanlarından biridir. Onun yaradılışındaki ululuk, halkın hayalindeki tip olarak devamlılık arz eder ve hiçbir zaman kaybolmaz. Bu nedenle Koblandı diğer insanlardan farklo doğar. Doğumuna evliyalar karışır, onlar yardım eder. Koblandı bu destanda, halkın dayanağı, gururu, düşmana karşı gelebilecek güce sahip olan tek kahramandır[1.142].

Halk destanda Koblandı'nın bir kahraman olarak doğuşuna, epik yapısını kendisine göre çizerek, bir kahraman tipini ortaya çıkarır. Kobılandı kendi çıkarları için savaşan bir kahraman değildir. O yüzden seferlerde ne kadar zor durumda kalsa da, son gücü tükenene kadar dayanır.

Kobılandı Batır'ın yaşamış olduğu tarihi dönemi belirtmeye çalışalım. XIV yy'da yaşamış olan Altınordu Devleti zamanında yaygın olan rivayetlere göre, eski zamanlarda Kobılandı adında yaşlı bir kahramanın olduğu ileri sürülüyor. Buna dayanarak Kobılandı Batır hakkında bazı efsanelerin ve rivayetlerin ortaya çıkmasının Alt?nordu Devletlerinden önce olmasu kanaatine varabiliriz.

Kobılandı Batır gerçekten yaşamış biri mi, yoksa sadece bir kahraman mı? Konusunda ise şunları söyleyebiliriz:

Kobılandı Batır Destanı hakkında fikir beyan edenler, Kobılandı'nın gerçekten yaşadığını kabul etmektedirler. Bunun ispatı için sık sık başvurdukları "Karakıpçak Kobılandı'da Neyin vardı Yavrum" adlı efsaneye bir gözatalım.

Rivayete göre, Abulhayır Han zamanında (XV asır) argın soyundan Dayır Hoca adlı bir bey vardır. Kobılandı tarafından öldürülen Dayır Hocanın babası Kıdan Tayşı bu durum üzerine aşağıdaki ağıtı yakar;

Kıpçak olan Kobılandı'da
Neyin vardı yavrucuğum?
Sekseni geçip,
Doksana yaklaştığımda
Dinmeyecek kadar gerildi mi sinirim?
Kaybolana yol gösterdin
Bu Noğay halkına
Karakıpçak Kobılandı'da
Neyin vardı yavrucuğum?..... [2.42].

Ancak erlimizde bu efsane dışında ismi geçen Kobılandı'nın Abulhayır Hanın zamanında yaşayıp, yaşamadığını ortaya çıkaracak başka kaynak şimdilik yoktur.

Ikinci rivayet, Elek Etrafında Kobılandın'ın mezarı olarak bilinen yerin Orunbor'dan Mangıstav'a giden yolda Kobılandı isimli bir kalenin varlığı üzerindedir. Fakat buradaki heykellerin "Kobılandı Batır" destanındaki Kobılandı için özel olarak yapılıp, yapılmadığını belirtecek tarihi hiçbir delil şimdilik ele geçirilmemiştir. Bu sebeple bunların Kobılandı için yapıldığını söylemek oldukça zordur.

Zira, XII-XIV. asırlarda savaş alanlarında şehit düşen insanlar için yapılmış mezarlara pek rastlanılmamaktadır. Nitekim eskiden bir kahraman savaşta ölürse, orada kalır, gömülmezdi. Bir örnek verecek olursak, Er Kökse bir savaşta ölür, sonra Er Kosay (Er Kökşe'nin oğlu) gelir, sayısız askerin içinden babasını bulur. Ancak Er Kosay, babasına mezar yapmaz, bozkırlarda bırakır, "babamı öldüren düşmanı bulacağım" diye yürür, gider.

Kobılandı'nın mezarı ile ilgili olarak 1906 yıl?nda yayınlanan "Trudıy Orenburgskoy Uçenoy Arhivnoy Komissiy" [3.20]. adlı derginin XVI. sayısında; Elek Kalesinden Oyıl'a giden yolun üstünde Kobılandı adını taşıyan bir yerden, bunun yanında da Kobılandı adına izafe edilen bir mezarın varlığından söz edilmektedir. Bu mezarla ilgili bir efsane de şöyledir;

"Akşahan zamanında Kırgız bozkırlarında (Şimdi Oral bölgesi)

Toktarbay adında bir bey yaşamaktadır. Kendisi Noğaylı boyundan olup, karısının ismi Analık'tır. Analık ile Toktarbay'ın ileri yaşlarda çocukları olur. Bunlardan erkek oğlanın adı Kobılandı'dır. Kobılandı 13 yaşına geldiğinde Kurtka adlı güzel bir kızla evlenir. Kobılandı kendi arkadaşıyla birlikte Kazan Hanla birlikte savaşmaya gider. (Burada Kazan Han'ın kim olduğu kesinlikle kazanmamaktadır.) Kobılandı gittiği zaman Kalmuklar onun yurduna saldırır, malını, mülkini alırlar. Kazan Han'ın yurdundan dönen Kobılandı ise Kalmuklar'la savaşarak, onların en büyük kahramanı Köbüktü'yü öldürür[5.93].

Bu efsane dışında Kobılandı Batır'ın mezarıyla ilgili elimizde başka bir kaynak yoktur. Sadece rivayetlerle yakıştırmalarda sözü edilen mezarların ona ayıt olduğu ileri sürülmektedir. Belkide XVIII.asırda Küçük Cüz boylarında "Bala Kobıland?" - denen yiğitle karşılaştırılmıştır.

Bütün bu bilgiler Kobılandı Batır'ın gerçekten yaşadığını gösteren bir delil olmaktan ziyade, halkın zihninde, efsanelerle yaşamakta olduğunu bize göstermektedir. Mesela, bir kahramanlık destanı olan "Er Sayın"da Kalmuklara karşı savaşan Er Sayın, altmış yaşındaki yaşlı kahraman Kobılandı'yla birlikte savaşmaktadır. Bu savaşta Er Sayın kahraman kırk yiğitiyle birlikte dikkatsizlik yüzünden ölür[5.14-15]. Ayrıca "Bozmanay" destanında Er Sayın'ın, onu Noğaylı boyudan çıktığını ve yurdunu koruyan kahraman olduğu ileri sürülür. Yaşlı olan Koblandı onun kahramanlığını duyduktan sonra ona kırk yiğidiyle saldırmaktadır. Bunu karşılayan Bozmonay oğlu Er Sayın Koblandı'yla savaşır. Bunlar uzun süre savaştıktan sonra Koblandı'yı at üstünden düşürürler[6.94].

Kobılandı onun kahraman bir yiğit olduğunu anlayınca, Er Sayın'a "neden geldiğini" anlatacaktır. Kobılandı gibi kahramandan alkış alan Er Sayın ise düşmanlarını yenip, Kobılandı'nın izinden gidecektir[7.20-21].

Destan'ın bizim zamanımıza kadar gelişi, jıravların şiirle, sözlü olarak yaşatmasıyla mümkün olmuştur. Nitekim anlatıda kahramanın ailesiyle vedalaşması (koştasuvı) ve düğün sırasında söylenen şiirlere o kahramanın ölümüne ağıt yakılması (joktau), bunu açıkça göstermektedir. Destanda bazı bölümler adı belli olmayan ozanlar tarafından birbirlerine değiş tokuş edilmiştir; Koblandı Batır Destan'ın dinlendiğimiz zaman dikkatimizi çeken onun ailesiyle vedalaşması, ağıt (joktau) yakın annesi ve babasının ağlamaları gibi.... [2.19].

Çeşitli nüshaları olan destanda önce Koblandı Batır'ın şiir şeklinde verilmiş parçalarında sadece kahramanlarının düşmanla savaşı veya düşman yurduna sefer yapan kahramanların isimleri ve onların kahramanlıklarından söz edilmiş, zamanla bunlar masal, efsane halinde söylenir olmuştur. Mesela, kahramanlık masalı "Alevke Batır" da kahraman düşmanı Kalmuk Han'ı Köbüktüyle savaşmaktadır. Koblandı Batır Destanın'da Köbüktü Koblandı'nın düşmanı olarak görülmektedir. Kendi soyu için Orak - Alevke'nin oğlu Köbüktü'yü yenmektedir.

Koblandı Batır, diğer Kazak destanlarındaki bazı kahramanlar gibi (Kambar, Er Targın, Edige, Şora v.b.) tüm nüshalarında "Kazak" olarak belirtilmemektedir. Çünkü X.asırda Kazak ulusundan söz etmek mümkün değildir. Onlar tarih sahnesine XVI.asırlarda çıkmışlar, daha önceki dönemlerde ise Kıpıaklar olarak bilinmektedir.

Koblandı Batır Destanı'nda Kıpçakların Kalmuklar ve Kızılbaşlarla savaşması anlatılmaktadır. Burada dikkatimizi çeken husus, Kıpçaklar'ın Noğay ordusunun bir boyu olarak verilmesidir. Nitekim "Koblandı Batır" Destan'nın Murin jırav Nüshası'nda Kıpçaklar, Noğay grubu içinde bir boy olarak yer almaktadır [3.31-32].

Yukarıda belirttiğimiz gibi Koblandı Batır Noğay Hanlığı'nın içindeki bir boy olarak karşımıza çıkmakta; başka nüshalarda ise sadece boyun adı ile anlatılmaktadır. Aslında bu durum önceki boylar çerçevesinde destanların Noğay devri içinde teşekkül ettiğini açıklayabilir. Zaten Kıpçak boyunun Noğay Devleti'nin içinde yer alması da bunu açıklayan bir durumdur. Nitekim araştırmacılar bu duruma bakarak destanın teşekkül tarihinin ortaya çıkışının Oğuz-Kıpçak zamanında olduğunu ileri süreler [4.435]. Ancak destan olduğu şekilde kalmamış, önemli değişmelere uğramıştır. Noğay derlemesinin içinde yer almasının sebebi de değişmelerdir.

Ilgimizi çeken bir başka durum ise destanın Noğay devrini göstermeyen nüshalarında Kıpçak boyunun başlıbaşına varlığının verilmesidir. Boy birliğinin olduğu yerde "Noğaylı", birliğin olmadığı durumda ise sadece o boyun adı ile ifade edilmesi sözkonusudur. O sebepie Kıpçak devleti zamanında güçlü bir birlik sözkonusu iken, destanın, daha sonraki dönemde, Noğay Devleti zamanında teşekkül eden anlatmalarında bu şekilde bir değişmenin ortaya çıktığını tahmin etmekteyiz [5.207]. Nitekim günümüzde Kazak, Karakalpak ve Noğaylar arasında yaygın olan Koblandı Batır Destanı'nın kahramanı Koblandı (Noğay soylarının içinde bulunan Kıpçakların kahramanı Kalmuk ve Kızılbaşlarla) savaşmaktadır. Bu Kazak Destanında, kahramanın düsmanlarla savaşından, Kıpçak bozkırları halkını bu baskıdan kurtarmasından söz edilmektedir.

O, Kıpçak yurdunun "alıplar başı"dır Tayburul atı, demir polatı, kılıcı, altın zinnesi (kaftan) ile Koblandı, Kıpçak yurdunun özlenen kahramanıdır ve saylamayacak kadar kalabalık olan düşmanlara savaşıp, onlardan yurdunu, soyunu, halkını kurtaracaktır.

Bu topraklarda yaşayan boyların başında zengin beyler bulunmakta ve soylarının başkanı olarak anılmaktaydı. At sürüleri, koyunları, mal - mülkü olan bu zengin beyler bir yerde sürekli olarak kalmıyorlar, kışın kışılaklarda, yazın yaylaklarda oturup göçebe bir hayatı paylaşıyorlardı [6.151-162].

Görüldüğü üzere destanın asıl tarihi tabakasını Kazak, Kalmuk savaşları teşkil etmektedir. Kaynakların belirttiğine göre XV - XVIII.yy'larda devam eden Kalmuk hücumları, Kazaklara ağır kayıplar vermiştir. Özellikle 1723'te Boraldav nehri kıyılarında maruz kaldıkları bu akınlardan birinde Kalmuklar, Kazak topraklarını istila etmişlerdir. Herşeylerini bırakıp kaçarken sadece canlarını kurtarmayı düşünen Kazakların tarihinde bu olay "Aktaban Göçü" olarak adlandırılmıştır [7.47-48].

Sonuç olarak diyebiliriz ki Kazak düşmanlara yaptıkları savaşta kazandığı büyük başarılılar jıravların sazlarında nağmelenmiş, şiirlerinde yerini almıştır. Dilen dile, saz ve söz edildiğinde veni nesillere aktarılan bu olay Türkçlerde yaşamıştır. Özellik 1726 yılında, batı tarafında Kahraman Bögen Bay'ın Kalmuklarla savaşıp büyük zafer kazanması, bu savaşların ve zaferlerin en önemlilerinden biri olarak sayılmakta olup Koblandı Batır Bestanında yerini almıştır.

Diyebiliriz ki Kobılandı Batır, adının ve yaptıklarının etrafında efsaneler teşekkül etmiş bir destan kahramanıdır. O hem adını taşıyan anlatıda, hen de Kazak halkının gönlünde yaşayan büyük bir miras, bir özgürlük mücadelesidir.

Edebiyatlar

1. Konıratbayev A. Kazak eposı jane Türkoloji. Almatı 1987.

2. Saken seyfullin "Şığarmalar" Almatı 1964 IV cilt3. Batırlar Jırı. C.I. Kobılandı Batır Marabay- Mergenbay nüshası. Haz: O.Nurmağanbetova. Almatı 1986.

4. Margulan A. O Haraktere I Istoriçeskiy Obuslovlennostiy Kazahskogo Eposa. Mogila Koblandı ANSSR. 1946.

5. Kobılandı "Turgayskaya Gazeyta" No : 14-15 1901

6. Istoriçeskaya Pesniya "Bozmonay" TOYAK vipo XXII 1910 s 94

7. Kazak Halkın Batırlar Eposı Kobılandı Batır s 20-21

М. Текешова,

КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН "ТООЛОР КУЛАГАНДА" (КЫЗКАЙЫП) РОМАНЫНДАГЫ ТАГДЫР МАСЕЛЕСИ ТУУРАЛУУ СӨЗ

"Тагдырда болсо, ким көрбөйт,
Ажалы жетсе, ким өлбөйт."
"Манас"

Тагдыр - тегерегинде көптөгөн талаш-тартыш жараткан, аныгына бир жактуу жооп менен жетүү мүмкүн болбогон карама-каршылыктуу маселе.

"Фатум байыркы рим философиясында адам үчүн анын бардык тагдырын чечүүчү жандык."[1] Ислам дининде: "Алла тагдырдын ордун басат. Ал адамдарга ээлик кылат. Бирок анын ээлиги биринчиден - адилеттүүлүктү калыбына келтирүү жана чындыкты орнотуу. Алланын эркн ушунусу менен кара мүртөз, көр тагдырдан айрымаланат... "[2]

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов дин ишеними тууралуу мындай дейт:

"Дин деген өзү улуу. ...Ааламдын, адамдын сырын динден издейбиз, өзүбүздүн жан дүйнөбүздү аруулантуунун ыйык күчүн динден издейбиз. ...Куран да, Библия да адам жан дүйнөсүн аруулантууну, туура жолду көрсөтүүнү көздөйт, бул жагынан чыныгы адабият Ыйык сөздүн үндөшү катары милдет аткарып келет." [3]

Ч.Айтматов "тагдыр" түшүнүгүн чечмелөөдө ишеничтен, ишенимден алыс эмес экендигин байкоого болот.

"Существует одна непреложная данность, одинаковая для всех и всегда, - никто не волен знать наперед, что есть судьба, что написано ему на роду, - только жизнь сама покажет, что кому суждено, а иначе зачем судьбе быть судьбою... Так было всегда от сотворения мира, еще от Адама и Евы, изгнанных из рая, - тоже ведь судьба - и с тех пор тайна судьбы остается вечной загадкой для всех и для каждого, из века в век, изо дня в день, всякий час и всякую минуту..."[4]

Романдын адегендеги сөзү болгон бул абзацтан андагы сырды дароо баамдоо кыйын, бирок жазуучулук чеберчилик менен акыл кеменгерлигинин жемишин "Ыйык сөз" менен канчалык үндөшүп турганын айтпай койууга болбос;

"Мухаммад алейхис салам ишенүүчү нерселерди санап бергенде алардын арасында тагдырга ишенүү - Жараткандын бешене жазуусуна анын жакшы-жаманына ишенүү да бар болгон"[5]

"...никто не волен знать наперед,.." "Алла гана билет." "...что написано ему на роду,.." "Ар бир нерсени биз алдын ала Айкын китепке жазып койдук", "...только жизнь сама покажет..." "Алланын каалаган нерсеси каалаган убакта ишке ашырылат."

"Так было всегда от сотворения мира, еще от Адама и Евы, изгнанных из рая, - тоже ведь судьба - и с тех пор тайна судьбы остается вечной загадкой для всех и для каждого..." "Жалпы жазмыш. Алланын бардык жараткандарына тиешелүү. " **...для всех и для каждого..."** "Ар бир адамдын төрөлөр алдында берилген тагдыры. **"...остается вечной загадкой..."** Аалымдар менен пайгамбарлар бир ооздон тагдырдын Жараткандын сыры, анын кудурет күчү экенин белгилешкенин эстесек жетиштүү.

Албетте, мында биз диний даватчылык кылып отурганыбыз жок. Ч.Айтматовдогу дин ишеничине болгон мамилени, диний мотивдерди изилдөөчүлөрдөн тартып катардагы окурмандарга чейин жакшы билишет.

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов өзү тагдыр тууралуу мындай ойлорун билдирген:

"...Эч ким өз тагдырын тана да, андан четтеп да кете албайт..."[6]

"...адам күндөлүк турмушунда ыймандуулукка, адеп-ахлактык нормаларга ылайык иш жасап, ыйык жолго түшүп, өзүнүн жана башкалардын тагдырларына жоопкерчиликте мамиле жасоого аракеттенүүсү керек."[7]

Кыргыз элинде, тагдыр темасы, тагдыр маселеси элибиздин ан-сезимине сиңген, дүйнө таанымына, дүйнө кабылдоосуна шай түшүнүктөр менен чагылдырылып келет. Маселен, "Чуркагандыкы эмес, буюругандыкы", "Кул жеймин дейт куйрукту, кудай билет буйрукту", "Кудай деген, кур калбайт" "Мандайга жазганды көрөсүң " ж.б.

Түркиялык адабиятчы А. Колжу соңку романдагы ишенич маселеси тууралуу ойлорун билдирип, мындай дейт: "Жазуучу башы бош калган эки каарманы Арсен менен Жаабарсты аларга мазар боло турган үңкүрдө жолуктурат. Буларга Кызкайып менен анын

мерген жигитин кошсок бул тоолордун ээлүү тоолор экендигин б.а. шаманизм боюнча ээси бар жерлер деп түшүнсөк болот" [8] .

Ооба, Ээси бар, ээлүү, деген түшүнүктөр кыргыз элинин ишениминде чоң орду бар экендигин эч ким тана албайт. Эми ошол жогоруда адабиятчы белгилеген төрт жандыктын тоолорубузда жүргөнүн, анда санда адамдарга көрүнгөнүн, романда айтылган сыяктуу от жагып алып чакырса келе тургандыгын эске түшүрсөк, Улуу жазуучунун "Тагдырдан өлүмсүз жылдызы бар..." деген сөзүнүн сырын ачууга бет алган болобуз.

Белгилүү адабиятчы, айтматовтаануучу А.Акматалиевдин "Каармандын жеке тагдыры - жалпы адам баласына таандык мазмундуулукка, баалуулукка айланат, ошонусу менен окурманды түйшөлтөт, тынчсыздандырат."[9] - деген оюна таянсак жана бир нерсени эстей турган болсок, элдик оозеки чыгармачылыктын көп эле үлгүлөрүндө бар болгон "кайып болуу" мотивин, эл сүйүктүү каармандарын өлүмгө кыйбайт, өлүмдү ыраа көрбөйт. Көп алыс барбай эле "Манас" эпосун алсак анда бир канча жерде бул нерсе өзүн көргөзөт. Мисалы: Манастын энеси Чыйырды, аялы Каныкей, акылман кеңешчи карыя Бакай ж.б. кайып болуп кетишет. Буну менен алар түбүлүктүүлүккө, өлүмсүздүккө жетишет. Алар өлүшпөйт. Деги эле, "өлүм" сөзү тилибизде адамга карата колдонулбайт дегенчелик аз. Мунун ордуна "көз жумду", "өтүп кетти", "окко учту", "ок жаныды", "каза болду", "айрылдык", "жоготуп алдык" деген сөздөр колдонулуп келет.

Ч.Айтматов да ошол эпостордо бар несени колдонуп, анын маани-маңызын ачып отурат. Найман-Эненин куш болуп учуп кеткен жоолугун эске түшүрсөк, ошондой эле анын "жети атаңды эсте", "ким экенинди эсте" деп жалбарган сөздүрүн көз алдыбызга келтирсек Найман-Эне өлгөн жок! Ал кайып болуп кетти. Ооба, маңкуртка айланган уулуна айтып жетишпей калган сөздөрүн мындан кийин "Дөнөнбай куш" б.а. Эненин Жаны айтып жеткизет, урпактарга улайт. Бул Найман-Эненин өлүмсүздүгүн, түбөлүктүүлүгүн айгинелейт.

Арсендин түбөлүк жашай турган Жаны - Жаабарс. Жаабарстын баштан өткөргөндөрү, ал Арсендин бизге билинбеген, аны билүү мүмкүн болбогон сырдуу, катылуу дүйнөсүнүн чагылдырылышы. Ошондуктан Арсен ал жан жүйнөсү менен бир болууну каалайт, анын Жаабарс менен бир үңкүрдө жолукканда таңыркабагандыгынын себеби да ушунда, анткени экөөсү бир болушу керек, аларды ажыратуу мүмкүн эмес. Ушундан улам Арсенди жайга беришкенден кийин Жаабарсты таба алышпайт, ал кайып болуп кетет. Анын кийинчерек издерин көргөндөр болот. Жан-Жаабарс өлгөн жок, ал тирүү. Демек, Арсендин идеясы, ой пикири. "Барстардан колунарды тарткыла!", "Тоолорубуздан кеткиле!" дегени, анын баатырлыгы да өлбөйт. Жаабарс-Арсен ал сөзсүз уламыштагы Мерген жигит менен Сардал Кызга алар менен бирге өлүмсүздүккө, түбөлүктүүлүккө айланат, Бул тагдырлардын "мазмундуулугу", "баалуулугу" экен да. "...тагдырдан өлүмсүз болуунун" сыры ушул да.

Адабияттар

1. www.bibliotekar.ru

2. Пиотровский М. Ислам и судьба. / В кн: Понятие судьбы в контексте разных культур. -М., 1994.

3. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 8-том. Макалалар, маектер / Түз. Абдылдажан Акматалиев. - Б.: Бийиктик, 2008.

4. Айтматов Ч. // Дружба народов. -М., 2006.

5. Камаль Эль Зант "Расскажи мне о Вере" www.kamalzant.ru

6. Айтматов.Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 8-том. Макалалар, маектер / Түз. А. Акматалиев. - Б.: Бийиктик, 2008.

7. Акматалиев А. Аалам, Адам, Жаабарс. //Адабият жана искусство маселелери. - Б., 2007. № 1.

8. Kolcu, A.I. (2008). Bozkırdaki Bilge: Cengiz Aytmatov. Salkımsöğüt Yayınevi, Erzurum: ss. 337.

Б. Акматов,
К.Карасаев атындагы БГУ

МУХТАР АУЭЗОВДУН АДАБИЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШЫ ЖАНА К.АСАНАЛИЕВДИН АДАБИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ

Ал эми Ч.Айтматовдун алгачкы аңгемелеринен тартып, "Гүлсаратка чейинки повесттери К.Асаналиевдин "Открытие человека современности" (заметки о творчестве Чингиза Айтматова) [1] аттуу эмгегин ирети менен талдоодон өтөт. Чынын айтканда, Ч.Айтматовдун повесттерине келгенде ошол мезгилдеги айтматовтаануучулардан кескин айырмаланган деле пикир айтпаптыр. Эмнегедир ушул мезгилде Ч.Айтматовдун чыгармаларына айтылган сын пикирлерди, ал тургай адабий-теориялык изилдөөлөрдү окуп отуруп, "мен айтам, мен айтам" деген башталгыч класстын жакшы окуган окуучуларын көз алдыма элестетем. Ошол жылдары адабияттан кичине түшүнүгү барлардан тартып, чоң адабиятчыларына чейин Ч.Айтматовдун чыгармалары жөнүндө өзүнүн пикирин басма сөзгө жарыялаганы жогорку ойду ырастап турат. Пикир го пикир, кеп алардын айтканында эмес, кеп алардын айткандарында ойлордун окшош болгондугунда болуп жатат.

Эмнеге алардын бардыгынын көз караштары бири-бирине "үндөш", айрым учурда бирин экинчиси кайталаган деңгээлде болуп калды? Мындай көрүнүш кыргыз адабият таануу илиминде объективдүү себептерден улам болдубу, же кандайдыр бир субъективизм барбы? Өз заманында жазылып, ал тургай тарыхта орду такталып калган ошол мезгилдеги "кырдаалга" токтолуунун бир караганда зарылдыгы жок болсо, экинчи тарабынан алганда сөзсүз кайрылууга аргасыз жагдайлар бар. Ал эмне себептен, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы ушунчалык популярдуу болуп кетти жана ага

өзүнүн "прогрессивдүү" ой жүгүртүүсү бар бардык адабиятчылар биринен экинчиси сөз талашып кайрылышты? Мына ошол "айтматовтаануу" га чыйыр салган, анын майда, ошол эле учурда эч ким окуп тааный элек чыгармаларын адабий коомчулукка алып чыккан К.Асаналиев да, өмүрүнүн акыркы жылдары дагы бир жолу кайрылып, эмнеге аны "туура жол" деп аныктап отурат?

Ырас, азыр биз алдыга койгон соболдорго адабиятчылардын бардыгы өз кезегинде кайрылып, ар бири билген себептерин айтышып, жооп беришкен. Ырас, алардын баары Ч.Айтматовдун чыгаан талант, акыл-эске кирбеген нерсе таап чыккан чебер жазуучу катары аныкташкан. Бир эсе алар айткан нерселер туура болсо керек, бирок жеке баамымда бир жагдай айтылбай келет. Ал - согуш, кадимки эле Улуу Ата Мекендик согуш. Согуш ошол мезгилге чейин совет мамлекетинде бирдей жашап, бирдей иштеп жана бирдей ойлонуп жаткан советтик личносттордун көз карашын өзгөрттү. Өзгөчө көз карашы тез өзгөргөндөр ошол жылдары "жерден боорун көтөрүп келе жаткан" муун - К.Асаналиев менен Ч.Айтматовдун "мууну" болчу. Алар У.Абдукаимов "Майдан" романында сүрөттөлгөн, оо кийин чоң чырды пайда кылган ("Майдан" романы боюнча 1963-жылы болгон талкууну эске алып жатам - Б. А.) согуш маалында "гүлдөп жашаган" кыргыз интеллигенциясынан айырмаланып, турмуштун оор кыйынчылыгын өз баштарынан өткөргөнүн эске алалы. Андай турмуштун мүшкүлү басып турган шартта, ууралаган саясий ураандар, эл жапырт кыйналып, ичерге аш, кийерге кийим таппай жаткан учурда чакырыктар түккө турбай тургандыгын билип-түшүнүп, "Эрте келген турналардагы" Султанмураттай муздак класста отуруп, самандын табына жылынып, жакшылыктан үмүт үзбөй окуп, чарба жумуштары менен гана аралашып чоңойгон "ошол муунга" "Бетме беттеги" Ысмайыл менен Сейде айылдагы эски тааныштындай таасир калтыргаңы талашсыз. Анткени, андай көрүнүш бир эле "Шекерде" эле болуптурбу, жок андай көрүнүш кыргыздын ар бир айылында болгонун ал согуш маалында элеттиктер үчүн "типтүү көрүнүш" экенин кийин М.Гапаров Колдошу (анын "Дарыялар шоокуму" повети эске алып жатат - Б. А.) далилдеп, себебин жеткире сүрөттөп чыкты го.

Ушул эле маселенин экинчи жагын К.Асаналиев эскерме-баян "Адабий айкашта" төмөнкүдөй түшүндүрүп жатпайбы: "Мага ошондо баарынан мурда табышмактуусу качкын жөнүндө атайын чыгарма жазуу Ч.Айтматовдун оюна кантип келди экен, кантип аны иш жүзүнө ашырууга батынды экен деген суроо болду. Биринчиден, Ч.Айтматов "жазуучу" катарында кыргыз совет адабиятынан орун ала элек. Аны "жаш автор", "жаш жазуучу" дешет. Ага азырынча ушундай эле берилген шарттуу аныктамалар жетиштүү. Демек, жаш автордун алдындагы негизги милдет - социалисттик реализмдин темирдей бекем принциптеринен кылдай кыйшайбай туруп, адабий толук ишенимге өтүү. Качкын жөнүндөгү повесть бул катардан эмес. Бул биринчиден. Экинчиден, жаш автордун биографиясы, ата-теги ошол учурдун көз карашы менен алганда кынтыксыз эмес экени белгилүү. Баары ошол 1937-жылдагыдай бойдон. Демек, тема тандап алууда жаш автордун өтө сак болушу, анын эртеңкисине, келечегине түздөн-түз тиешелүү" [2].

Кеп качкын жөнүндө чыгарманын жазылышы боюнча идеянын Ч.Айтматовдун башына кантип келгендигинде эмес, кеп анын ошол мезгилде, "баары ошол 1937-жылдагыдай бойдон" чынында опурталдуу болуп турган маалда "күтүүсүз" жарыкка келишинде. Чыгарманын идеясы да, сүрөттөлүш мазмуну да ошол мезгилдин талаптарынан "кыйла алыс" турган бул чыгарманын авторун алдыда кандай коркунучтуу окуялар күтүп турганын КГБнын айрым суректарына жооп берген К.Асаналиев жакшы түшүнгөн. "Экинчиден, жаш автордун биографиясы, ата-теги ошол учурдун көз карашы менен алганда кынтыксыз эмес экени белгилүү". Мындай шартта "жаш автордун алдындагы негизги милдет - социалисттик реализмдин темирдей бекем принциптеринен кылдай кыйшайбай туруп, адабий толук ишенимге өтүшүнө" К.Асаналиев башында турган "ошол муун" ишеним көрсөтпөсө, партиянын кыяматтын кыл көпүрөсүнөн ичке "линиясынан" кыйшайбай турган "улуу муундун өкүлдөрү" жаш жазуучу Ч.Айтматовдун "катачылыгын" көзгө сайып көрсөтүп, эл душманына чейин жеткирип коёру төбөдөгү күндөй белгилүү болчу. Бул жагынан Ч.Айтматов менен К.Асаналиев тагдырлаш эле да, советтик доордун "өгөй балдары" биринин айтчу сөзүн экинчиси илгиртпей түшүнүп жатканы да ошондон болуш керек.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына байланышкан окуянын андан ары өнүгүшүн тарыхтын сары баракгары ошол мезгилде кандай болсо ошондой сактап турат. Баары К.Асаналиев көз алдына элестеткендей эле болду. Партиянын саясатын тоонун булагындай таза сактагысы келгендерге анын бул жаңылыгы күн өтпөй байкалды. Бүркүт кабак А.Токомбаев башында турган партиялык саясатка адал кызмат кылган топ мындай шартты эч качан колдон чыгарган эмес, бул жолу да чыгарбаганга аракеттенди. Шахматтын доскасындай кыргыз адабий турмушундагы бардык окуяны толугу менен көз алдында өнүктүрүп, анда эки жолу (1937- 1947-жылдар эске алынып жатат - Б. А.) ийгиликке жетишкен ал топ мурдагы изи менен ишке кириштн...

Бирок окуя алар күткөндөй өнүккөн жок, кыргыз адабиятынын күйөрмандары көбөйүптүр (мында республиканын чегинен тышкары жазылган адабий-сын макала-пикирлерди эске алып жатабыз.- Б. А.), экинчиден кыргыздын китеп окуучуларынын адабий-эстетикалык табити бир топ бийикке көтөрүлүп калыптыр. Баары Ч.Айтматовду колдоп кетишти, мындай шартта К.Асаналиев кооптонгон кырдаал да, адабиятчы К.Асаналиевдин өзү да эч кимдин эсине келбеди. Сыртынан алганда, "жылдызы" жогорулап бара жаткан жазуучуга кошоматтай көрүнгөн, мезгилдүү басма сөздүн бетин бербей байма-бай жарыяланган адабий-сын пикирлердин кандай негизден жаралганы, кыргыз адабий турмушунда "маанилүү компаниядай" бирин-экинчиси колдогон макалалар сериясынын келиши эгемендүүлүктөн кийин акыл-эси калыптана баштаган муунга эми түшүнүктүү болду окшойт.

Улуттук адабий-эстетикалык жана адабий-теориялык ой жорумдун калыптана баштаганы өзүнчө кепке алчу маселе болгондуктан, аны кийинки главалардын бирине калтырып, ал эми кези келип турганда жеке Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына, ошондой эле кыргыз адабиятында компартиялык саясатты бетине кармап, болгондо да аны курал катары пайдаланып, көркөм-адабий чыгармачылыкты толугу менен диктаторлук саясий бийликтин алдына чөгөлөтүп берген "күчтүн" жеңилишине маанилүү роль ойногон казактын кыргыз деп төрөлгөн чыгаан уулу М.Ауэзовдун

эмгегин айтпай кетүүгө болбойт. Терен ойлонулуп жасалган М.Ауэзовдун тактикасы Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын жогоруда аталган "топтун күчүнөн" гана сактап тим болбостон, кыргыз адабиятында саясат менен адабиятты жуурулуштуруп карап келген өзгөчө мамилени жоюп, адабий-эстетикалык баамтуюмду жаңы нукка салды. Кыргыз адабият таануу илиминде болуп көрбөгөн жаңылык киргизип, каада-салтына карап, деги эле улуттук ыйманга туура келбеген (эри Садыкты чанып, кайдагы ата-тексиз Данияр-дай бирөө менен качып кеткен - Б. А.) чуулгандуу ишти баштап кеткен Жамийладай аялды терс деп түшүндүрүп жана кыздарын андай болбоого тарбиялап келген кыргыз түшүнүгүнө ылайык келбеген адабий каарманды "мына образ" деп таап, анын жетишкендигин көзгө сая көрсөтүп, далилдеп, элди толугу менен өзүнүн көз карашын ээрчигидей шарт түзүп бериштин өзү (коомдук жана адабий-эстетикалык аңдаштырууну түп ордунан жаңырта алгандыгы эске алынып жатат - Б. А.) эрдик эмеге эмне.

Кыргыз адабиятында сүйүүсү үчүн күрөшкөн адабий каарман Жамийла эле бекен, же андай сезимге ээ болуп, бардыгына "түкүрүп" басып кеткен кырдаал "Жамийладан" эле башталыптырбы?.. Эгерде кыргыз адабиятынан толук маалыматы бар окурман бизден мурда эле өзүнчө, өз алдынча эле далай мисалдарды келтире тургандыгы бышык. Кыргыз кыргыз болгондон тартып буга терең маани берип, аны ыгына жараша ар бир чыгармасына "жайгаштырып", эби-эсеби туура келсе майда лирикалык чыгармалардан тартып, "Манас" сыяктуу зор чыгармага көркөм деталь катары колдонуп, аны менен адамдын эркин, сезимдин улуулугун даңазалап, кези келсе аны чыгарманын авансценасына чыгарып, бири үчүн экинчиси жан берүү мүмкүн экенин "Аксаткын менен Кулмырза", же "Олжобай менен Кишимжан" поэмаларынын сюжеттик түзүлүшү, идеялык мазмуну ырастай алат. Ал эми "Манастагы" Каныкейдин Манасты жактырышы, Кыз Сайкалдын Манасты сүйүп, акыретке антташуусу, Семетейде" Айчүрөктүн Семетейди өзү издеп келиши эпостогу сюжетти шекөттөп турган бир көркөм деталь дегенибиз менен анын артында эпос жаралгандан бери аздектеп келе жаткан канча муун, канча кылымдын жашоо пафосу тургандыгын эч ким жокко чыгара албаса керек. Кечээ жакында эле болуп, феодализмдик ой жүгүртүү кыргыз коомчулугунда күчөп, диндин таасири моюндан ылдый басып, кыргыз кыздарын "эркектин кабыргасына" теңеп турган маалда жашап өткөн Бурулчаны жан дүйнөсүндө улуу сезимди аздектеген үчүн уламышка айландырып ооздон-ооздо өткөргөн. Анда түзүлгөн сюжет кыргыз кызынын жан дүйнөсүндөгү сезимин оор жана азаптуу турмушка каршы коюп, жеке адамдын татаал психологиясын баяндаганы үчүн адабий бир жанрга (уламышка) өзүнчө тематикалык багыт киргизе алгандыгы менен баалуу болуп саналат. Эгерде Луи Арагон ушулардын жок дегенде бири менен таанып болсо "Жамийла" жөнүндө мурда айткан сөзүн кайталап дагы бир жолу айта алат беле?.. Балким айта албай калмактыр, балким мындан да күчөтүп айтмактыр...

Булар жана ушул сыяктуу идеялык мазмунга ээ аты мында айтылбай калган толгон чыгармаларда болсо, анда эмнеге "Жамийла" К.Асаналиевди, М.Ауэзовду, Л.Арагонду, ж. б. таң калтырып, "махабат тууралу дүйнөдөгү эң сонун баян" болуп чыга келди. Ырас, бир жазуучунун бир чыгармасы "Жамийла" жөнүндө сөз кылып жатканы менен алардын ар биринин чыгармага байланыштырып айтчу өз сөзү, алардын ар биринин өз чындыгы бар эле. Л.Арагондун мындай мактоого арзыган пикири тууралу кыргыз адабият таануу илиминде көптөгөн ойлор айтылып, аны ар кандай мазмунда пайдаланып жүрүшкөнү менен кыргыз адабиятчылары бир нерсени эсепке албай келе жатышат. Жогору атап өткөн кыргыз адабиятында сүйүүнү даңазалаган чыгармалар менен тааныштыгы бар болсо, балким мындай пикир айтпайт эле. Менин баамымда, ал кыргыздарды "варварчылык менен оокат кылган, эч кимди аябаган, зөөкүр жана каардуу Атилланын тукумдары, көчмөн маданияттын ээси" катары европалыктарга бир мезгилде катуу таасир калтырган көз карашта элестетип жүргөндө сүйүүгө артыкчылык бериши боюнча француздардан кем эмес сапаты бар кыргыз кызы Жамийла жөнүндө чыгарманы окуганда башка сез оозуна келбейт тургандыгы аныk. Ал мында кыргыздардын этномаданияты менен этнопсихологиясына артыкчылык бергени талашсыз.

Кыргыздын андай сезимдери менен жакындан тааныш, кыргыз адабиятын кыргыздардын өзүндөй эле билген М.Ауэзов анда "Жамийланын" эмнесине артыкчылык берип, эмнесине "ставка" койду? Эми ошол мезгилдеги адабий турмуштагы абалга көз жүгүртөлүчү. Кыргыз адабиятында экинин бири, көп улуттуу совет адабиятында кыргыздардан жалгыз болуп турган Т.Сыдыкбеков мына Мамлекеттик сыйлыкты мен гана алам деп, ага "Тоо арасында" романын коюп турганда, көлөмдүү, бардык жагынан советтик идеологияга шайкеш бул чыгармага эмес, М.Ауэзов "Жамийлага" артыкчылык берди. Эмнеге?.. Бул окуяга катышы барлар, аны көз алдында өткөргөндөр, кийин окуп таанышып билгендер, деги эле маалыматы барлар ар кимиси өз билгенин айтып, аны ар түрдүү кырдаал менен байланыштырып, не бир акылга келип жана келбеген формада түшүндүрүп келишкен жана мындай ары да аны улантып, ал ойлорду тереңдетип кете бериши мүмкүн. Азыр биз айта турган ой да ошолордун бири.

М.Ауэзов өз замандаштарынан айырмаланып, адабий чыгармачылыктагы өнүгүштү, чыгармачылыктын "ички жашоосун" советтик коомдук-саясий турмушту компартиялык идеологияга ылайыктап карабастан, тескерисинче, советтик жашоонун жаңылыгын, ийгилигин адабияттын жеке өзүнө тиешелүү категориялар менен ачып берүү формасын издеп, аны Ч.Айтматовдун чыгармаларынан, өзгөчө "Жамийласынан" тапты. Менимче, ал Жамийла менен Данияр-дын бири-бирине арзыган, бирин экинчиси кечигип тапкан, кадыресе элеттик турмуштагы аракеттери кызыктырбай, советтик бийлик, коммунисттик мораль, советтик жашоо жараткан сапат-көрүнүштү, эки жаштын бактылуу болушуна тиешелүү мазмунду оригиналдуу бере алган жазуучунун чеберчилигине тан берген окшойт. Башкасын мындай коёлу, кыргыз адабиятынын алгачкы күндөрүнөн тартып эле бирин-бири жактырган советтик жаштардын сүйүүсү, бактылуу табышканы жөнүндө кимдер гана жазган жок. Маселен, К.Жаштөшев Айнагул менен Арзыматты ("Эки жашта"), Анархан менен Каныбекти ("Каныбекте"), А.Токомбаев кыз менен Зарлыкты (Күүнүн сырында"), Т.Үмөталиев Айнагул менен Абазбекти ("Айсулууда"), К.Баялинов Жамийла менен Жапарды ("Көл боюнда") канчалык бактылуу кылышса да, алардын образынан советтик идеологиянын "айтканы" айткандай, "дегени" деген-

дей чагылып, коммунисттик мораль, социалисттик адеп-ахлак чыгарманын "сыртында", окуяга жуурулушпай, өзүнчө көрүнүп турду эле го. Эгерде ушул "идеяны" камтыган чыгармаларды санасак, алар ого эле көп болуп, автору ким, чыгармасы кайсы экени билинбей баш адаша турганы аныk.

Анда М.Ауэзовго "Ак жолуң ачылсын " [3] дегидей анын эмнеси жакты экен? Кыраакы жазуучу Ч.Айтматов жөн-жай, лирикалык каармандын баяндоосунда сүрөттөлгөн арзыган эки жаш жөнүндөгү сюжеттен совет бийлиги тээ 20-жылдардан бери жазуучуларга милдеттендирип, бирок адабияттын жеке өзүнө гана таандык категориялары менен иштелип чыккан, "спецификасы" боюнча чыныгы реалдуу турмуштун өзүндөй, окурман ишенээрлик деңгээлде көркөм жана эстетикалык касиетке ээ чыгарма жаралып жатканын кантип байкабасын. Кызыгы, чыгарманын жазылышында эмес. баары совет бийлиги каалагандай болуп жатканында. Менимче, далай татаал сюжетти "курап", ата-теги, "биографиясы" таптакыр совет бийлигинин талаптарына жооп бербей турган А.Кунанбаевден орустун прогрессчил акындарына жакын касиетти "таап", анан аны ошол орустардын революцияны жактаган мууну менен "идеялаш" кылып, камырдан кыл сууругандай "эл душманы" болчу кишиден совет бийлиги кодулай турган "чен-өлчөмдү" толугу менен алып салууга жетишкен казактын залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестинен коммунисттик идеологияга тең келген критерийлерди жолуктурганда Толубай сынчы Кармыштын Бозун көргөндей эле сүйүнсө керек.

Ага жакканы ал критерий-түшүнүктөр окуу китептеринин не бир түрдүү формаларда берилип, мына ушундай болуш керек деген элестөө менен туюндурулуп, "коммунизмде улуттар жоюлуп, баары бир эл, бир журт болуп, алар тилине, дилине, ал тургай динине карабай бирин-бири жактырып, сүйүп баш кошуп, алардан интернационалдуу үй-бүлө курулат" деп, бирок ал кандай формада, кандай шартта болушу мүмкүн экендигин элге жеткире албай жаткан учурда совет бийлигинин издегени Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестинен табылганы болду. Болгондо аны Кыргызстандык жаш жазуучу коммунисттик идеологияны даңазалаган "теоретиктердин" эмгектеринде берилгендей абстрактуу эмес, жумурай журт "кыңк" дебей ишене турган советтик турмуштун өзүнөн көрсөтүп жатпайбы. Тарыхка көз чаптырсак, ошол мезгилде, тиги Батышта, андан аркы Америкада андай болушу мүмкүн эмес деп, мындай идеясы үчүн Советтер Союзун катуу сындап, СССР майда улуттарды каардуу эзүүнүн алдында кармап турат деген сыяктуу түшүнүктөр аркылуу кадимки "Азаттыктан" жар салып, "кансыз согушту"уюштуруп, ал күчүндө болуп, советтик идеологдор ага контраргумент таппай карайлап турган күндөрдүн биринде "Жамийла" кокусунан колго тийсе, аны сезимтал М.Ауэзов байкабай калышы мүмкүн эмес эле. Болгондо да коммунисттик идеология күткөн мына "социалисттик жашоо образы" дегидей деңгээлде чагылдырып жатпайбы, б. а. М.Ауэзовго ушундай катуу таасир калтырган нерсе Ч.Айтматовдун болуп-болбогон турмуштук окуяларды кадим турмуштагыдай сүрөттөп, Батыштагыларды калп кылып, совет бийлиги толук орношу мүмкүн эмес деген жердеги жашоодон алып көрсөтүп жатканында турат.

"Жамийланын" артыкчылыгы коммунисттер идеялар менен принциптер толук ишке ашышы мүмкүн экенин далилдөөсү казак Данияр менен кыргыз Жамийланын бирин-бири арзып, сүйүп калуусу. Кыргыз менен казак эзелтен куда-сөөк болуп, кыз берип, келин алышып жүргөнү М.Ауэзовго тээ бала күнүнөн белгилүү болсо да, ага чыгармадан айрыкча таасир калтырганы советтик интернационалдык үй-бүлөнүн курулганы, бул -бир. Экинчиден, татаал психологизмге ширелишкен, этно-социалдык чен-өлчөмдөргө каршы келүүчү жыш конфликтилерден "куралган", бирок окурман ишене турган окуя, эпизоддордон түзүлгөн сюжеттин мазмуну коммунисттик пафосту чагылдырып жатканы. Болгондо да элеттик бир келин Жамийланын турмуштук позициясында эч ким ойлонуштурбагандай, кадим тиричиликтин алкагында, башкалар элес албаган жөпжөнөкөй кырдаалда баяндалып жатканында турат. Ал Жамийланын чын дилинен берилип сүйгөнү Данияpды эч бир церемониясыз эле ээрчип кетип калуусу. Бир караганда бул - эрдик. Экинчи жагынан алганда келесоолук, арты-кийинин ойлогон түркөйлүк. М.Ауэзовго Жамийланын ошол эрдиги жагып отурат. Ал Жамийланын образынан таптатынакай күйөөсүн чанган, кайын журтун ыңгайсыз абалга калтырган, ата-энеси менен төркүндөрүнүн бетине "көө жапкан", элеттик бир келинди көргөн жок (көрсө да көргүсү келбеди), ал совет бийлиги толук эркиндигин колуна алып берген, душасы эмне десе ошону аткарган, кимди сүйүп, ким менен жашаарды өзү гана чече ала турган советтик аялдын "типтүү" образын көрүп, персонажды ушул өңүттөн аңдаштырып отурат. Чын-чынына келгенде советтик идеология көркөм адабияттан издеген образ ушул эмес беле. Бекеринен ага артыкчылык берип, жакшы сааналашы Т.Сыдыкбековду көнүлүнө карабай "сызга отургузуп", доордун бир бурулушун түзгөн коллективдештирүү темасына арналган "Тоо арасында" романы "шоона эшпей" турганын биринчилерден болуп байкап, "Жамийланын" өзү ал мезгилдин кол жеткис сыйлыгы Леинидик сыйлыкка көрсөтүп жаткан жок. М.Ауэзов "Жамийладан" социализмдин тикелей жоосу болгон капитализмди "бетке чаап" көрсетө турган чындыкты таап, аны көркөм чыгармада түзүп берген үчүн ал сыйлыкка татыктуу экенин адабий коомчулукка түшүндүрүп, ал тургай Ч.Айтматовго оппонент болгондорго да далилдөөгө жетишти. Бул М.Ауэзовдун тереңдиги жана чебердиги. Тарых аныктагандай "Жамийланын" "жылдызы" болуп жана турганына себеп да, коммунисттер сыймыктанган чыгарманын мазмун-маңызы да мына ушул жерде жатат.

Адабияттар

1. Асаналиев К. Открытие человека современности. - Ф.: Кыргызстан, 1969.

2. Асаналиев К. Адабий айкаш. Эскерме баян. - Б.: БГУ, 2008.

3. Ауэзов М. Ак жолуң ачылсын // Литературная газета, 1958, 23-октябрь.

А.Шенгун,
К.Карасаев атындагы БГУ

КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫНЫН ТҮРК АДАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

Түрк адабиятында улуттук адабий чыгармачылыкты байыркы мезгилден бери келе жаткан тарыхый баскан жолун толугу менен системага салууга, анын схемасын түзүүгө аракет кылган мезгил XX кылымдын 20-жылдарына туура келет. Мына ушул жылдарда түрк калк адабиятын белгилүү бир системага салып, алардын ар бирине таандык өзгөчөлүктөрдү таап, көрсөтүп, анын негизинде бирин-экинчисинен айырмалоого аракеттенишкенин белгилей кетүүгө тийишпиз. Мындай классификациялоонун башында М.Ф. Көпрүлү турат. Анын классификациялоосу боюнча түрк адабияты төмөнкүдей схемада берилип келет.



Ырас, түрк адабият таануу илиминде окумуштуулар арасында мына бул сунуш кылынган схемага толуктоолор киргизилгени менен азыркы учурда алардын негизин мына ушул сүрөттө көрсөтүлгөн бөлүштүрүү түзөт. Жалпысынан мында берилген бөлүштүрүү башкы орунда тургандыктан, биз М.Ф.Көпрүлү тарабынан классификацияланган бөлүштүрүүгө таянууга аракеттендик. Анда ислам дини киргенге чейинки түрк адабияты оозеки жана жазуу түрүндө болгонун белгилейт. Оозеки чыгармачылыкты М.Ф.Көпрүлү "сөзлү" адабият деп атап, аны төрт чоң топко бөлөт. Алар "сав" (макал-ылакаптар); "сагу" (жоктоолор); "кошук" (кошоктор); "дестан" (дастандар) болуп эсептелет. Ал эми ислам дини кабыл алынгандан соң түрк адабияты бир нече тармакка бөлүнө тургандыгын аныктап, алардын бир тармагына фольклордук чыгармаларды киргизип, аны "калк адабияты" деп атап, аларды жалпылаштырып үч чоң топко жайгаштырат. Алар - "аноним" адабияты (эл арасында айтылган оозеки чыгармачылык); "ашык" адабияты (авторлору белгилүү болгон акындар чыгамачылыгы); "текке-тасаввуф" (ислам динининтаасиринде өнүккөн) калк адабияты. Улуттук каада-салтты ичине алган чыгармаларды М.Ф.Көпрүлү аноним калк адабиятына кошкон. М.Ф.Көпрүлүнүн мындай классификациялоосу ошол мезгилден бүгүнкү күнгө чейин өз маанисин жоготпой келет. Түрк окумуштуулары аны айрым бир багыттар боюнча толуктабаса, андан кескин айырмаланган бөлүштүрүүнү сунуш кылыша элек. Ошондуктан, биз кийинки мезгилдерде болгон толуктоолорго зарылдыгына жараша гана токтолбосок, алардын бардыгын бул жерде айтуунун зарылдыгы жок.

Түрк элинде да каада-салт жөрөлгөлөрдүн маанисикенен, ал элдин тарыхый баскан жолу менен тыгыз байланышта жаралып жана өнүгүп келген. Каада-салт менен кошо түрк элинде ар түрдүү элдик чыгармалар пайда болгон, аны түрк элинде жалпысынан сөзмө-сөз алганда "аноним калк ырлары" атайт. Фольклордук чыгармаларга мындай аталыштын берилиши XX кылымдын баш чендерине туура келет. Аны 1924-жылдагы Стамбул университетинин ичинде түзүлгөн "Түркология" институту менен байланыштырууга болот. Тагыраак айтканда, ошол жерде иштеген М.Ф. Көпрүлү жетектеген бөлүм аркылуу эл арасындагы элдик оозеки чыгармалар жыйналып, аны М.Ф. Көпрүлү өзүнүн эки китептен турган "Анадолу түрктөрүнүн калк адабияты" аттуу эмгегин чыгарып, анын биринчи китебинде түрк калк адабиятына тиешелүү фольклордук лирикалык чыгармаларга токтолуп, аларды байыркы мезгилде түрк эли колдонуп, М.Кашкаринин "Түрк тилдер сөздүгүндө сакталып келген, аталыштар менен атоого аракеттенет. Алардын бирин "манилер" деп атап, бул терминдин негизинде түрк фольклорундагы бир жанрды жалпылаштырып бөлүштүрүүгө умтулат.

Ал эми мындай иштер 1927-жылы "Калк билими" аттуу коом түзүлүшү аркылуу да ишке ашырылып турганын белгилей кетүүгө тийишпиз. Ошол жылдары каада-салт ырлары фольклордук чыгармалардын башка түрлөрү менен бирдикте чогултулуп, жарыялана баштаган болсо, алардын ич ара жанрларга бөлүштүрүлүшү ушул жылдары башталган деп эсептөөгө болот жана жыйноочулар менен изилдөөчүлөрдүн мындай аракети иштин андан ары

өркүндөшүнө негиз түзүп берген. Жэм Дилчин "Мисалдары менен түрк ырлары маалыматтамасы" [1] аттуу эмгегинде түрк фольклордук чыгармаларындагы лирикалык чыгармалардын негизин ушул мани ырлары менен кошук ырлары түзө тургандыгын белгилеп кетет. Мунун өзү түрү адабиятчылары элдик оозеки чыгармаларды классификациялоодо өзүнүн байыркы ата мурастарына негизделүүгө багыт алгандыгын көрсөтөт.

Түрк адабият таануу илиминин башатында турган мындай иштер андан ары улантылып, анда калк ырларын классификациялоо багытында П.Н.Боратав ишке киришип, 1930-жылдары бир кыйла алга жылдырат. П.Н.Боратав "Калк адабияты дарстары" [2] аттуу эмгегинде өз көз карашын билдирип, ал боюнча түрк фольклордук чыгармалар "Аноним калк ырлары", "Текке" жана "Акын ырлары" (мында автору белгилүү болгон ырлар, "ашык шиирлери" деп аталат) деп үчкө бөлүштүрөт. Ошол эле жылдары А.Т.Онай "Түрк ырларынын өлчөмү" [3] деген эмгегинде фольклордук чыгармаларга кайрылып, аларды эки түргө бөлүштүрөт. Бирок, А.Т.Онай фольклордук чыгармаларды мазмундук жактан эмес, түзүлүшү боюнча изилдегенине байланыштуу жалпысынан түрк ырларын муун өлчөмүнө карай жиктөө менен араб адабиятынын таасиринде келген "аруз" ыр түзүлүшүн өзүнчө бөлүп эки чоң топту аныктап чыгат. Ага чейин деле түрк адабият таануу илиминде калк ырларын классификациялоодо мазмун экинчи планга калып, адабиятчылар форма жагына артыкчылык бергенин бул жерде белгилей кетүүгө тийишпиз. Ошондуктан, мазмун жагынан кароо аракети ушул мезгилде маанилүү орунда турат. Анткени, биз салыштырып карап жаткан кыргыз жана башка түрк тилдүү элдерде улуттук фольклордук чыгармаларды классификациялоо негизинен мазмунга ылайык жүргүзүлүп келгенин бул жерде айтпай кетүүгө болбойт.

Ал эми элдик оозеки чыгармаларды андан ары изилдөө иштери бир топ жыл токтоп калганы байкайбыз. Ага негизги себеп эмне болгондугу белгисиз болсо да, окумуштуулар бул маселеге кайрылууда биз байкагандай кийинки мезгилдерде талдоо жүргүзүүдө мурда калыптанып калган көз карштан сыртка чыга алышкан эмес. Анын башкы себебин биз түрк окумуштуулары өздүрүнүн эмгектеринде дүйнөлүк адабият таануу илиминде болуп жаткан көрүнүштөргө анча көңүлү бурбаганы менен байланыштырабыз. Ошондуктан, кийинки мезгилдерде жазылган изилдөө иштеринде да улуттук фольклордук лирикалык чыгармаларды мазмундук жактан кароо аракети эске алынбагандыгын көрүүгө болот. Тагыраак айтканда, Э.Ж.Гүней 1947-жылы "Калк ырларынын антологиясын" [4], 1953-жылы Ж.Өзтеллинин "Калк түркүлөрү" [5] жана 1955-жылы "XVIII кылымдагы калк ырлары" [6] аттуу эмгектери жарык көрсө, бул эмгектерде да түрк фольклорундагы лирикалык чыгармалар жогоруда аталган классификациялоо менен аткарылат. 1956-жылы И.Башгөз эл арасынан жыйнаган ырларын "XIX кылымдагы калк ырлары" [7] деген аталыш менен чыгарат, бул дагы ушул көз карашты жетекчиликке алат. Ошол себептен биз бул эмгектердин арасынан түрк элинин каада-салт ырларын өзүнчө белүштүрүү менен караган көз карашты кездештире албадык. Алардын бардыгы тең М.Ф. Көпрүлүнүн "Анадолу түрктөрүнүн калк адабияты" аттуу эмгегинде кандай бөлүштүрүлсө, мына ошондогу классификациялоону жетекчиликке алуу менен мамиле кылышкан. Анда түрк фольклордук чыгармаларды мазмундук жактан бөлүштүрүүдө башка түрк тилдүү адабияттардын арасында маанилүү орунга ээ болгон каада-салттык чыгармалар өз ордун аныктоо маселесин андан аркы изилдөө проблемасын күн тартибине коёт.

1969-жылы гана Х.Дизтароглу "Калк ырларынын түрлөрү" аттуу эмгегинде аталган проблемага кайрылып, өзүнө чейин айтылган көз караштарды ээрчийт. Анын эмгегинде өзүнө чейинки бөлүштүрүүлөрдүн кайсы жагы негиздүү экендигин белгилеп, жакшы-жаманын көрсөтпөстөн туруп эле Х.Диздароглу "Калк ырларынын түрлөрүндө" [8] мурда калыптанган ойду андан ары улайт. Анын көз карашы боюнча да калк ырларын эки чоң топко бөлүштүрүлөт, б. а. алардын биринчисин кадимки түрк элине мүнөздүү муун өлчөмүнө карай бөлүштүрсө, экинчилерин араб адабиятынын таасиринде пайда болгон "аруз" өлчөмүнө ылайыктап жиктештирет. Ал эми ошол эле ырларды калк ырларын маани-мазмунуна ылайык үч топко жайгаштырат. Алардын биринчисин байыркы мезгилден бери эл арасында айтылып, бирок анын автору сакталбай калган ырлар түзөт, аны азыркы түрк адабият таануу илими "Аноним калк ырлары" деп атайт. Ал эми экинчисин "Калк ашык ырлары" деп атап, анда эл арасында акындар тарабынан айтылып калган автордук ырлары ээлейт. Анын бөлүштүрүүсү боюнча үчүнчү чоң топту "Текке ырлары" деген аталыш менен берет да, ага ислам динин даназалоо маанисинде же болбосо ислам диний эрежелерин насыяттоо маанисиндеги ырларды киргизет. Мында Х.Диздароглунун бөлүштүрүүсүнө биринчи кезекте ырдын тематикасы жана коомдук-социалдык мааниси, ошондой эле автордун бар же жок экендиги башкы орунда турган. Ал эми ырлардын маанисин ажыратууда Х.Диздароглу ыр түзүлүшүнө да негиздеп бөлүштүргөнүн байкайбыз.

Х.Диздароглунун классификациялоосу боюнча "Аноним калк ырлары" алты топко бөлүштүрүлөт. Алар - **мани** (мында кыргыз адабиятындагы турмуштиричилик ырларына жакын, бирок төрт саптан гана турат), **кошма** (кошуп айтат деген мааниде, бирок кыргыз адабиятындагы "терме", санат" ырларына жакын), **варсагы** (бул ырлар түрк элдеринин ичинен варсактар айткан ырлар деген маанини берет), **семаи** (булар араб адабиятынын таасиринде пайда болгон "аруз" өлчөмүндө айтылып, мааниси боюнча кошма сыяктуу болуп саналат), **дестан** (кыргыз адабиятындагы "дастан" жанрына жакын турат), **түркү** (түрк элинин улуттук адабиятында гана боло турган, саз-баалама аспаптары менен коштолуп ырдалуучу түр) [9] болуп саналат.

Х.Диздароглу деле мындай бөлүштүрүүдө М.Кашкаринин "Түрк сөздөр жыйнагындагы" калк ырлары боюнча аталыштарды негиз кылып, алардын маанисине анча көңүл бурбастан, кайдан келип чыгыш тегин талдабастан эле эл арасында мурда калыптанган классификацияны пайдаланат. Х.Диздароглунун бөлүштүрүүсүнө токтоло турган болсок, анын бөлүштүрүүсү түрк фольклорундагы ыр түзүлүшүнө негизделип, анын кызыкчылыгы ушул деңгээлде калганы дароо байкалат. Ал деле болсо башка изилдөөчүлөрдүн көз караштары бир өңчөй эмес экендигин көрүүгө болот.

Тактап айтканда, түрк адабият таануу илиминде окумуштуулар фольклордук калк ырларын изилдеген учурда өздөрүнөн башка улуттарга мүнөздүү адабият таануу илиминдеги бөлүштүрүүлөргө анча көңүл бурушпагандыктан, алар түрк элине таандык фольклордогу лирикалык чыгармалардын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү аркылуу бөлүштүрүүгө мүмкүн боло тургандыгына анча маани беришпегендей. Эгерде түрк окумуштуулары бул багытка көңүл бура турган болсо, анда азыр колдо бар материалдар бир топ кызыктуу бөлүштүрүүгө ээ болоору анык. Маселен, П.Н. Боратав "100 суроодо калк адабияты" [10] аттуу эмгегинде өзүнө чейинки окумуштуулар арасында кеткен айрым бир мүчүлүштүктөрдү байкап, фольклордогу кээ бир ырлардын жанрдык табиятын аныктоодо алардын жаралуусуна каада-салт жөрөлгөлөрү негиз болуп бергенин эске албай койбойт. Анын айрым бир байкоолорунда байкалган улуттук салт аркылуу калыптанган ырлардын арасынан биз өзгөчө токтоло турган маселе каада-салт ырлары болуп эсептелет. Ырас, улуттук фольклордук чыгармалар толугу менен коомдук-социалдык түрмуштун жана каада-салттын таасиринде жарала тургандыгы анык. Эгерде фольклордук чыгармалар элдин түрмушу менен тыгыз байланышта болбосо, ага элдин көңүлү бурулбай, ал бат эле жок болуп кетээрин эске алсак, анда эл арасында жашап калган ар бир ырдын өмүр сүрүшү үчүн ырдын мазмунунда, өзгөчөлүк табиятында, ал тургай жаралуу генезисинде алардын элдин тарыхы менен байланыштуу касиети кандай сакталса, улуттук каада-салт да ошондой эле орунда турат. П.Н. Боратав "100 суроодо калк адабияты" эмгегинде аз болсо да ушул маселеге тиешелүү суроолорго жооп берүүгө аракеттенет. Ал башка адабиятчылар сыяктуу эле түрк калк ырларын жиктештирүүдө эл арасында сакталган ырлардын түзүлүшүнө басым койгону менен ошол эле ырлардын колдонулуш салтына артыкчылык берет. Анда элдин турмушу менен терең байланышкан бала туулгандан тартып, ал өлгөнгө чейинки турмушун камтыган кырдаалдар толугу менен чагылдырылат. Маселен, калк адабиятынын элдик үлгүлөрүндө *калктын жай турмушу* эгин эгип, эгинди оруп жыюу, мал багуу, малды жайытка чыгаруу, төлдөтүү, килем жасоо; *элдин күнүмдүк жашоо-тиричилиги* анчылыкка аттануу, конуш которуу, бала көрүү, бешикке салуу, келин алып, уул үйлөнтүү, аза күтүү, жоктоо учурунда; эл башына оор мүшкүл түшкөндө казатка жөнөр алдында; жыл мезгилинин алмашышына карата болуп, жалпы жашоочулардын, айрым бир коллективдин катышуусу менен аткарылып келген ырлар сакталат. Ал ырлардын айрымдарында башатында каада-салттык көрүнүштөрдүн элементтери көбүрөөк орун алат. Салттык жөрөлгөлөр, ыр, оюн-зооктор менен коштолот. Ал эми айрымдары кийинчерээк ислам дининин таасиринен улам үрп-адаттык, ырым-жырымдык функцияны көбүрөөк аркалап калгандыгы белгиленет.

Бирок, П.Н. Боратав "100 суроодо калк адабияты" эмгегинде калк ырларынын жаралуусуна биринчи кезекте мазмун - элдин жашоо-турмушу таасир эткенин өз изилдөөсүндө эске албайт. Биздин жеке көз карашыбызда, ошол элдик ырлардын эл арасында сакталып калуусуна биринчи кезекте элдин турмушун чагылдыруу касиети башкы орунда турган деп эсептейбиз. Ал эми проблеманы ушул багытта карай турган болсок, анда алардын негизги касиети ошол элдин жашоо-турмушу болуп эсептелет да, ал жашоо-турмуштун калк арасында ээлеген орду фольклордук көркөм чыгармаларга чагылуу менен ортодо далай кылымды басып өткөндүгүнө байланыштуу ал ырлардын мааниси да, формасы да жаңыланып турган. Айрымдары аткарылышына карата сөздүн муун өлчөмү, ыргагы да өзгөрүп, ырдык формага караганда жорго сөз жакындап кетсе, кээ бирлери мезгилдин өтүшү менен мазмунун терендетип, көп түрдүү формага айланып, эл арасында колдонулушу көбүрөөк мааниге ээ боло турган муун же аруз ыр өлчөмүнө ээ болуп жашап калган. Ошондой эле айрым ырлар алгачкы колдонулушунда, көпчүлүктөн катышуусунда шаан-шөкөт менен милдеттүү түрдө өтсө, кийинчерээк мурдагы касиетин жоготуп, көп адамдын катышуусу жок эле ырдала баштаган. Каада-салт ырларынын кээ бирлери түпкү мааниси менен жакындыгын сактаса, кээ бирлери мааниси башка мазмунга өтүп кеткени байкалат. Ошондуктан, түрк адабиятында калк ырлары кийинчерээк өзүнүн баштапкы функциясын бир топ тарытып, айрымдары үйбүлөлүк же жеке адамдар тарабынан деле аткарылып калгандыгын көрөбүз. Жалпысынан алганда, түрк калк ырлары кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагыдай эле каада жөрөлгөлөрү маани-мазмунуна, багытына карата *аңчылык, мал чарбачылык, дыйканчылык, жоокерчилик* жана *жыл мезгилинин алмашышына* карата бир канча тематикага ажырайт. Алсак, мал чарбачылыкка байланыштуу койго, корозго, уйга, өгүзгө, өрдөккө, жылкыга, кекиликке арналып, алардын сапаттык белгилерин, артыкчылыктарын белгилөө менен аларга кайрылуу мүнөзүндө өзүнүн ой-тилегин билдирген түркүлөр (ырлар) кездешет. Алар айтылыш өзгөчелүгү боюнча кадимки кыргыз айтымдарына жакындашып турат. Эгер кыргыз адабиятында мына ушундай мазмунга ээ болгон чыгармалар жалпылаштырылып өзүнчө жанр же түр катары берилсе, дал ошондой эле мазмунга ээ болуп турган түрк калк ырлары эмне үчүн өзүнчө жанр же түр катары каралбайт. Биз байкообузда бир эле кыргыз фольклорунда эмес, казак, кара калпак, өзбек, татар, ногой, ж. б. улуттарга тиешелүү калк фольклорунда аталган каада-салт ырлары өзүнчө жанр же түр катары берилип келет. Ал эми негедир бул багыт түрк калк (аноним) ырларында өзүнчө жанр же түр катары бөлүнүп чыккан эмес. Мындай көрүнүш түрк калк (аноним) ырларын мазмундук жактан өзүнчө жанр же түр катары бөлүп чыгууну жана анын жанрдык табиятын аныктап берүүнү талап кылып тургансыйт.

Адабияттар

1. Дилчин Ж. Мисалдары менен түрк ырлары маалыматтамасы. - Анкара, 1999.

2. Боратав П.Н. Калк адабияты дарстары. -Анкара. 1942.

3. Онай А.Т. Түрк ырларынын өлчөмү. - Истамбул, 1933

4. Гүней Э.Ж. Калк ырларынын антологиясы. - Истамбул, 1947.

5. Өзтелли Ж. Калк түркүлөрү. - Истамбул, 1953.

6. Өзтелли Ж. XVIII кылымдагы калк ырлары. - Истамбул, 1955.

7. Башгөз И. XIX кылымдагы калк ырлары. - Истамбул, 1956.

8. Диздароглу Х. Калк ырларынын түрлөрү. - Анкара, 1969.

9. Боратав П.Н. 100 суроодо калк адабияты. -Истамбул, 1969.

Б.Акматов,
К.Карасаев атындагы БГУ

МУХТАР АУЭЗОВДУН АДАБИЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШЫ ЖАНА К.АСАНАЛИЕВДИН АДАБИЙ-ТЕОРИЯЛЫК ТАЛДООЛОРУ

Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестине чын ыкласы менен тан калып, тамшангандар болгон, ошондой эле аны жээрип, жектеп кыргыз адабиятынын короосуна жолотпой, "таягын сүйрөп" чыккандар аз эмес болчу. Менин терең ишенимимде Ч.Айтматовдун чыгармачыл жолунун башталышы, бир жагынан сейрек кездешкен берметтей бактылуу да, жылдыздуу да. Ошондой эле, экинчи жагынан, анын алдында ар дайым көрүнбөгөн, билинбеген каршылашуу, каргашалуу "бут тосмойлор" дайыма тирешип турду. Бир жагынан, Чыңгызды улуу М.О.Ауэзов ак жол каалап, "батасын" берип [1], Луи Арагон "жетелеп", дүйнөлүк аренага алып чыкса, экинчи жагынан өз үйүнөн, коломтосунан чыккан улуу-кичүү замандары-калемдештире не бир илмекей-чалмакейлерди биринин артынан бирин даярдап, "каар" чачышты.

Ошол эле учурда М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашы кыргыз адабият таануу илиминде К.Асаналиев башында турган адабиятчылардын көркөм чыгармага карата көз карашын өзгөртүү менен чектелбестен, илимий-теориялык жактан башкача ой жүгүртө алган жаңы багытты түздү. Алар кыргыз совет адабиятында Батийналар менен Жылдызкандар, Зууракандар менен Телегейлер сыяктуу реалдуу адамдардын биографиясынын негизинде кыргыз романы биринин артынан бири пайда болуп жатканда, Чыңгыз Айтматов кыргыз-орус тилинин кошула баштаган чекитинде "Бетме бет", "Жамийла" повесттери менен улуттук адабиятка "сырттан" түшкөндей болуп, кирип келген чыгармаларга түшүнүүчүлүк менен мамиле кылышты.

Кирип келгенде да андай чыгармалар күтүүсүз адабий кырдаал, дезертир күйөөсүн акыркы чекитине чейин коргоп калууга аракет кылган Сейденин, фронтто жүргөн күйөөсүн таштап, башка бирөөнү "ээрчип" кеткен Жамийланын образы менен кирип келген эле. "Эгерде бул чыгармалар адегенде орус тилинде жарыяланбаган болсо, эгерде бул чыгармалар 1958-жылы Москвада өзүнүн тиешелүү бийик баасын жалпы союздук деңгээлде албаган болсо, жаш Чыңгыздын адабий тагдыры кандай болот эле, ким билет... Мен ойлойм, кантсе да билингизм Чыңгыз Айтматовдун тагдыры да, жазмышына бүткөн бакыт-таалайы да экен. Болбосо, кыргыз жазуучулары анын жазуучулук мартабасы, золобосу ушундай бийиктикке көтөрүлүшүнө жол берет беле..." [2]

Алынган үзүндүдөн алдыда айгылчу сөздүн айрымдары өзүнөн-өзү түшүнүктүү болду окшойт. Ырас, бул жерде берилген маалыматтардын көпчүлүгү окурман журтка көптөн бери тааныш, көптөн бери белгилүү экендиги анык. Биз бул жерде Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы кандай жолу басып өткөнүн эмес, К.Асаналиев ошол чыгармаларды талдоо аркылуу кыргыз адабий процессинде кандай ишти аткарып, атактуу жазуучунун чыгармаларын изилдөө менен кыргыз адабият таануу илимине эмне салым кошо алды деген суроого жооп берүү милдети турат. Азыр анын аткарган кызматы, кылган иши канчалык болгондугун "далилдөө" бир караганда окурманга өтө маанисиз, өтө эле акылга сыйбай турган көрүнүш катары таасир калтырышы мүмкүн. Бирок окурман кандай кабыл алса да далилдөө милдети турат. Антпесек, К.Асаналиевдин кыргыз адабият таануу илимине алып келген жаңылыгы кайсы, кандай илимий-теориялык иштерди аткарганы жеткиликтүү болбой калчудай.

Алгач көз алдыга элестетели, советтик идеологияга катуу берилген А.Токомбаев башында турган адабий чыгармачыл топтун жеңишин жана "Бетме бет", "Жамийла" повесттеринин кыргыз окурмандарына жетпей, ал эми алар Батийна, Жылдызкан, Зууракан, Телегей сыяктуу реалдуу адамдардын биографиясынын негизинде жазылган кыргыз романдарын "классика ушул деп" окуп жатканыбызды. Бир караганда, аларда деле окурман таасирлене турган, сыймыктана турган идеялар бар экендиги талашсыз. Бирок, илимий-теориялык жактан көркөм адабият өзүнүн чыныгы табиятын ошол чыгармаларга негизделип окурманга жеткире алат беле, албетте жок. Бул бир. Экинчиси, ошол чыгармалар аркылуу кыргыз окурмандары көркөм адабияттын профессионалдык табияты кандай болоорун, ага мүнөздүү сюжеттик жана композиялык касиетти, адабияттын негизги милдети болгон адам турмушун эң бир татаал кырдаалын, анда "жашап", кайталангыс мүнөзүн көрсөтө алуучу конфликтти жеткире таанып билиши күнөм беле, күмөн эмес эле таптакыр башка жолго кетмекпиз.

К.Асаналиевдин, анын катарында, же андан кийинчерээк адабият таануу илимине келген "муундун" кыргыз элине кылган кызматы ушул кырдаалда ачык көрүнөт. Эгерде казактын залкар жазуучусу М.Ауэзов жаш жазуучу Ч.Айтматов аталган чыгармалары менен таанышып окуп чыкпаганда, Луи Арагон сыяктуу чет элдик коммунисттерди бул ишке аралаштырбаганда, андай коммунисттердин "авторитетин" ошол шартта пайдаланбаганда, ошол эле мезгилде К.Асаналиев башында турган "муун" Ч.Айтматов эмне жазса, ошонун адабий-теориялык касиетин сыясын кургатпай окурманга түшүндүрүп, чечмелеп турбаганда, биз Батыш эли канчалык кылым иштеп чыгып калыптандырган адабият теориясынан эгемендүүлүктөн кийин маалымат алмактырбыз, балким ошол бойдон түшүнүгү жок калмактырбыз, деги эле элестетүү, ошондой учурду көз алдыга келтирүү кыйын. Азыр биз колго тийген чыгармаларды чүкөдөй "өкчөп", алардан адам турмушун сүрөттөөдөгү жеке авторго тиешелүү чеберчилигин аныктап, аны сюжеттин курулушу, композиянын орун алышы менен баалап, поэтикасын "семичкедей чагып", ал тургай поэзия, проза,

драматургиянын жанрларына, тематикалык түзүлүшүнө чейин "кийлигишип", сындап (бир чыгарма жазыш колдон келбесе да) калышыбызга К.Асаналиев башында турган "муундун" Ч.Айтматовдун чыгармаларын "коргоп", эмне жазса "туура деп" колдоп, Прометейдин отундай анда айтылган идеяларды чыпчыргасын коротпой элге, окурман журтка жеткирип бергендиги үчүн милдеттүү болушубуз керек.

Эми үчүнчүсүнө токтололу. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн, адабият боюнча илимий-изилдөө иштерин аткаруунун, адабий-теориялык, же адабият багытында илимий-популярдуу эмгек жаратуунун, же болбосо белгилүү бир проблеманын тегерегинде илимий-теориялык монографиялык изилдөө жумушун бүткөрүүнүн өз-өзүнө таандык спецификалык табияты боло тургандыгы жөнүндө биз эмнени билсек, ошолордун баары үчүн К.Асаналиевдерге милдеттүүбүз. Анткени, алар орус адабият таануу илиминде эмне бар болсо ошонун баарын кыргыз адабий "кыртышына" көчүрүп келип, профессионал адабият ушул деп, өзүнчө бир адабий ажотажга айландырып, биринен бири талаша адабий-теориялык ойлорду калыптандырганы менен баалуу эмгек кылышканын эскербей коюуга болбойт...

Мына ушул жерден кыргыз адабиятчылары "кыл чайнашып", кырчылдашкан бир проблеманы эске түшүрөлүчү. Ал учурунда өтө маанилүү болгон социалисттик реализм проблемасы эле. Чынында ал ошол XX кылымдын 50-жылдарынын аягынан тартып, 70-жылдарынын башына чейин актуалдуу гана болбостон, анын "принциптери" менен "иштөө" үчүн ошол "муундун" өкүлдөрү бирине-бири акыл айтышып, ал кыргыз адабиятында кайсы жерден башталганын "такташып", кызыгы ага XIX кылымда жашаган улуу ырчылардын айрымдарын киргизип, ал эми айрымдарын таптакыр "жолотпой", аны ар түркүн "ракурстан" карап, алган билимине салып "далилдеп", акыры эки топко бөлүнүшүп, анан ошол көз караштары үчүн бири менен бири душман болуп өтүштү го. Аёо сезимди пайда кыла турган дагы бир жагдай, ошол көз караштары үчүн тирүү жүргөндө саламдашпаганы мындай турсун, биринин көзү өткөндө экинчиси пендечиликтин жөрөлгөсү көрүстөнгө барып бир ууч топурак салбады. Эми алар ошентип бүт өмүрүн арнап койгон "соцреализм" бүгүн кайда. Эси кайран, анын жалган теория экенин билип калганы да, билбей кеткени да болду. Ошол бир көз караш үчүн жанын тартуулаган, өз позициясында туруп, өмүрү өткөнчө андан кайтпаган адабиятчылардын (аларга ушул эмгеги үчүн да таазим кылышыбыз керек -Б.А.) туруктуулугу, көшөкөрлөнгөн изденгичтиги, аны далилдөө үчүн талбай окугандыгынан улам ошентип кыргыз адабият таануу илимин өнүктүргөндүгүнө суктанбагандан башка айла жок.

Эгерде алар ошондой позицияда туруп, өзүн-өзү коргоп, санаалаштарын издеп, ошол көз караш үчүн зарыл болгон идеялык-эстетикалык баалуулуктарды башка элдерден "чогутпаганда" таптакыр башка маданий-рухий дүйнөдө (көчмөн маданият эске алынып жатат - Б. А.) жашап жана эстетикалык дөөлөттөрүн өнүктүрүп, адабий ойлоонун башкача (коллективдүү) формасында чыгармачылыгын калыптандырып келген кыргыз эли, кыргыз адабиятчылары кыска мөөнөттө киндиктеш фольклордук адабий мурасынан чыгып, адамдагы көркөм ойлоонун индивидуалдуу формасына негизделген профессионалдык адабияттын деңгээлине бара алат беле, албетте ал жагын элестетүү кыйын. Башкасын мындай койгондо да көркөм-адабий ойлоону коомдук аң сезимдин бөлөк түрлөрүнөн айырмалап, алардын ар биринин чегин тактап, ошол эле мезгилде филология менен философиянын ортосунда түзүлгөн карым-катышты аныктап, ушундай бир татаал, өтмө катар байланышта турган, кыргыз элинде мурда болуп көрбөгөн илимдер - эстетика, логика, этика, социология, психология, антропология, этнология, этнография, экология, ж. б. коомдук илимдерден тышкары кези келген жерде так жана табигый илимдердин категориялары менен мыйзамдарын чыгарманы талдоодо колдонушу алар не деген эмгекти жумшаганын жана не деген есүштү кыргыз адабият таануу илимине алып келгенин ырастай алат.

Бул жерде К.Асаналиевди, же анын адабиятчылык ишмердиги бийик сересине жеткен адабий процессти, же болбосо аны менен адабият таануу илимине катарлаш келип филология илимдеринин өнүгүүсүнө өз салымын кошкон "муунду" мактайын деген жокмун, болгону алар бизге эмне мурас калтырып кеткенин ыгы келип турганда айта кетели. Анткени, алардын адабиятчылык чеберчилиги жөнүндө сөз болгондо кыргыз адабият таануу илимине калтырган бирин-экин адабий изилдөөлөрү, мезгилдүү басма сөздө жарыяланган бирди-жарым макала-пикирлери жөнүндө гана бирдеме айтылбаса, алар күн-түн иштеген ошол илимий-теориялык иштин мазмунунда катылган изилдөө багыт, анын методологиясы менен методикасы кайдан жана кантип келгенинин объективдүү жактары кепке алынбай калып кетүүдө. Экинчиден, логикага салсак, адабиятчылык да сергек кездешүүчү талант болушу керек болсо, аны "кесипке" айландырып, филологиялык билими бар ким болсо (талантына карабай) эле дилинде каалап, кесибин андан ары улантууну пландаштырса гана "адабиятчы" деген илимпоз болушу мүмкүн экендигин "жолго койгондор" да К.Асаналиевдин "мууну" болуп эсептелет. Анткени, учурдун талабында турган проблемалардын бирин алып, анын канчалык түбөлүктүү же утурумдук экендигин "электен" өткөрбөй туруп, башка улуттардагы ошол проблемага арналган илимий-теориялык эмгектерди жыйнап, өзүнчө библиография "түзүп", "кылдат" окуп, маанилүүлөрүн көчүрүп, салкын кандуу талдоодон "өткөрүлгөн" үзүндүүлөрдүн олуттууларын изилдөө ишине шыкап, анан "илимдин кандидаты" же "доктору" окумуштуулук даражасына татыктуу эмгек жазыш мүмкүн экенин кыргыз адабият таануу илиминде практикалоо да ошолордон башталган. Эгерде бүгүн жаш адабиятчы өзүнө чейин белгилүү бир проблеманы изилдеген автордун эмгегин сыйлабай, анын адабий-теориялык ойлоруна анализ бербей, ийгилигин белгилебей, кемчилдигин көрсөтпөй жөн гана "ээрчип кеткен" болсо, же ошол иште айтылган ойлорду кадим өзүнүкү кылып "көчүрүп койгон" болсо, өтө одоно кеткен мындай кемчилдиктер да кыргыз адабият таануу илиминде ошол мезгилден башталганын айтпай кетүүгө болбойт. Демек, кыргыз адабият таануу илиминде адабиятчылык ишмердүүлүккө жетүүнүн эки жолу (чыныгы жана халтуралык жолдору) тең мына ушул мезгилде башталган десек туура болчудай...

Кептин кезеги келип турганда К.Асаналиевдин адабиятчылык ишмердүүлүгүнөн *төртүнчү пункту* катары көрсөтүп, башын ачып ала турган дагы бир маселе бар, ал адабиятчынын чыгармачылыгын аныктоочу жеке сапаты. Аны чеберчилик дегендер да, талант

дегендер да кездешет. Мейли андай дейби, мейли мындай дейби, айтор баары бир адабиятчынын жеке чыгармачылыгын, адабиятта тигил же бул багытта эмгектенген иштеринин баасын, жеткен ийгилиги менен кетирген кемчилдигин көрсөтө турган сапаттык белги бар экендиги талашсыз. Ал жөнүндө адабий-теориялык эмгектерде өтө көп жазылган жана азыр да, мындан кийин да жазыла бере тургандыгы аныk. Бир карап жеке сапат дегенибиз менен анын мазмунунда ого эле көп түшүнүктөр катылып турат. Маселен, талант десек, ал кандай критерийлер менен аныктала турганына карата мурдатан иштелип чыккан даяр жобо, аныкталган жоп жок. Анткени, биринин байкагычтыгына тан берип талант десек, экинчисинин сезимталдыгына карай бул түшүнүктү колдонуп жүрөбүз. Ал эми адабиятчы бул сыяктуу бир нече түшүнүккө ээ болсо да, ал көп окуп, адабият теориясын "коён жатагына" чейин билмейин, ошол эле мезгилде ал билгенин адабият таануу багытында "бирдеме" жазып көрсөтмөйүн, жазганы адабият таануу илиминин бир проблемасын "чечмейин", болгондо да ал ошол проблеманын чечилишине карата индивидуалдуу концепция сунуштамайын аны "талантту" дешке болбойт. Экинчиси, адабиятчы "талантту" деген түшүнүктүн өзүнө жооп бериш үчүн коом талап кылган деңгээлде бардык билимдерди өздөштүрүүгө милдеттүү. Анткени, ал талдоого ала турган адабий чыгарма кадим турмуштун өзүндөй татаал, панорамалуу, тигил же бул илимдин белгилүү жетишкендиктерин ичине алган (эгерде башкы каарман белгилүү бир илимдин өкүлү болуп, чыгарма анын турмушун сүрөттөп калса - Б.А.) көркөм-адабий турмушта сүрөттөлгөн каарман, же анын тегерегинде курулган сюжеттик түзүлүш көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүгө ийгилик алып келиш үчүн биринчи кезекте ошол илимдеги ордун, ишенимдүүлүгүн аныктап көркөм чындыкты окурманга түшүндүрүүгө жетишүү милдети да тургандыгын эстен чыгарбайлы. Ошондой эле ал "талантту" адабиятчы болуш үчүн ошол тармакта эмгектенген илимпоздой анын ордун, илимий касиетин аныктап тим болбостон, көркөм-адабий чыгармачылыкта аткарган кызматын - көркөм деталь катары туура колдонулганбы же калпыспы, же сюжеттин өнүгүүсүндө ээлеген ордун - көркөм чындык катары каармандын аракетине, турмуштун реалдуу чагылдырылышына, образдын психологиясына, ж. б. кандай кызмат аткарганын логикалык жактан баалап, жеке ой жүгүртүүсүнүн чеберчилиги менен түшүндүрүүгө тийиш. Бул жагынан да адабиятчыга жаңылууга болбойт. эгер ал "талантту" болгусу келсе. Көркөм чыгарма канчалык көп кырдуу болсо, адабиятчы изилдей турган проблема да андан бир нече көлөмү көп, ар түркүн багыттарды кучагына алат. Демек, адабиятчы коомчулуктун алдына адабият боюнча кандай маселе коюлса, ага ошол коомчулук ынана тургандай деңгээлде жооп берүү менен өз кадыр-баркын сактап калмакчы...

Адабиятчынын "талантуулугу" жогоруда аталган бирди-жарым касиеттер менен эле "аныкталып" калбайт. Анын "талантын", "чеберчилигин" аныктоо үчүн алардан башка да толгон касиеттер керек болот. Андай "көзгө көрүнбөгөн" касиеттердин бири - өзү талдоого алып жаткан адабияттын проблемасы боюнча өз концепциясын коргоп гана тим болбостон, ал жерде сунуштап жаткан концепциясынын негизинде коомдук пикир түзө алгандыгы. Адабий процесс же конкреттүү адабий чыгарма жөнүндө коомдук пикир жаралса го жакшы. Эгерде андай коомдук пикир жаралбай, окурман элдин көбү анын айткандарына ынанбай, тескерисинче адабиятчы кетирген кемчилдикти көзгө сайып көрсөтүп турса, адабиятчыга мындан өткөн кордук жок.

Ошондой эле жакшы коомдук пикир түздү деген күндө да ал спортчунун рекордундай дайыма биринчилиги менен аныкталат, б. а. элдин баары айтып болгон соң сунуштаган пикирди кайталанган көз караш катары эч бир окурман кадырлабай тургандыгын элжурт өзү эбак эле далилдеп салган. Дагы бир кызыгы ушул, мындай көрүнүш адабиятчынын "талантын" гана айкындабастан, адабиятчынын түпкү максаты эмне экенин (чыныгы адабиятчы болгусу келеби, же эптеп-септеген адабиятчы болгусу келеби - Б.А.) да окурманга билдирип коёт. Демек, бул жагынан алганда адабиятчы тез ойлонуп, тез чечим чыгарып, тез жазган, бир укмуштай тоокелчил да адам болушу керектигин байкайбыз. Ошону менен бирге ал "тоокелчил болом" деп, өзү каалаган темада бирдемени чүргөй коюп, окурманга сунуштаса эле адабият күйөрмандары, адабий коомчулук кабыл ала койбостугун да эстен чыгарбайлы. Эгерде ушул аспектиден алсак, адабиятчы "талантту" болуш үчүн жалпы окурман журттун руханий кенемтесин, адеп-ахлактык муктаждыгын, рухий керектөөсүн, социалдык кызыкчылыктарын, анан барып-келип көпчүлүк окурмандын көркөм чыгармадан күткөн эңсөө-туюмдарын да жакшы билиши, б. а. окурмандын көңүлүн таба ала турган маселени коомчулукка алып чыгала турган сезимтал дагы болушу керек.

Фактынын өзү көрсетүп тургандай, жогоруда аталган талаптарга жооп берүү үчүн адабиятчынын адабият теориясын жакшы билүүсү "талантуулукка" тишелүү маселени толук чечип бербейт. Ал маселени чечиш үчүн адабиятчынын өзү "талантту" окурман, мезгилдүү басма сөз каражаттарынын күйөрманы да болушу абзел. Ошондо гана ал коомдук өнүгүш, саясий-социалдык маселелер менен катар көркөм-адабий ой жүгүртүү кандай маселелерди чечүүгө муктаж, эстетикалык дөөлөттөр кайсы нукта өнүгүп жатканын билүү менен бирге публицистиканы адабият таануу менен "аралаштырууга" жетишет. Ал эми публицистикалык ой жүгүртүү адабият таануу илиминин "кургак" проблемасын коом менен байланыштырууга, адабият теориясындагы илимий жаңылыктарды реализациялоого, адабиятчынын билгенин иш жүзүнө ашырууга мүмкүнчүлүк түзүү менен бирге адабиятчынын "талантуулугун" аныктоочу илимий кудуретин башкы планга алып чыгат да, аны эң күрдөөлдүү эл турмушуна аралаштырат. Эгерде адабиятчы мунун баары милдети экенин туура түшүнсө...

Алдын ала айрым бир түшүнүктөрдү "тактап" алганыбыздын себеби, К.Асаналиевдин адабиятчылык ишмердүүлүгүн жогорку сапаттардын кайсынысы бар да, кайсынысы жок экени жөнүндө окурман өзү бир сыйра ойлонсун деген кеп... Эми К.Асаналиевдин адабиятчылык чеберчилигин же талантын жогоруда атап өткөн критерийлерге кайсы тарабынан туура келе тургандыгын "жалпылаштырып" эки багыт менен түшүндүрүүгө аракеттенели. Биринчиси, К.Асаналиев адабиятчы катары кыргыз адабият таануу илимине тиешелүү проблемалардын бирине да кайдигер эмес экендигин көрсөтүптүр. Алардын ичинен көңүл бура турган маанилүү жагы адабиятчы көз карашын билдирген маселелер жалпысынан кыргыз адабиятыны-

кы дегенибиз менен алардын ар бири өз алдынча изилдөөнү талап кылган татаал объектилер болуп саналат. Ырасын айтсак, анда кыргыз адабият таануу илиминин өтө маанилүү, дайыма актуалдуулугун жоготпогон орчундуу маселелери - кыргыз совет адабиятынын жаралышы, калыптанышы жана өнүгүшү; кыргыз профессионалдык жазма адабиятынын пайда болушуна элдик оозеки чыгармачылыктын тийгизген таасири жана калыптануусундагы ролу; орус жана башка адабияттардын телчигип келе жаткан адабиятта жетекчиликке алынышы; адабий байланыштардын адабий процесстеги жана адабият таануу илиминдеги функциясы: фольклор менен профессионал адабияттын карым-катышы, өз ара өтмө катар байланышы; фольклордун профессионал адабиятта аткарган кызматы: "Манас" эпосуна таандык илимий-теориялык маселелер; А.Осмоновдун, Ч.Айтматовдун чыгармачылыктарына, чыгармаларына тиешелүү адабий-теориялык анализдер; кыргыз прозасына, өзгөчө романдар менен повесттерге жасалган айрым байкоолор; анан кыргыз прозасында социалисттик реализм методунун жаралышы, өркүндөшү жана кыйрашы; ж. б. тууралуу кеп болот. Эгер масштабдуулугунан мамиле этсек, бүткүл кыргыз адабияты боюнча өз пикирин айтууга аракеттенгенин көрүүгө болот.

Адабияттар

1. Ауэзов М. Ак жолун ачылсын. // Литературная газета, 1958, 23-октябрь.

2. Асаналиев К. Адабий айкаш. Эскерме баян. - Б.: БГУ, 2008.

А.Шенгун,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК АДАБИЯТЫНДАГЫ ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДАГЫ КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ САЛЫШТЫРЫП ИЗИЛДӨӨ ЗАРЫЛДЫГЫ

Кыргыз жана түрк адабиятындагы фольклордук чыгармалардагы каада-салт ырларын салыштыруу, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын билүү, андай өзгөчөлүктөр менен жалпылыктардын болуш себептерин караштыруу проблемасы өз алдынча монографиялык планда изилдөө иши катары ушул мезгилге чейин кыргыз жана түрк адабият таануу илиминде толук колго алына элек. Тактап айтканда, ар бир элде окумуштуулардын илимий-теориялык изилдөөлөрүндө, ага тике жана кыйыр катышы бар проблемаларды изилдөөгө багытталган ойлорунда айтылып кеткени болбосо, кыргыз жана түрк адабият таануу илиминде бул проблема салыштырма-типологиялык планда жекече изилдөө катары өзүнчө сөз боло электиги бул изилдөөнүн жаралышын шарттады.

Кыргыз жана түрк фольклорундагы каада-салт ырлары ар бир элдин тарыхый баскан жолунда колдонулган каада-салттарынан, жөрөлгөлөрүнөн жана пайдаланган ырым-жырымдарынан улам жаралганын аны изилдеген бардык окумуштуулар айтып келет. Элдин тарыхый баскан жолу канчалык узак, канчалык көп кырдуу болсо, анын каада-салт ырлары да ошончо көп түрдүү боло тургандыгы анык. Анткени, салттык көрүнүштөр өзүндө белгилүү бир доордун каада-жөрөлгөлөрүн алат дегенибиз менен ал ошол доорлордо башка улуттар жана мамлекеттер менен байланышып, ар түркүн расмий иш чараларды аткарып, алар акырындап, түпкү маанисин кеңейтип, элдик салттардын бирине айланып чыга келгендиги да талашсыз. Аны коштоп аткарылган ырлар толугу менен каада-салт ырларын идеялык жана тематикалык жактан байытып, улуттук ырлардын фольклордогу лирикалык түрүнө кирип колдонулуп калганы анык. Алардын мазмунунан алып караганда ал өтө эле кеңири түшүнүк болуп саналат, б. а. бала төрөлгөндөн тартып, ал өлгөнгө чейинки турмушун толугу менен кучагына ала турганын бардык чыгармаларды каада-салттык чыгармалар деп аныктоого болот. Бул улуттук фольклордук чыгармалардын арасында сакталып калган каада-салт ырларын *ң* ала турган түшүнүк болуп саналат. Алар бала бойго бүткөн тартып айтыла турган ата-энесинин, жакын туугандарынын тилектери менен башталат да, андан соң ал жарык дүйнөгө келгенде анын келечегине карата каалоо-тилектери, ага берилген бата, ыйман-ынсаптуу болушуна карата айтылган ата-энесинин, ага-туугандарынын ой-санаалары, андан соң турмуш курганда жетиштүү турмушка ээ болуусуна арналган бата-тилектери менен коштолуп, андан ары эл турмушундагы кайнаган жашоо-тиричилик кубулуштарын кучагына алып уланып кете бере турган лирикалык сезимдерди толугу камтыгандыгын көрөбүз. Алардын бардыгы тең улуттук каада-салт менен тыгыз байланышта болгондугу менен башка лирикалык чыгармалардан айырмаланып турат. Маселен, андай каада-салт менен байланышкан фольклордук ырларда адамдын жогоруда аталган лирикалык сезимдеринен тышкары кадимки жайчылык турмуштун өзүн - мал багуу, мал төлдөтүү, эгин эгип, оруп жыюу, малды жайытка чыгаруу конуш которуу сыяктуу тиричиликти да көрүүгө болот. Мындан тышкары алардын дагы бир багыты катары пенденин өзүнүн турмушунан алынып, тиричилигинин эсте кала турган окуяларынан топтошуп отурган маанайын көңүл көтөрүү, маанай ачуу маанисинде коллективдүү түрдө ырдалганын; экинчилери - балалуу болуп жентек бергенде, бешикке салганда, тушоо кесүү ырым-жырымдарында каалоо-тилек айтуу, бата берүү, көңүл ачуу маанисинде колдонулганын; үчүнчүлөрү казатка жөнөр алдында, аңчылыкка аттануу учурунда жолу болуп, ийгиликтүү келүү, аман жүрүү, олжолуу келишине карата; төртүнчүлөрү жыл мезгилинин алмашышында ж. б. кырдаалдарда жалпы коллективдин каты-

шуусу менен ырдалып келгенин эске албай коюуга болбойт.

Бул багыттагы фольклордук чыгармалар каада-салттык көрүнүштөр менен гана чектелип калбастан, ал ошол мезгилде элдин бардык катмарын толугу менен канааттандыруу кызыкчылыгынан улам келип чыккандыктан, азыр эл арасында сакталып калган ырларда адамдардын жаш курагын, социалдык катмарын, ал тургай жынысын эске алуу аркылуу жаралганын, аларда болгон түрдүү сезимдерди чагылдыруу элементтерин көбүрөөк сактаганын байкайбыз. Мына ушундай элдик оозеки чыгармачылыкта кездешкен лирикалык жанрдагы чыгармаларды бир топ түрлөргө бөлүп келишет. Мындай шартта каада-салтка тиешелүү көрүнүштөр экинчи планга жылып, б. а. *элдик ырлар тар мааниге өтүп, аларда улуттук салттык жөрөлгөлөр - бешик ыры, үйлөнүү той, кыз узатуу, жар көрүштүрүү, өлүк узатуу жана жоктоо* сыяктуу кырдаалдарда ырдала турган ырлардын тематикасын өзүнчө бөлүнүп чыга келет.

Башка лирикалык жанрларда каада-салттык маани-мазмун кандайдыр бир улуттук өзгөчөлүктү билдирген касиетке айлана турган болсо, бул түргө кирген лирикалык чыгармаларда каада-салт ырдын кадимки идеялык мазмунун түзүп турганы менен айырмаланат. Мисалы, бешик ырын бешикке салуу салтынан ажыратып кароо мүмкүн эмес болгондой, калган салт ырларынын мазмуну да белгилүү бир салттык көрүнүштөр менен байланыштуу болуп, күнүмдүк турмушта колдонулуп жүргөн салтты коштой турган оюн-зооктордо ырдалгандыгы менен баалуу болуп саналат. Алар белгилүү бир чөлкөмдү кучагына алган аш-тойлордо ырдалуучу ырлардан калыптанып акырындап улуттук өзгөчөлүктү камтыган лирикалык чыгармаларга ээ болгон сыяктанат. Ыр менен коштолуп өткөн аш-тойлор буга мисал десек, аны коштоп жүргөн үрп-адаттык, ырым-жырымдык ырлар - баланы бешикке салуу; үйлөнүү-үлпөт тойлорундагы жар көрүштүрүү, жар-жар айтуу; адамды акыркы сапарга узатып жаткан маалдагы жоктоо, кошок, ж. б. ырлар анын туундусу катары көрүнөт [1].

Ал эми фольклордук чыгармалардын арасындагы каада-салт ырларын тар мааниде ала турган болсок, ага түрк тилдүү элдерде ар бир улуттук адабият өзүнчө мамиле кылып келгиндигин көрөбүз. Бул тармакты изилдеген окумуштуулар жогоруда аталган чыгармаларды эл турмушунда аткарган функциясына карап бир нече түргө бөлүп жиберишкендиктен, аны көбүрөөк салтка жакын касиетке ээ болгондору гана аркалап калгандай сезилет [2]. Ошондой эле кыргыз жана түрк адабият таануу илими улуттук фольклордогу каада-салт ырларына ар бири өз-өзүнчө мамиле кылып, илимий-теориялык жактан жеке-жеке изилдеп жаткан жайы бар [3].

Бирок, азыркы мезгилдеги ааламдашуу процессинде дүйнөлүк адабият менен маданият интеграцияланып жаткан маалда тектеш тилдерди жакындаштыруу аракети бардык жерде жүрүп жатканын эске алып, биз дагы кыргыз жана түрк адабиятын жакындаштыруу максатын көздөп отурабыз. Албетте, баары бир мезгилде, бир иштин алкагында болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, биз өзүбүздүн алдыга койгон максатыбызды "Кыргыз жана түрк фольклорундагы каада-салт ырларынын поэтикасы" деген теманын алкагында ишке ашырууну туура көрдүк.

Анткени, аталган элдердин фольклорунда каада-салт ырлары улуттук адабияттын бир бөлүгү катары маанилүү орунду ээлейт да, ошол эле элдердин коомдук-социалдык турмушун, этно-маданиятын, тарыхый баскан жолун фольклордогу каада-салт ырлары аркылуу таанып-билүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзөт. Экинчиден, каада-салт ырлары тигил же бул көркөм тексттерде кездешкен ар кандай салттык көрүнүштөрдүн ордун жана коомчулуктагы милдеттерин аңдаштыруугa шарт түзүү менен бирге байыркы мифтик жана тарыхый мазмундагы фольклордук чыгармалардан тартып, бүгүнкү күнгө келип жеткен салттык жөрөлгөлөр элдин адабий чыгармаларында кандай милдет аткарып келгендигин байкоого, анын көркөм дөөлөттүк наркнасили канчалык экенин аныктоого болот. Тактап айтканда, каада-салт ырлары улуттук жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга эмоционалдуу-экспрессивдүү маани берүү менен ошол элдин лирикалык ой жүгүртүүсү кандай калыптанганын, ал лирикалык ой жорумда эл кандай турмушту башынан кечирип, алар ар түрдүү мотивдештирүү менен бүгүнкү күнгө келип жеткендигин гана сүрөттөбөстөн, аларда ар улуттун тарыхый аңсезиминдеги өзгөчөлүктөрүнүн, жазма-сызма өнөрдүн калыптанышына чейинки түркүн адабий-эстетикалык табитти калыптандыруу, ойду көркөм образдуу жеткирүү, жаштарга адеп-ахлактык тарбия берүү багытында белгилүү бир кызматты аткарып келгендигин жана келе жаткандыгын эсепке алсак, анда отурукташкан маданиятты тутунган түрк элинде жана көчмөн турмушта жашаган кыргыз сыяктуу элдин фольклордук чыгармаларында аң сезимдин уникалдуу бөтөнчөлүгүнө ээ касиетти да сактап тургандыгын изилдөө ачыкка чыгат.

Эки улуттун каада-салт ырларын салыштырып кароо оозеки ой жүгүртүү менен жазма маданиятка мүнөздүү ой жүгүртүүнүн синхрондуу түрдө бирдей жашашы, жазма адабияттын башка түрлөрүндөй эле эл арасында калыптанган фольклордун жанрлары менен катар профессионал адабияттын жанрлары эришаркак заманда орус жана Батыш адабиятына мүнөздүү эмес синкреттүү касиетин сактоо менен чыгарманын сюжети жана композициялык түзүлүшү боюнча өзүнчө касиетке ээ жанрдык түрүн жаратса, демек, кыргыз адабият таануу илиминде аны монографиялык планда изилдөө актуалдуу маселелерден экенин туюндурат. Кыргыз жана түрк адабиятында мына бул каада-салт ырларынын мезгилдик өлчөмүн аныктоо, өзүнүн көркөм-эстетикалык бийиктигин кайсы доорлордо аталган жанрда жаратканын тактоо жана аны дүйнөлүк адабий коомчулуктагы абалы менен салыштырып милдети алдыда турса да, бул иште андай маселени чечүү мүмкүн болбой турат. Биринчиден, иштин көлөмү андай маселелерди камтууга жол бербей турган болсо, экинчиден, илимий иштин жол-жобо, талаптарына ылайык ушул жанрда кандай проблемаларды чечүү, б. а. иш кандай милдеттерди аткаруу багытын так көрсөтүү зарылдыгы кадыресе бир эле маселеге токтолууну шарттап отурат.

Дагы бир жолу эскерте кетели, улуттук фольклордогу каада-салт ырларын изилдөө проблемасы кыргыз жана түрк адабият таануу илиминде таптакыр колго алына элек маселелерден эмес. Маселен, кыргыз адабият таануу илиминде аталган жанрдын ордун аныктоого К.Мифтаков XX кылымдын 20-жылдарында эле киришип, анын кыргыз элдик оозеки адабиятында маанилүү орду бар экенин аныктап, өзүнүн бөлүштүрүүсүн берсе, ал ошондон бери фольклордук чыгармалардын арасында изилденип келет. Андан бери карай кыргыз фольклорун классификация-

лоо боюнча канча түрдүү көз караш айтылбасын, анын баарында каада-салт ырлары өз орду менен белгиленип, элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры катары аталып, анын кандай жанр экени түшүндүрүлүп келүүдө. Ырас, фольклорду иликтеген окумуштуулар З.Бектенов, Т.Байжиев, А.Тайгүрөнов, К.Рахматуллин, М.Богданова, С.Мусаев, Ж.Таштемиров, Б.Кебекова, Т.Танаев, ж. б. проблемага ар түрдүү багыттан мамиле кылгандыктан, алар көтөргөн проблемаларга, алдына койгон темаларына байланыштуу каада-салт ырлары зарылдыгына жараша кепке алынып, кээ биринде учкай сөзгө ээ болсо, айрымдарында кеңири кепке арзып ар түрдүү деңгээлде изилденген.

Ал эми түрк адабият таануу илимине келе турган болсок, анда улуттук калк ырларына XX кылымдын 20-жылдарынын баш чендеринен бери карай киришкенин көрөбүз. Түрк адабиятчыларынын мындай ишке киришүүсүнө мажарлардын, немистердин таасири чоң болгон. Ага себеп. аталган элдерде калк арасындагы фольклордук чыгармаларды жыйноо жана жарыялоо иштерине ошол мезгилде өтө маани берилгени түрк элине да катуу таасирин тийгизген. Анын натыйжасында 1908-жылы түрк элинин арасында патриоттук сезимдери ойгонгон жарандар эл аралап, калк арасындагы ар түркүн лирикалык жана эпикалык чыгармаларды чогултуу иштерин уюштурушкан. Алардын мындай аракети кийинчерээк Түрк мамлекетинин колдоосуна ээ болуп, 1920-жылы Ататүрктүн көрсөтмөсү менен Илим министрлигинин ичинде калк билимин жөнгө салуучу бөлүм уюштурулуп, анын иш чараларынын негизинде мугалимдер аркылуу калк арасындагы фольклордук чыгармаларды жыйноо иши аткарыла баштаган. 1924-жылы Стамбул университетинин ичинде "Түркология" институту түзүлгөн да, ошол жерде М.Ф. Көпрүлү жетектеген бөлүм ишке киришет. Андан соң 1927-жылы "Калк билими" аттуу коом түзүлүп, мына ушул коомдун түзүлүшү менен улуттук каада-салт ырлары фольклордук чыгармалардын башка түрлөрү менен бирдикте чогултулуп, жарыялана баштаган.

Түрк адабият таануу илиминин башатында турган мындай иштер андан ары улантылып, калк ырларын классификациялоо багытында И.Асланоглу, Х.Дизтароглу, Э.Ж.Гүней, Ж.Өзтелли, А.К.Тежер, В.Арсевен, С.Я.Атаман, Ф.Арсунар, Ш.Байкурт, М.Р.Газимихал, В.Л.Салжы, А.Сайгун, Ж.Демирсипахи, Г.Орансай, Р.Су, М.Сун, М.Сарысөзен, Б.Р.Эйүвоглу, А.С.Үнвер, А.Жафероглу, А.Инан, Х.З.Кошай, П.Н.Боратав, ж. б. маанилүү иштерди жүрзүгүшкөн. Алар өздөрү жыйнаган фольклордук чыгармаларын классификациялоодо Батыш элдерине мүнөздүү бөлүштүрүүдөн айырмалап, М.Кашкаринин "Түрк сөздөр жыйнагындагы" калк ырлары боюнча аталыштарды негиз кылып алышканын эскерте кетели. Бирок, ошондой болсо дагы алардын фольклордук чыгармаларды классификациялоо боюнча көз караштары бир өңчөй эмес экендигин көрүүгө болот. Түрк окумуштууларынын кээ бирлери улуттук фольклордогу каада-салт ырларынын жанрдык табиятын аныктоодо анын жаралуусуна негиз болуп берген улуттук салт жөрөлгөлөрүнө көңүл бурса [4], экинчилери коомдук-социалдык турмуштун таасирине аргыкчылык беришкен [5]. Ошондой болсо да алар өздөрүнүн пикирлеринде каада-салттык ырдын мазмунуна, жаралуу генезисине, өзгөчөлүк табиятына маани беришкени менен улуттук каада-салт ырларын классификациялоодо башкы касиет эмне экендигин так жана таасын ачып көрсөтүшкөн эмес. Мунун өзү түрк калк адабиятында бул темага байланыштуу изилдөө иштери али алдыда экендигин көрсөтүп турат. Ырас, түрк окумуштуулары өздөрүнүн көз караштарынын илимий баалуулугун арттыруу үчүн Батыш адабиятындагы ушул проблемага тиешелүү ой-пикир, көз караштарды өздөрүнүн изилдөөлөрүндө колдонгондугун айтпай кетүүгө болбойт, бирок аталган проблема аларда терең иликтөөгө алынбагандыктан, илимий-теориялык жактан иштелип чыккан концепция ушул мезгилге чейин иштелип чыга электигин айтпай кетүүгө болбойт.

Тагыраак айтканда, башка улуттарга таандык андай илимий изилдөөлөрдүн кыргыз жана түрк окумуштуулары тарабынан мисалга тартылышы проблеманын чечилишин гана жөнгө салбастан, ар кандай мазмундагы теориялык толуктоолорго ээ болушуна шарт түзүп келген. Бирок, аларда бул маселеге карата окумуштуулар арасында бирдей көз караштын иштелип чыкпагандыгын эске алсак, анда изилдөөгө алына турган проблема боюнча изилдөө иштери актуалдуу экенин көрөбүз жана мындан кийин дагы бул багыттагы изилдөө иштери улана тургандыгы белгилүү.

Экинчиден, дүйнөлүк жана орус фольклорчулары менен адабиятчылары, совет адабиятчылары бул маселеге ар кыл жагдайда кайрылышып, улуттук фольклордо каада-салт ырларынын жаралуусуна, кызматына, жанрдык табиятына, идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүнө карай түрдүү багытта бөлүштүрүп, ар кандай формада мамиле кылып келишкени менен тектеш эки элдин чыгармаларын параллель коюп салыштыруу иштерине көңүл бурулган эмес. XX кылымдын экинчи он жылдыгынан бери карай бул проблемага карата кызыкчылык ойгонгону менен кыргыз адабиятчыларына социалисттик реализм методу аталган маселени терең жана ар тараптуу кароого мүмкүнчүлүк бербесе, түрк адабият таануу илиминде кыргыз жана түрк фольклорун салыштырып изилдөөгө шарт түзүлгөн эмес. Ага советтик идеология жолтоо болгон. Ал адабиятты партиялык иштин бир бөлүгү катары кабылдап, адабият таануу илиминдеги бардык проблеманы ушул өңүттөн кароону талап кылгандыктан, улуттук фольклордогу каада-салт ырлары тар түшүнүктүн алкагында каралып, ал эми тектеш улуттарды жакындаштыруу, алардын фольклорундагы окшоштуктарды көрсөтүү, ал аркылуу тарыхый байланыштарын аныктоо, каада-салт ырларынын коомдук-социалдык турмуш менен карым-катышта туюндурулуучу маани-мазмуну терең иликтенбей көмүскөдө калган.

Адабияттар

1. Закиров С. Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү. Ф.: Илим, 1964.

2. Кебекова Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары. - Б.: Шам, 2001.

3. Диздароглу Х. Калк ырларынын түрлөрү. - Анкара, 1969.

4. Гүней Э.Ж. Калк ырларынын антологиясы. - Истамбул, 1947; Өзтелли Ж. Калк түркүлөрү. - Истамбул, 1953.

5. Өзтелли Ж. XVIII кылымдагы калк ырлары. - Истамбул, 1955.

6. Башгөз И. XIX кылымдагы калк ырлары. - Истамбул, 1956; Диздароглу Х. Калк ырларынын түрлөрү. - Анкара, 1969.

ПЕДАГОГИКА

УДК 37.015.3:37.017.92-058.862

Парасей А.А.,
Институт педагогического образования и образования взрослых АПН Украины.
г. Киев

ПСИХОЛОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА РАЗВИТИЯ ДУХОВНОСТИ СИРОТ В ПОДРОСТКОВОМ ВОЗРАСТЕ

Аннотация. Статья посвящена анализу психологических представлений о развитии духовности сирот в подростковом периоде онтогенеза. Рассмотрены подходы в формировании духовных составляющих личности подростка.

Ключевые слова: духовность, духовное развитие, психологическая характеристика сирот в подростковом периоде онтогенеза

Актуальность исследования. Процесс духовного развития личности всегда является актуальным как в науке, так и в общественной практике. Проблема развития духовности личности для современной психологической науки в Украине, как и в других государствах постсоветского пространства также является одной из наиболее актуальных.

Большое значение для духового здоровья общества имеет крепкая семья с ее историческими традициями и моральным состоянием. Но, все же, нестабильная социально-экономическая ситуация сегодня в стране, которая обусловлена изменениями политического порядка, к сожалению, влияет и на среднестатистическую украинскую семью. Именно проблемы и конфликты, возникающие в семье, вызывают значительное количество негативных последствий.

Исходя из статистических данных Министерства по делам семьи, молодежи и спорта, 103 тысячи украинских детей не имеют семьи. Большинство из них живут в школах-интернатах, детских приютах, после окончания которых очень трудно приспосабливаться к взрослой жизни. А по неофициальным данным беспризорных детей, относящихся к группам риска, сирот, детей из социально неблагополучных семей в несколько раз больше, свыше 1 миллиона. Ежегодно 6 тысяч человек в Украине лишают родительских прав. В этом ракурсе актуальной является проблема семейного неблагополучия, реализация воспитательных функций неблагополучной семьи и формирования в ней духовно обогашенной и нравственной личности.

В свете противоречий между реальными потребностями общества в сохранении и развитии высоких духовно-нравственных ценностей украинской национальной культуры и недостаточно эффективной реализацией ее психолого-педагогического потенциала в современных социокультурных условиях, актуальность проблемы духовного развития является бесспорной.

Анализ последних исследований и публикаций. Понятие "духовность" сейчас широко используется, хотя и недостаточно исследовано в философской, психологической и педагогической литературе. Духовности личности уделяли большое внимание античные философы (Аристотель, Демокрит, Платон, Сократ), представители немецкой классической философия (Гегель, Г.Гердер, Кант, Б. Паскаль, Л.Фейербах, Ф.Шеллинг). Проблема духовности нашла отражение в трудах таких ученых, как: Г.А.Аванесова, Г.О.Балл, М.И.Бердяев, И.Д.Бех, М.Й.Боришевський, Б.С.Братусь, О.В. Киричук, А.С.Макаренко, С.Д.Максименко, В.П.Москалець, М.В.Савчин, В.И.Слободчиков, Т.М.Титаренко, С.Л.Франк, Н.В. Чепелева, П.Р. Чамата, В.А. Ядов и др.. Психологический смысл понятия "духовного развития" личности исследовали: Б.Г.Ананьев, И.Д.Бех, А.А.Коростильова, А.Н.Леонтьев, В.П.Москалець, Е.О.Помиткин, М.В. Свечение, В.И.Слободчиков, Л.М. Смирнова, Ю.В. Шаров, В.А.Ядов. и зарубежные психологи Е.Бартон, Роджерс, К.Г.Юнг, и др.. Характеристика подросткового периода развития нашла отражение в трудах отечественных, российских и зарубежных психологов, таких, как Г.О.Балл, Л.И.Божович, Д.Бокум, Дж.Боулби, Л.С.Выготский, И.В.Дубровина, Д. Б.Эльконин, В.Г.Казанська, И.С.Кон, Г.Крайг, В.А.Крутецький, А.Н.Леонтьев, В.С.Мухина, А.В.Петровский, О.М.Прихожан, Н.М.Толстих, С.Холл, Т.И.Юферева. Развитие духовности в подростковом периоде онтогенеза, является важным фактором, определяющим дальнейшее становление личности (Н.О.Кордунова, И.К.Матюша, В.П.Москалець, Е.О.Помиткин, М.В.Савчин и др..). Вместе с этим, в научно-психологической практике недостаточно разрешенными являются проблемы, касающиеся духовного развития подростков, оказавшихся в ситуации разлучения с родителями, в связи с лишением оных родительских прав и содержащихся в интернатных учреждениях.

Цель нашей статьи - осуществить теоретический анализ психологических особенностей духовного развития подростков-сирот.

Изложение основного материала. Проблема духовного развития личности, по сути, относится к "вечным" вопросам, которые занимали и занимают мысли ни одного поколения исследователей, зарубежных и отечественных. Этот интерес имеет глубокие корни и по-прежнему привлекает внимание современных ученых. Многогранность феномена духовности приводит большое количество подходов к изучению этого явления. Так, с философской точки зрения "духовность" - это сфера человеческого бытия, богатство мыслей, сила чувств и убеждений, а понятие "развития" определяется как процесс движения от низшего (простого) к высшему (сложному), главной характер-

ной чертой которого является исчезновение старого и возникновения нового. Развитие - имманентный процесс: переход от низшего к высшему возникает потому, что в низшем содержатся тенденции, которые ведут к высшему, а выше является развитое ниже. При этом только на достаточно высокой ступени развития полностью проявляются и впервые становятся понятными намеки на высшее, содержащейся в низшем [13].

"Духовность - особое душевно-интеллектуальное состояние отдельного человека или большой группы людей, связанный с устремлением узнать, почувствовать и отождествить себя с высшей действительностью, которая неотделима от всего сущего, в том числе и от самого человека, но понимание которой затрудняется несовершенством ее природы "[1, 11]. Философы (Сократ, Аристотель, Сенека и др.), просветители (Д. Локк, Ж.Ж.Руссо и др.) в познании Тайны Вселенной издавна сообщают о Гармонии Мира. Только человек, живущий в Ритме Вселенной, является духовным. Для определения сущности понятия "духовность" и психологических особенностей "духовного развития" важно выяснить интерпретацию этих понятий, представленную в современной психологии.

В психологическом словаре, под редакцией А.В. Петровского и М.Г.Ярошевского дается следующее определение: духовность - способность человека выходить за пределы бытия, развитые духовные потребности, духовные интересы и ценности ставить выше материальных. Это специфическая человеческая черта как сила самоопределения, как энергия стремление к лучшему, к самосовершенствованию во всех сферах жизни [8; 320]. Впервые в украинской психологии осуществил анализ проблемы духовности В.П.Москалец, рассматривая ее как доминирующей в системе ценностей личности. "Духовность является специфическим человеческим качеством, характеризующимся осознанием единства бытия, и предопределяет стремление человека к гармонии внутреннего и внешнего мира, направляет личность к познанию и самопознанию, творчеству, самосовершенствованию и гуманистическому поведению" [1, 11]. По мнению М.И. Боришевского, духовность "является многомерной системой, образований в сознании и самосознании человека, в которых отражаются ее актуальные потребности, интересы, взгляды, отношение к окружающей действительности и к себе самой как к социальному индивиду. Специфическим признаком этих образований, выступающих в форме ценностных ориентаций, определенных личностных характеристик, является их органичное сочетание с ведущими жизненными целями, прямой или косвенной связью с нравственностью. Духовность - воплощение в мировоззренческих ориентациях человека надежд, стремлений, идеалов, духа народа, нации, определяет направленность личностных потребностей, переживаний и приводит установку на соответствующий жизненный выбор [4; 147].

"Духовное развитие поднимает сознание человека на новый уровень, пробуждает латентные способности, способствует процессу самоактуализации. При этом личность не является пассивной структурой, она сама детерминирует направление, степень изменений и уровень развития всех феноменов психического развития, включая духовную сферу" [2, 48]. Процесс духовного развития ученые связывают с изменениями в ценностной сфере личности через осознание ею собственного единства с Вселенной. По мнению Ж.М.Юзвак, духовное развитие является процессом раскрытия когнитивно-интеллектуального, чувственно-эмоционального, волевого, креативного потенциалов, осуществление качественных и количественных изменений в ценностных ориентациях личности путем гармонии психической сферы, преодоление отчуждения от природы, социума, самого себя через осознание их всеобщего единства [14; 142].

Оқушылар мәтінді дұрыс қабылдау үшін, негізінен, мынадай жұмыстар жүрізіледі: *1. Мәтінді қабылдауға оқушыларды психологиялық дайындау. 2. Мәтінге байланысты сөздік жұмысын жүргізу. 3. Шығарманы оқу. 4. Оқыған шығарманың мазмұнын айту. 5. Шығарманың жоспарын жасау. 6. Мәтіннің мазмұны бойынша жүргізілетін шығармашылық жұмыстар.*

Көркем шығарма жазушының сөзі арқылы қабылданады. Шығарманы оқыған кезде оқушыда елес туады. Ақыл-ой жұмысын зерттеу барысында эмоциялық қозғаушы күштің мәнін И.П. Павлов: «Ақыл-ойдың маңызды қасиеттері – оның ұзақ уақытқа шоғырлануы», - деп жазады [3]. Бұл оқушының сезімін де қозғайды. Балалар қояннан қорыққан қасқыр туралы оқығанда күледі. Бомба түсіп: « - Ей, тілсіз жануарлар. Мені де, сені де балапанынан айырған қара жүрек жауыздар...» деген сөздерді оқығанда, көздеріне жас келеді. А.Г. Ковалевтың берген анықтамасы бойынша «қызығушылық бұл маңызды өмірлік мәні мен эмоционалдық тартымдылығында көрінетін тұлғаның нысанаға деген таңдап алған қарым-қатынасы». Осы ішкі көрініс айқындала түсу үшін, оқушының санасында осы бейне анық жасалу үшін шығарманы оқымас бұрын оқушылармен алдын-ала дайындық жұмысы жүргізіледі. Бұл көбінесе әңгіме түрінде ұйымдастырылады. Дайындық әңгіме оқығалы тұрған шығармадағы оқиғаға ұқсас, балалардың өз өмірінде болған оқиғаларды еске түсіру сияқты тәсілдермен өткізіледі.

Мысалы, М. Әуезовтің атақты «Абай жолы» романынан кішкене балалардың түсінігіне сай келетіндей етіп, қысқартылып алынған Абайдың балалық шағын көрсететін үзінді оқулықта «Бүлдірген тере барғанда» тақырыбы арқылы беріледі. Осы мәтінді оқуға дайындау барысында мұғалім балаларға бүлдіргеннің қандай түрлерін білетіндерін айтқызып, оның қалай өсетіні, балалардың бүлдірген теріп көрген-көремегендері жөнінде әңгіме өткізеді. Осылайша, алдын ала әңгіме жүргізілгеннен кейін, «Бүлдірген тере барғанда» шығармасының мазмұнын білуге оқушылардың ынтасы артып, оны тереңірек ұғынуларына және әңгімеден молырақ әсер алуына жағдай жасалады.

Алдын ала жүргізілген әңгімеде мұғалімнің оқылатын мәтінде кездесетін жаңа сөздер мен қиын ұғымдарды түсіндіруді ұмытпағаны жөн. Әңгіменің ішіндегі түсініксіз сөздердің мән-мағынасын біліп алмайынша оны оқығанда мазмұнын ұғу балаларға өте қиынға соғады. Ал оқулықтарда әрбір әңгімедегі осы түсініксіз болады-ау деген сөздердің барлығын теріп алып, мәтіндерін аяғына сөздік ретінде бере беруге болмайды.

Шығармашылыққа қызығушылық, шығармашылықпен ойлау қабілеті сияқты, өзінің дамуында жекелеген ерекшеліктерге ие болады. Г.И. Шукинаның жазғанындай [4], балалар шығармашылығының көрінуіне жататын танымдық, қызығушылық нәтижелері, мектеп оқушыларының шығармашылық әрекетіндегі сипаты оның даму деңгейін бағалайды.

Сонымен, шығарманы оқуға дайындау жұмысы, біріншіден, балаларды оқылатын әңгіменің мазмұны мен ондағы кейіпкерлердің ісін саналы түсіне білуге дайындау, екіншіден, оқылатын әңгіменің мазмұнына қызықтыру, үшіншіден, ондағы түсініксіз сөздер мен ұғымдарды түсіндіру мақсатында жүргізіледі. «Мәтін өзін құрайтын бірліктер және оны құру кезінде пайда болған тұлғалардың өзара тығыз байланысы арқылы іштей ерекше ұйымдасқан жүйе ретінде белгілі бір ақпаратты жеткізудегі автор көзқарасын білдіруге бағытталады» деген пікір бар. Дайындық жұмысының да көздейтін түпкі мақсаты – балаларға шығарманы толық та саналы қабылдауға мүмкіндік туғызу. Дайындық жұмысында қандай әдіс-тәсілдер қолдануға болады:

а) Оқушылардың өздеріне әңгіме айтқызу. Кейбір шығармаларды оқуға дайындау барысында баларға өздерінің басынан кешірген немесе естіп, көріп, оқып білген оқиғалары жөнінде әңгіме айтқыздырады. Мұндай әңгіме балалардың ойы мен сезімін қозғауға жәрдем етеді. Мысалы, Ғ. Мұстафиннің «Қырман үстіндегі ту» әңгімесін оқуға дайындалуда егін жинау, астық тасу жұмыстарында балалардың болған-болмағандары анықталып, әңгімеге тартылады.

С. Мұқановтың «Сең үстінде» әңгімесін оқымас бұрын жазғытұрым өзендерде сең жүру оқиғасы туралы әңгімелесуге болады.

ә) Мұғалімнің әңгімесі. Кейбір жағдайларда, егер оқылатын материалды түсінуге қажетті деректерді балалар білмейтін болса, мұғалімнің өзі кіріспе әңгіме айтып береді. Мысалы, «Сырым батыр», «Тарас Шевченко» мәтіндерін оқымас бұрын бұл мәтіндердегі оқиға қай кезде болғанын, Сырым батырдың немесе Тарас Шевченконың кімдер екенін айтып, түсінік беру керек.

Мұнда балалар мұғалімнің әңгімесін тыңдай отырып, шығарманы оқуға құмартатындай, оқығанша асығатындай жағдайда болғанда ғана дайындық әңгіменің талапқа толық сай өткені деуге болады.

б) Ұжымдасқан түрде әңгіме айту. Біреу білмегенді біреу біледі. Жеке оқушыдан гөрі сыныптағы барлық оқушының білетіні көп болады. Сондықтан, кейбір жағдайда, оқылатын материалға қажетті мағлұмат ұжымды түрде айтылатын әңгіме ұйымдастыру арқылы анықталады. Мұнда балалар өз беттерімен біреулері екіншілерінің айтқанын түзетеді, толықтырады.

в) Экскурсияда байқағандарын пайдалану. Оқушылардың әңгімесі болсын, мұғалімнің әңгімесі болсын қай-қайсысын да балалардың экскурсияда көргендерімен байланыстыру өте тиімді нәтиже береді. Бұл

айтылғаннан бір әңгімені немесе өлеңді оқыр алдында арнайы экскурсия ұйымдастыру керек деген ой тумасқа тиіс. Бірақ мұғалім жыл бойы өтетін материалдарды қай кездерде өтетінін жоспарлап алғаннан кейін, балаларға табиғат тану материалдарына байланысты шығарма жаздыру үшін материал жинату мақсатында алуан түрлі экскурсиялар ұйымдастырады. Осы экскурсиядан көрген-білгендерін оқушыларға оқулықтағы шығармалармен танысу жұмыстарында пайдалануды үйретудің пайдасы мол.

г) Суреттерді қарау. Шығарманың мазмұнына сай суреттер берілсе, олар оқуға дайындық кезінде пайдаланылады. Мысалы, табиғатты бейнелейтін суреттерді шығарманы оқымас бұрын қолдануға болады. С. Мәуленовтің «Қыс келбеті» өлеңін оқымас бұрын. тіл дамытуға арналған суреттердің ішінен «Қысқы ойын», «Қыс» тақырыптарына берілген суреттерді көрсетуге болар еді.

д) Сұрақтар қою. Оқуға дайындық кезінде сұрақ қою тәсілінің қандай жағдайда тиімді болатыны алдын ала ойластырылады. Егер оқушыларға дауыстап оқылатын шығарманың алдында бірнеше сұрақ берілсе, ал олар осы сұрақтарға материалды бірінші оқығанда жауап дайындауға тиіс болса, мұндай жағдайда балалардың көңілі аландайды да, шығарманың ойдағыдай әсері болмайды [5]. Сондықтан дауыстап оқылатын шығарманы оқуға дайындық кезінде алдын ала сұрақ берудің қажеті жоқ.

Қазіргі уақытта лингвистиканың сөйлемнен тыс объектілерді зерттеуге бағыт бұрғанына байланысты жеткізейін деген ойдың жалғастығын, мағыналық байланыстылығын іске асыратын мәтінішілік синтаксистік көріністер туралы айтылып жүр. Олар синтаксистік тұтастық бірліктерін жеке-дара емес, жазушының айтпақшы ойын, оның парадигмалық бағдарын тілдік көрсеткіштердің жұмсалым ыңғайымен байланыста қарайды.

Мәтінді дұрыс қабылдау үшін сөздік жұмысын жүргізбейінше мақсатқа жету мүмкін емес. Мысалы, бірқатар оқушылар вокзал, перрон, метро. эскалатор т.с.с. сөздерді түсіндірмесе, ішінде осы сөздер кездесетін материалдарды дұрыс қабылдай алмайды, оларда елес тумайды.

Мәтінде кездесетін түсініксіз сөздер мен ұғымдарды түсіндіру үш кезеңде жүргізіледі: *мәтін оқуға дайындық кезінде; шығарманы оқу барысында; оқып болғаннан кейін.*

Мәтінді оқуға дайындық кезінде шығарманың мазмұнын ұғынуға қиындық келтіретін сөздер түсіндіріледі.

Адамның сөйлеу әрекеті, оның құрылымдық, типологиялық ерекшеліктері жоғары лингвистикалық шамалар – лексикалық, морфологиялық, семантика–синтаксистік ерекшеліктер нәтижесінде қалыптасады.

Сөздер жеке қолданылмайды, олардың қызметі, мағынасы сөйлеуде және сөйлемде анық көрінеді. Сондықтан оқушыдардың дұрыс сөйлеу, сөздерді орынды қолдануының барлығы оның сөздік қорының аз-көптігіне тікелей байланысты. Балалар сөздік қорындағы сөздердің мағыналарын жете білген жағдайда ғана оны дұрыс қолдана алады [6]. Ал оған жаттықтыру мектеп оқушыларының сөздік қорын байытуға арнайы жұмыстар жүргізуді талап етеді. Мектепте сөздік жұмысы бес бағытта жүргізіледі:

1) Балалардың сөздігін байыту, яғни оқушыларға бұрын сөйлеуінде қолданылмаған жаңа сөздер үйрету, олардың мағынасын, ұғымын түсіндіру;

2) Сөздіктерін анықтау, яғни бұрыннан білетін сөздерінің мағына, ұғым түсініктерін тереңдете түсу;

3) Сөзді сөйлеу әрекетінде орынды қолдануға мүмкіндік жасау, яғни әрбір оқушы сөйлегенде, сөйлем құрағанда, мүмкіндігінше, ыңғайына қарай сөздік қорын молайту;

4) Әдеби тілге жатпайтын сөздермен таныстыру, тіл мәдениетін арттыру;

5) Сөзді сан жағынан және сапа жағынан байыту.

Мәтін – сөйлеу процесінің жемісі. Ол тілді жүйеге қолданудың барысында ғана пайда болады. Мәтін – жазудың шығуымен байланысты қалыптасып жетілген және әрі қарай дамып отыратын тілдік құрылым. Мәтіннің маңызды белгілерінің бірі – оның аяқталғандығы, мәтіннің бірнеше сөйлемді атқарып тұратындығы екендігін оқушылар теориялық және практикалық тұрғыдан толық түсінуі қажет.

Қорыта келгенде, мәтін болу үшін оны құрайтын элементтері, олардың бір-бірімен байланыстылығын, яғни тұтас мазмұны, жасалу құрылымын ажыратуымыз керек.

Әдебиеттер:

1. Выготский Л.С. Развития интересов в переходном возрасте. Собр. соч., Т. 4. Детская психология. - М.: Педагогика, 1984. .
2. Мұқанов М. Жас және педагогикалық психология. – Алматы, 1981.
3. Павлов Б.И., Пасхин Е.Н. Автоматизированные обучающие информационные системы. - М.: Издательсво Московского университета, 1982. -278с.
4. Общая психология. / Под ред. В.В. Богословского, А.Г. Ковалева др. -М., 1973.
5. Щукина Г.И. Проблема познавательного интереса в педагогике. - М.: Педагогика, 1971.С.354.
6. Жапбаров А. Қазақ тілі стилистикасын оқыту методикасының негіздері. -Алматы, 1991.

Ю. Карасой,
К.Карасаев атындагы БГУ

ЭЛ ЖОМОКТОРУН ЖЫЙНОО ЖАНА ЖАРЫЯЛОО КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Түркиядагы түрктөрдүн эл жомокторунун эң көп бөлүгү XX кылымдын 20 - 60-жылдарында Пертев Наили Боратаев (1907, Златоград - 1998, Париж, түрк жазуучусу, фольклорчу) тарабынан жыйналган. Ал 1927-жылы Стамбул жогорку мектебин, 1930-жылы Стамбул университетинин түрк тили жана адабияты факультетин бүтүргөн. 1941 - 1944-жылы Анкарада Yurt ve dünya (кыргызчасы "Мекен жана дүйнө") деген адабий журнал чыгарып, ага көптөгөн жомокторду жарыялап турган. 1941-жылы түрк элдик жомоктору боюнча кандидаттык диссертациясын коргоп, университетте дарс окуу мүмкүнчүлүгүн алып, 1948-жылы профессор наамына жетип, элдик адабият кафедрасын жетектеген. Ошол кезде мамлекеттик саясат өзгөрүп, Боратавдин башына коммунисттик партиянын ойлорун үгүттөп жүрөт деп айып тагылып, кафедрасы жабылып, өзү чет мамлекетке эмиграцияланган. Андан кийин ал Алмания (Германия), Франция, АКШ сыяктуу мамлекеттерде баш калкалаган. АКШнын Стэнфорд университетинде Түркия таануу кафедрасын ачкан. Калган өмүрүн Парижде өткөрүп, Илимий изилдөөлөр борборунда иштеген.

Айрым маалыматтарда [1] ал 2 000дей элдик жомокторду, 40 легенда, көптөгөн элдик ырларды, анекдотторду, балдар оюндарынын баяндалышын жыйнаган. Кээ бир булактарда [2] 1968-жылга чейин эле ал 3800 жомок чогулткан. Алардын айрымдарын 1955-жылы француз тилинде чыгарган, түрк тилинде "Zaman zaman içinde" (1958), "Az gittik uz gittik" (1969) деген ат менен жыйнак болуп басылат. Алар немис тилинде да жарык көрөт.

Мына ушул жомок жыйноочунун Түркияда бааланбаганды, анын чет мамлекеттерде баш калкалагандыгы эле элдик мурастарды туура эмес түшүнүүнүн кесепети болгондугун айкындоочу факты болуп саналат.

Түрк жомокторун жыйноочулардын бири Дьюла Немет. Ал түрк тилинин видин диалектисинде сүйлөгөн кишилердин 1930-жылдарда бир катар жомокторду чогулткан. Дьюла Немет (*Németh Gyula;* 1890, Карцаг, азыркы Яс-Надькун-Сольнок - 1976, ошол эле жер) - мажар (венгр) чыгыштаануучусу, лингвист, түрколог. Анын түрк тилинин грамматикасы боюнча эмгектери азыркы күнгө чейин жогору бааланат. Мына ошол киши жыйнаган элдик жомоктор Бухарест шаарынан өзүнчө китеп болуп чыгат.

Дагы бир жомок жыйноочу Игнац Кунош (Kunos Ignac - 1961 - 1945) - мажар (венгер) окумуштуусу, профессор, түрк тили боюнча адис. Ал 1861-жылы Шамшон деген жерде туулган. Вамберинин шакирти болгон. Ал түрк тилинен көптөгөн эмгектерди венгер тилине которгон, Будапештте түрк-мажар мектептерин негиздеп, "Keleti-Szemlé" деген журналды түптөгөн. Анын жыйнаган материалдары орус тилине которулуп, 2 жолу басылып чыккан. Аталган китептин ичинде жомоктор кыргыз тилине да которулуп, "Чоң энемдин алтын сандыгы" деген ат менен жарык көргөн [3]. Анын баш сөзүндө мындай деп айтылат: "Өткөн кылымда түрк аялдарынын арасында европалык кишинин жомок жыйнап жүрүшү кыйын болчу, аялдар эркектер менен сүйлөшчү эмес, ошондуктан абдан кыйын масал (жомок) айткан меддахтар (жомокчулар) башка бирөөлөргө айтып, ошолордон Кунош жазып алган. Жомоктор негизинен Осмон дөөлөтүнүн Стамбул, Измир, Анкара, Бурса, Айдын аймагындагы энелердин көкүрөктө сактоосу менен кагазга түшүрүлгөн. Ошондуктан бул жомок-масалдарды "кары чоң энелердин жомоктору" деп да айтышат" [4].

Жогорудагы мисалдардан улам бир нерсени байкайбыз?

Биринчиси, Түркия түрктөрүнүн жомокторун түрктөр өздөрү эмес, көбүнчө европалыктар, анын ичинде мажарлар жазып алып, жарыялап, изилдешкен.

Экинчиден, ислам динининн шарияты катуу сакталгандыктан башка диндеги, деги эле кайсыл динде болбосун эркек кишилер үчүн жомокчуларга барып, алар менен бетме-бет отуруп айткандарын жазып алуу мүмкүн эмес болгон.

Үчүнчүдөн, Түркияда эски фольклордук мурастарды жыйнсо, аларды изилдөө атайын мамлекеттик колдоого алынбай, жомок жыйнагандардын тагдыры Ата Журтунан чыгарылууга чейин жазалаган (П.Н.Боратаев).

Ушул үч жагдай көптөгөн түрк жомокторунун айтуучулардын сырын ичине катып, тиги дүйнөгө алып кетүүгө мажбур кылган.

Түркия түрктөрү сыяктуу эле кыргыз жомокторун жыйноо иши да кечигип колго алынган. Бул көйгөйдү Ч.Айтматов "Кылым карытар бир күн" романында Абуталип Куттубаевдин тагдыры аркылуу таамай берет. Ал өз энесин атып өлтүргөн маңкурт тууралуу Сары-Өзөк уламышын жазганы үчүн ителги көз тергөөчүнүн жемесинде калып, кайдагы бир жомокту жазганы үчүн деген айып тагылат. Советтик системада да ушундай болгон. Элдик фольклорду чындап жыйноого атайын кам көрүлбөгөн, а түгүл көп жомоктор эл арасынан чогултулбай калган. Себеби колхоз курулушу, басмачыларды тап катары жоюу, кыскасы - социализмдин бүткүл фронт боюнча чабуулу эски нерселердин баарын патриархалдык-уруучулук, феодалдык турмуштун көрүнүшү деп жээрип жатканда элдик жомокторго орун жок, андан көрө паранжасын башынан алып отко таштаган, колхозго биринчи болуп кирген келин-кыздарды, жаңы турмушту куруп жаткан жаштарды жазуу керек деп чыгышкан.

Бирок муну менен бул багытта иштер такыр жүргөн эмес деп айтууга болбойт. Бир катар оң иштер да жүргүзүлгөн.

Кыргыз фольклор жыйноочулары негизинен советтик учурда орус совет фольклористтеринин илимий багытын ээрчишкен. Орус элдик оозеки чыгармаларын жыйноочулар (В.Киреевский, К.Ушинский, Л.Тостой, Н.Бессонов, В.Даль, П.Шейн, В.Кудрявцев,

А.Можаровский, В.Добровольский, Е.Покровский, А.Ветухов, В.Харузина, Е.Розинова ж.б.) орус маданияты үчүн эбегейсиз эмгек кылышкан. Ал эми кыргыз элинин жомокторун жыйноого жана изилдөөгө Тоголок Молдо, Актан Тыныбеков, Нурмолдо, Молдо Талип, Б.Солтоноев, Молдо Кылыч, И.Арабаев, К.Мифтаков, М.Богданова, К.Рухматулин, Ы.Абдырахманов, С.Сооронбаев, К.Карасаев, Ж.Мусаева, Ж.Мукамбаев, А.Токомбаева, Д.Сулайманов, Б.Кебекова, П.Ирисов, О.Сооронов, Т.Танаев, Г.Орозова ж.б. инсандар активдүү катышты. А.Муратов жазгандай: "Совет мезгилинин алгачкы учурунда эле СССРде балдар фольклорун жыйноо, изилдөө, талдоо жана бысып чыгаруу жумуштары колго алына баштап, Орус географиялык коому балдар фольклорун үйрөнүү үчүн атайын комиссия түзөт жана анын башына О.И.Капица дайындалат. Окумуштуу орус балдар фольклорун ар тараптан изилдеп, илимий системага салып, а түгүл дүйнөлүк балдар фольклору менен салыштырып, 1928-жылы "Детский фольклор" деген китебин чыгарат. Кийин бул жумушка В.П.Аникин катуу киришип, орус балдар фольклорун классификациялайт, "Русские народные пословицы, поговорки, загадки и детский фольклор" деген китебин чыгарат (1957), бул багытта А.А.Кайев, Сибирдеги орус балдар фольклору тууралуу М.Н.Мельников, татар эл фольклору тууралуу Н.Исанбат, тажик балдар оозеки поэзиясы тууралуу Б.Шермухаметов ж.б. окумуштуулар изилдөөлөрүн жүргүзөт. 1939-жылы Ходи Зариф түзгөн өзбек фольклорунун хрестоматиясынын 1-китеби, 1941-жылы 2-китеби жарыяланат".

Кыргыз жомокторун жыйноо жана жарыялоо иштери XIX кылымдын II жарымынан башталат. Ф.В.Поярков (1951 - 1910) Пишпек уездинин Жумгал, Суусамыр, Нарын жана Анжиан уездинин Саяк болуштугунан каракыргыздардын уламыштарын, жомокторун жана элдик ишенимдерин жыйнап, 1889-жылы чакан китепче түрүндө басып чыгарган. Ал киши Москва университетинин медициналык факультетин бүтүргөн, дарыгер болгон. Жогорудагы китепке күкүк, булбул, карга ж.б. жаныбарлар тууралуу жомоктор кирген. Орусияга кыргыздардын этнографиясы тууралуу маалыматтарды тааныштырган.

Падышалык Орусия учурунда кыргыз жомокторун изилдөөчүлөрдүн дагы бири - И.В.Андреев (Алибий). Ал 1903 - 1913-жылдарда "Туркстанские ведомости" газетасына "Молдожаш", "Мергенчи Жаңыбай", "Алангасар и алп" деген сыяктуу макалалырында кыргыз-казак фольклору тууралуу кызыктуу материалдарды берген.

Эне тилинде окуу китептеринин пайда болушу - аларга элдик фольклор материалдарын киргизүүнүн зарылдыгын көрсөткөн. Элдик жомоктор жыйналып, кайра иштелип, К.Тыныстановдун, И.Арабаев менен Х.Карасаевдин, И.Арабаев менен Султан Сатыбалды уулунун, М.Абдукеримовдун, А.Осмонов жана М.Кырбашевдин XX кылымдын 20 - 30-жылдарында чыккан окуу жана адабият боюнча хрестоматияларына киргизиле баштаган. Кыргызстандагы элдик жомоктор боюнча алгачкы китеп - Ы.Абдырахманов түзгөн "Балдар жомоктору" деген жыйнак.

Н.А.Мучник кыргыз жомокторун орус тилине которуп, 1944-жылы басып чыгарса, кийин бул ишти Дм.Брудный активдүү улантып, орус тилиндеги кыргыз жомокторун 1954-жылдан баштап китеп түрүндө чыгарып, бир нече басылыштарын ишке ашырган. Ал китеп 1962-жылы дагы кайра оңдоолор, түзөтүүлөр менен К.Эшмамбетовдун түзүүчүлөргө кошулуусу менен жарык көргөн.

Элдик жомоктор тууралуу теориялык маалыматтар 1947-жылы чыгып, бирок улутчулдук катары кайра колдонуудан алынып салынган З.Бектенов менен Т.Байжиевдин 8-класстар үчүн кыргыз адабияты окуу китебинде берилгендиги көрөбүз.

Адабияттар

1. Necatigil B., Edebiyatımızda isimler sözlüğü, 7 bs., İst., 1972.: http://ru.wikipedia.org/wiki

2. Стеблева И.В. Турецкие сказки XX в. Вступительная статья //Турецкие сказки. - М.: Наука, 1986.

3. Чоң энемдин алтын сандыгы: түрк эл жомоктору. Которгон, түзгөн жана балдарга ылайыктап иштеп чыккан А.Муратов. - Б.: Айат, 2007.

4. Муратов А. Бир вармыш, бир йокмуш... // Чоң энемдин алтын сандыгы: түрк эл жомоктору. Которгон, түзгөн жана балдарга ылайыктап иштеп чыккан А.Муратов. - Б.: Айат, 2007.

Э.Таш, К.Карасаев атындагы БГУ

ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ ӨНҮКТҮРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Адамдын профессионалдуу ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүүлүгүнүн негизинде айрым бир ситуативдүү маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгү гана эмес, өзүн профессионалга айландыруу маселелерин чечүү жөндөмдүүлүгү да жатат. Башкача айтканда ойлоо операцияларынын көлөмүн чоңойтуу (макрооперациялар) чечилүүчү маселелерди чоңойтуу менен дал келүүсү керек. Алардын негизинде адамдын турмуштук иш-аракетке болгон даярдыгын калыптандыруу иши жүргүзүлөт (ийгиликтүү профессионалдык ишмердүүлүк). Бул маселе жогоруда айтылгандай жеткиликтүү түрдө изилденип, үйрөнүлгөн эмес. Ошону менен бирге чет элдик психологдор жүйөлүү методологиялык негизсиз эле окуучулардын интеллектуалдуу ишмердүүлүгүнүн продуктивдүүлүгүн стимулдаштыруучу методдорду сунуш кылышат. Бул методдор окуучуларды окуу материалы менен алардын турмуштук маанилүүлүгүнүн байланышын изилдөөгө түрткү берет. Л.В.Занков изилдөөсүнүн башкы бөлүмүнө окуучулардын жалпы өнүгүүсүн коет. Акыл-эс өнүгүүсүнүн субстраты катары субъекттин когнитивдүү структурасы иштелип чыгарылат - салыштырмалуу стабилдүү, эсте узак убакытка сакталуучу, билимдин жыйнактуу, жалпы маанилүү системасын көрсөтүү, аны колдонуу-

нун жана алуунун ыктары эсептелет. Бирок алар ой жүгүртүү ишмердүүлүгүндө жана бул тууралуу билимдерде колдонулган эмес.

Ошентип педагогикалык психология ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн окуучулар тарабынан психикалык регуляциясын изилдөө областында өз мүмкүнчүлүктөрүн жогото элек. Бул багыттагы изилдөөнүн өнүгүүсү Л.П.Гримак тарабынан иштелип чыккан психологиялык активдүүлүккө таянса болот. Бул активдүүлүк өзүнүн жашоо ишмердүүлүгүндөгү ар кандай көрүнүштөрдү ишке ашыруу үчүн адамдын ички аракеттерине зарыл болгон адекваттуу "психологиялык камсыздоонун" калыптануусун түшүндүрөт /1/. Л.П.Гримак бул маселелерди ишенимдүү түрдө коет: "Белгилүү болгондой эле, пианистке кол, ал эми ырчыга үн керек. Эмне себептен адамдардын жашоосундагы эркттүүлүктү, ой жүгүртүүнү, мүнөздү аныктоо боюнча максаттуу иш алып барылбайт? Андыктан адамдын психикасы дайыма эле ыңгайлуу шарттарда эмес, кокусунан да калыптанат". Жеке инсандын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизи катары анын жашоосундагы бир гана активдүү, максатка багытталган жаратуучулук жана өзүнүн айланасындагы жогорку психологиялык маданият жана нравалуулук кызмат кылуусу мүмкүндүгү айкын. Бул, эгерде жеке инсан өзүн-өзү өркүндөтүү, өзүн-өзү программалаштыруу, өзүн-өзү уюштуруу максатында бардык аракетин жумшаса гана болушу мүмкүн. Мындай өзүнө-өзү таасир берүүнүн жыйынтыктары адамдын ишмердүүлүгүнүн жана психикалык ишмердүүлүгүнүн мыйзамдары канчалык көп эсепке алынса, ошончолук ал продуктивдүү болот. Жеке инсан өзүн-өзү өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүн ишмердүүлүктө жана ишмердүүлүк аркылуу алат, ошондуктан ишмердүүлүккө өзгөчө маани берилет. Эгерде мугалим эскертилген мыйзамдары эсепке алуусу керектиги жөнүндөгү маселе мурда коюлса, ал эми азыр акцент окуучунун өзүнө коюлат. Себеби ал өзүн, өзүнүн жашоо ишмердүүлүгүн өзгертөт жана бул закондорду билүү, аларды өзүн-өзү уюштуруу жана өзүн-өзү башкаруу үчүн колдонууда керек. Окуучу өзү эмнени билет? Өздүк чыгармачыл ой-жүгүртүү ишмердүүлүгү, өздүк эмоциясы жана жүрүм-туруму окуучу үчүн (мугалим жана дегеле адам үчүн) катылган сыр бойдон калат.

Адамдын жашоосундагы аң-сезимдин приоритетин Сократ (өзүндү-өзүң тааны) жана Платон да айгинелеп кетишкен. Аң-сезимдин өзү анализ аркылуу азыркы мезгилдин адамынын аң-сезимдүү ой-жүгүртүүсүнүн (нравалык, өз алдынча, эстетикалык) автономдошкон сферасынын синтезине алып келүүсү мүмкүн. Жашоо ишмердүүлүгүнө болгон даярдыктын калыптануусунун негизинде бүтүндөй системалуу деңгээлдеги ой-жүгүртүү (өз алдынча) ишмердүүлүгүнө болгон даярдыктын калыптануусу жаткандыгын жыйынтыктап айтса болот. Окуучулардын акыл-эсинин өнүгүү маселелери коюлуусунда эмес, ой-жүгүртүүнүн жана таанып-билүүнүн регулятивдүү жана өзгөрүүчү функциялары биринчи планга чыгат.

Л.И.Анцыферова методологиялык талаптардын бири катары ишмердүүлүк менен аң-сезимдин байланыш принциптерин алдыга коет: "Психиканын чагылдырылуучу функциясы жөнгө салуучу функциядан бөлүнүүсү же кандайдыр бир даражада карама-каршы коюлуусу мүмкүн эмес: чагылдыруунун өзү, кырдаалдын анализи жана синтези ишмердүүлүктүн регуляциясынын зарылдыгы дайыма жеке инсандын көз алдында жүргүзүлөт" /3/.

Мектептеги бардык окутуу иши төмөнкүдөй түзүлгөн. Мында мугалим менен окуучуларда өзгөрүүчү жана кайра түзүлүүчү ишмердүүлүк курчап турган дүйнөнү терендетип тааныш-билүүнүн ыгы жана шарты катары гана саналат деген туура эмес көз караш пайда болот. Адам предметтерге таасир этүү, аларды бири-бири менен байланыштыруу менен предметтердин касиеттерин үйрөнөт. Мындай ойдун методологиялык негизинде төмөнкүдөй жобо пайда болот: биздин көз карашыбызда окуу ишмердүүлүгүнүн жогорку мотиви болуп билимге болгон чанкоо жана муктаждык жана таанып-билүү кызыкчылыгы саналат (Л.С.Выготский, Г.И.Щукина ж.б.).

Мектепте мындай практикалык ишмердүүлүк окуучунун личностун активдүү, түшүнүп-билүүчү, бүтүндөй бир субьект катары түзүүдөгү ишмердүүлүк катары саналат. Окуучулар үчүн "ишмердүүлүктүн өзүнүн өзгөрүүсүнүн шарты жана каражаты болуп предметти ишмердүүлүк менен өзгөртүүнү" кайра түзүүнүн жүрүшү жетишээрлик даражада эсепке алынбайт. Ички ишмердүүлүктү өзгөртүүнү, жалпысынан таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн түшүнүп-билбей туруп окуучу өзүнүн акыл-эс өнүгүүсүн, б.а. өзүн-өзү өнүктүрүүнү башкара албайт.

Мына ошентип интеллекттин тарыхы теориялык рефлексивдүү интеллекттин (вербалдык логикалык, түшүнүп ой-жүгүртүү) калыптанышы менен аяктабайт. Теориялык ой-жүгүртүү практикалык ой-жүгүртүүгө салыштырмалуу жогорку деңгээл болуп саналбайт жана да "теориялык ой-жүгүртүү - практикалык ой-жүгүртүүнүн подсистемасы (же болбосо жалпы эле ой жүгүртүү) - бүтүндүктүн бир бөлүгү".

"Адамдын ан-сезими канчалык обьектилер ичинде жана алар аркылуу ойлоп, башка индивиддерге карата мамиле түзүү мүмкүнчүлүгүнүн даражасындагы обьектилер менен алек болот". Ошондой эле индивиддин ой-жүгүртүүсү жекече чыгармачылыктын жыйынтыгы эмес, тескерисинче тарыхтын продуктысы (жыйынтыгы). Бул "коомдук ойлор", б.а. ар бир жекече баш коомдук ойлоонун органы болуп саналат. Коомдук баш (общественная голова) өзүнүн ойлору менен толукталбастан, тескерисинче жекече аң-сезимдин жалпы багытынын мазмуну катары коомдук идеялар менен ошондой эле обьектилер менен же болбосо аң-сезимдин мазмуну менен толукталат.

Башкача айтканда ар бир ой-жүгүртүү актысы дайыма индивид тарабынан ойлонулган жекече түшүнүү актысы болуп саналат. Маселенин өзү социалдык продукт катары педагогика үчүн өтө маанилүү жобо. Ошону менен бирге мугалимдин "жаман" окуучуга болгон мамилеси терс эмоционалдык мүнөздө болот. Мугалимдин мындай мамилеси социалдык продукт болсо дагы, бул ситуацияны түшүнүүдөгү жогорку деңгээлге чыгуу, мугалимдин бир гана жекече эмес, жаман жыйынтыкка алып келген социалдык себептерди көрө билүүсү болуп саналат. Мугалимдин начар уюштурулган, ой-жүгүртүүсү өнүкпөгөн окуучуга болгон түздөн-түз таасири жумшагыраак болуусу зарыл. Окуучу азыр өзү кандай болсо, ошол бойдон калууга акылуу (закондун чегинде). Ал личность бойдон кала берет. Анткени ал чындыгында коомдук мамилелерге ээ болгон жеке инсан.

Окуучу тарабынан бул коомдук мамилелердин мазмунун, формасын, өздөштүрүү деңгээлин коррекциялоо мугалимдин милдети. Жыйынтыгында окуучунун ой-жүгүртүүсүн жогорку деңгээлге кетөрүүгө

алып келүүсү зарыл. Бул маселе эреже катары класс жамаатынын рамкасынан сыртка чыгат, жалпы педагогикалык жамааттын уюшкан аракетин талап кылат. Ошондой эле бул учурда мугалимдер жана окуучулар жамааты анын ичиндеги ар кандай социалдык ролдогу окуучу талап кылынат.

"Адамдын өзүнүн чыныгы ишмердүүлүгүн үйрөнүүдө биз, анын жашоо ишмердүүлүгүнүн жалпы жараянындагы узак убакыттын арасындагы жүрүш-турумдардын татаал акттардын жалпы закон ченемдүүлүктөрүнө чыга алабыз. Диалектикалык ойжүгүртүүнүн мүнөздөмөсүнө кеңири токтолбостон бир гана таанып-билүү жараянын бирдиктүү моделин иштеп чыгууда диалективдүү каттоо (учет) катары структуранын өзүндө чагылдырылышы керек.

Ошентип, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгү - бул окуучунун спецификалык окуу обьектилерин таанууга гана багытталбастан, ишмердүүлүктөгү өзүн түшүнүп-билүүсүндө жана жалпы ишмердүүлүк боюнча башкалар менен болгон баарлашууда окуучунун ишмердүүлүгүнүн жалпы системалуу регуляциясынын жаралышына багытталган. Берилген обьекттин өзгөчөлүктөрүн изилдөө окуучунун орду жана бүтүндөй педагогикалык жараяндын позициясы тарабынан гана ишке ашырылат.

Ошентип таанып-билүү индивиддин жалпы жараяны катары:

1) көп баскычтуу обьектиге ээ;

2) иерархиялык (таанып-билүүнүн обьектисинин жана жалпылоонун деңгээлине көз каранды) көп баскычтуу түзүлүшкө ээ;

3) субьективдүү, индивидуалдуу (субьекттин таанып-билүүсүнүн активдүүлүгүнө жана анын өзгөчөлүктөрүнө көз каранды);

4) максатка багытталган (таанып-билүү обьектилеринин ар кандай деңгээлдерине ар кандай максаттар дал келет);

5) динамикалык (убакытка созулган) - таанып-билүү ситуацияларынын алмашуусун көрсөтөт;

6) өз алдынча кырдаалдын башка кырдаал менен алмашуусун, ан-сезимдин "кыймыл-аракетин" камсыз кылган карама-каршылыктар аркылуу жаралат;

7) дайыма мазмундуу (мазмун абстрактуу формада берилиши мүмкүн);

8) өзүнүн методдору жана каражаттарына ээ;

9) операциялуу;

10) чыгармачыл багыттуулукка ээ;

11) коомдук табиятка ээ.

Мына ошентип биз жашоо ишмердүүлүгүнө болгон даярдыктын негизги компоненти болуп эсептелген өз алдынча ишмердүүлүккө болгон даярдыкты изилдөөгө келип жеттик.

Өз алдынча ишмердүүлүккө болгон даярдыктын динамикасын, структурасын, мазмунун өнүгүп жаткан педагогикалык системада аныктап, окуучунун ишмердүүлүгүнүн спецификалык обьектисин эсепке алуу изилденип жаткан сапаттардын маңызын аныктоо зарылчылыгын пайда кылат. Башкача айтканда анын моделин түзүү жүргүзүлөт. Алгач биз сапат түшүнүгүнүн мазмунун тактайбыз.

"Сапат" - философиялык категория катары эсептелинет. Сапат обьктинин составдуу элементтеринин туруктуу өз ара мамилесин чагылдырат. Ал анын бир обьектти башкалардан айырмалоо мүмкүнчүлүктөрүн берүүчү спецификасын мүнөздөйт. Таанып-билүү жана реалдуу контекстке көз каранды болгон обьект өзүнүн ар кандай сапаты жана жактары менен белгилүү. Мисалы, адам өзүнүн ар кандай сапаттары менен врач, укук коргоочу, жазуучу, социолог, анатом, психолог ж.б. катары көрүнөт.

Жогоруда айтылгандардан келип чыгып, жеке инсандын жалпы адамдык сапаттары (ак көңүлдүүлүк, адамдарга болгон сүйүү, социалдык активдүүлүк) жана бул сапаттар адамды аныктыбир ишмердүүлүктүн субьектиси катары жана спецификалык, адекваттуу сапатты калыптандыруучу, ошондой эле адамга белгилүү бир ишмердүүлүктү эффективдүү (оптималдуу) аткарууга жардам берүүчү сапаттары бар экендиги туурасында жыйынтык чыгарсак болот.

Биз жогоруда белгилеп кеткендей эле ишмердүүлүккө болгон даярдык жеке инсанды ишмердүүлүк жараяны менен бириктирүүгө жол берүүчү сапат болуп саналат.

Адабияттар

1. Гримак Л.П. Резервы человеческой психики. -М.: Политиздат, 1989.

2. Фихте И. 135.Философско-психологические проблемы развития образования /Под ред. В.В.Давыдова. - М.: Педагогика, 1981.

3. Анцыферова Л.М. Методологические проблемы развития // Принцип развития в психологии. - М.: Наука, 1978.

Ю. Карасой,
К.Карасаев атындагы БГУ

ТҮРК ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛ ЖОМОКТОРУ АРКЫЛУУ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО

Адамзатты байыртадан бери эле сактап келген нерсе - адептүү адамдар. Коом ошол адептүү адамдарга таянат. Азыркы кыргыз тилиндеги "адеп", "адептүүлүк" түшүнүгү араб тилиндеги "одоб" дегенден келип чыккан. Ал эми "адабият" деген сөздүн үнгусу да ошол араб тилиндеги "одоб" сөзүнөн. Бул орус тилиндеги "нрава", "нравственность" деген сөздөр менен маанилеш, ал болсо "мораль" деген сөзгө маанилеш, бул сөздү латынчадан которсок, кайра эле "салт-санаа", "жүрүш-туруш", "адеп" деген маанини туюнтуп калат. Грекче бул "этика" деген термин менен туюнткан түшүнүктөр. Биз "адеп", "адептүүлүк", "адеп-ахлак", "ыйман", "нрава", "этика", "мораль" түшүнүктөрүн маанилеш сөздөр катары эле караганыбыз жөндүү.

Кыргыздар "адеп" түшүнүгүн бир катар кеңири карашкан:

"Адеп - ызаттуу, тартиптүү жүрүм-турумдун, өзүн алып жүрүүнүн нормасы, сылыктык".

"Адеп-ахлак - жүрүм-турум, күлк-мүнөз".

"Адепсиз - адеби жок, тарбиясыз, башкаларды ызаат кылбаган, орой".

"Адепсиздик - адеби жоктук, башкаларды ызаат кылбагандык".

"Адептен - адептүү болуу, адептүүлүктү көрсөтүү".

"Адептүү - адеп сактай билген, тарбиялуу, адеби бар, сый-сыпаттуу, өзүн-өзү кармай билген".

"Адептүүлүк - адеп сактоочулук, тарбия көргөндүк, тартиптүүлүк, сылыктык, сыпайылык" [1].

Адептүүлүк түрк элдеринде адамдык сапаттын эң башкы көрсөткүчү. Эгер адам адептүү болбосо анын билими да, мамлекет башкарган падышалыгы, эл башкарган хандыгы да, эчен жоону тоскон баатырдыгы да эч нерсеге жарабай калат. "Адептүүлүк - адам көркү" делет.

Элдик жомоктордо кара ниеттер, кара өзгөйлөр, кара күчтөр менен кармашууда адептүү адамдар гана жеңишке жеткен, демек сен адептүү болсоң гана ушул жомоктогу каармандай ийгиликке жетишесиң деген ойлор айтылган.

Ч.Айтматов өзүнүн адам катары калыптанышында чоң таасир тийгизген Айымкан энеси тууралуу "Кат сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акылсэс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү", - деп жазганы бекеринен эместир [2]. Дал ошол жомоктор аркылуу болочок жазуучуга адептүүлүктүн "алтын эрежелери" өткөн. Азыркы илимий педагогика адептик жактан таза болуунун ченөлчөмү катары төмөнкү тогуз учурду карайт:

- адептүүлүктү билүү;
- адептик компетенттүүлүктөргө ээ болуу;
- адамдарды жана дүйнөнү, жашоону сүйүү;
- достошуу;
- эмгек кылуу (мээнеткеч болуу);
- күрөшө алуу;
- сактоо;
- жардамдашуу;
- жаратуу [3].

Адептүү адамдын калыптануусунун, жетилүүсүнүн жолу көп, ошонун бири - элдик педагогикада элдик жомоктор аркылуу ишке ашырылган.

Мисалы, түрктөрдө "Отунчу тууралуу жомок" мындайча айтылат. "Илгерки бир заманда отунчу жашаптыр, анын каардуу, ажаан аялы бар экен. Отунчу кыйналып иштеп акча таап келсе, андан бир пара да калтырбай аялы кагып алчу. Күйөөсү даамдуу тамак жебейт, бирде тузун өткүр кылат, бирде туз салбайт, аны айтса деги эле тамак бербей кууратат.

Бир жолу отунчуга аркан керек болду да, аялынан анча-мынча пара катып калды. Түнү аялы эринин чөнтөктөрүн аңтарып атып аны таап алды. Ошондон балекет чыкты: "Неге акча катасың?" "Муну кимге бересиң?" "Сенин башка катының бар го?" Иши кылып ушундай сөздөр менен күйөөсүн шылып урушту. Оозуна ак ит кирип, көк ит чыкты. Акыры күйөөсү акчаны неге катканын мойнуна алды:

- Аркандын баары үзүлүп бүттү. Отун тартканга жип алайын дедим эле...

- Ошол арканга муунуп өл! Алды мойнуң артында калсын! Отун басып өл!

- Койчу, андай дебечи?.. Кайдагы балит сөздөрдүн баарын айтасың...

- Ушул сага балит сөз болуптурбу?! Сөмтүрөгөн, жашабагыр, мен сени тилдей элек эле секиресин да..." [4].

Бул жерде эки түрдүү адам мүнөздөрү менен тааныша баштайбыз. Биринчиси - ак ниет, иштерман, чыдамкай ж.б. оң сапаттарга ээ адептүү адам. Экинчиси ошол эле үй-бүлөнүн мүчөсү каардуу, ажаан, күйөөсүн сыйлабаган, ага жакшылап тамак да кылып бербеген тилдүү аял, демек, ал адепсиз жүрүш-турушка ээ.

Анан ушул үй-бүлөнүн кийинки тагдыры эмне болот деп жомокко андан ары кызыгабыз.

Адепсиз аял бара-бара күйөөсүн сабоого өттү. Эртеси таң эртең бети-башы көгөргөн отунчу эшегине минди да, аялына: "Менин артымдан ээрчибе, мен кеттим", - деп күндө барчу жагына - токойго жол тартты.

Артынан аялы да барат. Анан күйөөсү "күндөгүдөй эле керилип балта чаап, дарак кыйып, аларды майдалап чаап, сүзүлгөн-үзүлгөн арканына таңып өз ишин кыла берди. Аялы оозун агытып, ары басып-бери басып жүрөт. Ошол жерлерде бир аң боло турган. Бир караса аялы ошого баратат. Күйөөсү кой десе болбой аял ажылдап отуруп, чалынып жыгылып, ошол кудукка түшүп кетет". Эртеси баягы жолу менен отунчу токойго барса, аялынан дайын жок, аны тартып алайын деп аркан салса, ал арканга асылып, ифрит чыгат. Көрсө ажаан аялдан ифрит да араң кутулуптур. Ал айтат: "Ой мен ушул кудукта канча жылдан бери бейкапар эле жашап келгем. Кечээ эле көктөн бир катын түшүп, мойнума минип, кулактарымдан, чачтарымдан тарткылап ит кылды. Же түшпөйт, же кое бербейт, тилди болсо кудай берген экен. Сен аркан таштаганда ал мени кое берип, өзү арканды кармай албай калды. А мен сенин жибине оролуп алдым эле тартып чыктың. Жакшы эле болбодубу... Жакшы эле кутулбадымбы, тиги балээден. Эми мен ошол жакшылыгыңдын акысын кайтарышым керек".

Бул жердеги педагогикалык идея мында: адепсиз жаман аял, тажаан, урушчаак ургаачы эчен жыл кудук ичинде өзү менен өзү жаткан жинди да козгоп, аны да жеңип чыгып, аны да качырат деген ой.

Андан ары ифрит азаптан куткарган жакшылыгы үчүн ага үч жалбырак берип аны менен эмне кылуу керектигин үйрөтөт. Биринчи жалбырак менен шаардын бир падышасынын оорусун айыктырат да шахтын өтө көп белектерин алат. Ал гана эмес кыз абдан жакшы болгондо убада боюнча аны отунчуга алып берет. Алардын кырк күн, кырк түн тою болот.

Жомоктун аягы "Отунчу болсо ородо калган аялын унутуп падышанын күйөө баласы, кийин падыша болуп бүт калган өмүрүн жыргап өткөрүптүр" деп аяктайт.

Мындагы мораль - адам жакшылык-жамандыкты өз адебинен, жүрүш-турушунан табат деген идея. Эгер өз аялынан кордук көрбөгөндө, анын уу тилин укпаганда, жумушу менен гана алаксып жүрө бербегенде отунчунун тагдыры мынчалык бактылуу аяктабайт эле. Түрк жомогунда эң жеңүүчү нерсе - бул адам, ошол адамдын тазалыгы, абийири. Ошол тартиптүүлүк, ыймандык тазалык күнүмдүк оокат менен жашоосун өткөргөн адамдын эң биринчи жеңишин жаратты, ал - аялынан кутулуу; экинчиси - падышанын кызын шайтандан куткарды; үчүнчүсү - өкүмдардын сулуу кызына күйөө болду, төртүнчүсү - эл башылык, журт башылык даражага жетти. Бул элдик педагогикалык түшүнүктө адептүүлүктүн жолу, адептүүлүктүн адамга келтирген пайдасы.

Кыргыз элинин "Убадага бек жигит" деген жомогу бар. Анын мааниси мындай: Илгери өткөн заманда үч бир тууган болгон экен. Алар ата-энелерден эрте ажырап, көрүнгөн байдын жумушун жасап, эптеп күн

көрүшөт. Бир күнү байдын чөбүн чаап, аябай чарчап көлөкөдө дем алып отурушса, жакын эле жерге бир топ кара чыйырчыктар конуп калат. Биринен бири озуп жем издеп жаткан кара чыйырчыктарга карап, бир туугандын улуусу:

- Ой чиркин, ушундай жер жайнаган малым болсо, өмүр бою бир да кишини иренжитпей, кенен өмүр сүрүп өтөөр элем, - деп улутунат.

- Эгер менин ушундай кароо-короо коюм болсо, өзүбүз сыяктуу кедей-кембагалдарга каралашып, үйгө мейман келсе кой союп, элди ар дайым сыйлап, алардан алкыш алып гана жүрөт элем, - деп ортончу бир тууганы өзүнчө тилек кылат.

Алардын эң кичүүсү үндөбөй отурган соң:

- Ал эми сенин ушунча малың болсо, эмне кылаар элең? - деп сурашат эки агасы.

Түрк жана кыргыз эл жомокторунда мына ушундай окшоштук орун алган. Алар: үч бир туугандын болушу, үчөөнүн үч башка тилек-ниети, бири - байлыкка, бири - жакшы жашоого, тамак-ашка кызыгышы, ал эми кичүү бир туугандын эл үчүн кызмат кылышы, байлыкка, дүйнө-мүлккө көз артпашы. Бул кыргыз эл жомогунда да эң күчүү - үчүнчү бала унчукпай тура берет. Анын тим турганына болбой эле бир туугандары сурай берет. Ал болсо "Менин мынча малым болбой эле, эл катарлуу азын-оолак жандыгым, үстүмдө үйүм, жанымда акыл-эстүү жарым болсо, мен дагы эч кимди иренжитпей өмүр сүрөөр элем", - деп жооп берет.

Мына ошондо алардын жанына ак сакалдуу карыя келет. "Сакалы тизесине түшкөн алиги карыянын кайдан чыга калганын билишпей, үчөө тең орундарынан атып турушат.

- Менин атым Убада, балдарым, - дейт карыя. - Силердин тилегиңерди жанатадан бери угуп турдум. Эгерде силер айткан сөзүңөргө турсаңар, мен силердин тилегиңерди орундаймын! - дейт таягын көтөрүп.

- Биздин тилегибизди орундатсаңыз, биз айткан сөзүбүзгө турабыз. Эч качан жаңылбайбыз! - дешти бир туугандар.

- Эмесе, мен силердин тилегиңерди орундайын. Сен экөөң мал дединер, тээтиги көрүнгөн дөбөнүн артында эки короо кой жайылып жүрөт. Бир короосу өңчөй ак, экинчи короосу жалаң кара түстө. Барып, бириң агын, экинчиң карасын алгыла, - деп күнгө чагылышкан таягын силкип-силкип алды. Экөө чуркаган боюнча карыянын көрсөткөн жерине келишсе, чын эле эки короо кой жайылып жүрөт. Экөө эки короону айдап, эки тарапка өздөрүнчө кетишет.

Карыя таягын силкип-силкип туруп, эң кичүүсүнө карап:

- Эми сен тээтиги түтүн чыккан жерге бар. Үй десең тилеген үйүң, өмүрлүк жарың, азын-оолак малың ошол жерде. Бар эми, тилеген тилегиңе жет! - деп ак сакалын сылап коюп, карыя көздөн кайым болот.

Ушул күндөн баштап, үч бир туугандын турмуштары оңолуп, өз тилектерине жетип, жакшы жашап калышат. Күндөр жылып, айлар оошуп, жылдар өтөт. Бир күнү баягы карыя Убада берип, жанына Пейил жана Бакытты ээрчитип:

- Ошол жигиттерди барып сынап көрөлүк, айткан сөздөрүнө тураар бекен? - деп жолго чыгышат. Алайдүлөй бороон болуп жатканда алды менен улуусунун үйүнө келишет.

- Биз кудайы конок болобуз. Бороон өпкөдөн өтүп баратат. Отуна жылынып, муздаган сөөктү жылытып чыгалы, үйгө кирүүгө уруксат эт, баатыр! - дейт келген карыялардын үндөрү дирилдеп.

Малына зэ боло элбай жаткан бай:

- Ушундай кымкуутта, койлор сууктан кырылып жатканда, конок эмес кудай болсоңор да кеткиле! - деп кыйкырат.

Сакалдарына муз тоңуп калтыраган карыялар ал жерден чыгып ортончу байдыкына келишет. Ал дагы ачууланып, карыяларды тосууга чамасы жок экендигинин айтып, кубалап жиберет.

Эки бир туугандын жүзүн көрүшүп, эми кичүүсүнүн үйүнө жөнөштү. Жолоочуларды көрүп, жан-алы калбай үргөн иттин үнүнөн үйдөн атып чыккан үй ээси коноктордун атын алып, мамыга байлап өздөрүн колтуктап үйгө киргизип, жылуу мештин жанына отургузуп, кайра чыгып коноктордун аттарын жайлап, отко коёт. Коноктордун суу болгон кийимдерин чечишип, башка чепкен, чапан кийгизип, ысык чай берип, меймандарга деп бир коюн союп жакшылап сыйлап, мейман кылат.

Эртеси коноктор кайтарда Убада баягы калыбына келип:

- Балам, урмат-сыйыңа чоң рахмат. Өлүмдөн уят катуу дегендей, убадага бек жигит экенсиң. Аз дөөлөткө мас болуп, эл менен иши жок, тигил агаларыңа окшобойсуң. Ар дайым ушундай болуп, айткан сөзүнө бек тур. Өркөнүң өссүн, балам! - деп бата кылып, таягын силкип коёт. Баягы жигиттин кашына Бакыт конуп, Пейли андан бетер оңолуп, түбөлүк бактылуу жашап калган экен" [5].

Мына ушул жомокто элдик идея боюнча Бакыт, Пейил бирдей болушу керек, анан алар Убада айткан нерселерге жетүүгө жол ачат. Адам эмне тилек тилесе, кандай ниет кылса, аны ишке ашырууга болот, болгону жакшыны тилеш керек дешет. "Жакшы тилек - жарым ырыс" деген кыргыз макалы да ошондон айтылат.

Адабияттар

1. Кыргыз тилинин сөздүгү. А.Акматалиевдин редакциялоосу астында. - Б.,2010.

2. Айтматов Ч. Балалыгым. - Стамбул: Хызыр Рекламджылык ЛТД Шти, 2002.

3. Лихачев Б. Педагогика. Курс лекций. - М.: Юрайт, 1999.

4. Чоң энемдин алтын сандыгы: түрк эл жомоктору. Которгон, түзгөн жана балдарга ылайыктап иштеп чыккан А.Муратов. - Б.: Айат, 2007.

5. Кыргыз эл жомоктору. / Түз. Т.Болчуров. - Б.: Шам, 1997.

Супатаева Э.А., ЛППО КАО

О МОНИТОРИНГЕ УЧЕБНЫХ ДОСТИЖЕНИЙ СТУДЕНТОВ В СИСТЕМЕ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

Важнейшим условием повышения качества общего образования являются систематический контроль и анализ объективных данных о качестве обучения и подготовленности обучающихся. Процесс управления качеством образования может быть эффективным только при наличии постоянной обратной связи, обеспечивающей субъектов образования надежной валидной информацией о качестве всей системы образования и ее составляющих. Однако такая связь в практике образования пока еще организована слабо. Только в последнее время исследуются отдельные **компоненты мониторинга:** диагностика, моделирование, прогнозирование, компьютерная поддержка.

Анализ литературы по данной проблеме позволил сделать вывод, что само **понятие мониторинга** трансформировалось от более общего - "проверка и учет знаний учащихся", количественного - "оценка знаний и умений", к более жесткому - "контроль и учет знаний и умений", далее к неопределенному - "отслеживание учебных достижений учащихся" - и более диагностичному - "измерение уровня достижения учащимися образовательного стандарта" - и, наконец, к современным понятиям - "диагностика качества образования", "образовательный мониторинг", "экспертиза качества образования", "квалиметрический мониторинг". Анализ частоты использования тех или иных понятий позволяет выделить наиболее употребимые из них при характеристике мониторинга: система, наблюдение, анализ, прогнозирование, диагностика состояния объекта или процесса, экспертиза.

Диагностика (от греч. *diagnostikos* - способность распознавать) - средство выявления результатов обучения и практика оценивания качества учебно-воспитательной деятельности, состояния педагогических процессов и явлений, а также дифференцированная процедура получения информации о ряде показателей, критериев, признаков, качеств, отнесение их к определенному классу, в результате чего получается достаточно полное представление о реальном состоянии отдельных параметров качества образования.

В последние годы диагностика качества образования стала превращаться в относительно самостоятельную, быстро развивающуюся отрасль педагогической науки и образовательной практики. Диагностика, оценка состояния и возможностей системы позволяют определяться в выборе стратегии управления качеством образования.

Объектом мониторинга и диагностических исследований, как правило, является педагогическая система. Основными элементами педагогической системы являются обучающийся, цели образования, содержание образования, дидактические процессы, организационные формы, педагоги, опосредующие их деятельность технические средства и др. [1,2]

Для анализа состояния педагогической системы необходима научно обоснованная экспертная оценка результатов диагностических наблюдений. Экспертные методы на основе мониторинговых исследований широко используются в различных сферах человеческой деятельности: в планировании, в управлении, в технике, в научных исследованиях, в педагогике. Спектр использования этих методов увеличивается при оценке качества обучения, организации профориентационной работы, отборе задач и заданий. Общие вопросы использования экспертных методов в педагогических исследованиях отражены в работах В.П. Беспалько, Н.В. Галицыгной, Б.С. Гершунского, Н.Н. Катаева, Э.Г. Скибицкого, М.Е. Тарасовой, В.С. Черепанова и др.

До недавнего времени экспертиза осуществлялась исключительно с помощью экспертов - специалистов, компетентных в решении исследуемой задачи. **Экспертиза** (от лат *expertus* - опытный) представляет собой исследование какого-либо вопроса, требующего специальных знаний, с предоставлением мотивированного заключения. Экспертная оценка позволяет получать необходимую информацию об исследуемом объекте и его развитии от компетентных лиц или экспертов. При этом качества эксперта определяются такими понятиями, как компетентность (профессиональная и квалиметрическая), заинтересованность, креативность как способность эксперта решать творческие задачи, деловитость, аналитичность, конструктивность, широта мышления. Кроме того, для экспертизы очень важной составляющей является также правильная интерпретация результатов. Сочетание таких свойств указывает на требование высокой квалификации эксперта, что далеко не всегда реализуется в образовательной практике, а поэтому часто экспертные заключения приводят к неверным оценкам.

Практическая реализация диагностических наблюдений и экспертных оценок осуществляется через систему мониторинга. Для получения положительных изменений в образовании должно быть создано удобное для практического использования диагностическое средство, позволяющее с достаточной достоверностью судить об истинном состоянии объекта. Создание надежных инструментов диагностики качества образования возможно на основе таких технологий оценки, как педагогическая квалиметрия и мониторинг. Мониторинговые методы активно используются как современный подход к анализу качества образования и его комплексных характеристик, способности субъекта или образовательной системы развиваться и совершенствоваться.

Еще не создана устойчивая система классификации различных видов и уровней мониторинга, пока только можно говорить о существовании его локальных систем как в нашей стране, так и в других странах. В большинстве случаев мониторинг качества образования разделяется **на два вида:** мониторинг качества образовательной деятельности и мониторинг качества учебных достижений обучающихся.

Постоянный мониторинг качества образовательного процесса и его результатов становится особенно

актуальным в условиях модернизации всей образовательной системы, развития национального центра тестирования (НЦТ) и введения общего республиканского тестирования (ОРТ).

Образовательный мониторинг рассматривается как метод повышения эффективности управления, исследования реальных параметров и характеристик объектов и субъектов обучения, воспитания и развития, как способ накопления результатов, позволяющий сопоставлять их, анализировать и строить прогноз развития отдельного субъекта образовательного процесса и педагогической системы. Под мониторингом понимается комплекс исследовательских процедур, позволяющих независимыми методами по большому спектру показателей выявлять количественно характер качественных изменений изучаемого объекта за определенный период времени. Выделяются его направления: социологический, педагогический, психологический, валеологический, воспитательный и управленческий.

Педагогический мониторинг включает в себя дидактический и воспитательный. Основные задачи педагогического мониторинга - оценка знаний, умений и навыков (в более широком смысле - учебных достижений) и соотнесение их уровня с заданным эталоном (стандартом) или статистическими нормами. Разносторонняя информация, обеспечиваемая педагогическим мониторингом, способствует повышению уровня взаимодействия между различными субъектами образовательного процесса, создает условия самооценки и самоидентификации, самовоспитания и саморазвития для этих субъектов. В таком случае можно говорить также о комплексном мониторинге, обеспечивающем выявление основных характеристик системы и ее подсистем. В этой связи возникает необходимость педагогическую диагностику рассматривать не только как средство и практику выявления состояния образовательной системы и качества образовательной деятельности, причин ее успехов и неудач, но и как направление исследований, нацеленных на разработку современных средств и методов оценки качества образования.

В деятельности образовательного учреждения результаты педагогического мониторинга являются основой для *управленческого мониторинга*, так как только на основе педагогически значимой информации возможно целенаправленное управление деятельностью субъектов образовательного процесса и качеством образовательных систем. Можно добавить такие реже встречающиеся понятия, как мониторинг качества учебной подготовки учащихся, мониторинг качества образовательных услуг, мониторинг обучения (наблюдение за состоянием педагогического процесса), мониторинг качества образования и др.

